Бирок, акмеология илиминин негизги предмети болуп кесип адамдарындагы жогоруда белгилеген көрсөткүчтөрдү камтуу менен инсандын кесипкөйлүгүнө байланыштуу “кесипкөйлүк жана анын негизги мүнөздөмөсү”, “кесипкөйлүк жана жетилүү”, “кесиптик жактан өчүүнү токтотуу жолдору”, “кесипкөйлүүлүккө жетүү жолдору” ж.б.у.сыяктуу илимий-практикалык проблемаларды изилдөө эсептелет.

Албетте, чыныгы кесипкөйлүк күчтүү жана туруктуу ички күчтөр (мотивация) жана сезимталдуулук менен коштолуп, тигил же бул кесипке берилгендик, кесипке байланыштуу кайталангыс жана нукура натыйжаларга жетишүүнү билдирет жана андай натыйжалар адамдан ошол кесипке керектүү физикалык ден соолукту, психикалык даярдыкты, кесиптик чеберчиликти талап кылат.

Белгилеп кете турган нерсе, кесипкөйлүктүн туу чокусуна - акмеге жетүү оңой-олтоң иш эмес, ар бир чебер устат өз ишмердигинде кайталангыс болуп эсептелет. Бул жерде анын кайсы кесиптин ээси экендиги, мейли катардагы жумушчубу, же самолет айдоочубу, кийим тигүүчүбү же аскер башчысыбы, малчыбы же иликтөө кызматчысыбы – булар анчалык маанилүү эмес, эң негизгиси анын өз кесибинин эң чебер устаты, мыктысы абалына кантип жеткендигинде жатат.

Кесипкөй адамдагы ошондой чеберчиликтин калыптанышы балдардын мектептке чейинки жана мектеп кезиндеги иш-аракеттерин уюштурууну, өспүрүм кезиндеги максаттуу түрдө кесип дүйнөсүнө багытттону, андан кийинки этаптарында теориялык жана практикалык жактан иштелип чыккан натыйжалуу кесиптик билим берүүнү талап кылуу менен

жаштардын жалпы инсандык жактан өсүп-өнүгүүсүн камсыз кылуу, алардын келечегин түзө турган ишмердүүлүккө тартуу, турмушта керектүү жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүү, ошондой эле ишмердүүлүктүн жекече жолдорун (стилин) жана кесипкөйлүктүн жогорку чектерине умтулуусу өбөлгө түзөт. Демек, инсандын калыптануусундагы келечектеги бийиктиктерге жетиши, дегеле өзүн-өзү өнүктүрүүгө болгон аракети өзгөчө көңүл бурууну талап кылган маселе. Себеби, тарбиянын натыйжалуулугу өзүн-өзү тарбиялоого өтүү менен аныкталган сыяктуу эле, эгерде ал адамда кесиптик жактан андан ары өнүгүүгө умтулуу болбосо, кесип алганга чейинки даярдык жана кесипкөйлүккө жетүүнү эч качан толук кандуу деп эсептөөгө болбойт.

Акмеологиялык көз караштан алганда, кесипкөйлүк тек гана инсанга байланыштуу болбостон, бүтүндөй коллективдин (педагогикалык коллектив, бригада, экипаж, спорттук команда, театр труппасы, университеттин же институттун, кафедранын мүчөлөрү ж. б.) бирикмелердин кесиптик натыйжага багытталгандыгына, бирдиктүү иш-араткетине да байланыштуу. Себеби, бүгүнкү күндө чанда бир гана кесип адамдын жалгыз аракетине байланыштуу болбосо, дээрлик бардык өндүрүштүк чөйрө көптөгөн адамдардын биргелешекен иш-аракетинин натыйжасынан жаралат.

Түпкү тамыры педагогикада жана психологияда орун алган, бирок, ошол эле мезгилде жаңы илимий тармак болуп эсептелген акмеология, бүгүнкү күндөгү кесиптик бийиктикти камсыз кылуучу илимий багыт катары активдүү изилдөөлөргө барууда. Акмеологиянын интеративдүү дисциплиналар аралык мүнөздө болушу билим берүүнүн акмеологиялык моделди, акмеологиялык мектепти түзүүнү жана аларды илимий апробациядан (илимге киргизүү) өткөрүү аркылуу ишке ашат.

Акмеологияны жаңы илимий парадигма катары А. А. Деркач, А. А. Бодалев, Н.В. Кузьмина, А.К. Маркова, Г.В. Реванын эмгектеринде орун алган. Кеңири мааниде акмеологиянын предмети болуп, өз ара байланышкан түрдө чоң адамдын прогрессивдүү түрдө өсүп-өнүгүүсүнө көмөкчү болуу (же ага каршы туруунун) объективдүү жана субъективдүү факторлорун, б. а. өсүп-өнүгүүнүн **акме** деген термин менен белгилене турган бийик туу чокусуна жетүүнүн законченемдүүлүктөрүн жана алардын механизмдерин иштеп чыгуу эсептелет [2]. Аты аталган ж.б. илимпоздордун илимий изилдөөлөрү педагогикалык кесиптин методологиялык базасын түзүү менен акмеологиялык мектепти түзүүгө жол ачат. Акмеологиялык мектеп – бул бардык субъектилер үчүн өсүп-өнүгүүгө жана туура калыптанууга керектүү бардык шарттары бар, инсан жана коомчулук үчүн ийгиликтерге жана жетишкендиктерге багытталган билим берүүчү окуу жай десек болот. Акмеологиялык мектепте бала индивид, инсан катары жетилип, андан кийин ЖОЖдордо билим алуу мезгилинде анын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнө негизделген руханий, адеп-ахлактык баалуулуктары, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү, социалдашуу билгичтиктери, коллектив жана коом менен мамиле кура билүү компетенциялары калыптанат [3, 229].

Акмеологиялык технологиялардын өзгөчөлүктөрү субъектин ички даярдыгын (установкасы) эске алуу, ошондой эле акмеологиялык технологияларды колодонуу талап кылат. Андай акмеологиялык технологиялардын структурасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

– Технологиялардын өнүктүрүүчүлүк максаты жана милдеттерди аныктай билүү;

– Методологиялык негиздерди түзүүчү дидакьикалык принциптерине таянуу;

– Окутуу процессиндеги технологиялык шарттарды эске алуу;

– Конкреттүү акмеологиялык жагдайды анализдей билүү;

– Билим берүү процессинде объектин жана субъектин мүнөздөмөсү жана алардын карым-катнаш өзгөчөлүктөрүнө таянуу;
– Акмеологиялык максатка жетүүнүн этаптары (стратегиялык, тактикалык) жана ыкмаларын колдонуу;
– Натыйжаны алдын ала аныктоонун жолдорун (методдору) билүү;
– Натыйжаларды ишке киргизүү (внедрение) жолдорун аныктоо.

Акмеологиялык технологиялардын негизги милдеттери – адамдын аң сезиминде өзүн-өзү аңдай билүүгө, өзүн-өзү өнүктүрүүгө, өзүн-өзү ишке ашырууга болгон муктаждыкты канаатандыруу менен атайын ыкмалардын жана техниканын жардамы менен адамдын инсандык жана кесиптик мендигинин актуалдашуусун камсыз кылуу десе болот.

Демек. ЖОЖдордо акмеологияга негизделген кесипкөй адистерди даярдоонун негизги стратегиялары болочок адистерде педагогикалык билим, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруу, башкача айтканда бүгүнкү билим берүүнү эң негизги максаты болгон комптенттүүлүктү калыптандырууну жана аны камсыз кылуучу мотивациялык механизмдерди иштеп чыгууга байланыштуу.

Акмеологиялыкк методологияга негизделген кесипкөй адистерди даярдоонун маңызы болочок муглимдердин чыгармачылык мүмкүнчүлүтөрүн калыптандыруу, ийгиликке жетишүүнү мотивациялоо, өз алдынчалыгын өстүрүү, өзүнө карата ишенимди колдоо жана предметтик компетенттүү ишмердүүлүккө тартууга байланыштуу. Аталган технологиялар болочок адистерде **акмеологиялык багытталгандыкты, башкача айтканда, ийгиликке багытталгандыкты** жаратуу максатына шайкеш келиши негизги педагогикалык шарт болуп эсептелет. Акмеологиялык же ийгиликке багытталгандык – бул инсандын прогрессивдүү өнүгүүгө (анын ичинде кесиптик жактан), чыгармачылык, жана жалпы жашоо-тиричилик ишмердүүлүгүндө максималдуу өзүн-өзү ишке ашырууга (самореализация) багытталган сапаттык мүнөздөмөсү [3, 2 ]

Кесиптик-педагогикалык билим берүү процессиндеги студенттердин акмеологиялык багытталгандыгынын калыптангандыгынын негизги көрсөткүчтөрү болуп, студенттердин өз алдынчалыгы, чыгармачылык ишке тартылуусу¸ педагогиалык ишмердүүлүккө болгон мамилеси ж.б. эсептелет.

Бүгүнкү күндө акмеологиялык багытталгандыкты калыптандыруу педагогика илиминде калыптанып калган инсанга багытталгындык, ишмердүүлүк, компетенттүүлүк, креативдүүлүк сыяктуу билим берүү парадигмалары менен үндөш келип, кесиптик билим берүүнүн маңызын, мазмунун,максатын жана эң негизгиси натыйжасын аныктоодогу, теориялык окуу жана практикалык ыкма десек болот.

Акмеологиялык парадигманы ийгиликтүү ишке ашыруу атайын педагогикалык шарттарды сактоону талап кылат. Андай педагогикалык шарттар максаттуу психологялык жана педагогикалык шарттар менен чектелбестен кесиптик жактан өнүктүрүүгө шайкеш келген билим берүү ыкмаларын колдонуну, ошондой эле уламалуулук принцибине негизделген таанып-билүүчүлүк, сезимтал-баалоочулук жана мотивдешкен жүрүм-турумду калыптандырууну дагы камтыйт.

Болочок адистерди кесиптик бийиктикке жетелөөдө психологиялык кеңеш-көмөк (консультация), тренинг, өнүктүрүүчү окутуу технологиялары, инсанга багытталган окутуу технологиялары ж.б. методдордун жанында коомдогу кесиптик бийиктикке жетишкен инсандар менен жолугуушуларды өткөрүү, алардын кесиптик таржымаланы үйрөтүү боюнча өз алдынча иштерди жүргүзүү, алардан интервью алуу сыяктуу ыкмаларды колдонуу жакшы

натыйжаларды берет. Андай иш-чараларда кесиптик бийиктиктин туу чокусуна жеткен инсандын ушул абалга кантип жетекендиги, кандай кыйычылыктарга дуушар болгондугу жана аларды кантип жеңгендиги, бүгүнкү күндөгү өзүнүн жетишкендиктери менен канааттануу сыяктуу даректүү маалыматтарга таянуу студенттерде терең мотивация жаратат. Андай биографиялык маалыматтарда ошол инсандын тек гана кесипкөй адистиктин жанында кызыктуу инсан (ырчы, бийчи, сүрөтчү ж.б.) өнөрлөрү жөнүндө маалыматтар берилсе, таалим-тарбиялык иштин мазмуну анын натыйжасы дагы жогору болору шексиз. Себеби, акмеологиялык бийиктик тек кесиптеги бийиктик менен чектелбестен, ошол эле мезгилде адамдык парасатын, ден соолугун сактап, жоро-жолдошторун жоготпой, бир тууганадарына кам көрүп, коомдук, социалдык иш-чараларда өз орд болуп жана ошолрдун жанында дагы өзүн кызыктырган (хобби) иш менен алектеген реалдуу инсандардын ишмердүүлүгүн чагылдырып турат.

Ошентип, акмеологиялык теориялардын маңызын түзүп турган кесипти билим сапатын камсыз кылуу деген талабынан чыга турган болсок, бүгүнкү постиндустриядык коом шартында өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу жан инсандын чырмачылык бийиктикке жетүүсүн камсыз кылуучу  билимдин төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн байкоого болот:

- өзүн-өзү өстүрүү аркылуу “өмүр бою” жүрө турган динамикалуу жана үзгүлтүксүз билим алууга даяр болуу;
- кесиптик жактан ийкемдүүүк;
- карым-катнаштарда диалогдорго ачыктык;
- билимдин мазмунундагы интегративдүүлүктүн артышы;
- инсандын чыгармачылык, жаратуучулук мүмкүнчүлүктөрү менен эсептешүү жана аларга жол ачуу ж.б. у.

Аталган көрсөткүчтөрдү камытыган акмеологиялык билим берүүнүн  негизги максаты катары чыгармачыл, кесипкөй, базар экономикасы шартында эмгек рыногундагы атаандашттыкка даяр, өзүн-өзү тааныта билген  инсанды калыптандыруу алдыга чыгат. Мындай инсанды калыптандыруу дүйнөлүк билим мейкиндигене интеграциялашуу, алдыңкы технологияларды, метакөндүмдөрдү, ийкемдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу ишке ашат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1.Асипова Н.А. Заманбап билим берүү рарадигмалары. Б.: 20119.- 362 б.
2. Деркач А.А. Акмеологические основы развития профессионала. — М.: Издательство Московского психолого-социального института; Воронеж: НПО МОДЭК, 2004. 752 с.
3. Бегидова С.Н., Хазова С.А.  Акмеологический подход в профессиональной подготовке будущих специалистов. https://cyberleninka.ru/article/n/akmeologicheskiy-podhod-v-professionalnoy-podgotovke-buduschih-spetsialistov/viewer (дата просмотра: 19.05.2023.)
4. Асипова Н.А. Заманбап билим берүү рарадигмалары. Б.: 20119.- 362 б.

УДК: 37.013
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-23-30

**Асипова Н.А., Кыдыралиев А.С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Асипова Н.А., Кыдыралиев А.С.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Asipova N.A., Kydyrakiev A.S.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

ORCID: 0000-0002-0671-603X, SPIN-код: 8368-2090 [1]

# ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА АСКЕР ИНСТИТУТУНУН КУРСАНТТАРЫН ЖАШ ЖООКЕРЛЕРДИ ТАРБИЯЛООГО ДАЯРДОО
# НЕПРЕРЫВНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ И ПОДГОТОВКА КУРСАНТОВ ВОЕННОГО ИНСТИТУТА ДЛЯ ВОСПИТАНИЯ МОЛОДЫХ СОЛДАТ
# LIFELONG EDUCATION AND TRAINING OF CADETS OF THE MILITARY INSTITUTE FOR THE EDUCATION OF YOUNG SOLDIERS

**Аннотация:** Азыркы учурда билим абдан тез өнүгүп жатат. Биз билимдин тынымсыз өзгөрүшү жана өткөндө үйрөтүлгөндөрдүн актуалдуулугун жоготуу адамдан дайыма жаңылануунy талап кылган заманда жашап жатабыз. Макалада Куралдуу Күчтөрдүн Аскердик окуу жайларында курсанттарды жана жаш жоокерлерди үзгүлтүксүз билим берүүнүн талаптарын эске алуу менен окутуу жана тарбиялоо маселелери каралат. Бул бир гана аскердик даярдык менен чектелбестен, педагогикалык милдеттерди компетенттүү чечүү үчүн зарыл болгон педагогикалык-психологиялык билимдерди калыптандырууну ишке ашырууну, тиешелүү илимий жоболорду, мыйзамдарды, түшүнүктөрдү жана аныктамаларды гана билбестен, аскердик иштерге даярдык көрүү процессинде аларды колдонууну да талап кылат.

**Аннотация:** В настоящее время знания развиваются очень быстро. Мы живем во время, когда постоянная смена знаний и потеря актуальности того, чему учили в прошлом, требует от человека постоянного обновления. В статье рассматривается вопросы обучение и воспитание курсантов и молодых солдат в Военном учебном заведении Вооруженных Сил с учетом требований непрерывного образования. Это требует не ограничиваться только военной подготовкой, а осуществлять формирование педагогических и психологических знаний, необходимых для грамотного решения педагогических задач, знать не только соответствующие научные положения, законы, понятия и определения, но и применять их в процессе подготовки к военному делу.

**Abstract:** Nowadays knowledge is developing very fast. We live in a time when the constant change of knowledge and the loss of relevance of what was taught in the past requires a person to constantly update. The article deals with the issues of training and education of cadets and young soldiers in the Military Educational Institution of the Armed Forces, taking into account the requirements of continuous education. This requires not being limited only to military training, but to carry out the formation of pedagogical and psychological knowledge necessary for the competent solution of pedagogical problems, to know not only the relevant scientific provisions, laws, concepts and definitions, but also to apply them in the process of preparing for military affairs.

**Негизги сөздөр:** куралдуу күчтөр, курсанттар, аскерик тартип, күжүрмөн даярдык, психология, армия.

**Ключевые слова:** вооруженные силы, курсанты, воинская дисциплина, боевая подготовка, психология, армия.

**Keywords:** armed forces, cadets, military discipline, military operations, psychology, army.

Макаламдын башында "элү жылда эл жаңырат, жүз жылда жер жаңырат" – деп эл оозунда айтылгандай, кыргыз эли кечээ эле 15 мамлекет менен биргелешип бир ураанды айтып, бир тууну желбиретип, башка мамлекеттердин көңүлүн өзүнө бурган СССР катарында болсо, азыркы күндө Кыргыз Республикасы катары дүйнөдөгү мамлекеттердин арасында өз саясатын жүргүзүп жаткандыгын белгилеп кетмекчибиз. Бул эмне дегенди билдирет? Коомдун өзгөрүүсү менен бирге ошол коомдун мүчөлөрүнө коюлган талаптар да өзгөрөт, андыктан өсүп келе жаткан муунду өзгөрүлмөлүү шартка карай тарбиялоо керек деген ой келет.

Албетте XX кылымдын акыркы он жылдарын XXI кылымдын азыркы мезгили менен салыштырганда: адамдардын социалдык, адеп-ахлактык, психолоялык жана башка баалулугу, санариптик технологиялардын күндөн-күнгө жаңылануусу, ошондой эле дүйнөлүк глобалдашуу системасында элдин жаңы социалдык катмары пайда болуп жаткандыгы көзгө ачык-айкын көрүнүп турат. Демек, өсүп жаткан жаш муундардан жашоого болгон талабы да, көз карашы да, кескин түрдө өзгөрүүгө дуушар болууда. Муну менен бирге билим берүү системасында замандын талабына ылайык жаш муунга билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү окутууда жана тарбиялоодо жаңы ыкмаларды, формаларды талап кылууда.

Жогоруда айтылган маселелер да, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн алдында чоң көйгөйлөрдү жаратууда. Анткени XX кылымдын аягында өз алдынча мамлекет катары Куралдуу Күчтөр, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн коргоо жана мамлекеттин туруктуулугун сактоо боюнча ж.б.у.с. тапшырмаларын аткарып келсе, XXI кылымда да, коюлган тапшырмалар өзгөргөн жок. Анткен себеби, азыркы учурда билим өтө тездик менен өнүгүп жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Күн сайын микро – ааламдан тартып макро – ааламга чейин укмуштуудай көп жаңы ачылыштар жасалып, адам үчүн караңгы болгон көптөгөн нерселер бара-бара жарык боло баштады. Ушундай ылдамдык менен өнүгүп жаткан билимден узакта калган адамдар убакыттын өтүүсү менен башкаларга салыштырмалуу таптакыр артта калуу коркунучу жаралууда. Ошондуктан учурдун социалдык талаптарга жооп берүү үчүн бүгүнкү күнүбүз кечээки күнүбүзгө караганда бир кадам болсо да алдыга жылууга тийиш, башкача айтканда, билим берүү жана тарбиялоо келечекке багышталыш керек.

Билимдин тынымсыз өзгөрүшү жана кечээги үйрөтүлгөн нерселердин бүгүн актуалдуулугун жоготушу адамдарга тынымсыз жаңылануну талап кылат. Өздөрүн күн сайын билимдин жаңы тепкичтерине карай алып чыгууну көздөбөгөндөр кыска убакыттын ичинде билим деңизинде чөгүп кетүүсү толук ыктымал.

Демек, азыркы коомдо билимге биз суусап тургандайбыз. Ал эми кыскача тарыхка кайрыла кетсем. Биринчи окуу жайлары Месопотамия шаарларында биздин заманга чейинки III миң жылдыкта пайда болгон. Бул экономика менен маданияттын сабаттуу адамдарга – катчыларга болгон муктаждыгынан келип чыккан. Андай мекемелер «Такталар үйү» деп аталган.

Турмуш шарттарынын татаалданышы менен социалдык милдеттери жана ыкмалары, демек, педагогикалык тажрыйба да өзгөргөн, бул билим берүүнүн уюшкан формаларынын жаралышына алып келип, алар бара-бара бул үчүн атайын дайындалган адамдардын колуна топтолгон.

Ошентип, билим берүүнү адистештирүү күч алган. Эң кеңири таралган мектептердин үч түрү болгон: дин кызматкерлерин даярдаган храмдарда түзүлгөн дин кызматчылар; сарайда даярдалган катчы-чиновниктер; аскердик, анда келечектеги жоокерлер окуган. Спартада билим берүү аскердик-физикалык мүнөзгө ээ болуп, кайраттуу жана мамлекетке берилген адамдарды - аскер жамаатынын мүчөлөрүн даярдоого кызмат кылган, алар үчүн эң башкысы аскердик даярдыкта болуу, ырайымсыздык көрсөтүү, кулдарга карата зордук-зомбулук, жек көрүү жана ырайымсыздыкка ээ болгондор гана жоокерлер боло алган.

Спартада билим алууда кул ээлеринин артыкчылыктары болгон. Алардын 1 жаштан 7 жашка чейинки балдары үй шартында, 7 жаштан 15 жашка чейин үй-бүлөдөн тышкаркы интернаттарда тарбияланып, окууну, жазганды, санаганды үйрөнүп, аскердик дене тарбиясын чыңдашкан. Негизги көңүл дене тарбиясына, тактап айтканда, чыйрактыкка, суукка, ачкачылыкка, ысыкка, ооруга чыдай билүүгө бурулган. Спартанын уландары 15 жаштан 20 жашка чейин күчөтүлгөн физикалык жана аскердик даярдык менен бирге музыкалык билим (хор менен ырдоо) алышкан. Көп убакыт аскердик гимнастикалык көнүгүүлөргө арналган: чуркоо, секирүү, диск жана найза ыргытуу, күрөш, кол күрөш, ошондой эле аскердик ырларды ырдоо. 18-20 жаштагы уландар атайын эфебе тобуна которулуп, аскер кызматын өтөшкөн.

Спарта мектептеринде суроолорго так жана кыска жооп берүү жөндөмүн атайын үйрөтүшкөн. Уламыш боюнча Спарта аймагы болгон Лакониянын тургундары бул өнөр менен өзгөчө атактуу болгон; ошондуктан азыркыга чейин "лаконикалык стили" аттуу сөзү да белгилүү. Мындан тышкары кыздардын аскердик жана физикалык жактан өнүгүүсүнө да көп көңүл бурушкан. Эркектер согушка кеткенде, аялдар кулдарды кайтарып, аларды башкарышкан. Спарталык система мамлекеттик билим берүүнүн тарыхындагы алгачкы эксперименттердин бири болгон.

Афинанын тарбиялоо системасы да көбүрөөк өнүккөн. Анын негизги идеалы катары көп баалуулуктуу түшүнүккө – жакшылыктардын жыйындысына келип токтолот. Негизиен биринчи кезекте интеллекти жана дене маданиятын өнүккөн инсандарды ар тараптуу калыптандыруу болгон. Афиналык билим аристократиялык болгон. Аны байлар гана төлөй алган.

Афинадагы балдар 7 жашка чейин үй шартында болушкан. Кыздар үчүн мунун баары чектелген эле. Андан кийин, бай үй-бүлөлөрдүн балдарын атайын кул – мугалим (сөзмө-сөз – балдарды жетектөөчү, жол көрсөтүүчү) караган. Бул балдар 7 жашынан баштап жеке менчик окуу жайларда окуй алышкан. 12 жаштан 16 жашка чейинки өспүрүмдөр палестра мектебинде окуп жүргөндө гимнастика жана анын ичинде чуркоо, күрөш, секирүү, найза ыргытуу жана диск ыргытуу менен алектенишкен. Эң тектүү үй-бүлөлөрдүн 16-18 жаштагы уландары билимин мамлекеттик мекемелерде – гимназияларда улантып, философиядан, адабияттан, саясаттан сабак беришкен. Билимдин эң жогорку деңгээли эфебия – мамлекеттик мекеме болгон. Мамлекеттик кызматта жүргөн мугалимдер аскер иштерине: ат минүү, жаа атуу жана катапультан атуу, ок ыргытуу ж.б. сабактарды өтүшкөн. 18-20 жаштагы уландар эфебияга кирип, кесиптик аскердик окуу курсунан өтүшкөн. Окуу мөөнөтү 2 жыл болгон.

Ал эми кээ бир окумуштуулар билим жаатында бир катар ойлорун айтып кетишкен.

Мисалы, Платон (б. з. ч. 427-347-ж.) билим берүүнү мамлекет үстөмдүк кылган топтордун – философтордун, жоокерлердин кызыкчылыгында жүргүзүү керек деп эсептеген. Ал билим берүү менен коомдук түзүлүштүн байланышын ачкан, коом менен билим берүү өз ара көз каранды гана болбостон, бири-бирин реформалай тургандыгын көрсөткөн. Европа цивилизациясынын педагогикалык ой жүгүртүүсүнө Платондун таасири өзгөчө чоң.

Аристотель (б. з. ч. 384-322) үч тармакты жана тарбиялоонун тартибин аныктаган: физикалык (өсүмдүк рух үчүн), адеп-ахлактык (жаныбар үчүн), акыл-эс (акыл үчүн). Философ тарбиянын максатын жан дүйнөсүнүн жогорку жактарын – акыл-эстүү жана эрктүүлүктү өнүктүрүү деп эсептеген. Ал ошондой эле курактык мезгилдүүлүктү орноткон. Ал билим берүүнү жеке эмес, мамлекеттин иши деп эсептеген. Аристотель үч жыл бою Искендер Зулкарнайндын устаты болгон. Афинада билим берүү мекемесин - лицейди түзүп, аны 12 жыл жетектеген. [7]

Мына ошол байыркы мезгилде эле билим берүүнүн сабаттуулугун жогорулатуу, билим алуу жана анын мамлекеттин өнүгүшүндө эң чоң роль ойноорун эн мыкты билишкен жана өздөштүрүшкөн. Негизинен аскердик тартип, тарбиялоо жана согуштун техникалары Афинада жогорку деңгээлде өздөштүрүлгөн. Заман алмашып, азыркы күндө да биз кээ бир учурларда ошол мезгилдеги согуштук техникаларды мындан да жогорулатып, алдыга өсүп келүүдөбүз. Аскер окуу жайларында окуп жаткан биздин курсанттар жеке гана согуштун ар кандай техникаларын гана үйрөнүшпөстөн, ар тараптан билим алып, педагогикалык көндүмдөргө да ээ болушат. Муну менен бирге алар табигый илимдерди өздөштүрүү менен чет тилдерди үйрөнүп, ар тараптан өнүгүүгө мүмкүнчүлүктөргө ээ болушат.

Ал эми биздин Манас эпосун алсак, анда да аскерлерди окуутунун техникалары, билим алуу сапаттары да берилген. Мисалы ошол эле Алманбеттин Ажыдаардын окуусунан мергенчиликти, өзүнө ок өткөрбөй коюуну, асманга учканды, аярлыкты, ачык күндү жаадырган, жайдын күнү кыш кылган жайчылык өнөрүн үйрөнүшү да айтылып келген. Мына ошол өнөрлөрү менен Кытайдын чегин кайтарган куу түлкү, куу өрдөк, куу аркар, жалгыз көздүү Макел-Малгун ж.б. адам күчү тең келбес жаныбарларды жок кылып, кыргыз колуна жол ачат, агыны күчтүү дайранын суусун тартылтып, аскерлердин өтүп алуусун камсыз кылат. [5.112-б.]

Мындан тышкары, “Манас” эпосунда көптөгөн башка маселелер менен бирге мекенчилдик маселеси негизги темалардын бири болуп эсептелет. Мекен темасы көптөгөн багыттардын изилдөө объектисине айланып, ар бир доордо өз актуалдуулугун жоготпой келет. Ошол эле жети осуяттын негизинде ар кандай иш алып барылып, курсанттардын билимин өстүрүүдө биз ар кандай иш - аракеттерибизди жасап келүүдөбүз. Биздин окуу жай аскердик окуу жай болгондугуна карабастан, курсанттар жогоруда айткандай эле педагогикалык көндүмдөргө ээ болушат. Анткени, келечекте алар офицер болуп чыккандан кийин, жаш жоокерлерди окуутууда, тарбиялоодо педагогикалык тажрыйбага ээ болуш керек. Алар менен иш алып барууда психологиялык жактан болобу, моралдык жактан болобу, тажрыйбага ээ болуусу зарыл. Муну менен бирге педагогикалык чеберчиликке ээ болуу керек. Ал эми педагогика чеберчилигине ээ болуунун зарылчылыгы, жаш жоокерлерди окутууда?

Кайсы гана жер болбосун, адамдар бир нерсени үйрөнүү керек болсо, түпкү маанисинде педагогикасыз жана тарбиясыз ишке ашыра албайт. Аскер кызматчыларын окутууда, тарбиялоодо жана Ата Мекенди коргоого даярдоодогу ийгиликтер көп факторлордон, анын ичинен офицердин педагогикалык маданиятынан көз каранды.

"Маданият" деген сөздүн теги латын тилинен алынып, табигый нерсени иштетүү же маданиятташтыруу дегенди билдирип келген. Азыркы учурда кеңири маанисинде маданияттуу инсанды калыптандыруу дегенди камтуу менен, биринчи иретте адамдын инсандык, кесиптик, социалдык, коммуникативдик ж.б. маданияттык сапаттарын камтып турат.

Офицердин инсандык маданиятынын көрсөткүчтөрүнүн бири – жалпы маданиятка негизделген педагогикалык маданият жана инсандык маданиятын билдирет. Мунун аркасында адам дүйнөдө белгилүү бир ориентацияга ээ болуп, өз заманынын талабына ылайыктуу болот; адам терең ой жүгүртүүгө, аналитикалык жөндөмдүүлүктөргө жана концептуалдык ой жүгүртүүгө ээ болот. Адам үчүн жалпы маданияттын баалуулугу, анын ичинде анын кесиптик ишмердүүлүгү өтө жогору. Кийинчерээк Франциянын президенти болгон генерал Шарль де Голль өзүнүн "Профессионалдуу армия үчүн" аттуу китебинде мындай деп белгилеген: "Акыл-эстин күчү" тигил же бул кесиптин өзгөчө чеберчилигинде табылбай турган ар түрдүүлүктү талап кылат. [7] «Адамдын акыл-эсинин казынасынан да өз өнөрүн таштабаган бир да атактуу командир болгон эмес». Муну биз дайыма Аристотелдин Искендер Зулкарнайндын жеңиштеринин негизинде биле алабыз. Байыркы доорлордон бери орус армиясынын салты Ата Мекенге жана аскердик милдетке чексиз берилген адамдарды гана эмес, ошондой эле билимдүү, ой жүгүрткөн, чыгармачыл, жогорку маданияттуу адамдарды тарбиялоо болгон. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын билими жана түшүнүгү менен байыган, өлкөбүздүн маданий салттарын терең өздөштүргөн офицер гана кол алдындагылардын чыныгы тарбиячысы, кадыр-барктуу, камкор насаатчысы болуп, өзүнүн кесиптик ишмердигинде эң жогорку натыйжаларга жетише алат. Өз кезегинде анын ичинде маданияттуу адамды тарбиялабаса, келечекти, чыныгы жогорку кесипкөй офицерди тарбиялап, даярдоо мүмкүн эмес.

Аскердик бөлүктөрдө так тартипти, уюшкандыкты, окутуунун жана тарбиялоонун бирдиктүү системасын камсыз кылуу максатында аскердик жоболор жана инструкциялар иштелип чыгып, практикага киргизилген.

Аскердик даярдыктын бүткүл системасы аскерлерди жеңиштүү согушка даярдоого багытталган. Офицерлер күжүрмөн даярдык сабактарында жоокерлерге согушта кандай иш-аракет кылууну дайыма үйрөтүү зарылдыгын баса белгиленет. Машыгуунун негизин дене тарбия даярдыгы, ок атуу жана тактикалык даярдык машыгуулар түзөт.

Аскердик иштердин жалпы принциптерин, Куралдуу Күчтөрдүн ага караштуу бөлүгүнүн күжүрмөн аракеттеринин өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле бөлүктө болгон курал-жарактардын жана аскердик техниканын касиеттерин жана мүмкүнчүлүктөрүн, аларды натыйжалуу пайдалануу ыкмаларын терең билүүнүн аркасында, офицерлер талаа сабактарды жана машыгууларды өткөрүүдө заманбап кармаштын чыныгы картинасын, башкача айтканда согушка жакын кырдаалды түзө алат. Бирок, кол алдындагыларды окутуу жана тарбиялоо маселелерин педагогикалык жактан компетенттүү чечүү үчүн ал тиешелүү илимий жоболорду, мыйзамдарды, түшүнүктөрдү жана аныктамаларды гана билбестен, аларды аскердик-педагогикалык процесстин кызыкчылыгында өз оюнда кайра иштеп чыгууга тийиш. Ал кээ бир жоболор аскер кызматчылары тарабынан кандайча кабыл алынып, түшүнүлүп жатканын жакшы билиши керек. Аскердик кызмат – адамдын рухий жана физикалык күчүнүн тынымсыз чыңалуусуна, экстремалдык кырдаалдарга, кыйынчылыктарга, тобокелчиликтерге жана күжүрмөн кырдаалда милдеттерди аткарууда аскер кызматчыларынын өмүрүнө коркунуч келтирген өзгөчө иш-аракетинин түрү. Демек,

жоокерлерди натыйжалуу жана сапаттуу даярдоо жана тарбиялоо үчүн офицер психологияны, педагогиканы жакшы билиши керек. Дал ошолор педагогикалык чеберчилик жана шык менен бирдикте аскердик мугалимдин профессионалдык образын аныктап, тарбиялык таасир көрсөтүүнүн эң маанилүү каражаты болуп саналат.

А.В.Суворов өзүн-өзү тарбиялоо маселелерине чоң көңүл бурган. Улуу колбашчы өзүн алсыз, алсыз баладан физикалык жана моралдык жактан күчтүү жоокерге айлантып, өзүн-өзү тарбиялоонун үлгүсүн гана көрсөтпөстөн, өзүн өзү тарбиялоо боюнча кеп-кеңештерин да калтырган. [2]

Ал эми биздин өлкөбүздүн Куралдуу Күчтөрү Кыргыз Республикасынын конституциясын, мыйзамдарын, мамлекет тарабынан чыккан жарлыктарды жана жалпы аскердик уставдардын талаптарына ылайык өз ишмердүүлүгүн ишке ашырып келет.

Куралдуу Күчтөрүнүн өзгөчө курамын Кыргыз Республикасынын 18ге чыккан жарандары менен толукталып келет. Анткени мамлекеттин мыйзамдарында жана жалпы аскердик уставта көрсөтүлгөндөй ар бир жарн Мекенди коргоого укуктуу жана милдеттүү, башкача айтканда ар бир атуул Мекен астындагы ыйык парзын аткарууга милдеттүү.

Тилекке каршы бүгүнкү күндө бардык жагынан аскердик кызматка жарамдуу болсо да, жаштардын көпчүлүгү өз ыктыяры менен аскердик кызмат кылууга келбейт же болбосо кээ бир ата-энелер балдарын аскерге жиберүүдөн коркот. Булардын бирден-бир себептери болуп, кээ бир аскердик бөлүктөрдө жоокерлер арасында катталган терс көрүнүштөр десем жаңылышпайм.

Аскерде мындай терс көрүнүштөрдүн алдын алуу жана тамырынын жок кылуу ар бир командирлердин (башчылардын) негизги тапшырмаларынын бири. Бирок, аскерге чакырылгандардын билим деңгээлин, адеп-ахлактык, психологиялык, дене тарбиялык даярдыгы о.э. түрлүү мүнөздөргө ээ болгон калктын ар түрдүү социалдык катмарынан келген жарандарды тарбиялоодо, өз милдеттерин терең түшүнгөн, педагогикалык жана психологиялык даярдыгы бар, жоокерлерди тарбиялоо формаларын, ыкмаларын жана каражаттарын колдоно билген, ар тараптуу өнүккөн кесипкөй кенже офицердик курам талап болууда.

Бүгүнкү күндө офицерлерди даярдоо Россия Федерациясынын (негизинен), Казакстан Республикасынын, Азербайжан Республикасынын, Түркия Республикасынын жана Кытай Эл Республикасынын аскер окуу жайларында жүргүзүлөт.

Өзүбүздүн мамлекетибизде жалгыз жогорку аскердик окуу жайы - Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Советтер Союзунун Баатыры генерал-лейтенант К. Усенбеков атындагы Аскер Институтунда жаш кадрларды даярдоо төрт жыл окутуу менен иш жүзүнө ашырылат. Окууну аяктагандан кийин Кыргыз Республикасынын баардык күч түзүмдөрүндө кызмат өтөшөт.

Келечектеги жаш жоокерлерди тарбиялоо ошондой эле бөлүктөрдүн кужүрмөн даярдыгын чыңдоо үчүн азыркы курсанттарыбызды педагогикалык жана психологиялык даярдыгына, ар түрдүү багыттагы тарбия иштерин уюштуруу жана өткөрүүгө жөндөмдүүлүгүнө көңүл бөлүү зарылдыгы келип чыгууда.

Курсанттарды тарбиялоо иштерге жана педагогикалык чеберчилигин өнүктүрүү боюнча Россия Федерациясынын, Казакстан Республикасынын ж.б. мамлекеттердин көптөгөн окумуштуулар өздөрүнүн илимий изилдөөлөрүн теориялык жана практикалык жактан апробациялап келишет.

Мисалга алсак Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын жогорку аскер окуу жайларында командирлердин өздүк курамы менен иштөө боюнча орун басарларын атайын кесиптик багыт менен тарбиялоо ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө даярдайт. Бул багыт боюнча окуп бүтүргөн жаш офицерлер командирдин өздүк курам менен иштөө боюнча орун басары катары кызматтык милдеттерин аткарууну улантат.

Куралдуу Күчтөрдүн өздүк курамын окутуунун мазмуну төмөнкү багыттарды камтыйт:

- мамлекеттик-патриоттук;
- аскердик;
- моралдык;
- юридикалык;
- экономикалык;
- эстетикалык;
- физикалык;
- экологиялык жана башкалар.

1. Куралдуу Күчтөрдүн өздүк курамын мамлекеттик-патриоттук тарбиялоо Кыргызстандын жараны-патриотунун эң маанилүү сапаттарына ээ болгон, тынчтык жана согуш мезгилинде кесиптик милдеттерин ийгиликтүү аткарууга жөндөмдүү инсанды калыптандырууга жана өнүктүрүүгө багытталган.

**Мамлекеттик-патриоттук тарбиянын негизги жолдору:**

- кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн азыркы мезгилинин шарттарын эске алуу менен мекенчил жаранды калыптандыруу процессиндеги карама-каршылыктарды чечүү;
- Кыргызстандын элдеринин достугунун духунда тарбиялоону өркүндөтүү;
- ар кандай мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын билим берүү потенциалын чыгармачылык менен пайдалануу.

2. Аскердик билим берүү аскер кызматчыларын Ата Мекендин куралдуу коргоочулары катары даярдоо таламында алардын рухий жана физикалык жактан өнүгүүсүнө системалуу жана максаттуу таасир көрсөтүүдөн турат.

**Аскердик билим берүүнүн негизги жолдору:**

- аскер кызматчыларын тарбиялоо жана даярдоо процессинин ажырагыс биримдигин ишке ашыруу;
- аскер бөлүктөрүндө (бөлүмдөрүндө) бүткүл кызматты, жашоону уюштурууда катуу уставдык тартипти сактоо;
- аскердик кызматтын коопсуздугун камсыз кылуу жана ар бир аскер кызматчысына аскердик иштин ар кандай түрлөрүндө моралдык-психологиялык колдоо көрсөтүү;
- окуу процессинде заманбап согуштун реалдуу шарттарын жана шарттарын моделдөө;
- бардык категориядагы кызмат адамдарынын жеке үлгүсүн камсыз кылуу;
- Куралдуу Күчтөрдө калыптанып калган аскердик салттар системасын колдонуу.

3. Адеп-ахлактык тарбия аскер кызматчыларында зарыл болгон моралдык сапаттарды калыптандыруу үчүн алардын аң-сезимине, сезимдерине жана эркине таасир берүү катары каралат.

**Адеп-ахлактык тарбиянын негизги жолдору:**

- аскер кызматчыларын алардын кесиптик жана адеп-ахлактык сапаттарына карата коомдун талаптары жөнүндө билимдер менен куралдандыруу, алардын аскердик кызматтын коомдук маанисин камсыз кылуу;

- аскер кызматчыларынын адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүү зарылдыгын, алардын оң моралдык идеалга умтулуусун стимулдаштыруу;

- тарбиялык таасирдин ийкемдүүлүгүн камсыз кылуу, аскер кызматчыларынын моралдык жактан жетилгендигинин жетишилген деңгээлине ылайык аны өркүндөтүү;

- аскер кызматчыларынын моралдык жактан маанилүү ишмердүүлүгүн максаттуу уюштуруу, анын жүрүшүндө моралдык принциптердин жана ченемдердин жеке мааниси калыптанат, ишке ашырылат жана тажрыйбаланат;

- моралдык сезимдерди жана жоопкерчиликти туудурган тарбиялоонун ыкмаларын, формаларын жана моралдык стимулдарын колдонуу;

- коомдук пикирди, социалдык-психологиялык климатты, жоокерлердин жеке өзгөчөлүктөрүн талдоо жана эсепке алуу.

4. Укуктук билим берүү - аскер кызматчыларынын аң-сезимине жана психикасына аларда туруктуу укуктук көз караштарды жана идеяларды, ишенимдерди жана сезимдерди калыптандыруу, аларда жогорку укуктук маданиятты, укуктук жүрүм-турумдун көндүмдөрүн жана адаттарын өрчүтүү таламында максаттуу системалуу таасир көрсөтүү. [9].

Ошентип, бүгүнкү күндөгү билим берүү системасынын эң орчундуу милдеттеринин биринчи катарында доор жана заман талабына жооп бере турган, өз мекенин сүйгөн, базар экономикасы шартында өз жолун таап кете ала турган, кесипкөй жарандарды жетиштирүү турат. Ошону менен катар, өлкөнүн эгемендүүлүгүн, эркиндигин, коопсуздугун камсыз кылуу үчүн куралдуу күчтөрдү кармап туруу зарылчылыгы жашайт. Мекенди сүйгөн, аны коргоого даяр мекенчил жарандарды тарбиялоо аскер институтунун курсанттарынын жаш жоокерлерди тарбиялоо иштерине даярдыгына көз каранды. Демек, аскер курсанттарынын кесипкөйлүгү алардын кесиптик билиминин үзгүлтүксүз жогорулатып туруусуна байланыштуу, “...себеби билимдүү өлкө гана тынч бейпил жашай алат”.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Алехин, И. А. Дидактическое проектирование инновационных технологий профессиональной подготовки слушателей (курсантов) в военном вузе / И. А. Алехин // Казанская наука. — 2016. — № 10. — С. 32.

2. Алехин, И. А. Духовно-нравственное воспитание офицеров российской армии: монография / И. А. Алехин. — М.: Изд-во РАО ; Изд-во ВУМО РФ, 2008.

3. Военная педагогика: учебник для вузов / Под редакцией О.А. Ефремова. — СПб.:Питер, 2008. - С. 70-71.

4. Герасимова В. Н. «Военная педагогика», М.: ВУ, 1997;

5. И. В. Богданов. — Текст : непосредственный // Молодой ученый. — 2014. — № 10 (69). — С. 355-360. — URL:

6. “Манас” энциклопедиясы 1-том аалам – Манастын музыкасы/ Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган // Бишкек 2015

7. **kaznu.kz**›Content/Электр_учебник_ВПП_…

8. https://moluch.ru/archive/69/11759/

9. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/4808

10. https://student.com.kg/archives/3153

УДК:37.018.43(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-31-36

**Буржуева А. К., Бөкөбаева А. К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Буржуева А. К., Бокобаева А. К.**
КНУ им. Ж.Баласагына [1,2]
**Burjueva A.K., Bokobaeva A. K.**
KNU J.Balasagyn [1,2]

ORCID: 0009-0002-1532-1600, SPIN код 8584-7446 [1]
ORCID 0009-0005-1600-1491, SPIN код 5404-0576 [2]

# АРАЛЫКТАН ОКУТУУ: БҮГҮН ЖАНА ЭРТЕҢ
# ДИСТАНЦИОННОЕ ОБУЧЕНИЕ: СЕГОДНЯ И ЗАВТРА
# DISTANCE LEARNING: TODAY AND TOMORROW

**Аннотация:** Макала актуалдуу көйгөйгө – МКТнын формаларынын бири –аралыктан билим берүүнү колдонуунун өсүшүнө арналган. Автор аралыктан окутуунун артыкчылыктары менен кемчиликтерин салыштырып гана тим болбостон аралыктан билим берүү курсун долбоорлоо тууралуу да кеп кылат. Өзү иштеп чыккан аралыктан окутуу курсунун мисалында тубаса талантуу балдар менен иштөөнү уюштуруунун бир түрү катары аралыктан окутуу технологияларын колдонуунун натыйжалуулугун көрсөтөт.

**Аннотация:** Статья посвящена актуальной проблеме – перспективам использования одной из форм ИКТ – дистанционного обучения. Автор сопоставляет достоинства и недостатки использования дистанционного обучения, рассказывает о проектировании дистанционного курса. На примере разработанного собственного дистанционного курса автор показывает эффективность использования дистанционных технологий обучения как одной из форм организации работы с одаренными детьми.

**Abstract:** The article is devoted to the actual problem – prospects use of one of the forms of ICT - distance learning. The author compares the advantages and disadvantages of using distance learning, talks about the design of a distance course. Using the example of his own distance course, the author shows the effectiveness of using distance learning technologies as one of the forms of organizing work with gifted children

**Негизги сөздөр:** билим берүүнүн маалыматтык технологиялары, аралыктык технологиялар, электрондук билим берүү курсу, тубаса талантуу балдар.

**Ключевые слова:** информационные технологии обучения, дистанционные технологии, электронный образовательный курс, одаренные дети.

**Keywords:** information technologies of education, distance technologies, electronic educational course, gifted children.

*Кандай гана коом болбосун талантуу*
*адамдар керек, коомдун милдети – анын*
*бардык мүчөлөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн*
*карап чыгуу жана өнүктүрүү.*
(А.Н. Колмогоров)

Интернет окутуунун пайда болушу - акыркы 500 жылдагы билим берүү технологиясындагы эң олуттуу өзгөрүүнү жаратты, б.а. басма китеп пайда болгондон бери.

Бүгүнкү күндө интернет биздин жашообузга биротоло кирди. Заманбап мектеп окуучуларынын дээрлик баардыгы аны күнүмдүк жашоо-тиричилигинде жана билим алууда активдүү колдонушат. Ушуга байланыштуу мугалимдин алдында окуу процессин заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде уюштуруу, окуу процессинде интернет технологияларды колдонуу зарылчылыгы пайда болот. МКТны колдонуунун бир түрү аралыктан билим берүү болуп саналат.

*Аралыктан билим берүү же окутуу деген эмне?* Педагогикалык адабияттарда аралыктан окутуу технологиялары деп билим алып жаткан педагогикалык эмес кызматкердин кыйыр (аралыктан) же толук өз ара аракеттенүүнүн негизинде маалыматтык жана телекоммуникациялык технологияларды колдонуу менен ишке ашырылуучу билим берүү технологиялары түшүндүрүлөт. Эмне үчүн аралыктан окутуу керек? Окутууну колдонуунун максаты студенттерге, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин жашаган жери боюнча түздөн-түз билим берүү программаларын өздөштүрүү үчүн аралыктан окуу мүмкүнчүлүктөрдү берүү болуп саналат. Мектепте болсобул үйдөн окуган же көп ооруган балдар болушу мүмкүн.

Салттуу билим берүү системасынын урааны “билим берүү бардыгына бирдей” болсо, аралык технологиялары менен окутуу ар бир окуучуга жекече багытталган окутуу системасы. Аралыктан окутууда мугалим менен студент негизинен маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен өз ара аракеттенишет жана компьютер, интернетти интенсивдүү колдонушат. Интернет аркылуу билим алууда студент: сабактар үчүн өзүнүн “окуу убактысын” тандайт; ага ыңгайлуу режимде "өзүнүн өздөштүрүү ылдамдыгына жараша" үйрөнө алат; окуу материалынын айрым бөлүктөрүнө көңүл бура алат; өзүн күн сайын текшере алат; мугалим менен көбүрөөк иштеше алат, керектүү маалыматты ылдам алат. Онлайн окутуу контекстиндеги "жандуу" сабактардын максаты: Катышуучуларга курсту изилдөөнү кантип мыкты уюштурууну үйрөнүүгө жардам берүү; Окуу үчүн оң пикир жана мотивацияны камсыз кылуу;

Эксперименталдык аянттар: Ар бир окуучунун окуусун уюштуруу үчүн эмоцияларды колдонуу Окутуунун руханий аспектилерине көңүл буруу; Окуучуларга “туура” суроолорду берүүгө жардам берүү; Окуучунун окууга болгон муктаждыгын өлчөө.

*Аралыктан окутуунун кандай артыкчылыктары бар?*

**Өндүрүштүүлүк.** Жаңы технологиялар визуалдык маалыматты жаркын жана динамикалуу кылууга, студенттин окуу системасы менен активдүү өз ара аракеттенүүсүн эске алуу менен билим берүү процессинин жекече курууга мүмкүндүк берет. Окуунун жеткиликтүүлүгү жана ачык-айкындыгы, үйдөн чыкпай эле үйрөнүү мүмкүнчүлүгү. Ошол эле учурда башка шаарларда жайгашкан курстарды колдонуу (Интернет аркылуу сырттан окуу) мүмкүнчүлүгү, өз убактысын өз алдынча бөлүштүрө алуу мүмкүнчүлүгү. Эркиндик жана ийкемдүүлүк, окуу курсун тандоо үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр бар. Мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн билим алуу мүмкүнчүлүгү.

Аралыктан окутуунун индивидуалдуу (жекече) системасы. Аралыктан окутуу индивидуалдык окуунун жеке мүнөзүнө ээ, ийкемдүү келет. Окуунун темпин студент өзү аныктайт, системалар аркылуу бир нече жолу жеке сабактарга кайта алат, айрым бөлүмдөрдү өткөрүп жибере алат ж.б. Студент окуу материалын белгилүү бир сабактын алдында эле

эмес, бүткүл окуу убактысынын ичинде үйрөнө алат, бул студентти билим алууга ынтызар кылуу менен тереңирээк билим алууга умтултат.. Мындай система окуучуну өз алдынча алектенүүгө жана өз алдынча билим берүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шыктандырат.

Менин жеке окутуучулук ишмердүүлүгүмдө аралыктан окутууну колдонуу тажрыйбасы студенттин өз алдынчалуулугун жогорулатып, аны мобилдүү жана жоопкерчиликтүү болууга жеткирет. Аралыктан окутуу окуу процессин креативдүү жана индивидуалдуу кылып, студентти ачат. Баалоонун субъективдүү фактору алынып салынат. Топтун таасири же студенттин башка предметтер боюнча аткарган ишинин таасири жоюлат. Бирок, бардык эле аткарылган иш сыяктуу эле, аралыктан окутуунун да өзүнүн кемчиликтери бар. Студент менен мугалимдин түздөн-түз бетме-бет байланышынын жоктугу. Эгерде окуучунун жанында билимди эмоционалдык түрдө боёп, мактап, сунуштап, аткарылып жаткан аракетти оңдоп бере турган мугалим жок болсо, бул окуу процесси үчүн олуттуу кемчилик.

Ар дайым персоналдык компьютерге жана интернетке кирүү зарылчылыгы. Маалымат булактарына дайыма жетүүнүн зарылдыгы. Бизге жакшы техникалык жабдыктар керек, бирок учурда аралыктан окууну каалагандардын бардыгында эле өзүнүн компьютери жана интернет байланышы боло бербейт, аралыктан окуу куралдарын колдонуу үчүн атайын техникалык даярдык керек. Аралыктан окуу өзүн-өзү катуу тартипке салууну талап кылат жана анын натыйжасы түздөн-түз студенттин аң-сезиминин өз алдынчалыгынан көз каранды. Аралыктан окутуунун классификациясын төмөнкүдөй элестете алабыз: Аралыктан окутуу

- Кайтарым байланышы
- Видеоконференция аркылуу лекциялар
- Спутник байланышы аркылуу лекциялар
- Кайта байланышсыз
- Веб курстар,веб-сабактар,веб-китепканалар
- Телевизиялык окуу программалары
- Радио окутуу программалары
- CD-ROM аркылуу лекциялар
- Сызыктуу түзүлүшү менен
- Гипертекст, сызыктуу эмес түзүлүшү менен
- Дискеттер боюнча лекциялар жана окуу куралдары
- Сызыктуу түзүлүшү менен
- Гипертексттик
- Электрондук материалдар
- Компьютердик билим берүү чөйрөлөрү -Маалымат базалары
- Билим банктары
- Электрондук китептер -Санариптик китепканалар
-Аудио жана видеопродукциялар
- Окуу курстарды камтыган аудио жана видео кассеталар
- Билим берүүчү теле курстары
-Окутуучу радио берүүлөр.

Электрондук окуу курстарын иштеп чыгуу өтө түйшүктүү иш. ЭОК – электрондук окуу китеби бир эле учурда иллюстрацияларды, лабораториялык иштерди, ошондой эле билимди текшерүү жана контролдоо үчүн тесттерди камтыйт. Электрондук окуу куралы өз алдынча

тема-модулдарга бөлүнгөн, алардын ар бири бир эле учурда таблицалар, мультимедиялык презентациялар, тренажерлор түрүндөгү визуалдык материал болуп саналат, алар белгилүү бир тематикалык аймактын бүтүндөй көрүнүшүн берет жана студент окутуунун варианттарын тандай алат: толук курс жана окуу процессин индивидуалдаштырууга өбөлгө түзөт, б.а. тема боюнча же белгилүү бир гана темаларды изилдөө.

**Аралыктан окутуу курсун долбоорлоо.** Билим берүү технологияларынын курстары талаптар менен түзүлүшү керек: аралыктан пайдаланууга багытталган, окуу процессинин борборунда төмөндөгүлөрдү эске алуу менен студенттин өз алдынча таанып-билүү иш-аракети (окутуу, окутуу эмес) турат.

**Таблица 1. Курсту долбоорлоонун түзүлүшү**

| Бөлүк | Мазмундун элементтери | | |
|---|---|---|---|
| Инструктивдүү | Курс менен иштөө боюнча жалпы көрсөтмөлөр Курстун материалы менен иштөө тартиби | | |
| Маалыматтык | Модульдар | Окуунун элементтери | Глоссарийлер |
| Көзөмөлдөөчүлүк | Тесттик тапшырмалар | Практикалык тапшырмалар | |
| Коммуникативдик | Форумдар | Чаттар | Рефлексивддүү материалдар |

*Кыргызстанда аралыктан окутуунун өнүгүү келечеги кандай?*

Бул чөйрөдө студенттер маалыматтын жөн эле пассивдүү керектөөчүлөрү болбостон, окуу процессинде билим берүүнүн предметтик мазмуну боюнча өздөрүнүн түшүнүгүн түзөөрү ачык көрүнүп турат. Окутуунун мурунку моделин төмөнкү жоболордун негизинде жаңы моделге алмаштыруу керек: окуу технологиясынын борборунда студент турат; технологиянын маңызы – өз алдынча билим алуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү; окуучулар окууда активдүү роль ойношот; кызматташуу окуу иш-аракеттеринин өзөгүн түзөт.

Бирок, интернет-окутуу кыял эмес, бул реалдуулук. Кыргызстандын билим берүү системасында аралыктан окутуунун өнүгүүсү интернет-технологиялардын өнүгүшүнө жараша жакшырат жана максималдуу интерактивдүүлүктү камсыз кылууну камтыйт. Мугалим менен чыныгы баарлашууну тууралгандан кийин гана окутуу толук болоору жашыруун эмес. Аралыктан окутуу курстарын андан ары өркүндөтүү төмөнкү факторлор менен байланышкан:

Мультимедия - үндүү видео жана слайд-фильмдер, анимация, графика; процесстердин жана кубулуштардын математикалык моделдерин камтыган бай интерактивдүүлүк;

Агымдык аудио жана видеону колдонуу; контролдук жана тесттик тапшырмалардын ар түрдүүлүгү;

Мультимедиа аркасында оңой өздөштүрүлө турган чоң көлөмдөгү окуу материалы.

Дистанттык окутуунун технологияларын колдонуу - таланттуу балдар менен иштөөнүн бир түрү. Жөндөмдүүлүктү аныктоочу ишенимдүү тесттер жок. Окуучунун жөндөмдүүлүгү эң аз дегенде өз алдынча изденүү же илимий-изилдөө иш-аракетине активдүү катышуунун натыйжасында көрүнөт.

Ачылууга суусаган, үйрөнүүгө, табууга, изилдөөгө умтулуу башталгыч класстарда эле окуучуларда пайда болот. Класста эмгекке кызыкпаган, сөздүктөрдү жана атайын адабияттарды окуп, билимдин ар кандай тармактары боюнча суроолоруна жооп издеген мындай студенттерди көп жолуктурууга болот. Ошондуктан мектепте илим менен техникага кызыккандардын бардыгын аныктоо, алардын пландарын, кыялдарын ишке ашырууга, мектеп окуучуларын изденүү жолуна салууга, алардын жөндөмдүүлүктөрүн толук ачып берүүгө жардам берүү абдан маанилүү. .

*"Жөндөмдүүлүк" термини эмнени билдирет?*

Күнүмдүк жашоодо жөндөмдүүлүк таланттын синоними болуп саналат. Психологияда ишмердүүлүктүн бир же бир нече түрүн өздөштүрүү жана аткаруунун өзгөчө ийгилиги менен аларга болгон кызыгуу менен айкалышкан адамдын сапаты түшүнүлөт. Жөндөмдүүлүктүн белгилери бар баладан талanttуу, жаркын инсан болуп чыгабы, көп жагдайга жараша болот.

Таланттуулуктун эң популярдуу теориялык моделдеринин бири америкалык изилдөөчү *Дж.Рензулли* тарабынан иштелип чыккан концепция болуп саналат. Ал таланттуулукту үч негизги өзгөчөлүктүн жыйындысы деп эсептейт: интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөр (ортодон жогору); чыгармачылык - жаңы идеяларды жаратууга, маселелерди чыгармачылык менен чечүүгө даяр болуу; туруктуулук (ишке багытталган мотивация). Мындан тышкары, ал билим (эрудиция) жана жагымдуу чөйрөнү бөлүп көрсөткөн. Автор өз эмгектеринде «жөндөмдүүлүк» терминин «потенциал» терминине алмаштырат. Таланттуу балдар өзгөчө окуу ийгилиги менен айырмаланат. Бул өзгөчөлүк маалыматты кайра иштетүү жана ассимиляциялоонун жогорку ылдамдыгы менен байланыштуу. Бирок ошол эле учурда мындай балдар күнүмдүк түйшүктүү иштерге кызыгуусун тез жоготуп коюшу мүмкүн. Алар негизги нерселерге, Эксперименттик сайттарга кам көрөт

Эксперименталдык сайттар: материалды кеңири камтуу. Мындай балдар менен иштөө кызыктуу жана кыйын; сабакта алар өзгөчө мамилени, окутуунун өзгөчө системасын талап кылат. Таланттуу балдар менен иштөө системасы төмөнкү компоненттерди камтыйт: таланттуу балдарды аныктоо – алар изденүүчү, жооп табууда өжөр, көп суроолорду берчү, ойлонууга жакын, эс тутуму жакшы;

Класста чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү - биринчи жардамчы студенттердин предметке болгон кызыгуусу. Предметке болгон кызыгууну сактоо жана окуучулардын табигый ыктарын өнүктүрүү үчүн;
класстан тышкаркы иштерде (олимпиадалар, сынактар, илимий изилдөө иштери) жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

Таланттуу балдардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү - баланын өз алдынча иштөөсүнө, башкача айтканда, ал милдеттерди өз алдынча коюуга жана чечүүгө жөндөмдүү болушун камсыз кылам, анткени чыгармачылык активдүүлүктү стимулдаштыруу жана аны өз алдынча башкаруу аркылуу гана өнүктүрүүгө болот. билим берүү. Аларды өзүн-өзү тарбиялоо иш-аракетине багыттап, окуучуларга айтам, кимдир-бирөөнү ээрчисең, жолуң эсте калбайт, басып өткөн жолуң эч качан унутулбайт жана “Талант – 1% жөндөмдүүлүк 99%. » . Жогоруда айтылгандардан, баланын чыгармачылык дараметин сактап калуу, анын таанып-билүү активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн баланы окуу процесси менен кызыктыруу, ага өз алдынча билим алууну сунуштоо зарыл экени келип чыгат. Демек, ар бир

студентке багытталган дистанттык окутуунун технологияларын колдонууну талантту балдар менен иштөөнүн мүмкүн болгон формаларынын бири катары кароого болот.

Компьютердик сабаттуулук, маалыматтык компетенттүүлүк, дүйнөлүк интернет ресурстары менен иштей билүү, керектүү маалыматты тез табуу – бул мектеп бүтүрүүчүсүнө коюлган талаптар. Ошондуктан «Информатика жана маалыматтык технологиялар» предмети мектеп программасында эң маанилүү сабактардын бири болуп саналат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Андреев, А.А. Дистанттык окутууга киришүү [Текст] / А.А. Андреев. - М.: МЕСИ, 1997.
2. Андреев, А.В. Moodle аркылуу электрондук окутуу практикасы [Текст] / А.В.
3. Андреев, С.В. Андреева, И.Б. Доценко. - Таганрог: ТТИ СФУ басмасы, 2008.
Математика для будущих учителей начальных классов является одной из важных дисциплин. Поэтому для студентов направления педагогики и начального образования кроме основной дисциплины математики читаются такие предметы как Теоретические основы начальной математики, Методы формирование математической компетентности будущих учителей начальных классов и Практикум по решению математических задач. Основной задачей преподавания данных дисциплин является формирование и развитие математических компетенций студентов. Для этого необходимо использовать различные

активные методы обучения, применять электронные ресурсы обучения и новые стратегии обучения математике.

Активными методами являются также различные обучающие игры, которые на основе конкретных ситуаций и ролей показывают применение математических знаний в решении практических задач. Таким образом студенты начинают видеть за абстрактными моделями решения математических задач конкретную жизненную ситуацию.

Например, Деловая игра «Сбережение», в обучении студентов используется реальная ситуация из жизни. В процессе игры студенты решают различные проблемы и задачи из практики на основе чего у них формируются ключевые и предметные компетенции. [3]

В данной игре для решения задач студенты используют математические модели, например, видят образование цен на рынке, как влияет предложение и спрос на нее и т.д.

На основе выше сказанного можно сделать вывод, что система высшего образования должна обеспечивать реализацию полной кредитной технологии обучения как необходимое условие для повышения и совершенствования уровня математической подготовки студентов. И также обучение курсу математики должен носить прикладной характер, так как решение практико-ориентированных задач позволяет сформировать у студентов убеждение о необходимости математики в их будущей профессиональной деятельности.

**Список цитируемых источников:**


1. Алиев Ш. Педагогика багытындагы гуманитардык адистиктердин студенттерине кесипке ылайык математикалык билим беруунун илимий-дидактикалык негиздери. дисс... докт.пед.наук: 13.00.02. -Бишкек, 2005, -258с.
2. Алиев Ш., Кайдиева Н.К. Профессионально-ориентированное обучение курса математика – гарантия формирования компетентности будущего бакалавра. // Материалы 2-й международной конференции, посвященной 20-и летию образования, КРСУ им. первого президента РФ Б.Н.Ельцина, 2013, -С.235-240.
3. Алиев Ш., Кайдиева Н.К. Концепция математического образования в условиях профильного практико-ориентированного обучения студентов экономического направления. //Известия вузов Кыргызстана, № 2, 2022, - С.81-85.
4. Гнеденко Б.В. Математика и математическое образование в современном мире. - М.:Изд. Ленанд, 2022. – 192с.
5. Кайдиева Н.К., Эсенгулов У.А.Математическое образование студентов в условиях профессионально-ориентированного обучения курса математики//Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 8, 2022, -С.158-162.
6. Постановление правительства КР от 23 августа 2011 года № 496 «Об установлении двухуровневой структуры высшего профессионального образования в Кыргызской Республике».

УДК 53-004-01
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-110-116

**Казыбекова Н. Ж.**
КРнын Куралдуу Күчтөрүнүн Советтер Союзунун Баатыры генерал-лейтенант К. Усенбеков атындагы Аскер институту
**Казыбекова Н. Дж.**
Герой Советского Союза Вооруженных Сил Кыргызской Республики генерал-лейтенант К. Военный институт имени Усенбекова
**Kazybekova N. J.**
Hero of the Soviet Union of the Armed Forces of the Kyrgyz Republic Lieutenant-General K. Military Institute named after Usenbekov

# КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯНЫН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ФИЗИКАНЫ ОКУТУУ
# ОБУЧЕНИЕ ФИЗИКЕ С ПОМОЩЬЮ КОМПЬЮТЕРНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ
# TEACHING PHYSICS WITH THE HELP OF COMPUTER TECHNOLOGIES

**Аннотация:** Макалада заманбап маалыматтык жана компьютердик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу окуу иш-аракеттеринин спектрин кеңейтүүгө, физиканы окутуунун жаңы уюштуруу формаларын жана методдорун өркүндөтүүгө, физика боюнча окуу материалынын мазмунун тандоо критерийлеринин өзгөрүшүнө алып келээри тууралуу каралган.

**Аннотация:** В статье рассматривается реализация возможных современных информационных и компьютерных технологий который приведет к расширению спектра учебной деятельности, совершенствованию новых организационных форм и методов обучения физике, изменению критериев отбора содержания учебного материала по физике.

**Abstract:** The article discusses the implementation of possible modern information and computer technologies that will lead to the expansion of the range of educational activities, the improvement of new organizational forms and methods of teaching physics, changing the criteria for selecting the content of educational material in physics.

**Негизги сөздөр:** маалыматтык технологиялар, компьютердик технологиялар, компьютердик моделдөө, методика.

**Ключевые слова:** информационные технологии, компьютерные технологии, компьютерное моделирование, методика.

**Keywords:** information technologies, computer technologies, computer modeling, method.

Физика эң кызыктуу, укмуштуу, жеткиликтүү жана ошол эле учурда татаал илимдердин бири. Физика-бул эң жөнөкөй жана ошону менен бирге жаратылыш кубулуштарынын эң жалпы мыйзамдарын, заттын касиеттерин, түзүлүшүн жана анын кыймылынын мыйзамдарын изилдөөчү негизги илим.

Жылдар өткөн сайын илимге болгон кызыгуу төмөндөп, аны менен бирге билим деңгээли төмөндөгөн. Бул көйгөй илимдин татаалдыгы, визуалдык материалдын жетишсиздиги, жабдуулардын жоктугу, илимий жана кошумча адабияттардын жетишсиздиги менен түшүндүрүлөт. Жогорку звенодогу материалдын татаалдыгы боюнча физика математикадан жана химиядан да алдыда турат, натыйжада студенттердин

(курсанттардын) олуттуу бөлүгү кыйынчылыктарга туш болушат жана предметке болгон кызыгуусун жоготушуп, практикада толук кандуу колдонушпайт. Бүгүнкү күндө курсанттар болобу, студенттер болобу алар үчүн бул сабак оор. Алар үчүн стандарттуу айкалышкан сабак кызыксыз жана көңүлсүз.

Акыркы он жыл убакыт аралыгында билим берүү процессинде көп нерсе өзгөрдү. Ал сапаттуу өзгөрүүлөргө учурап жатат. Мисалы, доскадан баштап кодопроекторлордон жана плеерлерден, кол менен жазылган тапшырмалардан жана карталардан персоналдык компьютерлерге, мультимедиялык проекторлорго, принтерлерге, ксеро-көчүрмөлөргө, интерактивдүү доскаларга, мобилдик класстары бар санариптик мектептерге, санариптик жабдууларга өтүү болду. Азыркы учурда мугалимдерге окуу материалын өздөштүрүү үчүн жаңы шарттарды түзүү керек экенине келип жеттик.

Бардык окуу дисциплиналарынын ичинен физика компьютерлештирилген предметтердин бири болуп саналат. Көптөн бери компьютер коомдо эсептөөлөрдү жүргүзүү боюнча күнүмдүк ишти жеңилдетүү үчүн ийгиликтүү колдонулуп келген. Бирок маалыматтык технологиялар моделинин каражаты катары; теориялык материалдарды окутууда, изилдөөлөрдө жана башка тандоо максаттарында, (түшүндүрүү, бекемдөө, материалды кайталоо, билимди текшерүү ж. б.) колдонуп келет.

Курсанттарга физиканы окутуп жатып, мен предметке болгон кызыгуусунун төмөндөшүн байкай баштадым, ошону менен бирге билим деңгээлинин төмөндөшүн да байкадым десем жаңылышпасмын. Бул көйгөйдү мен визуалдык материалдын жетишсиздиги, жабдуулардын жоктугу, илимий жана кошумча адабияттардын жетишсиздиги, предметтин татаалдыгы менен түшүндүрүп кетет элем. Пайда болгон көйгөйлөр адам баласынын билиминин чексиз жана тынымсыз өсүп жаткан көлөмү менен байланыштуу.

Учурдагы көйгөйдүн актуалдуулугу билим берүү процессин уюштуруунун ыкмаларын жана технологияларын оптималдаштыруу менен байланыштуу.

Мен сабак учурунда мындай көйгөйгө туш болуу менен бирге, физика сабактарында МКТны колдонуу студенттердин (курсанттардын) мотивациясын өнүктүрүү, алардын таанып-билүү иш-аракеттерин активдештирүү үчүн натыйжалуу фактор болуп, физикалык кубулуштарды жеткиликтүү жана түшүнүктүү кылууга мүмкүндүк берет деген жыйынтыкка келдим. Ошентип, бүгүнкү күндө билим берүү ишмердүүлүгүнүн негизги максаты билим берүүнү реформалоо шартында курсанттардын, жеке алар эле эмес баардык студенттердин окуу жетишкендиктерин баалоодо жаңы технологияларды колдонбостон жетишүү мүмкүн эмес экени маалым. Бул технологияларды физика сабагында колдонуу курсанттардын когнитивдик кызыгуусун активдештирип, алардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн, акыл-эс ишмердүүлүгүн стимулдаштыруунун жолдорун жана ошондой эле ар кандай маселелерди чечүү зарылчылыгы менен түшүндүрүлөт. Окуу процессинде компьютердик каражаттарды колдонуунун өзгөчөлүгү болуп, бул иш-аракеттерде жеке жөндөмдөрүнө жана кызыкчылыктарына таянуу менен бирге таанып-билүү процессин түзгөн курсант же студент боло алат. Мугалим менен курсанттын ортосунда "субъект - субъективдүү" мамиле түзүлөт. Мугалим көбүнчө жардамчы, консультант катары оригиналдуу табылгаларды үйрөтүп, активдүүлүктү жогорулатуу менен бирге стимул берүүчүнүн ролунда болот.

**Интерактивдүү окутуу методдорун изилдөө.**

**1. Окутуу методдорунун түрлөрү.**

Метод (сөзмө-сөз бир нерсеге жол) максатка жетүү жолунун белгилүү бир тартиптеги иш-аракеттин билдирет.

**Окутуу методикасы** – билим берүүнү калыптандыруу, жөндөмдүүлүктү арттыруу үчүн мугалим жүргүзгөн иштин ыгы жана жолу. Билим берүүнүн максаты жана мазмунунун өзгөрүшү менен окутуу методикасы да өзгөрөт.

Заманбап окутуу практикасында көптөгөн окутуу ыкмалары колдонулат. Ушуга байланыштуу окутуу методикасын классификациялоого муктаждык пайда болгон. Окутуу методдорунун бирдиктүү классификациясы жок. Себеби, ар кандай авторлор окутуу методдорун топторго жана кичи топторго бөлүүнүн негизинде ар кандай ыкмаларды, окуу процессинин айрым жактарын колдонушат. Бул изилдөөдө белгилүү бир билимдерге, көндүмдөргө, билгичтиктерге жана баалуулуктарга студенттерди (курсанттарды) тартуу максатында мугалим менен студенттердин ортосундагы өз ара аракеттенүү процесси катары, окутуу процессинин катышуучуларынын ортосундагы өз ара аракеттенүү ыкмасы боюнча окутуу методдорунун классификациясын карасак болот.

1.Пассивдүү ыкмасы

2. Активдүү ыкмасы

3. Интерактивдүү ыкмасы

Адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди даярдоонун федералдык мамлекеттик билим берүү стандарттарында компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу окуучулардын кесиптик көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында класстан тышкаркы иштер менен бирге окуу процессинде сабактарды өткөрүүнүн Активдүү жана интерактивдүү формаларын кеңири колдонууну камтышы керек деп айтылат.




**1 - сүрөт. Пассивдүү ыкмасы**

Пассивдүү метод-бул окуучу менен мугалимдин өз ара аракеттенүү формасы, анда мугалим сабактын жүрүшүнүн негизги алып баруучусу жана башкаруучусу болуп саналат, ал эми окуучулар мугалимдин көрсөтмөлөрүнө баш ийген пассивдүү угармандардын ролун аткарышат. Мугалимдин пассивдүү сабактардагы окуучулар менен байланышы сурамжылоо, өзүн-өзү башкаруу, тест ж.б. болуп саналат.

Активдүү метод- бул мугалим менен окуучулар сабактын жүрүшүндө бири-бири менен өз ара аракеттенишип, окуучулар пассивдүү угуучулар эмес, сабактын активдүү катышуучулары болот.




**2 - сүрөт. Активдүү ыкмасы**

Интерактивдүү («Inter» - бул өз ара, «act» - аракет) – кимдир бирөө менен баарлашуу, диалог режиминде болуу дегенди билдирет. Активдүү методдордон айырмаланып, интерактивдүүлүк окуучулардын мугалим менен гана эмес, бири-бири менен көбүрөөк өз ара аракеттенүүсүнө жана окуу процессинде окуучулардын активдүүлүгүнүн үстөмдүгүнө багытталган. Интерактивдүү сабактардагы мугалимдин орду окуучулардын сабактын максаттарына жетүү багытына байланыштуу. Мугалим ошондой эле сабактын планын иштеп чыгат (адатта, бул интерактивдүү көнүгүүлөр жана тапшырмалар, анын жүрүшүндө окуучу материалды үйрөнөт).




**3 - сүрөт. Интерактивдүү ыкмасы**

Жеке өзүмдүн педагогикалык ишмердүүлүгүмдүн башкы максаты-адеп-ахлактык сапаттарга ээ, өз алдынча чечим кабыл алууга жөндөмдүү, кызматташууга даяр, азыркы тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө ийгиликтүү социалдык адаптацияга ээ, өз тагдыры жана өлкөнүн тагдыры үчүн жоопкерчилик сезимине ээ билимдүү инсандарды калыптандыруу болуп саналат. Өз ишмердүүлүгүмдө окуп жаткандардын инсандыгын, алардын таанып-билүүчүлүгүн, жаратмандык жөндөмдүүлүктөрүн, инсандык касиеттерин, универсалдуу билимдер системасын, билгичтиктерин, ишмердүүлүк ыкмаларын, ошондой эле социалдык-баалуу ишке киргизүү үчүн зарыл болгон жеке жоопкерчилик тажрыйбасын өнүктүрүүгө шарт түзүүгө умтулуу.

**2. Физиканы окутууда МКТ нын колдонулушу**

Окутуу процессинде жана таанып-билүү иш-аракеттеринде маалыматтык технологияларды колдонуу тажрыйбасын алууга түрткү берүүнү жогорулатууга чоң көнүл буруу керек. "Физика", "Информатика жана МКТ" предметтери окутуунун негизги звенолорунун бири болуп саналат жана студенттин дүйнөсүн жана социумун бирдиктүү

кабылдоону ишке ашырууга өбөлгө түзөт. Акырындык менен, ар кандай тармактардан жаңы билим алуу менен, бул көрүнүш кеңейүүдө. Бул процессте ар кандай билим берүү чөйрөлөрүнүн предметтеринин интеграциясы жеңилдетүүгө жардам берет.

Физикалык билим берүүдө маалыматтык технологияларды колдонуунун келечектүү багыттарынын бири физикалык кубулуштарды жана процесстерди компьютердик моделдөө болуп саналат. Компьютердик моделдерди колдонуу менен мугалим изилденип жаткан материалды айкыныраак көрсөтө алат, анын мурда белгисиз болуп келген башка жактарын көрсөтө алат, бул өз кезегинде курсанттардын изилдеп жаткан предметине болгон кызыгуусун арттырат жана окуу материалын тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө түзөөрү шексиз.

Компьютердик моделдөө компьютердин экранында физикалык тажрыйбалардын же кубулуштардын жандуу, эсте каларлык динамикалык сүрөтүн түзүүгө мүмкүндүк берет жана мугалим үчүн сабактарды өркүндөтүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Компьютердик моделдер - физикалык тапшырмаларды аткарууда жолуктурган физикалык тажрыйбаларды, кубулуштарды же идеалдаштырылган моделдик кырдаалдарды аткарган компьютердик программалар болуп саналат.

Компьютердик интерактивдүү моделдер: алар схемалар, графиктер, процесстерди имитациялоо жана эксперименттер, тапшырмалар, оюндар. Интерактивдүү оюндар бар, мисалы: "эски окуу китебинин барактары боюнча" Квест оюнун "заттын түзүлүшү жөнүндө алгачкы маалымат" темасын кайталоо жана жалпылоо үчүн колдонсо болот. Оюндун 7 деңгээли бар. Ар бир деңгээлде бир тапшырма аткарылышы керек. Ар бир кийинки деңгээл учурдагы деңгээлден өткөндө гана ачылат. Бирок компьютердин жардамы менен өткөрүлгөн ар бир сабактын алдында мугалим компьютердин экранында байкалган физикалык кубулуштардын кайсы моделдери максатка жетүүгө мүмкүндүк берерин ойлонушу керек. Сабактагы колдонулушуна жараша бардык моделдер бир нече топко бөлүнөт:

1. Модель-конструктор

Мисалы, электр чынжырынын модели (туруктуу токтун чынжырлары ). Модель-бул электр чынжырын экранда моделдештирүү үчүн чынжыр элементтеринин жыйындысы. Бул моделди колдонуу менен курсанттарга төмөнкү тапшырмалар сунушталат: сүрөттөлгөн чынжырдагы каталарды табуу, үлгү боюнча схеманы чогултуу, оозеки сүрөттөө. Ошону менен бирге электр чынжырынын схемасына өзгөртүүлөрдү киргизсе болот, Мындан тышкары, модель токтун жана чыңалуунун маанисин эсептөөгө мүмкүндүк берет.

2. Тажрыйба модели

Бул "чекиттик заряддын өз ара аракети" модели. Суперпозиция принцибин түшүнүктүү жана жеткиликтүү түрдө көрсөтүп бере алат. Бул модель мугалимдин түшүндүрмөсү жеткиликтүү боло албай калганда, алардын түшүнүүсүнө жардам бере алат.

3. Ар кандай физикалык кубулуштардын моделдери.

Мисалы, анимация-ядролук ажыроолор. Курсанттар "атом ядросу" темасын изилдеп жатып, ядролук реакциянын белгисиз продуктусун туура табууну үйрөнүшөт, бирок аны аныктоо дайыма эле туура эмес: синтез же бөлүнүү реакциясы бул учурда болуп турат. Бул маселе ушул модель менен чечилет.

**2.1. Компьютердик лабораториялык иштер.**

Компьютердик лабораториялык иштерди жүргүзүү негиздүү деп эсептейм. Алардын оң артыкчылыктары:

– көптөгөн жабдууларды таратууга жана чогултууга убакыт коротпойт, анын сакталышын көзөмөлдөп (айрыкча, азыркы мезгилде приборлордун жана каражат жетишсиздиги);

– керектүү тажрыйбаны керектүү санда так берилген параметрлер менен аткаруу мүмкүнчүлүгү (жок дегенде жай, тез, ар кандай ырааттуулукта);
- компьютердик экспериментте каалаган параметрди өзгөртүү мүмкүнчүлүгү;
- графиктерди жана диаграммаларды түзүү, объекттердин кыймылынын багыттарын өзгөртүү;
- мугалим көрсөткөн жана курсанттардын өздөрү аткарган эксперименталдык тапшырмаларды аткаруу;
-деңгээлдүү дифференциациялоо технологиясы менен колдонула тургандай кылып түзүлгөн мугалим тарабынан натыйжаларды заматта текшерүү жана өзүн-өзү текшерүү мүмкүнчүлүгү менен ыңгайлуу тест суроолору;
- жеке тапшырмалар үчүн колдонула турган жогорку деңгээлдеги кошумча суроолор;

**2.2. Компьютердик тестирлөө**

Сабак учурунда электрондук тесттер түрүндө иш-аракеттерди колдонуу негиздүү жана жемиштүү болуп саналат. Электрондук тесттер жакшы, анткени курсант тапшырманы аткаргандан кийин жасалган иштин натыйжасын дароо көрүп, аткарган ишине баа алат.
Мындан тышкары, тесттин убактысын чектөөгө болот.
Муну менен бирге компьютердеги тесттер көбүнчө иштелбей калган маселелерге кайтып келип, каталар боюнча иштөөгө мүмкүндүк берет.
Компьютер менен иштөө курсанттар үчүн салттуу тестирлөөгө же кагаз жүзүндөгү тестке караганда алда канча жагымдуу. Биринчиден, курсант мугалим менен түздөн-түз байланышы жок, ал биринчи кезекте машина менен байланышта. Экинчиден, тесттер оюн түрүндө берилиши мүмкүн. Эгер туура эмес жооп берилсе, курсант күлкүлүү үндү угушу мүмкүн же күлкүлүү каарманды көрүшү мүмкүн. Эгер тест ийгиликтүү өтсө, курсантка виртуалдык быйтыкчалары тапшырылат, же асманда салют атылат. Албетте, мындай тестирлөө курсанттарда стресс же терс эмоциялардын пайда болушуна алып келбейт.

Таблицалар, плакаттар, сүрөттөрдүн репродукциялары, портреттер түрүндө визуализацияны колдонууда кээ бирлерин алып салууга, башкаларын тиркөөгө туура келет. Ооба, эгер бул учурда доскага жазуу жүргүзүлсө, анда бул көп убакытты талап кылат. Компьютерди колдонуп, убакытты үнөмдөө мүмкүнчүлүгү пайда болот. Физика сабагы учурунда убакыттын тартыштыгы жана жабдуулардын татаалдыгы менен айырмаланат.

**2.3. Окутуу процессинде мультимедиялык презентацияны колдонуу**

Мультимедиялык презентацияны билим берүү процессинде колдонуу окуунун көрүнүктүүлүгүн жана ага болгон мотивацияны жогорулатууга мүмкүндүк берет. Негизинен балдардын кабылдоосунун бардык каналдары-көрүү, механикалык, угуу жана эмоционалдык аркылуу жүргүзүлөт. Мультимедиялык презентацияларды колдонуу теманы изилдөөнүн каалаган этабында жана сабактын каалаган этабында ылайыктуу. Бул форма окуу материалын эстеп калууну жана аны өздөштүрүүнү жеңилдетет. Мультимедиялык презентация түрүндө окуу материалын берүү окуу убактысын кыскартат. Студенттерди (курсанттарды) мындай жаңылануу сабагынын бир түрү көңүлүн бөлүп, кызыгуусун жаратат.

Компьютердик технологияларды колдонуу студенттердин (курсанттардын) предметти терең изилдөөгө жана башталгыч көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү практикалоого мүмкүнчүлүк берүү аркылуу окуу процессин өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет. Компьютер ар бир студентке (курсантка) өз алдынча иштөөгө мүмкүндүк берет, ошол эле учурда начар окугандардын окуу деңгээли жогорулайт. Маалыматтык технологияларды колдонууда пайда

болгон экинчи мүмкүнчүлүк – окуучулардын өз алдынчалыгын өнүктүрүү. Студент же курсант тигил же бул маселелерди аң-сезимдүү (маселени доскадан же шеригинен көчүрбөстөн) өз алдынча чыгарат, мында анын предметке болгон кызыгуусу, предметти өздөштүрө аларына ишеними жогорулайт.

Дагы бир айта кетчү нерсе, бүгүнкү компьютердик технологиялар өнүккөн заманда бүткүл дүйнөнүн мугалимдерине мындай суроо коюлат экен: “Эгерде сиз окуучуларыныз менен бир тилде сүйлөшө албасаңыз, анда аларды кантип окутуп жатасыз?”

Белгилүү америкалык билим берүү адиси Марк Пренский белгилегендей, бүгүнкү окуучулар радикалдуу өзгөрүүдө. Анткени азыркы студенттердин, окуучулардын жашоосу башка. Мындай өзгөрүүлөр санариптин өтө тез өнүнүгүп жатканы менен байланыштуу. Алар өмүрүнүн көбүн компьютер, видео оюндар, уюлдук телефондордун тегерегинде өткөрүшөт.

Ушундай кырдаалда айрым окуучуларыбыз жаңы технологияларды колдонууга үлгүрбөгөндүктөн, аларга айрым сабактар кызыксыз болууда. Ошол эле Пренскийдин изилдөөсү боюнча, орто эсеп менен алганда, колледждин ар бир бүтүрүүчүсүнүн жашоосу төмөндөгүлөрдү камтыйт: 10000 саатка чейин видео оюндар; 200000 саатка чейин электрондук жана смс каттарын жөнөтүү; 200000 саатка чейин уюлдук телефон менен баарлашуу. Ошол эле убакта 5000 саатка жакын эле убакыт китеп окуганга кетирет экен. Бул- азыркы санарип чөйрөсүнүн заманбап окуучулары же студенттери дээр элем.

Демек, санарип технологиялары өнүгүп жаткан учура биздин мугалимдер эмне кылышы керек. ЖОЖдун жана мектептердин мугалимдеринин азыркы учурда электрондук технологиялар менен жеткиликтүү тааныш болуусу – замандын талабы.

Коомдун компьютерлештирүүсүнүн заманбап тенденциясы, студенттердин (курсанттардын) компьютерлерге болгон кызыгуусунун шексиз өсүшү компьютердик технологияларды окутууда кеңири колдонуунун чыныгы негизин түзөт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Александрова З.В., Анатольев В.Н., Артеменко Л.В. Уроки физики с применением информационных технологий 7-11 классы. Выпуск 2. Методическое пособие (+СД) – Планета, 2013.

2. Аствацатуров Г.О. Дизайн мультимедийного урока: методика, технологические приемы, фрагменты уроков. Волгоград: Учитель, 2014

3. Извозчиков В.А., Ревунов А.Д. Электронно – вычислительная техника на уроке физики в школе — М.: Просвещение, 1988.

4. Маркова А.К. Формирование мотивации учения в школьном возрасте: Пособие для учителя. М., Просвещение, 1983.

5. Красильникова В.А. Использование информационных и коммуникативных технологий в образовании. – Оренбург, 2012.

6. Оспенникова Е.В. Использование ИКТ в преподавании физики в общеобразовательной школе. Методическое пособие, БИНОМ, 2012.

7. http://www.maam.ru/detskijsad/ispolzovanie-ikt-v-rabote-s-doshkolnikami-443003.html. (In Russian)

УДК37.013.8
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-117-122

**Мааткеримов Н. О.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Мааткеримов Н. О.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Maatkerimov N. O.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0005-5427-9312, SPIN-код: 7894-0121

# ФИЗИКАЛЫК ТЕРМИНОЛОГИЯНЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН УСУЛДУК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ
# МЕТОДИЧЕСКИЕ ПРЕДПОСЫЛКИ ФОРМИРОВАНИЯ ФИЗИЧЕСКОЙ ТЕРМИНОЛОГИИ
# METHODOLOGICAL PREREQUISITES FOR THE FORMATION OF PHYSICAL TERMINOLOGY

**Аннотация:** Макалада физикалык терминдерди эффективдүү өздөштүрүү боюнча окуу ишмердүүлүктүн системалаштыруу, колдонуу принциптери, окутууда усулдук ыкмаларын пайдалануу багыттары каралган. Физикалык терминологиялык системаны окуучулар менен студенттер натыйжалуу өздөштүрүүнүн шарттары жана методикалык каражаттары баяндалды.

**Аннотация:** В статье рассмотрены систематизация учебной деятельности, принципы использования, направления применения методических приемов, эффективного обучения для усвоения физических терминов. Описаны методические средства и условия результативного усвоения учащимися и студентами физической терминологической системы.

**Abstract:** The article considers the systematization of educational activities, the principles of use, directions for the application of methodological techniques, effective learning for the assimilation of physical terms. The methodological means and conditions for the effective assimilation by pupils and students of the physical terminological system are described.

**Негизги сөздөр:** физикалык терминология, физикалык түшүнүктөр, терминдерди которуу, көйгөйлөр, илимий деңгээлдер, эл аралык терминдер.

**Ключевые слова:** физическая терминология, физические понятия, перевод терминов, проблемы, научные уровни, международные термины.

**Keywords:** physical terminology, physical concepts, translation of terms, problems, scientific levels, international terms.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон бери жогорку окуу жайларда окутуу эне тилинде жүргүзүлө баштагандыктан окуу китептерин кыргыз тилине которуу жана кыргыз тилиндеги окуу куралдарын (программалар, китептер, окуу-методикалык комплексттер, усулдук жолдомолор, маселелердин жыйнактары, сөздүктөр ж.б.) түзүү иштери кеңири жүргүзүлүп жатат [1, 2, 3]. Окуу куралдарын кыргыз тилинде түзүүдө жана

жарыкка көп нускада чыгарууда кыргыз илимий терминологиясынын туура калыптанышы чоң мааниге ээ болот.

Билим берүү жөнүндөгү жаңы мыйзамдар кабыл алынганына байланыштуу, учурда окуу жайларда кыргыз тилинде физикалык терминологиялык системалаштыруунун методикалык маанисин тереңдеп карап чыгуу олуттуу маселе болууда. Анын себеби илимий-техникалык өнүгүү, санариптештирүү, илим таануунун бардык тармактарында түшүнүктөр жана терминдер системасын ирээтке келтирүү маселесин күн тартибине коюп жатат. Бул маселе – техниканын жана өндүрүштүн негизи болгон физика илиминде да орчундуу болуп эсептелет. Себеби, физиканы бүгүнкү күндө илимдин жанан техниканын тили деп саноого болот. Ошондуктан, башка табигый илимдер тарабынан физиканын түшүнүктөрүн колдонушунун абалы ал илимдин өнүгүү денгээлин көрсөтөт.

Окуучулар жана студенттерге физиканын тилин өздөштүрүү багытындагы иш аракеттерин уюштуруу алардын ой жүгүртүүсүнүнүн өркүндөшүнө да чоң таасир кылат.

Методикалык планда физиканын тили аз изилденген [2]. Физикалык терминология - бул физикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу теориясынын жана практикасынын лексикалык каражаттары болуп эсептелинет. Кандайдыр бир тилдин бир бөлүгү болуу менен бирге терминология өзү дагы жалпы лексикологиянын изилдөө предмети катары эсептелет [4].

Терминология - бул физиканын илимий тилинин негизи. Ал физикалык закон ченемдүүлүктөрдүн, процесстердин жана кубулуштардын өтө маанилүү мүнөздөрүн жана белгилерин көрсөтөт. Илимий терминологияны калыптанып калган илимий түшүнүктөр системасынан сырткары элестетүү өтө кыйын. Түшүнүктөрдүн жана аларды мүнөздөгөн терминдердин жыйындысы физика илиминин ой жүгүртүү жана терминология аппаратын түзүү менен бирге эле аларды колдонуу чектерин белгилейт.

Терминологиянын маңызын, жаратылышын, калыптануусун чагылдырган негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири системалуулук. Ал терминди чындык илимий чагылдырууда өзгөчө белгилер системасы катары башка өз ара байланыштар, катыштар менен бирге кароо болуп саналат.

Илимий-техникалык терминологияны системалаштыруу, аларды белгилүү бир деңгээлде иретке келтирүү азыркы учурдун маанилүү көйгөйлөрүнүн бири. Бул маселенин пайда болушунун жана аны
чечүүнүн мисалдарына кайрылып көрөлү.

Синонимдүүлүк - бир эле маанидеги илимий түшүнүктү эки же андан көп терминдер аркылуу мүнөздөө. Тагыраак айтканда, орто окуу жайлары үчүн сунуш кылынган физика боюнча окуу куралдарында “ток”, “токтун күчү” жана “ток чоңдугу” же “өткөргүчтүүлүк тогу” жана “электр тогу”, “активдүү каршылык” жана “омдук каршылык” ж.б. түшүнүктөрү бирдей маанини билдиришет [3]. Мындай айрым түшүнүктөрдүн коп сандаган синонимдик түрлөрүн ажыратып эстеп калуу студенттер үчүн кыйынчылыкты пайда кылат, окуу материалын ой жүгүртүп өздөштүрүүгө тоскоол болот.

Терминдердин көп маанилүлүүгү – кыргыз орус жана башка тилдерде айрым бир терминдер колдонуу аймагына жараша бир нече лексикалык мааниге ээ болушу менен шартталат. Илимий-техникалык термин болуп эсептелген айрым бир тармакка тийиштүү бир маанини билдириши зарыл (моносемичность), б.а., "бир термин - бир түшүнүк" катышына дал келиши зарыл. Мисалы, физика боюнча окуу китебинде берилген "жер" түшүнүгү көп маанини билдирет: планета, топурак, кургак аянт, жер үлүшү, электр куралдарын

жердештирүү ж.б. Бирок мында терминге дал келген түшүнүктөрдү алмаштырууда ката кетирүү мүмкүнчүлүгү азыраак, себеби ар түшүнүктөрүн көп маанилүүлүгүнүн системасынын мисалына "жумуш" жана "жылуулук" терминдери кирет. Бир жагынан алганда жумуш жана жылуулук энергияны берүүнүн эки башка формасы [6].

Мына ушул сыяктуу терминологиянын көп маанилүүлүгү физика боюнча окуу куралдарын түзүүдө айрым бир кыйынчылыктарды жаратат. Ошондуктан физика боюнча окуу китебин түзүүдө мүмкүн болушунча көп маанилүүлүктөн айрылуу керек, же болбосо текстке тийиштүү түшүндүрмөлөрдү кошуу зарыл.

Учурда дидактикада, психологияда жана сабактардын усулунда терминдерди өздөштүрүү боюнча окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүн методисттер ар кандай деңгээлдерге бөлүшөт.

Физиканы окутуу усулунда мындай деңгээлдеги төрт топко бөлүштүрүүнү туура көрдүк (таблицаны караңыз).

Таблица - *Илимий терминдерди калыптандыруунун деңгээлдери*

| **Деңгээлдер** | **Ишмердүүлүктүн мазмуну** | **Студенттердин терминдерди өздөштүрүүсүнүн жыйынтыктары** |
|---|---|---|
| Фактологиялык | Терминдин маңызын ачуу жана аны таанып билүүнүн жолдорун аныктоо | Терминдердин моделин жана аны өздөштүрүү-нүн планы |
| Терминдерди эске тутуу | Терминдердин маңыздуу белгилерин ажыратуу, салыштырып талдоо жүргүзүү | Эмпирикалык түшү-нүктөрдү өздөштүрүү |
| Түшүнүктөрдү тааныш (белги-лүү) жагдайларда колдонуу | Терминдердин ортосуна татаал байланыштарды киргизүү менен жөнөкөй маселелерди чыгарууга колдонуу | Эмпирикалык жана теориялык түшүнүк-төрдү конкреттештирүү жана бышыктоо |
| Чыгармачылык (бейтааныш жагдайларда) | Физикалык билимдердин системасында термин-дердин ордун ажыратып билүү, татаал маселелер-ди чыгаруу | Жалпы физикалык теориялык жана эмпи-рикалык билимдердин түзүмдөрүн пайдалана билүү |

*Биринчи деңгээлде* студенттер элементардык базалык терминдерди үйрөнүп, негизги түшүнүктөрдү ажыратып билүүлөрү зарыл, бул учурда алардын ишмердүүлүгү түшүнүү, өздөштүрүү, кайталоочулук мүнөздө болот.

*Экинчи деңгээлде* студенттер өз алдынча тийиштүү фактыларды, эмпирикалык түшүнүктөрдү негизги закон ченемдүүлүктөрдү өздөштүрүп, түшүнүп, эске тутуп, окутуучу калыптандырган терминдерди бышыкташат.

*Үчүнчү деңгээлде* терминдердин системасы активдүү пайдаланылып, алардын ортосундагы себептүү-натыйжалуу байланыштар өздөштүрүлүп, орто татаалдыктагы маселелерди студенттер чыгара билиши керек.

*Төртүнчү денгээлде* студенттер терминологиялык системага ээ болушуп, илимий далилдөөлөрдү келтирүүдө өз алдынча ой- жүгүртүүлөрүн сын көз караштa өткөрүшүп, жогорку татаалдыктагы маселелерди чыгарууда ой-жүгүртүүлөрүн өнүктүрүшөт.

Окуу тексттеринде терминдерди колдонуу дидактикалык, усулдук жана стилистикалык мүнөздөгү маселелерди өзүнө камтыйт.

Окуу китебин түзүүдө авторлор жетекчиликке алган физика боюнча программаларды окулуучу тиешелүү түшүнүктөрдүн мазмунуна дал келтирүү көйгөйү турат. Толук аныкталбаган терминдер башка тилден (көпчүлүк учурда орус тилинен) которгондо пайда болот. Орус илимий терминологиясы негизинен грек, латын, англис, немис ж.б. тилдерден алынганы белгилүү. Ошондуктан эл аралык терминдерди которууда кошумча кыйынчылыктар пайда болот. Мисалы, орто окуу жайларында жана мектепте электрдик заряд деген түшүнүккө аныктама берүү өтө татаал болгондуктан, ага илимий энциклопедияда гана толук аныктама берүүгө болот. Себеби “электрдик заряд” деген түшүнүк эң баштапкы, эң негизги түшүнүк, азыркы кездеги илимдин өнүгүү деңгээлинде андан жөнөкөй түшүнүк жок. Ошондуктан зарядды эң жөнөкөй башка түшүнүктүн жардамы менен берүү өтө кыйын. Мындай учурларда электрдик заряд түшүнүктүн болгон тарыхына кайрылуу методикалык маанилүүлүккө туура келет. Аны жана ушул сыяктуу эл аралык терминдерди кыргыз тилине которуунун кажети жок деп эсептейбиз.

Бирок республиканын эгемендүүлүккө ээ болушу менен кай бир авторлор аша чаап, бардык терминдерди кыргызчага которуш керек деген пикирди жакташат да, кээ бир терминдерди сөзмө-сөз которушат (мисалы, дифракция - бурулуу, диффузия - сиңирүү, таралуу, закон - мыйзам, заряд - дүрмөт, ток - агуу же агын, импульс - түрткү, интерференция - катталуу, инерция - күү, модель - үлгү, система - чогунду же тутум, ж.б.у.с.) [6].

Физикалык терминологияны системалаштыруунун дагы бир маанилүү жери - бул физикалык тилди студенттердин терең өздөштүрүүсүнө жетишүү. Физикалык тил деп, таанып билүү жана карым-катнаш функциясын аткарган жасалма белгилердин системасын, терминдердин жыйындысын, символдорду жана аларды түзүү, кайра өзгөртүү, түшүнүү, аракет этүү эрежелери деп билүүбүз керек. Физикалык тилдин негизин терминология түзөт, ал эми өзгөчөлөнүү жагын символдор аткарат. Символдор деп, шарттуу түрдө физика илиминин кубулуштарын, объектилерин, закон ченемдүүлүктөрүн, чондуктарын мүнөздөгөн кыскача формулаларды жана сөздөрдү түшүнсөк болот. Символдорду пайдаланган учурларда физикалык тил бир топ маанилүү жетишкендиктерге ээ болот (кыскартуулар, тактык, бир маанилүүлүк, эвристикалык мүмкүнчүлүктөр ж.б.). Бул өзгөчөлүктөр физикалык тилди жалпылап, үнөмдөп, өзөктүү байланыштарды идиректүү байкап, жаратылышты физикалык таанып-билүүнүн спецификасын чагылдырат.

Физикалык тилде башка табигый (химия, астрономия) жана математикалык илимдердин символдору кеңири колдонулат. Бул символикалар физикалык кубулуштарды, чондуктарды, закон ченемдүүлүктөрдү, процесстерди сан жагынан мүнөздөөдө чоң жардам берет. Анткени кээ бир учурларда алар адаттагы сөздөр жетпеген учурларда колдонсо болот (мисалы, π - саны, à - бөлүкчөлөр, ɱ - мезондор, с - жарык ылдамдыгы ж.б.). Символдорду колдонуунун дагы пайдалануу жактарынан физикалык чоңдуктардын ортосунда сапаттуу

жана сан жагынан байланыштарды көрсөтүүдө, идеалдуу объектилерди белгилөөдө, билимдерди системалаштырганда, аларды жалпылантканда жана унификациялаганда, студенттердин эске тутуусун азайтууда, физиктердин эксперименттик изилдөөлөрүн эл аралык деңгээлде бириктиргенде, баса көрсөтүп кетсек болот.

Ал эми билим алуудагы физикалык тил - азыркы физика илиминин жетишкендиктерин, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, окутуунун максаттарына жана мазмунуна методикалык жагынан кайра иштелип чыккан илимий физикалык тил болот. Физикалык тилдин көрсөтмө каражаттары катары ар кандай чиймелер, графиктер, таблицалар, түзүлүштүк-логикалык схемалар, сүрөттөр кеңири пайдаланылат. Ал эми студенттердин билимдерин жалпылантуунун универсалдуу каражаты катары Д.И. Менделеевдин мезгилдүү системасын, элементардык бөлүкчөлөрдүн таблицасын, электрмагниттик толкундардын шкаласын ж.б. эсептесе болот.

Ошентип физикалык терминологияны иреттөө маселеси окуу проблемасы окуу китептердин авторлорунун жана окутуучулардын гана милдети эмес, ал студенттердин бирден-бир негизги маселеси да болот. Аны чечүүдө студенттерди терминологиялык иштердин төмөнкү принциптери менен кенен тааныштыруу керек:

1) физикалык терминологиялык жоболордун бири-бири менен аныкталган байланышта болгон терминдердин бирдиктүү системасы катары каралышы;

2) физикалык терминдерди математика жана табигый илимдердин терминдери менен тыгыз байланышта кароо жана окшош терминдерге ар бир дисциплинада карама-каршылыксыз, туура аныктама берүү;

3) терминологиялык иштөөнүн негизинде психологиялык, педагогикалык учурдагы ишмердүүлүктүк жана компетенттүүлүктүк концепцияларына таянуу;

4) физикалык терминдер белгилүү талаптарга (бир маанилүүлүк, тактык, системалуулук, кыскалык, жөнөкөйлүк, түшүнүктүүлүк ж.б.) жооп бериши;

5) терминдерди системага келтирүүнүн негизги аракети болуп классификациялоо, башкача айтканда тектик түшүнүктөрдү түрлүк түшүнүктөргө бөлүштүрүү, жалпы түшүнүктөрдөн жекече түшүнүктөрдү бөлүп чыгаруу жана ар деңгээлдүү категорияларга бөлүштүрүү эсептелет.

Физикалык тилдин мазмунун жетиштүү өздөштүрүү үчүн анын үч жагын окутуучуларга жана студенттерге ачык чечмелөө маселелерин белгилейли:

1) *семантикалык* жагы - физикалык тилдин маанилерин жана функцияларын чечмелөө, тактап айтканда, эмпирикалык чечмелөөнү теориялык талдоолор менен айкалыштыруу;

2) *грамматикалык* жагы физикалык белгилерди, атамаларды, формулаларды, тендемелерди, аныктамаларды туура жазуу жана сүйлөп берүүнү талап кылуу;

3) *практикалык* жагы - физикалык эксперименттерди жүргүзүп иштөөнү, маселелерди чыгарууну, лабораториялык иштерди аткарууну, теориялык билимдерди турмушта, техникада колдонууну талап кылат.

Келечекте физикалык терминологияны системалаштыруу иш чараларды төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүүнү сунуш кылат элек. Биринчиден, бардык эл аралык терминдерди жана орус тилинен келген түшүнүктөрдү которуу керекпи же жокпу, экинчиден, башка илимдер менен жалпы терминдерди физика сабактарында алардын адистери менен туура жана так котормолорун биргелешип макулдашып алуу:

- жалпы илимдүү терминдер (анализ, гипотеза, закон, метод, принцип, синергетика, синтез, эксперимент, эффект ж.б.);

- эл аралык терминдер (аэрозоль, амплитуда, вакуум, дефект, деформация, идеальный, индукция, интерференция, импульс, модуляция, нейтральный, резонанс ж.б.);

- табигый жана математика илимдеринен келген терминдер (электролиз, диссоциация, гидрат, кислота, реакция, глюкоза, сахароза, планета, комета, пульсар, метеор, вектор, конус,модуль, сфера, функция, шар, эллипс ж.б.);

- куралдар жана жабдылыштарды атаган терминдер (аппарат, анализатор, вентиль, генератор, детектор, диафрагма, диск, индикатор, компьютер, микроскоп, станция, трансформатор, радио, телевизор, телескоп, центрифуга, циклотрон ж.б.);

- орус тилинен келген терминдер (активный, катушка, маятник, накачка, напор, пробный, пружина, спутник ж.б.);

- сөздүн алдына жалгануучу чет тилден алынган кошумча мүчөлөр
(анти-, гипер-, инфра-, супер-, ультра-, а-, би-, ди-, моно-, поли-, ре- ж.б.);

- кыргыз тилине которуу өтө татаал болгон орус терминдер
(вырожденный, странный, очарованный, Мультивселенная ж.б.);

- жарым-жартылай которулган жана эки-үч сөздөн турган татаал терминдер (гравитация, автоколебания, квазиупругий, дефектоскопия, синхрофазотрон, электромагнит, электролюминесценция, электронография ж.б.) [7].

Физикалык терминологиялык системаны өздөштүрүүнүн негизги шарты болуп студенттердин аны таанып билүүдөгү кызыгууларын арттырып, оң мамилелерин калыптандыруу зарыл. Студенттер терминдерди чыгармачылык менен пайдалануулары үчүн окутуучу ар кандай ыкмаларды колдонушу керек (терминдерди үйрөнүүгө мотивацияны өнүктүрүү, көйгөйлүү абалдарды пайда кылуу, инновациялык усулдарды, интерактивдүү ыкмаларды, Интернетти кеңири колдонуу, кызыктуу тарыхий маалыматтарды пайдалануу, айыл чарбасында жана өндүрүштө колдонулуучу маселелерди чыгаруу ж.б.).

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Русско-кыргызский словарь в 4-х томах, рекомендован Уч. Советом ИЯиЛ им.Ч. Айтматова, НАН КР. - Бишкек: Avrasya press, 2012.
2. Мамбетакунов Э., Алимбеков П. Кыргызстанда физикалык билим берүүнүн абалы жана өнүгүү келечеги // С.Нааматов атындагы НарМУнун Жарчысы, 2016. - Нарын, 33-36 бб.
3. Физикалык терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Жооптуу редактор академик А.Жайнаков - Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясы. - Бишкек, 2007. - 443 б.
4. Карасаев Х.К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. - Фрунзе, КСЭ. - 1986.
5. Русско-киргизский словарь / Под ред. К.К. Юдахина. М. - : Советская энциклопедия, 1965.
6. Кидибаев М.М., Мааткеримов Н.О., Шаршеев К. Табигый илим-дердеги кыргыз терминдердин түзүлүшүндөгү көйгөйлөр // К.Тыныстанов ат. ЫМУнун Жарчысы, 2005, № 15. – 17-22-бб.
7. Мааткеримов Н.О., Султаналиева Р.М. Физикалык терминдерди кыргызча-орусча сөздүгү. – Бишкек: И.Раззаков ат. КМТУ, 2018.

УДК 372. 891 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-123-131

**Сейталиев М. Е., Исмаилова С. С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Сейталиев М. Е., Исмаилова С. С.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Seitaliev M. E., Ismailova S. S.**
KNU J. Balasagyn[1,2]

ORCID: 0009-0001-2886-1502 [1]
ORCID: 0009-0008-8089-1398, SPIN-код: 3729-0610 [2]

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ГЕОГРАФИЯ КУРСУН ОКУТУУДА ЭЛЕКТРОНДУК МАТЕРИАЛДАРДЫ КОЛДОНУУ
# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЭЛЕКТРОННЫХ МАТЕРИАЛОВ В ПРЕПОДАВАНИИ ГЕОГРАФИИ КЫРГЫЗСТАНА
# USE OF ELECTRONIC MATERIALS IN COURSE GEOGRAPHY OF KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Окутуунун заманбап ыкмаларын колдонуу окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга багытталган сапаттуу билим берүүнүн негиздеринин бири болуп эсептелет. Билим берүү технологиялары окуу планынын теориялык аспектисин географиялык аймактарда практикалык колдонуу менен байланыштырган идеалдуу жана заманбап окутуу ыкмасын көрсөтсө, профессордук-окутуучулук курамдын географияны окутууда географиялык маалыматтык системаларды колдонуу милдеттүү болуп калды. Бул изилдөө Кыргыз Республикасынын мектептериндеги географиялык класстарда географиялык карталарды окутууда маалымат системаларынын канчалык деңгээлде колдонулуп жатканын карап чыгууну максат кылат. Бул изилдөө максаттуу үлгүдөгү маалыматтарды чогултуу үчүн анкетаны колдонууга жана андан кийин Коомдук илимдер программасында (SPSS) маалыматтарды талдоо үчүн сыпаттама ыкмасын колдонууга негизделген. Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, Ирактын мугалимдери мектептерде география сабагын окутууда географиялык маалыматтык системаларды колдонушпайт. Изилдөөдө география боюнча адистештирилген окутуучу кадрларды билим берүү тармагында колдонуу үчүн географиялык маалымат системалары менен иштөөгө даярдоо зарылчылыгы сунушталган.

**Аннотация:** Использование современных методов обучения считается одной из основ качественного образования, направленного на повышение образовательного уровня учащихся. В то время как образовательные технологии представляют собой идеальный и современный метод обучения, связывая теоретический аспект учебной программы с практическими приложениями в географических областях, использование географических информационных систем в преподавании географии педагогическим персоналом стало обязательным. Это исследование направлено на обзор степени использования географических информационных систем при обучении географическим картам в географических классах, школ в Кыргызской Республике. Это исследование основывалось на использовании вопросника для сбора данных из целевой выборки, а затем на проведении метода описательного анализа для данных в рамках Программы социальных наук (SPSS). Результаты исследования показали, что педагогические работники Ирака не используют

географические информационные системы при преподавании географии в школах. Там, в исследовании рекомендована необходимость подготовки педагогических кадров, специализирующихся в области географии, при работе с географическими информационными системами для использования в образовании.

**Abstract:** The use of modern teaching methods is considered one of the foundations of quality education aimed at improving the educational level of students. While educational technologies represent an ideal and modern teaching method, linking the theoretical aspect of the curriculum with practical applications in geographic areas, the use of geographic information systems in the teaching of geography by teaching staff has become mandatory. This study aims to review the extent to which geographic information systems are used in teaching geographic maps in geographic classrooms, schools in the Kyrgyz Republic. This study was based on using a questionnaire to collect data from a targeted sample and then using a descriptive analysis method to analyze the data in the Social Sciences Program (SPSS). The results of the study showed that teachers in Iraq do not use geographic information systems when teaching geography in schools. Where the study has recommended the need to train teaching staff specialized in geography to work with geographic information systems for use in education.

**Негизги сөздөр:** Билим берүү технологиясы, Коомдук илимдер программасы (SPSS), географияны окутуу методикасы, информатика, электрондук рессурстар, геомаалыматтык система (ГМС).

**Ключевые слова:** Образовательные технологии, программа социальных наук (SPSS), методика преподавания географии, информатика, электронные ресурсы, геоинформационные системы (ГИС).

**Keywords:** Educational technologies, program of social sciences (SPSS), methods of teaching geography, informatics, electronic resources, geographic information systems (GIS).

Азыркы мезгилде коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр билим берүү системасына, анын ичинен окуу процессине жаңы талаптарды коюуда. Ал талаптар окуу процессинин деңгээли өсүп келе жаткан жаш муундардын кызыкчылыгын, өзгөчөлүгүн, жөндөмдүүлүгүн, изденүүчүлүк көндүмдөрүн эске алган жана кызыгуусун активдештире тургандай болуу зарылдыгы келип чыгат. Жогоруда белгиленген талаптарга шайкеш келген окуу процессин уюштурууда көптөгөн факторлор таасир берээри баарыбызга белгилүү. Факторлордун негизгилери мугалимдин кесиптик чеберчилиги, окуу предметинин окуу-методикалык куралдар менен камсыз болушу, окуу процессинин уюштуруу деңгээли ж.б. болуп эсептелет, алар бири-бири менен тыгыз байланышта болгондугунан эстен чыгарбашыбыз керек. Демек, мугалимдин окуу процессин талаптагыдай уюштуруу үчүн зарыл болгон окуу-методикалык куралдар менен камсыз болушу маанилүү. Бирок, азыркы учурда жалпы билим берүүчү мектептердин (өзгөчө кыргыз тилиндеги) мугалимдери үчүн иштелип чыккан электрондук же башкача айтканда жаңы муундун талабына ылайык санариптик, цифровизацияланган окуу-методикалык куралдары жокко эсе. Анын ичинде Кыргыз Республикасынын география курсун окутуунун методикасы да кирет.

Ушундай жагдайды эске алуу менен бирге жана мугалимдерге методикалык колдоо көрсөтүү катарында макалада көңүл бурулду. Бул мугалимдер үчүн жазылган макала, мектепте 8-9-класстын Кыргыз Республикасынын географиясын окутуу маселелерине багытталган. Макаланын негизги максаты, мектепте 8-9-класста окутулуучу Кыргыз Республикасынын географиясын окуп-үйрөнүүдө, өзүнүн милдеттери менен тааныштырып,

аны окуу процессинде ишке ашыруунун кээ бир электрондук методдор, формаларынын ыкмалары жөнүндө маалымат берет.

Маалыматтык технологиялар барган сайын замандын талабына ылайык социалдык чөйрөнүн ар кыл тармактарына көбүрөөк таасир этүүдө. Заманбап коом, глобалдык маалымат мейкиндигин түзүү алар адамдын ишинин бардык чөйрөлөрүнө кирүүдө. Окуп үйрөнүүдө маанилүү, негизги жана түшүнүп билүү процесстеринин зарыл бөлүгүн маалыматташтыруу болуп саналат. Бул процесс белгилүү бир нерселер менен коштолот педагогикалык теориядагы жана билим берүү практикасындагы өзгөрүүлөр менен тууралоолорду да киргизет. Маалыматтык технологиялардын өнүгүүсү билим берүү мейкиндигинин ажырагыс бөлүгү болот жана мектеп окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандырууда өтө зор салымын кошо алат.

Азыркы учурда дүйнөлүк деңгээлде окуу процессинин ар кыл тарабына заманбап технологиялар активдүү киргизилүүдө, ошону менен бирге Кыргызстандын географиясын окутуп үйрөтүү үчүн билим берүү максатындагы ар түрдүү электрондук каражаттар аба менен суудай керек болуп тургsăны баарыбыз үчүн белгилүү. Кыргызстандын географиясын окутууда маалыматтык технологияларды колдонуу проблемасы боюнча көптөгөн изилдөөлөрдүн теориялык жана практикалык мааниси менен бир катар проблемалар жетишсиз иштелип жаткандыгын белгилей кетүү керек. Анын ичинде:

- география мугалиминин педагогикалык ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн компьютердик технологияларды колдонуунун теориялык негиздерин;

- компьютерлештирүү жана география сабагында интерактивдүү окуу куралдарын колдонуу методикасынын жетишсиз иштелип чыгышы;

- окуу үчүн тармактык компьютердик технологияларды комплекстүү колдонуу методдорунун жетишсиздиги жана өз алдынча таанып-билүү ишин уюштуруу-методикалык жактан камсыз кылуу деген сыяктуу бир катар терс көрүнүштөр.

Билим уясы жана очогу болуп саналган мектепте Кыргызстандын географиясы предметинин билиминин теориясы менен практикасында изилдөө проблемасын аныктаган карама-каршылыктарды жоюуда маалыматташтыруу процесстерин кеңири жайылтууга шарт түзүү абзел. Мектептин географиялык билим берүү системасында жана анын ичинде Кыргызстандын (физикалык, экономикалык, социалдык жана саясий) географиясын окуп, уйрөнө билүү туруктуу өнүгүүгө жана мамлекеттин келечегинде география предметин мыкты өздөштүргөн жаш муундардын өсүп чыгышына шарт түзөт. Ошондуктан «Кыргызстандын географиясы» курсун үйрөнүүдө окуучулардын, студенттердин географиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууга байланышкан маселелер атайын изилдөөнү талап кылат. Бул проблеманын актуалдуулугу, социалдык мааниси жана теориялык жактан жетишсиз иштелип чыгышына байланыштуу орто мектептеги окуучуларга «Кыргызстандын географиясы» курсун окутуу процессинде маалыматтык технологияларды колдонуунун усулдук шарттар жана маалыматтык технологияларды колдонуунун методологиялык, теориялык жактан негиздөөдө эксперименталдык жактан текшерүү керек. Практикалык сабак учурунда изилдөө маселеси боюнча адабияттарды талдоо, география сабагында колдонулган маалыматтык технологиялар менен тааныштыруу, мектепте жана география сабагында маалыматтык технологияларды методикалык камсыздоону уюштуруунун негизги ыкмаларын аныктоо, маалыматтык жана методикалык камсыздоону иштеп чыгуу жана сыноону аткаруу керек.

Электрондук билим берүү ресурстарынын типологиясы окуу процессинде системалуу түрдө колдонулса жана ишке ашырылса, окуучуларды «Кыргызстандын география» сабагында окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана жалпы билим берүү көндүмдөрүн калыптандыруу зарыл. Мектептин географиялык билим берүү системасына маалыматтык,инновациялык технологиялардын жардамы менен ишке ашыруу. Маалыматтык-методикалык жактан камсыздоого маалыматтык технологиялар (электрондук презентациялар, электрондук окуу китептери жана аларга тиркемелер) жана «Кыргызстандын географиясы» курсу боюнча сабактарды өткөрүүдө системалуу түрдө колдонуу боюнча методикалык сунуштарды киргизүүгө тийиш. Маалыматтык технологиянын негизинде сабактарды иштеп чыгуу «Кыргызстандын географиясы» предметин окуп үйрөнүүдө билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү өздөштүрүү сапатын жогорулатып маалыматтык компетенттүүлүктүн элементтерин түзөт.

Предметтик көндүмдөр деп географиялык маалыматтын ар кандай булактары менен иштей билүү, маалыматтык технологияларды колдоно билүү түшүндүрүлөт. Маалыматтык компетенттүүлүктүн элементтери болуп төмөнкүлөр саналат: тапшырмага ылайык маалыматтарды берүү ыкмаларын тандап алуу – диаграммалар, таблицалар, графиктер, электрондук карталар, билим деңгээлин же башкача айтканда өтүлгөн темалар боюнча тесттер, интерактивдик тапшырмалар жана башкалар эсептелинет. Мындан тышкары дагы окуучунун техникалык жактан коопсуздугу үчүн маалыматты издөө жана иштетүү, окуучулардын компьютердик программалар менен жана интернетте иштөөдө коопсуз жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандыруу, маалыматтык этиканын нормаларын сактоону сөзсүз белгилеп кетүү зарыл.

Макаланын практикалык мааниси жана илимий жаңылыгы төмөнкүлөрдөн турат:

- географияны окутуу процессинде жаңы маалыматтык технологиялардын бардык мүмкүнчүлүктөрүн талдап, баалаган;

- географиясы курсунун сабактарын маалыматтык-методикалык камсыздоо иштелип чыккан жана текшерилген;

- географияны окуу процессинде студенттерди окутуунун натыйжалуулугун илимий жактан негиздеген жаңы маалыматтык ресурстарды практикага киргизүү;

- изилдөө материалдары мектеп географиясын окутуу практикасында жана мугалимдин категориясын бышыктоо үчүн колдонулушу мүмкүн.

Сунушталган гипотезаны текшерүү жана милдеттерди чечүү үчүн төмөнкү изилдөө ыкмалары колдонулду:

- теориялык: географияны окутуу үчүн иштелип чыккан электрондук басылмаларды талдоо, психологиялык, педагогикалык, илимий, теориялык жана методикалык адабияттарды талдоо жана жалпылоо, окуу программаларын, ченемдик документтерди талдоо, синтездөө, жалпылоо жана моделдөө;
- эмпирикалык: педагогикалык байкоо, педагогикалык эксперимент,
- диагностикалык: сүйлөшүү, тестирлөө, контролдук секцияларды өткөрүү;
- статистикалык: эксперименттик маалыматтарды информатикалык, математикалык жактан иштетүү, маалыматтарды графикалык жана таблицалык интерпретациялоо.

Маалыматтык мамиленин маңызы жана аны билим берүү ишмердигинде жүзөгө ашыруунун өзгөчөлүктөрү илимдин жана жогорку технологиялык өндүрүштүн ыкчам өнүгүү мезгили информатиканын, кибернетиканын, психологиянын, педагогиканын жана башка бир катар илимдердин жетишкендиктеринин негизинде илимий жана билим берүү

концепцияларын кайра карап чыгуу менен мүнөздөлөт. Жаңы маалыматтык технологиялардын кеңири колдонулушу дүйнөлүк деңгээлде коомдун компьютерлешүүсү, жаңы байланыш каражаттарынын өнүгүүсү билим берүү тармагында олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди.

Акыркы жылдары биз табиятта болгон дээрлик бардык мамилелер инновациялык маалыматтык мүнөзгө ээ экенине көбүрөөк ынандык. Табиятта жана коомдо болуп жаткан бардык процесстердин маанисин алып жүрүүчү бул жаңы маалыматтык технологиялар. Табиятта жана коомдук кубулуштарда маалыматтык технологиялардын үстөмдүк кылуучу ролун баамдоо илимий билимдин жаңы фундаменталдык усулдарын пайда болушуна алып келет. Окутуудагы маалыматтык технологияларга мамиле ырааттуу да, параллелдүү да, маалыматтык технологияларды, коммуникацияны пайдалануу менен да жүргүзүлүшү мүмкүн болгон маалыматты иштетүү процесстеринин татаал системасы катары каралышы керек жана аларды окуу процессинде кеңири колдонууга баардык шарттардын түзүлүшү абзел. (таблица 1.)

**Таблица 1. Маалыматтык технологиялык педагогика теориясынын структурасы**

| **Маалыматтык технологиялык педагогика** | | |
|---|---|---|
| **Негизи** | **Борбордук түшүнүктөр** | **Алдын алуу** |
| 1. Коомду маалыматташтыруу;<br>2. Эмпирикалык негиз;<br>3. Теориялык негиз; | 1. Фундаменталдуу түшүнүктөр: маалымат, маалыматтык, технологиялык процесстер, билим берүү процесси; | 1. Мугалимдин, класс жетекчисинин жана окуу-тарбия процессинин башка катышуучуларынын практикалык маалыматтык ишмердүүлүгү |
| | 2. Маалымат алуу, берүү, кабыл алуу принциптери; | 2. Окуу китебинин, сабактын, класстан тышкаркы, тарбиялык иштердин ж.б. маалыматтык негиздери; |
| | 3. Мыйзам ченемдүүлүктөр жана табигый тенденциялар (маалыматтарды өздөштүрүү психологиясын, пикир байланышты уюштуруу ж.б. эске алуу менен); | 3. Маалыматтык технологиялардын каражаттарын пайдалануу теориясы; |
| | 4. Педагогикалык изилдөө методдору. | 4. Маалыматтык технологиялар теориясы ж.б. |

Теориянын структурасы төмөнкүлөргө негизделет:

- азыркы коомду маалыматташтырууга түз багыт;

- эмпирикалык негиз (маалыматтык технологиялардын негизинде берүү, иштетүү, сактоо, трансформациялоо, аны жалпылоо жана мыйзам ченемдүүлүктөрү боюнча мыкты тажрыйба);
- теориялык негизи: концептуалдык жана теориялык жоболор, дидактика концепциялары, билим берүүнүн ар кандай теориялары, психологиядагы, кибернетикадагы жана информатикадагы тенденциялардагы окуулар ж.б.

Орусиялык окумуштуу-педагог, Беспальконун айтымында - «Билим берүү теориясында информациялык мамиле көптөгөн түрдүү проблемаларды ичине камтыйт. Башында бул билим берүү маалыматынын көлөмүн аныктоо. Андан кийин окутуунун мазмунунун тарбиялык татаалдыгы келет. Предметти үйрөнүүдө систематизация жана ырааттуулук, окуу үчүн убакыттын логикалык жактан негизделген белгилүү көлөмү»

Маалыматтык технологиялык ыкманы колдонуу окутуунун технологиясы жөнүндөгү түшүнүктөрдү кеңейтүүгө чексиз мүмкүнчүлүктөрдү берет. Ошондой эле окуу-тарбия иштерин уюштурууда методдорду колдонуу маалымат процессинин ар кандай этаптарында окуучулар жана алардын тандоосу. Ошентип, баштапкы этапта, биринчи кезекте, даярдоо, андан кийин маалымат берүү, артыкчылык маалыматты кабыл алуу үчүн белгилүү бир каналдын өткөрүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу таасирлери берилет. Талдоо, бардык маалыматты андан ары өздөштүрүү, ошондой эле ой жүгүртүүнү өнүктүрүү окуучулардан берилген кырдаалдарда белгилүү, логикалык жактан курулган, аракеттерди аткарууну талап кылган тапшырмалар жана милдеттер менен түздөн-түз байланыштуу. Алар маалыматты максаттуу иштеп чыгууга жана окуучуларда зарыл көндүмдөрдү жана жүрүм-турумду калыптандырууга көмөктөшөт.

«Кыргызстандын географиясы» сабагында мектеп практикасында кеңири колодонууга ылайык эң негизги ыңгайлаштыруу өзөгү болуп географиялык маалыматтык системаларды (ГМС) киргизүү маселеси болуп эсептелет. Географиялык илимий адабияттарды ретроспективдүү талдоонун негизинде мектепте географиялык билим берүүдө ГМСти колдонуу этаптарын аныктап талдап алуу зарыл. Географиялык маалыматтык системаны колдонууда дүйнө жүзүндөгү мамлекеттер ар кыл баскычтар менен айырмаланышкан:

1. Биринчи баскыч (XX-кылымдын 70-жылдардын аягы – 90-жылдарынын башы) ГМС программаларын жана мектептер менен университеттердин ортосундагы өнөктөштүк келишимдердин башталышы болуп саналат;
2. Экинчи баскыч (XX-кылымдын 90-жылдарынын ортосу - XXI-кылымдын башы) - ГМСтин билим берүү программаларын европалык жана австралиялык мектептерде ГМС пакеттерин (ESRI, Intergraph, MapInfo Corp. ж.б.) эң алгачкы жаратуучулары менен бирге жайылтуу;
3. Үчүнчү баскыч (2005-2012) Чыгыш Европа, Азия, Африка жана Латын Америка өлкөлөрүндө мектептик ГМС билимин жайылтууда инновациялык, электрондук окуу куралдарын активдүү колдонуу;
4. Төртүнчү баскычта (2012-жылдан тартып азыркы учурга чейинки) географиялык маалымат системалары көпчүлүк өлкөлөрдүн мектеп программаларында пайда болушу. (March 2021 Journal of Physics Conference Series)

Мектеп программасында «Кыргызстандын географиясын» окуп үйрөнүүдө жана жайылтууда ГМСтин дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен ГМС технологияларынын жаралуу жана өнүгүү этаптарынын мүнөздөмөлөрүн келтирип, алардын артыкчылыктары жана кемчиликтерин белгилөөгө болот. Изилдөөнүн илимий мааниси

экинчи миң жылдыка карата адамзат постиндустриалдык доордон маалымат дооруна чоң кадам жасады. Азыркы мезгилде коомдун өнүгүүсүндө чечүүчү факторлор болуп өткөн доорлордогу материалдык жана эмгек ресурстарына салыштырмалуу карап келсек интеллектуалдык жана маалыматтык каражаттарга жетишүүсү. Учурда мейкиндик-убакыт маалыматы негизинен практикалык маселелерди чечүү үчүн кеңири колдонулууда. Демек, мейкиндик-убакыттык маалыматтардын толук жана оперативдүү анализин камсыз кылуучу геомаалыматтык системаларды таратуунун объективдүү зарылчылыгы бар деп эсептелет. Географиялык маалыматтык системалар кеңири мааниде реалдуу дүйнөнүн моделин, ал эми тар мааниде – планетабызда болуп жаткан табигый жана антропогендик объектилерди, кубулуштарды, процесстерди жана окуяларды картага түшүрүү жана талдоо үчүн заманбап компьютердик технологияларды билдирет. Кук ГМСти XX-кылымдагы адамдардын жашоосуна эң олуттуу таасирин тийгизген эң маанилүү 25 окуянын бири деп эсептейт [1]. Заманбап география илиминде ГМС технологиялары Улуу географиялык ачылыштар доорунда транспорт каражаттары ойногон ролду ойнойт [2].

Бүгүнкү күндө ГМС илимин колдонуп «Кыргызстандын географиясы» предметин окуп үйрөнүүдө өлкөбүздүн экономикасынын ар кандай тармактарындагы кесиптик ишмердүүлүктүн өнүгүүсүнө себепчи болуп, күнүмдүк турмушта адамдардын ишмердүүлүгүнө пайдасын тийгизмекчи. Ошентип, өлкөбүздүн өсүп келе жаткан жаңы мууну геомаалыматтык технологиялардын бул түрүн өздөштүрүүгө өтө муктаж болуусу зарыл. Кошумчалай кетсек, ГМСти мектеп билимине киргизүү кызыктуу жана потенциалдуу колдонуучусунун окуу чөйрөсүн түзөт. Ошондуктан, биз ГМС билим берүү системасы өлкөбүздүн географиясын окуп үйрөнүп, түшүнүү ыкмасында татыктуу оорунду ээлеши керек.

Мектепте географиялык билим берүүдө ГМС технологияларын өнүктүрүүнүн негизги этаптарын аныктап көргөзүү өзгөчө мааниге ээ. Мектептин географиялык билим берүүсүндөгү ГМС технологияларынын өнүгүү баскычы XX кылымдын 70-жылдарынын аягы – 90-жылдардын башына туура келет жана АКШ менен Канадада ГМС боюнча биринчи окуу программаларынын пайда болушу менен байланыштуу. Географиялык билимге ГМСтин кириши өткөн кылымдын 1970-жылдарынын аягында университеттин деңгээлинде башталып, ошондон бери аларга болгон кызыгуу болуп көрбөгөндөй өсүүдө. Ошентип, 1984-жылы Америка жана Канада университеттери тарабынан сунушталган географиялык ГМС боюнча окуу программаларынын саны Green DR боюнча белгиленген [3]. 1990-жылдын акырына карата алардын саны 2000ден ашып, ГМСти камтыган дисциплиналар география, тарых, маалымат технологиялары, биология, математика жана башка илимдерди камтыйт.

Американын Улуттук Географиялык Коому (NGSA) ГМСти мектеп окуу процессине киргизүү ишине биринчилерден болуп киришкен. 1986-жылы NSSA өлкө боюнча мектеп мугалимдери менен таанышуу семинарларын өткөрө баштаган, анда мугалимдер жаңы билим берүү ресурстары менен иштөө боюнча негизги көндүмдөрдү алышкан. Географиялык маалыматтык анализдин Улуттук борбору (NCGIA) АКШнын мектептеринде ГМС билимин системалуу жана максаттуу өнүктүрүүнү ишке ашырды. 1989-жылы негизделген борбор үч университеттен турган консорциум (Санта-Барбарадагы Калифорния университети, Мэн университети жана Буффалодогу Нью-Йорк мамлекеттик университети). Анын милдети адистер арасында да, кызыккан адамдардын кеңири чөйрөсүндө да ГМС технологияларын өнүктүрүүгө багытталган маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү болгон. Бул иштин

алгачкы баскычтары 1992-1993-жылдардагы Географиялык маалымат ассоциациясынын жылдык китебинде чагылдырылган. [4].

NCGIA (Улуттук географиялык маалымат жана аны талдоо борбору) тарабынан иштелип чыккан Орто билим берүү долбоору массалык маалымат каражаттары тарабынан (SEP) төмөнкүлөргө багытталган:

- мугалим менен окуучулардын ортосундагы өз ара байланышты өнүктүрүү;
- ГМС боюнча окуу материалдарын чогултуу, иштеп чыгуу жана аны талдоо;
- ГМСнын учурдагы жана келечектеги иштери жөнүндө маалымат берүү;
- маалыматты жеткирүү;
- Мектептер үчүн ылайыктуу ГМС окуу материалдарын иштеп чыгууну колго алуу.

Биринчи иш-чаралардын бири орто мектептердин мугалимдери үчүн жумалык ГМСнын семинарын иштеп чыгуу болду, ал кийинчерээк ал төмөнкү максаттарга багытталган:

- ГМСке киришүү;
- ГМСтин тиркемелеринин ишин изилдөө;
- ГМСтин программалары менен практикалык иш жүргүзүү;
- мектептерде ГМСтин ролун талкуулоо;
- жеткиликтүү окуу материалдарын талдоо.

Интернет айдыңынын кеңири жайылышынан жана инновациялык технологиялардын өнүгүп өсүүсүнөн улам, ESRI (географиялык маалымат системаларын өндүрүүчү Америкалык компания) ГМС билим берүү менен байланышкан ар кандай деңгээлдеги жана адистиктеги мугалимдер жана студенттер үчүн интерактивдүү тренингдерди баштаган. Роберт Тинкер ГМС мүмкүнчүлүктөрүн орто билим берүү системасына практикалык колдонууну өзүнүн 1992-жылдагы эмгегинде белгилеп көрсөтүп кеткен [5]. Автор KidNet (посттравматикалык стресстен жабыркаган балдарды дарылоого багытталган экспозициялык терапия программасынын) долбоорунун алкагында 4-6-класстын окуучулары тарабынан ар кандай экологиялык көйгөйлөрдү изилдөөдө санариптик карталарды колдонуунун жеке тажрыйбасын баяндаган. Р.Тинкер жер үстүндөгү жана спутниктик байкоолордун жүрүшүндө алынган экологиялык мониторингдин атрибутивдик маалыматтарын талдоо үчүн ГМСти колдонуунун тарбиялык маанисин көрсөттүгө аракет кылган. Долбоорго катышкан студенттер ГМСтин катышуусу менен мейкиндикти талдоодо кандай мүмкүнчүлүктөр ачылып жатканын ачык түрдө көрүштү. Автор окуучулардын жаңы, мурда белгисиз жана колдонулбаган технологияларды өздөштүрүүсүнө кызыгуусун арттырган мотивацияга ээ болгондорун байкашкан. Жаңы илимий багыттардын пайда болушу сөзсүз түрдө бул темадагы кесипкөй жолугушуулардын, конференциялардын жана конгресстердин көбөйүшү менен коштолот. Билим берүүдөгү географиялык маалыматтык системалар да четте калбайт.

Көпчүлүк өлкөлөрдө мектеп программасына ылайыкташтырылган адистештирилген ГМС билим берүү программаларынын жоктугу мектептерди профессионалдык ГМСти ири ГМСнын компаниялары жүргүзгөн атайын билим берүү программаларынын бир бөлүгү катары колдонууга өбөлгө түзөт, бирок көпчүлүк мугалимдер заманбап технологиялардын ушул сыяктуу татаал программалык каражаттарды колдонууда көптөгөн маселелерге дуушар болушуп түшүнө албай келишет. Дүйнөлүк тажрыйбага таянсак, мектептик ГМСсы боюнча билим берүүнүн ийгиликтүү өсүп өнүгүүсү алкагында кесиптик курстар, конференциялар жана башка ушул сыяктуу жолугушууларды уюштуруу маселеси келип чыгат. Азыркы замандын талабына ылайык Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы атап

кетсек шаарларыбыздын жалпы орто мектептери менен бирге алыскы жана жакынкы региондор, райондордогу техникалык базанын жетишсиздиги, окуу системасындагы эң чоң көйгөйлөрдүн бирине айланган. Жогоруда аталып жана көрсөтүлүп кеткен дүйнөлүк деңгээлдеги практиканы колдонуп болуп жаткан маселелерди интерактивдүү, инновациялык жана электрондук мугалимдик билим берүү системасы бар өлкөлөрдүн катарына кире тургандай кылып чечүү керектиги байкалып турат. Өлкөбүздүн жана жаш муундарыбыздын жаркын келечеги үчүн ГМСти мектептик окуу процессине киргизүү, окуу-методикалык жактан камсыздоону өнүктүрүү, ретроспективдүү талдоону эске алуу менен ГМСти окутуунун дидактикалык негиздерин аныктап изилдөөлөрдүн мындан аркы өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү абзел.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Кук В.Дж., Коллинз С., Флинн М.К., Гуттман М., Коэн В. жана Будянский С. 1994. Жашообузду жана ишибизди өзгөрткөн 25 ачылыш У.С. News and World Report, s. 46 60. [1]
2. Холошин И.В., Варфоломеева И.М., Хачук. О.В., Бондаренко О.В., Пикилняк А.В. Жерди аралыктан зонддоо маалыматтарын заманбап мектеп практикасында колдонуунун педагогикалык ыкмалары, 2019 КТР 2018-жылы: Билим берүүдөгү булуттук технологиялар боюнча 6-семинар (Электрондук материалдар, том 2433) ред. Арнольд Е. Кив жана Владимир Н. Соловьев (CEUR-WS.org), 391–402-беттер. [2]
3. Моркун В., Семериков С., Хришченко С. жана Словак К. Экологиялык геомаалыматтык технологияларды алдын ала даярдоонун куралы катары. тоо-кен өнөр жайын туруктуу өнүктүрүү үчүн тоо-кен инженерлери ICTERI 2017де: Билим берүү, изилдөө жана өнөр жайлык колдонуудагы МКТ боюнча 13-эл аралык конференция. Билимдерди интеграциялоо, гармонизациялоо жана өткөрүп берүү (Электрондук материалдар, 1844-том), ред. Ермолаев В., Бассилиада Н., Фил Х.Г., Яковина В., Майр Х.К., Харченко В., Песчаненко В., Шишкина М., Никитченко М. жана Спиваковский А. (CEUR-WS.org) 303–10-бб. [3]
4. Моркун В., Семериков С., Грищенко С. Тоо-кен инженерлерин даярдоодо геомаалыматтык технологияларды колдонуу методдору, 2018. Cambridge Scholars Publishing (Newcastle upon Tyne). [4]
5. Tinker RF 1992 Mapware: Географиялык маалымат системаларынын билим берүү колдонмолору J of Science Education and Technology V 1(1) 35 48. [5]
6. Green D R 2000 GIS: A Sourcebook for Schools (New York: CRC Press LLC) p 25. [6]
7. Cadoux-Hudson J 1992 The Yearbook of the Association for Geographic Education ed Ian Heywood and J. Cadoux-Hudson (London: Taylor & Francis), 22 27-бет. [7]

УДК 372.22.31
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-132-138

**Эсенканова А.К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Эсенканова А.К.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Esenkanova A.K.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0002-0892-9861, SPIN-код: 5250-7184

# ЖОГОРКУ ТАТААЛДЫКТАГЫ МАТЕМАТИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЫГАРУУНУН МЕТОДИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# МЕТОДИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ РЕШЕНИЯ МАТЕМАТИЧЕСКИХ ЗАДАЧ ПОВЫШЕННОЙ ТРУДНОСТИ
# METHODOLOGICAL FEATURES OF SOLVING MATHEMATICAL PROBLEMS OF INCREASED DIFFICULTY

**Аннотация:**Азыркы математикалык билим берүүнүн негизги максаты – компоненттүү инсанга таалим-тарбия берүү, анын чыгармачыл потенциалын заманбап динамикалуу, социалдык-экономикалык өнүгүү шарттарда өзүнүн турмуштук кызыкчылыктарын жүзөгө ашыргандай жөндөмдөрдү, чечимдерди кабыл алууда өз алдынчалуулугун, демилгелүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат. Макалада стандарттуу эмес математикалык татаал маселелерди чыгаруу усулдары жана ыкмаларына талдоо жүргүзүлгөн. Практикалык мазмундагы ар түрдүү сюжеттик маселелердин, кээ бирөөлөрүнүн чыгаруунун мисалдары келтирилген, окуучуларга стандарттуу эмес маселелерди чыгаруу ыкмаларын үйрөтүү боюнча усулдук сунуштар берилди.

**Аннотация:** Основной задачей современного математического образования является обучение и воспитание компенентной личности, способной в условиях сегодняшнего, динамичного, социально-экономического развития претворять в жизнь свои насущные интересы, формирование самостоятельности, инициативности в принятии решений. В статье проведен анализ методики решения сложных математических задач. Приведены образцы решения разных сюжетных задач практического содержания, даны рекомендации по методическим приемам обучения учащихся решать нестандартные задачи.

**Abstract:** The main task of modern mathematical education is the training and upbringing of a competent personality capable of realizing their vital interests, the formation of independence, initiative in decision-making in the conditions of today's dynamic, socio-economic development. The article analyzes the methods of solving complex mathematical problems. Examples of solving various plot problems of practical content are given, recommendations on methodological methods for teaching students to solve non-standard tasks are given.

**Негизги сөздөр:** мектептик математика, жогорку татаалдыктагы маселелер, чыгаруунун усулдугу, сюжеттик маселелер, моделдештирүү, чыгаруунун мисалдары

**Ключевые слова:** школьная математика, задачи повышенной трудности, методика решения, сюжетные задачи, моделирование, примеры решения.

**Keywords:** school mathematics, problems of increased difficulty, methods of solving, plot problems, modeling, examples of solutions.

Математикалык маселелерди чыгаруу – бул математиканын жалпы жоболорунун улантуучулугун табуу (аныктамаларды, аксиомаларды, теоремаларды, эрежелерди, закондорду, формулаларды), аларды маселенин шартына же алардын натыйжасына колдонуу (чыгаруунун ортодогу аралык жыйынтыгына) менен окуучулар маселеде талап кылган жоопту аныкташат [1].

Маселени чыгаруунун негизги методдору болуп анализ жана синтез болот. Анализ аркылуу билимдердин максаттуу актуализациялоо ишке ашат (билимдер механикалык түрдө актуализацияланбай «көрбөстөн» эмес, керектөөлөргө жараша). Анализдин жүрүшүндө билимдерди колдонуу моменти аныкталат, билим менен көндүмдөр тандалат (анализ жүргүзүүдө керектүүлөр алынат), билимдерди колдонуу формалары (окуу китебиндегидей) эмес маселени чыгарууга ийкемдүү жана билимдерди колдонуунун мүнөзү (баарын азыр же катары менен).

Ошондуктан маселени чыгарууда окуу изилдөөчүлүк ишмердүүлүктө төмөнкүдөй ыктарды бөлсө болот: *биринчи ыкма* – терминди ачуу ыкмасы, ал маселенин шарттарын ар кыл шарттардан чыгаруу же объектинин ар кыл касиеттерин аныктоо, маселеде болгон сөз жөнүндө. *Экинчи ыкма* анализ, синтез аркылуу – «чөлмөк» чыгаруучу анализдердин катарларынан жана синтетикалык ой жүгүртүүдөн турат. Бул эки ыкма маселени чечүү планын түзүүгө алып келет. *Үчүнчү ыкма* – дедуктивдүү акыл чечимин түзүүгө алып келет. Бул ыкмалар окуучулар менен иштелип чыгышы керек.

Татаал математикалык маселени чечүүнүн ыкмаларын издөө чын эле логикалык мазмунга алып келет, ошондуктан окуучулардын аны өздөштүрүүсү аларды системалуу жана максаттуу түрдө колдонууда гана мүмкүн. Бул максатка кыскача математикалык түшүндүрмөлөрү менен окуучуларга маселени чыгаруу үчүн колдонулган атайын ыкмаларды түшүндүрүү зарыл [2].

Мектеп окуучусуна маселени чыгарууну үйрөтүү – бул берилген маалыматтар менен изделип жаткан нерселердин ортосунан байланыштарды таап, андан соң математикалык иш аракеттерди аткаруу. Буга жетиш үчүн мугалим маселерди чечүү методикасын өз максаттары бар жок дегенде үч баскычтарын кароосу керек.

*Биринчи баскычта* мугалим каралып жаткан түрдөгү маселени чечүүгө болгон даярдык жасайт. Бул деңгээлде мектеп окуучулары байланыштарды өздөштүрүшү керек, алардын негизинде мындай маселелерди чечүү үчүн амалдарды тандашат.

*Экинчи баскычта* мугалим окуучуларды каралып жаткан түрдөгү маселени чечүү жолдору менен тааныштырат. Бул жерде алар конкреттүү кырдаалдардан өтүшөт, маселеде көрсөтүлгөн, арифметикалык дал келгенин (же башка амалды) тандоого үйрөнүшөт.

*Үчүнчү баскычта* мугалим каралып жаткан түрдөгү маселени чыгаруу билимдерин калыптандырышат. Окуучулар кандай гана конкреттүү мүнөздөгүсүнө карабай, кандай гана болбосун маселени чечүүнү үйрөнүшү керек.

Сюжеттүү маселелерди чечүүнүн өзгөчөлүгү, алардын ар кандай эки башына карабастан бири-бирине байланыштуу проблемалар чечилет: маселенин мазмунун математиканын тилине которуу ( б.а. мазмунду математизациялоо) жана математикалык маселелерди математикалык каражаттар менен чечүү, бул оор акыл-эс ишмердүүлүк

процессин түзөт. Буга ээ болуу үчүн маселени чечүүнүн негизги этаптарын жана аларды аткаруунун кээ бир ыкмаларын билүү зарыл [3, 5].

Сюжеттүү маселелерди чечүү процессинин структурасын схема түрүндө 1-сүрөттөгүдөй чагылдырып көрсөтүүгө болот.

Стандарттуу эмес маселелерди колдонуунун тажрыйбасы көрсөткөндөй, окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүсүн, чыгармачыл активдүүлүгүн тарбиялоодо аларды көнүгүүлөр менен маселелердин системасынын сабакта жана сабактан тышкаркы иштерге колдонууну киргизүү зарыл.

Стандарттуу маселелелерди чечүү окуучуларга көп кыйынчылыктарды жаратат. «Стандарттуу эмес маселе» же «жогорку татаалдыктагы маселелер» түшүнүктөрүнө токтололу. «Стандарттуу эмес маселелер» - бул математика курсунда жалпы эрежелер менен жоболор, аларды чыгаруунун так программасы жок», - деп эсептейт Л.М.Фридман [1, 43]. Бирок, «стандарттык эмес маселе» деген түшүнүк бул болжолдуу болгондугун белгилөө керек. Бир эле маселе стандарттуу же стандарттуу эмес болушу мүмкүн, ал окуучулар мындай маселелерди чыгаруунун ыкмалары менен таанышбы, же жокпу деген түшүнүктөн караганда.

Стандарттык эмес маселе – бул окуучуларга, анын чыгаруу алгоритми белгисиз, анткени алар аны чыгаруунун ыкмалары, кандай окуу материалдарына таянуу керектигин эрте билбегендигинде. Мугалим окуучуларга стандарттык эмес маселелерди чыгарууга кандай жардам бере алат? Кандай гана болбосунстандарттуу эмес маселени чыгаруу үчүн универсалдуу ыкма жок, анткени стандарттуу эмес маселелер кандайдыр бир деңгээлде кайталангыс [4].




**1-сүрөт. Жогорку татаалдыктагы сюжеттик маселени чыгаруунун тутуму.**

Стандарттык эмес маселелерди чыгаруунун окуучуларга үйрөтүүчү айрым методикалык ыкмаларын белгилейли:

1. Биринчи ирээтте, белгилөөчү нерсе, окуучуларды маселелерди чечүүнү үйрөтүү (ошонун ичинде стандарттуу эмес) эгерде окуучуда аны чыгарууга болгон каалоо б.а. эгерде маселе мазмундуу жана окуучунун көз карашы боюнча кызыктуу болсо гана мүмкүн. Ошондуктан мугалимдин милдети – тигил же бул маселени чыгарууга болгон кызыгууну колдонуу. Кызыктуу маселелерди тандап жана аларды окуучулар үчүн өзүнө тарткандарын тандоо керек. Бул маселе-тамаша, маселе-жомок, илгерки маселелерж.б. болушу керек.

Бирөө талашсыз көбүнчө мектеп окуучуларда өзгөчө кызыгууну курчап турган турмуштан, белгилүү нерселерден, тажрыйбадан алынган маселер болушу керек.

2. Маселелер, окуучулар сунуш кылган өтө жеңил же өтө татаал болушу керек эмес, анткени окуучулар маселени чече албай же чечилишин аныктай албай өз күчүнө болгон ишенимдерди жоготушу мүмкүн. Бул учурда жардам өлчөмүн сактоо өтө баалуу. Биринчи ирээтте, мугалим окуучуларды даяр жооптор менен тааныштырышы керек эмес. Алдын ала айтып берүү минималдуу болушу керек [6].

Жогорку татаалдыктагы маселелерди чыгаруу процессинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн чыгаруу мисалдарын карап көрөлү.

**1-маселе.** Гүлдөр дүкөнүнө 30 сары жоогазындарды жана ошончо эле кызылдарын алып келишти. Ар бир 3 сары жоогазын 20 сом турат, ал эми ар бир 2 кызыл жоогазын 30 сом турат. Сатуучу баардык жоогазындарды бириктирип 5 жоогазындан турган букет жасап жана аларды 50 сомдон сатты. Ал туура пайда таптыбы?

**Чыгаруу:** Баардык жоогазындардын баасын табалы, эгерде сатуучу аларды чогуу бирге салбаса (реалдуу баасы) 20*30:3+30*30:2=650 сом. Жоогазындарды сатуу үчүн 5 букеттерге бириктирип жана аларды 50 сомдон сатканда (сунуш кылынган баа) [(30+30):5]*50=600 сом. Реалдуу баасы менен сунуш кылынган бааны салыштыралы: 650>600. Сатуучунун эсеби туура эмес экендигин табабыз, анткени бардык туюнтмаларды кошуп жана 5 даанадан букетке бириктирип сатканда ал 50 сом жоготуп жатат. Бул стандарттык эмес маселени чечүү процесси төмөнкүдө турат: маселенин ичинен биз төмөнкүдөй учурларды бөлүп алабыз:

1) реалдуу болгон баасын табуу;
2) сунуш кылынган баасын табуу;
3) алынган бааларды салыштыруу жана сатуучунун эсебинин натыйжасын табуу.

Мындай стандарттуу жөнөкөй маселелерди чечип, биз натыйжасында берилген стандарттуу эмес маселени чыгардык.

Л.М.Фридмандын пикири боюнча, кандай гана болбосун стандарттык эмес маселени чечүү процесси эки негизги операцияларды ирettүү колдонууда турат. Алар төмөнкүдөй берилиши мүмкүн:

- стандарттык эмес маселени башкача ага эквиваленттүү, бирок стандарттуу моделдештирүү ыкмасы;
- стандарттык эмес маселени бир нече стандарттуу жардамчы маселелерге бөлүү ыкмасы;

Бөлүү жана моделдештирүүнү женилдетүү үчүн биз жардамчы маселе – схема, чийме, сүрөт, графтар, графика, таблица аркылуу керектүүсүн түзүү керек деп ойлойбуз.

**2-маселе.** Ар түрдүү 2а сүрөтүндө көрсөтүлгөндөй эмес канча сызыктарды A, B, C, D чекиттеринин чокуларынан чыгарып түзсө болот?




**2-сүрөт.**

**Чыгаруу.** Берилген маселе – бул варианттардын өтө көп териштирүү боюнча фактылуу маселе. Анын максаты окуучуларга варианттардын санын саноо жана варианттардын дарагын түзүү боюнча кандайдыр бир тажрыйба жыйноого мүмкүнчүлүк берүү. Окуучулардын чечимдерин жана жоопторун талкуулагандан кийин мугалим төмөнкүнү айтса болот: «Баарынар ар кандай жоопторду алдыңар, бирок силер мүмкүн болгон учурдун баарын карап чыктык деп эч ким далилдей алган жоксунар. Келгиле, суроону мындай ыкмада иштеп чыгалы, анда биз бардык мүмкүн болгон варианттарды карап чыккандыгыбыз жөнүндө ишенимдүү болушубуз керек». Анда «иргөө … варианттары» деген сөз айкашы төмөнкү контексте келди, анын маанисин түшүндүрүүнүн кереги жок, окуучулар колдонуп жаткан сөздөр ошол учурда башка турмуштук кырдаалдардан белгилүү болгон.

Андан кийин аларга A чекитинин башында канча сынык түзсө боло тургандыгын эсептөөнү сунуш кылабыз. Мындай ой жүгүртүүбүз: A чекитинен B чекитине же C же D чекитине барса болот. Эч нерсени кое бербеш үчүн 2б сүрөтүн чийебиз.

Эми ойлонобуз, B чекитинен, C чекитинен, D чекитинен ж.б. кандай бара алабыз. Ойлонуунун натыйжасында биз 3-сүрөттү алабыз.




**3-сүрөт.**

Мугалим окуучуларга түшүндүрүп: «Натыйжада, биз A чекитинин башынан 6 сынык түзсөк болот. Бардыгы канча сынықты алабыз, эгерде биз калган чекиттерден ушундай ишти аткарсак? Өзүңөрдүн божомолуңарды үйдөн текшергиле. A чекитинин башталышынан бардык сыныктарды көрсөтүү, аналогиялык ой жүгүртүү менен B, C жана D чекиттеринин башталышынан жазып чыгуу жана көрсөтүү керек», - деп тапшырма берет.

Бул тапшырманы аткарууда окуучулар ар бир сынык эки жолу кайталангандыгын байкашат, A, B, C, D жана D, C, B, A – бул бир эле сынык. Ошондуктан бардык сыныктар 6*4=24 эмес, эки эсе кичине – 12 болот.

Андан кийин окуучулар альбом барагына бүт 12 сынықты көрсөтүүсү сунушталат.

3-маселе. MN кесиндини чийгиле. Анда KN 2/3 бөлүгү жана ML 3/4 бөлүгү болгондой кылып K жана L чекиттерин белгиле. Анда KL бөлүгү MN, NK, ML, MK жана NL бөлүктөрүнүн кандай үлүшүн түзөт? Бул маселени чечүү үчүн MN кесиндисинин узундугу кандай ыңгайлуу болоорун ойлонгула.

Чыгаруу. Жообуна түрткү маселесин берилишинде бар. Окуучуларга биринчи эки сүйлөмдү окуп жана жообу жөнүндө ойлонуу сунушталат. Кесиндини чийебиз жана анда көрсөтүлгөн чекиттерди белгилейбиз. (4а сүрөтүн кара). KL/MN=5/12, KL/ML=5/9, KL/NK=5/8, KL/MK=∅, KL/NL=∅

а) 


б) 


**4-сүрөт.**

4-маселе. 50 км/саат ылдамдык менен жүрүп бара жаткан поезддин жүргүнчүсү ага карама-каршы келе жаткан поезд анын жанынан 10 секунддун ичинде өткөнүн байкаган. Эгерде кара-каршы келе-жаткан поезддин ылдамдыгы 58км/саат болсо, анын узундугун аныктагыла.

Чыгаруу. Маселеде кандай чоңдуктар белгилүү? 4б сүрөттү карайлы. Поезддин узундугу – бул башкы вагон менен акыркы вагондун ортосундагы аралык. Эгерде жүргүнчү отурган поезд бир жерде кыймылсыз турса, силер маселени кандай чыгарат элеңер?

1) 50+58=108 (км/саат) ылдамдык менен карама-каршы келе жаткан поезд жүргүнчүнүн жанынан өтөт.

2) 108 (км/саат)=(108*1000):3600 (м/с)=30 (м/с)

3) 30*10=300 (м) – поезддин узундугу

Жооп: 300 (м).

Бул моделдер окуучулардын конкреттүү жана абстракттуу өзара бири-бири менен байланышкан ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт, анткени маселенин модели, бир жактан, мектеп окуучуларына көрсөтмөлүү маселелердеги чоңдуктар ортосундагы көз карандылыкты аныктоого жардам берет, ал эми экинчи жагынан, - абстракциялоого, сюжеттүү деталдардан, предметтерден, маселенин текстинде сүрөттөлгөннерселерден алаксытууга жардам берет.

Математиканы окутуу методикасы маселени чыгаруунун бир нече методдорун карайт, алар: арифметикалык, аналитикалык, графикалык, практикалык, божомолдоо, тандоо методдору. Алар стандарттуу, ошондой эле стандарттуу эмес (жогорку татаалдыктагы) маселелерди чыгарууда колдонулат. Арифметикалык чыгаруу методу жогорку акыл чыңалуусун талап кылат, ал акыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, математикалык интуицияны, турмуштук кырдаалдарды алдын ала болжолдоо жөндөмдүүлүктөрүк калыптандырат.алгебралык чыгаруу методу теориялык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт, жалпылоого жөндөмдүүлүктү, абстрактык ой жүгүртүүнү калыптандырат жана төмөнкү өзгөчөлүктөргө ээ болот. Алар тендемелерди түзүүдө, жазууларды кыскартууда, жана пикирлешүүдө убакытты үнөмдөйт.

Математикада стандарттык эмес маселелерди чыгарууда кандайдыр бир жалпы эрежелер жок, анткени жогорку татаалдыктагы маселелер кандайдыр бир деңгээлде кайталангыс болот. Стандарттык эмес маселе көпчүлүк учурда окуучунун интеллектин иштетүүгө чакырык катары кабыл алынат жана тоскоолдуктарды четтетүүдө өзүн даярдоого болгон керектөөнү туудурат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Фридман Л.М. Теоретические основы методики обучения математике. – М.: Флинта, 1998. – 224 с.
2. Кострикина Н.П. Задачи повышенной трудности в курсе алгебры 7-9 классов: Кн. для учителя. – М.: Просвещение, 1991. – 237 с.
3. Пойа Д. Математическое открытие. Решение задач: основные понятия, изучение, преподавание / Пер. с англ. изд. 3. URSS, 2010. - 448 с.
4. Ефремов В.П., Ефремова Л.И. Нестандартные задачи на уроках и после // Математика в школе, 2003, - №7
5. Мааткеримов Н.О., Эсенканова А.К. Математиканы окутууда интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу менен изилдөөчүлүк мамилени ишке ашыруу // Вестник МУК КР, 2021. – 217-221 сс.
6. Кожалиева Д.Ж., Мамытова Г. Математиканы окутуудагы негизги дидактикалык принциптер // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы, атайын чыгарылыш, 2021.

УДК 811.51
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-139-145

**Адылбек кызы Г., Назарбекова Б. Ж., Султан кызы Б.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2,3]
**Адылбек кызы Г., Назарбекова Б. Ж., Султан кызы Б.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2,3]
**Adylbek kyzy G., Nazarbekova B. Zh., Sultan kyzy B.**
KNU J. Balasagyn [1,2,3]

ORCID: 0009-0001-4555-1426, SPIN-код: 4897-6819 [1]
ORCID: 0009-0009-2847-6012, SPIN-код: 9429-6799 [2]

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫ САБЫРДУУЛУККА ТАРБИЯЛОО
# ВОСПИТАНИЕ ТОЛЕРАНТНОСТИ УЧАЩИХСЯ В ПОДРОСТКОВОМ ВОЗРАСТЕ НА УРОКЕ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ
# EDUCATION OF TOLERANCE OF STUDENTS IN ADOLESCENCE AT THE LESSON OF KYRGYZ LITERATURE

**Аннотация:** Илимий макалада кыргыз адабияты сабагында өспүрүм курактагы окуучуларды сабырдуулукка тарбиялоо маселелери каралды. Ааламдашуу шартындагы дүйнө таанымдын негизги талабы болгон толеранттуулукка ээ болгон сабырдуу, көтөрүмдүү инсанды тарбиялоо. Айрыкча, кыргыз адабияты сабагынын мазмуну аркылуу өспүрүм курактагы окуучуларды сабырдуулукка тарбиялоо. Көркөм чыгарманы окуп жатып, окурман анын мазмунун өзүнө өткөрүп берет, бул анын турмуштук тажрыйбасын ушул чыгармада сүрөттөлгөн тажрыйба менен салыштырууга жана өзүн түшүнүүгө, кээде өзүнө жана жасаган иштерине адилеттүү сот болууга мүмкүндүк берет. Адабият дүйнөнүн кенен картинасы жөнүндө түшүнүк берет, адамдын ички руханий жашоосунун байлыгын ачууга, ошондой эле эмоционалдык жана адеп - ахлактык жактан байытууга, сабырдуу болууга жардам берет.

**Аннотация:** В научной статье рассмотрены вопросы воспитания толерантности учащихся в подростковом возрасте на уроке кыргызской литературы. Воспитание терпеливой, жизнерадостной личности с толерантностью, что является основным требованием мировоззрения в контексте глобализации. Особенно, воспитание толерантности учащихся в подростковом возрасте через содержание урока кыргызской литературы. Читая произведение искусства, читатель передает его содержание самому себе, что позволяет ему сравнить свой жизненный опыт с опытом, описанным в этом произведении, и понять себя, а иногда и справедливо судить о себе и своих поступках. Литература дает представление о широкой картине мира, помогает раскрыть богатство внутренней духовной жизни человека, а также эмоционально и морально обогатить его, стать более терпеливым и терпимым.

**Abstract:** The scientific article deals with the issues of education of tolerance of students in adolescence at the lesson of kyrgyz literature. Education of a patient, cheerful personality with tolerance, which is the main requirement of the worldview in the context of globalization. Especially, the education of tolerance of students in adolescence through the content of the Kyrgyz

literature lesson. By reading a work of art, the reader conveys its content to himself, which allows him to compare his life experience with the experience described in this work, and understand himself, and sometimes fairly judge himself and his actions. Literature gives an idea of a broad picture of the world, helps to reveal the richness of a person's inner spiritual life, as well as emotionally and morally enrich him, become more patient and tolerant.

**Негизги сөздөр:** сабырдуулук, мектеп, өспүрүм курак, адабият, тарбия, окутуу процесси.

**Ключевые слова:** толерантность, школа, подросток, литература, воспитание, процесс обучения.

**Keywords:** tolerance, school, teenager, literature, education, the learning process.

Ар бир коом интеллектуалдык деңгээли жогору, ар тараптуу, гармониялуу өнүккөн инсанга муктаж жана аны тарбиялоого умтулат. Ошол мезгилде коом өнүккөн сайын анын жарандарына болгон талап өзгөрүп турары шексиз. Бүгүнкү көндө ааламдашкан доордо инсандын жарандык позицияны калыптандыруу, сабырдуулукка тарбиялоо зор мааниге ээ. Анткени ар бир адам коомдо жашайт, өзүнүн жамаатынын, коомдук тобунун, дүйнөлүк коомчулуктун бир бөлүгү болуп саналат жана анын социалдык жана маданий талаптарына жооп берүүсү зарыл. Ошондой социалдык – маданий талаптардын катарына сабырдуулук категориясы алдыга чыгууда. Ал эми мектеп социалдык институт катары баланын толеранттуу инсандыгын тарбиялоо үчүн чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ. Дал ушул мектеп коомчулугунда балдардын толеранттуу жүрүм - турумга реалдуу даярдоо башталат. Себеби, бүгүнкү күндө мектеп окутууга гана билим алууга даярдабастан, тарбия берүүгө милдеттүү.

Билим берүү системасы балага сабырдуулукту калыптандырууга багытталган тарбиялык таасир этүү үчүн зор потенциалга ээ. Бирок чыныгы педагогикалык практика көрсөткөндөй, бул багытта иш илгерилетүү, алып баруу көп кыйынчылыктарды туудурат. Белгиленген маселенин татаалдыгы өспүрүмдөрдө көп учурда сөз менен ортосундагы карама – каршылыктар кездеше турганын байкоого болот. Алар көбүнчө башкаларга учурда кыйын. Өспүрүм көп учурда бул иш сөздөргө карама - каршы келгенин байкай алат жана көбүнчө башкаларга сабырсыздык көрсөтөт. Ал эми өспүрүмдө көптөгөн суроолор жана шектенүүлөр пайда болгон учурду кармап калуу маанил өзүн таанытууда сабырсыздыкты көрсөтүшөт Ошол эле мезгилде өспүрүмдөрдө көптөгөн суроолор жана шектенүүлөр пайда болгон учурларды байкоого болот жана ушундай учурда аларды кармап калуу жана туура таасир берүү өтө маанилүү. Аларда ак - кара, дос - душман деп так бөлүнүү башталат, агрессия, өзүн жана башкаларды кабыл алгысы келбегендик байкалат. Андыктан педагог тарабынан аларга азыркы учурда аны курчап турган дүйнөнүн нюанстарын түшүндүрүү, ага кызыктуу маселелерди түшүнүүгө жардам берүү зарыл жана маанилүү. Анткени, ата-энелер, тилекке каршы, бул жагынан балага дайыма эле жардам бере алышпайт, демек, негизги жоопкерчилик мектеп менен мугалимдерге жүктөлөт, алар бул маселеге бардык жоопкерчилик менен мамиле кылышы керек [6].

Башкаларга карата чыдамсыздык көбүнчө мектепте окуп жүргөн кезде байкала баштайт. Ал эми чоңдор бул көрүнүштөрдү этибарга албаса, башкаларды өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен кабыл алганды үйрөнбөгөн инсандар калыптана берет.

Гумандуу педагогиканын жардамы менен зордук - зомбулукка жол бербөө маданиятын көтөрүү жөн гана сөздөр жана көрүнүштөр эмес, күнүмдүк турмушта дайыма көрсөтүлүп турса өспүрүмдүн реалдуу турмушка даярдыгы калыптанышы мүмкүн.

Мектепте окуу - тарбия процессинин эң маанилүү бөлүгү сабак болуп эсептелет. Ал эми адабият сабагы адеп - ахлакты калыптандыруучу жана тарбиялоочу эң маанилүү академиялык дисциплиналардын бири. Адабият - бул жашоонун философиясы, анын каармандарынын мисалында жашоого, маселелерди чечүүгө, ойлонууга, талдоо үйрөтүүчү илим жана билим берүүчү каражат болуп эсептелет.

Академик Д.С. Лихачев: «Бир туугандарыңардын оюн, сезимдерин сыйлагыла», - деген [3]. Ал эми сабырдуулукка тарбиялоо жөнүндө сөз кыла турган болсок, анда бул сөздөр башкаларга сабырдуулук менен мамиле кылууга үйрөтүү дегенди билдирет.

Сабырдуулукка тарбиялоо адеп - ахлактуулукка тарбиялоо менен абдан тыгыз байланышта турат. Сабырдуу адам - жогорку адептүү адам. Адабият сабактаынын негизги милдети инсанды ар дайым моралдык проблемаларды, карама - каршылыктарды аныктоого үйрөтүү болуп саналат. Бирок психологиялык даярдыксыз, маданиятсыз, адабий каармандын ички дүйнөсүнө эмпатиясыз адеп - ахлактык тарбия берүү мүмкүн эмес. Сабактарда образдарды талдоо менен окуучу каармандын психологиялык образын ачып, ошону менен анын көйгөйлөрүнө жакындап, аларды түшүнүп, өзүн да сынап көрүүгө, ошону менен анын ички дүйнөсүнө жол ачышы керек. Көбүнчө каармандын ички дүйнөсүнө чөмүлүү - бул өзүнө сүңгүү дегенди билдирет. Буга кллассикалык адабияттардан көптөгөн мисалдарды табууга болот. Демек, адабият сабактары «Бизге сабырдуулук, чыдамкайлык эмне үчүн керек»? - деген суроого адабият жооп берүүгө жардам берет.

Мектеп программасын анализдей турган болсок, 9 - класстан баштап эле ушул маселени козгогон чыгармаларды кезиктирүүгө болот. Өзгөчө Ч. Айтматовдун чыгармалары адамдар ортосундагы мамилелерди чагылдырууга бай. Ч. Айтматовдун каармандарынын образдары аркылуу өспүрүмдөрдү сабырдуулукка, адамгерчиликтин баалуу каражаттарына, сезимталдуулукка, боорукердикке тарбиялоого болот. «Ак кеме» повестинде Момун чалдын адамкерчилик сапаты, ыймандуулугу, боорукердиги, балага болгон жылуу, мээримдүү мамилеси, адамдарга туура таза мамиле жасаган каарман аркылуу өспүрүмдөрдү сабырдуу болууга чакырат. Ал эми Нургаазынын образы боорукердикке, наристедей таза пейилге, улууларды сыйлоого, үй бүлөнү сактоого болгон аракеттин символу жана үлгүсү десе болот.

«Саманчынын жолу» повестиндеги Толгонай кайраттуулугу, боорукердиги, жоокер балдарына болгон ак ниет, калыс жана туура тарбиясы, келинине, небересине болгон тунук мамилеси, адамды урматтоосу, энелик мээримдин чексиздиги: сабырдуу, боорукер, чыдамдуу болууга чакырат. Ошону менен катар Майсалбектин образы кайраттуу, боорукер, адамгерчилик сапаттын калыптанышына, аскердик милдетти жогору коюуга, энени сыйлоого, мугалимдин ордун баалоого, өз кызыкчылыгынан мекенди жогору коюуга үндөйт.

М. Элебаевдин «Кыйын кезең» повестинде Тилекмат, Жумагул, Жоломан өңдүү кедей – кембагалдардын да эсте эсте каларлык мүнөздөрү чагылдырылган. Гаврил сыяктуу орус кулактарынын наадандык, таш боордук, зөөкүрдүк сапаттарын ачып, Степан аркылуу орус кедейлеринин адилет, адамгерчиликтүү мүнөздөрүн да элестүү берген. Мына ушул оң жана терс сапаттар акылуу өспүрүм курактагы окуучуларды сабырдуу, боорукер, кыйнчылыкка чыдамкай инсанды тарбиялайт.

Мектеп программасынын 8 – класстагы Калыгул Бай уулунун ырлырында акыл айтуу, үйрөтүү, жол көрсөтүү, тарбиялоо мааниси күчтүү берилген. Калыгул даанышмандын гуманисттик этикасын даңктайт: «Орой айтсаң адамга жукпайт, орой сөздү киши укпайт, сылык-сыпаа сөз жетет, ал мээге эмес, жүлүнгө кетет». Элдик кеменгер Калыгулдун

ишениминде оройлукту назиктик, сылыктык, ачууну токтоолук, сабырдуулук, жек көрүүнү мээрим менен сүйүү жатат.

Сабырдуулукка тарбиялоодо улуттук менталитетибизде меймандостук, кайрымдуулук, күйүмдүүлүк, башкаларга жардамдашкан боордоштук касиети, керегелеш, үзөнгүлөш, канатташ жашаган калктар менен достук салты өнүккөн. «Эр достугу - эгиз, эл достугу – деңиз», «Эки эрдин достугу бир белден ашырат, эки элдин достугу миң белден ашырат». Кыргыз элинин салтындагы мындай достук этикасы - бүгүнкү улут аралык ынтымактын ачкычы. Элдик этикада калыстык, чынчылдык, адилеттүүлүк, акыйкатчылдык, жоомарттык, «таш менен урганды аш менен урган» айкөлдүк, топуктуулук, сабырдуулук, сылык-сыпаалык, кечиримдүүлүк, мээримдүүлүк, ар намыстуулук, жоопкерчиликтүүлүк, мекенчилдик ж.б. улуу сапаттар ар дайым даңазаланып, адамдык жүрүм-турумдун идеалы болуп келген.

Ал эми азыркы дүйнөдө болуп жаткан бардык окуялардын фонунда адабияттагы сабырдуулуктун көрүнүштөрүнүн мисалдарын изилдөө абдан маанилүү. Адабият өз катасын кетирбей, адабий чыгармалардын каармандарынын каталарынан, иш - аракеттеринен сабак алуу менен тажрыйба топтоого мүмкүндүк берет.

Сабырдуулукка тарбиялоо - бул баланын инсандыгын, анын адеп - ахлагын калыптандыруу процессинин маанилүү бөлүгү. Азыркы шартта да мектептин алдында баланы көп маданияттуу, көп улуттуу өлкөдө жашоого даярдоо милдети турат. Маданий белгилери боюнча айырмаланган адамдарга урмат - сый менен мамиле кылуу баланын дүйнөсүндөгү тааныш моделдерге ар дайым эле туура келе бербейт. Андыктан адабият - бул маданий өзгөчөлүктөрдү таанууга жана аны сыйлоого, үйрөтүүгө жардам бере турган эң сонун курал, анткени анда дүйнөнүн кубулуштарына, «жалпы кабыл алынган» нормалардан айырмаланган адамдарга сый - урматты, кызыгууну, боорукердикти тарбиялоонун зор потенциалы камтылган.

Кыргыз адабияты сабактарында биз окуучуларга эң маанилүү жалпы адамзаттык баалуулуктарды жеткирүүгө мүмкүнчүлүгүбүз бар. Кыргыз адабият сабактары сабырдуу инсанды өнүктүрүүгө жардам бериши керек. Анткени, адабият - жалпысынан тарбиялоонун жана толеранттуулуктун каражаты, анда сабырдуулукка жана өзүн - өзү сыйлоого тарбиялоо үчүн зор потенциал камтылган. Толеранттуу инсан - бул жогорку адеп - ахлактуу инсан. Адеп - ахлактык тарбиялоону психологиялык маданияттан сырткары кароо мүмкүн эмес. Инсандын өнүгүү мыйзамдарын түшүнбөй туруп, адекваттуу моралдык - психологиялык өзүн - өзү баалоосуз, анын диалектисинде акыл - эс абалын түшүнбөй туруп элестетүү мүмкүнбү? Кыргыз адабият сабагы окуучуга каармандардын психологиялык дүйнөсүн ачып, ошону менен аны моралдык жактан баалоого, өзүнүн ички дүйнөсүн өркүндөтүүгө үндөшү керек. Көркөм дүйнөгө чөмүлүү - бул өзүңө чөмүлүү аракеттери менен коштолот. «Мен» менен бул дүйнөлөрдүн ортосундагы чек кээде солкулдап же бүдөмүк болуп калат. Кыргыз адабият сабагы окуучуларга рухтун жана акылдын аракетин талап кылган жана адеп-ахлактык атмосферасын аныктоочу аракеттер жардам бериши керек.

Ошондой эле азыркы этапта инсанды адеп-ахлактык жактан калыптандыруу проблемасы, демек адабияттын тарбиялык максаты мурда болуп көрбөгөндөй курчтук менен келип чыккандыгын да эске алуу керек. Мугалимдердин милдети окуучуга ылайыктуу көркөм чыгармаларды табууга жардам берүү, аларды кабылдоо жана түшүнүү сабырдуу өзүн - өзү аңдоонун калыптанышына алып келет.

Сабырдуу мамилени калыптандыруу каражаты катары көркөм чыгарманын эбегейсиз артыкчылыгы анын чындыкка болгон эмоционалдык баасында жатат. Адабият сезимдерге активдүү таасир этет жана баланын акылы, анын кабылдоочулугун жана эмоционалдуулугун өнүктүрөт.

Орус илимий педагогикасынын негиз салуучусу К. Д. Ушинский айткандай: «... окуу - бул адеп - ахлактык сезимдин көнүгүүсү», демек, кыргыз адабият сабактары сабырдуулукка тарбиялоону, баланын инсандыгын калыптандырууну, окуу аркылуу жан дүйнөнү байытууну жана сезимдер аркылуу ой жүгүртүүнү өркүндөтүү керек [1].

Көркөм сөз менен тарбиялоо баланын эмоционалдык чөйрөсүндө олуттуу өзгөрүүлөргө алып келет, бул анын ар кандай реалдуу турмуштук окуяларга жооп болушуна өбөлгө түзөт. Китеп окуу менен бала өзүнүн алдында конкреттүү кырдаалды жана сүрөттөлүштү көрөт, сүрөттөлгөндөрдү башынан өткөрөт, окуялар жана анын тажрыйбасы канчалык күчтүү болсо, анын сезимдери жана чындык жөнүндөгү идеялары ошончолук бай болот. Адеп - ахлак көркөм чыгармада жандуу жана реалдуу мазмунду алат. Мугалим бул учурда балдардын сезимдерин жана эмоцияларын «коркутуп» албаш үчүн этияттык менен мамиле кылышы маанилүү. «Балдарга эч кандай сезимди күч менен жана эрте жайылтуунун кажети жок, эгер биз бул сезимдин баланын колу менен күч менен ачылган гүлгө окшош болушун каалабасак», - деп жазган К. Д. Ушинский. Сабырдуулуктун калыптанышына түздөн - түз адабий чыгарманын өзү таасир этиши керек жана бул таасир абдан чоң; бул адеп - ахлактык сезим, адеп - ахлактык ой, баланы адеп - ахлактык нерсени сүйүүгө түрткөн нерсе чыгармада айтылган, адабий чыгарма сабырдуулукту өрчүтөт» [8].

Ушундай эле ойлорду В.А. Сухомлинскийдин оюу боюнча, «...окуу бала үчүн билимди өздөштүрүүнүн өтө кылдат куралы жана аны менен бирге бай руханий жашоонун булагы болушу керек» деген сөздөр далилдеп турат [7].

Адабияттарда чагылдырылган сабырдуулук, кечиримдүүлүк, көтөрүмдүүлүк сапаттар ар бир чыгарманы толук түшүнүүгө жардам берет жана бул китептин аны окуп жаткан окуучуга эмоционалдык моралдык таасирин тийгизет. Каармандарда боорукердик жана мээримдүүлүк болбосо, көркөм чыгармаларды окуу маанисин жоготот.

Кыргыз адабият сабактарында каралуучу маанилүү милдет - «жашоону таануу»: баалуулуктарды аныктоо, адеп-ахлактык принциптерди өздөштүрүү, этикалык ой жүгүртүү жана баалоо жөндөмүн өнүктүрүү, сабырдуу мамилелерди түзүү. Н.Е. Шуркова: «Мугалим балдар менен адабият жөнүндө эмес, жашоо жөнүндө сүйлөшүшү керек», - деп эсептеген. Эгер мугалим сабактарынын тарбиялык мазмунун кааласа, ага ушундай максат коюу керек [4].

Чыгармада сүрөттөлгөн турмуштук кырдаалдар, чыр - чатактар жана каармандардын аракеттери талкуунун предмети болуп, адам жөнүндө, анын жашоосунун мааниси жөнүндө, коом жана андагы адамдын орду жөнүндө окуучунун түшүнүгүн кеңейтет. Окуучунун көңүлүн адеп - ахлак жана дүйнө тааным маселелерине буруу маанилүү, анткени ал, адатта, белгилүү бир баатырды гана көрөт, конкреттүү окуялар жана конкреттүү жалпы адамзаттык баалуулуктарды анчалык байкай албайт.

Кыргыз адабияты сабактарында педагогдун милдети - кабылдоочу адамдын ички дүйнөсүн тарбиялоо, аны жалпы гуманитардык багытта (бул адеп - ахлактык, социалдык - маданий, философиялык, экологиялык өнүгүүнү болжолдойт) жана түздөн - түз көркөм планда, эстетикалык жактан тарбиялоо; аны мүмкүн болушунча татаал жана ар түрдүү кылуу, кабылдоочу адамды көркөм маданият чыгармаларынын жаратуучусуна айландырууга

көмөктөшүү милдеттерин аткарат. Сабырдуу инсанды калыптандыруу узак процесс жана бул милдетти өспүрүм курак ичинде чечүү мүмкүн эмес: алдыда дагы көп жылдар бою жетилгендик бар. Кыргыз адабияты сабагында кырдаалдарды талдоо окуучу үчүн жазылган чыгармалардын кеңири спектри берилген. Эң негизгиси балдарды сабырдуулукка үйрөтүү [5].

Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын калыптануу тарыхын кылдат изилдеп чыккандан кийин көркөм чыгарма менен таанышуу класста дайыма борбордук орунду ээлеп келгенине көңүл буралы, ал ар кандай көз караштардан гана каралды:

- Адабият адамдын жана коомдун жашоосунун ар кандай жактарын ачып берет. Мындан көркөм тексттердин иллюстрациялык мүнөзү - адабий чыгарманын таанып - билүү жагы жөнүндө бир тараптуу тыянак чыгарылат.

- Сөз өнөрү адамды тарбиялайт жана сабырдуулук, сый - урмат жана идеалдар жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандырат, демек, адамдарга, теңтуштарга жана көркөм чыгармалардын тарбиялык баалуулуктарына карата сабырдуулукту калыптандыруу маселелерине багытталат.

- Адабият окурманды өзүнө тартып, ага ырахат жана эстетикалык ырахат тартуулайт, демек, окутуудагы бардык көңүл окуучулардын эмоционалдык чөйрөсүн өнүктүрүүгө багытталат.

Көркөм адабият адамзатты өнүктүрүүнүн каражаты катары көбүрөөк колдонулушу керек, инсандын адеп-ахлагы: жакшылык жана адилеттүүлүк, сезимталдык, толеранттуулук түшүнүгүн камтыган нерселердин бардыгы. Бул көркөм чыгармаларды кылдаттык менен тандоонун негизинде гана мүмкүн болот, аларды толук кандуу кабыл алуу мүмкүнчүлүгү чоң, сабаттуу көркөм чыгарманын уюшкан анализи жана кылдат изилденген методикалык материал болуп эсептелет.

Окутуунун мазмунун жана методикасын өркүндөтүү Кыргыз адабияты сабактарында окуучунун өнүгүп келе жаткан инсанында этикалык, улуттук, адеп - ахлактык сапаттардын гармониясына жетишүү проблемасын ийгиликтүү чечүүгө гана өбөлгө түзбөстөн, ошондой эле улуттук жана дүйнөлүк көркөм классиканын руханий күчүн жайылтылган жана жаштардын аң - сезимине кирип жаткан «массалык маданияттын» ченемдерине жана образдарына каршы коюуга жардам берет [2].

5. Ильина О. Н., Жильцова И. В. Использование современных образовательных технологий на уроках английского языка // Социально-гуманитарные науки в информационном обществе: перспективы и потенциал : сборник научных трудов по материалам Международной научно-практической конференции 24 декабря 2020г. : Белгород : ООО Агентство перспективных научных исследований (АПНИ), 2020. С. 19-22.
6. URL: https://apni.ru/article/1631-ispolzovanie-sovremennikh-obrazovatelnikh



УДК 004

DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-161-167



**Исмаилова Г. К.**

Ж. Баласагын атындагы КУУ

**Исмаилова Г.К.**

КНУ имени Ж. Баласагына

**Ismailova G.K.**

KNU J. Balasagyn

SPIN-код: 2246-868

ORCID:0009-0003-4811-1244


## ЫРЧЫЛЫК ӨНӨРДҮН СИНКРЕТТҮҮЛҮГҮ ЖАНА АКЫНДЫН КООМДОГУ КЫЗМАТЫНЫН ПОЛИФУНКЦИОНАЛДУУЛУГУ ЖӨНҮНДӨ Т.САМАНЧИНДИН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ

## ИССЛЕДОВАНИЯ Т.САМАНЧИНА О СИНКРЕТИЗМЕ ПЕВЧЕСКОГО ИСКУССТВА И ПОЛИФУНКЦИОНАЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПОЭТА В ОБЩЕСТВЕ

# RESEARCH OF T. SAMANCHIN ON THE SYNCRETISM OF SINGING ART AND HIS MULTIFUNCTIONAL ACTIVITY IN SOCIETY

**Аннотация:** Туңгуч филолог окумуштуу Т.Саманчин өзүнүн “Колониялык доордогу биздин адабият” деген изилдөөсүндө 19-кылымдан Октябрь революциясына чейинки кыргыз элинин көркөм чыгармачылыгына мүнөздөмө берип, кеңири талдоого алган. Ал өзүнүн талдоосунда ырчылык өнөрдүн синкреттүүлүгү жана акындын коомдогу полифункционалдуулугу тууралуу изилдөө жүргүзгөн. Ал эми биздин макалада жогорудагы изилдөөнүн кыйла терең, таамай, кенен берилгендиги анализге алынды. Т.Саманчиндин изилдөөсүнүн негизинде оозеки поэзиянын жаратылышы музыка менен байланыштуу экендиги, ар бир жанр өзүнө тиешелүү үнү, обону менен ырдалары, оозеки поэтикалык өнөрдүн угуучунун алдында аткарыла тургандыгы аныкталды. Ошондой эле, оозеки поэзиянын элдин тарыхы, мүдөөсү, кайгы-кубанычы менен бирдикте болуп, акын- бул комузчу, обончу, актер, идеолог экендиги чечмеленип, акындык өнөрдүн полифункционалдуулугу такталды. Т.Саманчин акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө карай нускоочу акындар, жамакчы акындар, жомокчулар, куудул сөз устаттары деп төрткө бөлгөн. Мындай бөлүштүрүүнүн натыйжасында алардын бири-биринен айырмачылыгы, ортосундагы окшоштуктары, жалпылыктары такталды.

**Аннотация:** Выдающийся ученый, филолог Т. Саманчин в своем исследовании «Наша литература в колониальную эпоху» подробно описал и проанализировал художественное творчество кыргызов с XIX века до Октябрьской революции. В своем анализе он исследовал синкретизм певческого искусства и полифункциональность поэта в обществе. И в нашей статье было проанализировано очень глубокое, обстоятельное и обширное изложение вышеуказанного исследования. На основании исследований Т. Саманчина определено, что природа устной поэзии связана с музыкой, каждый жанр имеет свой голос, мелодию и песни, а устное поэтическое творчество исполняется перед слушателем. Также устная поэзия слилась с народной историей, целями, горестями и радостями, пришло осмысление того, что акын есть комузист, композитор, артист, идеолог, выявлена полифункциональность поэтического искусства. Т. Саманчин разделил поэтов на четыре группы по их творческим признакам: акыны-наставники, акыны-комики, сказители и мастера комического слова. В результате такого распределения были выяснены их различия, сходства и общности.

**Abstract:** The outstanding scientist, philologist T. Samanchin in his research work "Our literature in the colonial era" described in detail and analyzed the artistic creativity of the Kyrgyz from the XIX century to the October Revolution. In his analysis, he investigated the syncretism of the singing art and the polyfunctionality of the poet in society. And in our article, a very deep, thorough and extensive presentation of the above research was analyzed. Based on the research of T. Samanchin determined that the nature of oral poetry is connected with music, each genre has its own voice, melody and songs, and oral poetic creativity is performed in front of the listener. Also, oral poetry merged with folk history, goals, sorrows and joys, it came to an understanding that akyn is a komuz-player, composer, artist, ideologist, the polyfunctionality of poetic art was revealed. T. Samanchin divided poets into four groups according to their creative characteristics: akyn-mentors, akyn-comedians, storytellers and comic masters of words. As a result of this distribution, their differences, similarities and commonalities were clarified.

**Негизги сөздөр:** оозеки поэзия, музыка, обон, үн, акын, ырчылык өнөр, нускоочу, жамакчы, жомокчу, куудул сөз устаттары, синкреттүүлүк, полифункционалдуулук.

**Ключевые слова:** устная поэзия, музыка, мелодия, голос, акын, певческое искусство, наставник, балагур, сказитель, комический мастер слова, синкретизм, полифункциональность.

**Keywords:** oral poetry, music, melody, voice, akyn, singing art, mentor, joker, storyteller, comic master of words, syncretism, polyfunctionality.

Т.Саманчиндин илимий мурастарынын ичинен «Колониялык доордогу биздин адабият» аттуу изилдөөсү көрүнүктүү орунду ээлейт. Окумуштуунун бул эмгеги биринчи жолу 1941-жылы «Советтик адабият жана искусство» журналынын №5-санына жарыяланып, андан соң 1943-жылы «Кыргызмамбастан» чыккан «Кыргыз адабиятынын очерктери» деген коллективдүү китептин ичине негизги бөлүмдөрдүн бири катары кирген. Аталган эмгегинде автор XIX кылымдан Октябрь революциясына чейинки кыргыз элинин көркөм чыгармачылыгына жалпы мүнөздөмө берип, ал доорго кеңири тарыхый экскурс жасаган.

2004-жылы жарык көргөн Р.З.Кыдырбаева менен К.Асаналиевдин «Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү» аттуу эмгегинде Октябрь революциясына чейинки кыргыз коомундагы акындын өзгөчөлүгүнө төмөнкүдөй мүнөздөмө берилет: «Акындын чыгармачылык өзгөчөлүгү, ал ырды эч кандай даярдыксыз, дароо, оозеки түрдө жаратат, ырга ылайыктуу обону болот, обон ошол акынга гана тиешелүү, традициялуу, мурдатан бери колдонулуп жүргөн обон болушу да мүмкүн, ырды, обонду акын өзү ойногон комуз күүсүнүн коштоосунда өзү аткарат. Демек, акындын чыгармачылыгы, баарынан мурда, синкреттүү искусство болуп эсептелет».

Бул кыска жана нуска мүнөздөмөдө талаш жок. Бирок Т.Саманчиндин аталган эмгегиндеги акындык өнөрдүн табиятына жана өзгөчөлүгүнө берилген мүнөздөмө мындан да кенен, терең дагы, таамай дагы. Аны менен таанышпай өтүү мүмкүн эмес. Окумуштуу мындайча жазат: «Кыргыз поэзиясы ар дайым музыка менен куюлушуп танапташ келген. Бардык элдик поэзиялардын жана акындардын чыгармаларынын мазмунуна жараша музыкасы болгон. Үрп-адаттык ырлардын ар кайсысынын өзүнчө музыкасы бар. Буга мисал катарында, бекбекей, кошок, темин сыяктуу адат ырларын айтсак да болот. Кыргыздын чоң акындары ошону менен бирге чоң комузчу жана үнүн кошуп ырдаган овончу да болушкан. Арстанбек, Токтогулдардын комузчулугу атайы комузчулардан ашып түшпөсө, кем болгон эмес. Акындардын көпчүлүгү Арстанбек, Токтогулчалык овон, күү чыгарган комузчу акын болбогону менен, ар кимиси комузун күүлөп, өзүнүн ырына ылайыктуу ыр чыгара алышкан. Овон, күү, комуз колунан келбеген акындын эң болбогондо өзүнө таандык ырын овондотуп айтуучу речитативдик– айдатма овон болгон. Жана ар бир элдик поэмалардын өзүнүн музыкасы болот. Манас, Семетейден тартып, Курманбек, Кожожаш мерген, Кедейканга чейин ар бир поэманын өзүнө таандык музыкасы бар. Ошентип, кыргыз элинин поэмасы эч качан музыкадан ажыраган эмес. Поэзия менен музыканын минтип шайкеш келишинин натийжасында акындардын чыгармасынын эстетикалык көрүнүктүүлүк күчү өтө чоң болуп, угуучуларга катуу таасир кылган. Акын акындыгы менен катар жана комузчу гана болбостон, кээде куудулданып ойногон артист да болушкан. Ошентип, кыргыздын элдик искусствосунун музыкалык, артисттик жактары поэзиянын, өзгөчө акындык чыгарманын айланасына топтолуп, алардын тизгинин колго алып өөрчүткөндөр негизинен акындар болушкан. Ошентип, акындар жалаң гана адабиятты же кыргыздын бардык элдик искусствосун өстүрүп келген жана адабияттан элдик искусство эч ажырабай, ар дайым танапташ, тутумдаш өсүп келген. Акындык чыгармалардын бул айтылган өзгөчөлүктөрүнөн

башка дагы бир чоң өзгөчөлүгү бул – акындык чыгармалар ар дайым элдик мүнөздө болгон. Анткени, акындар элден түк ажырабай бир болуп, эл кубанса акын кошо кубанып, эл менен кошо кейип, элдин кубаныч жана түйшүгүн акын ошол замат күүгө келтирип, поэзияга айландырып, айнуусуз туура көрсөтө алган. Ошентип, акындын чыгармалары терең элдик мүнөздө болушу менен бирге жана актуалдыгы менен аныкталган. Акындар ырларын көбүнчө угуучу эл алдында ырдап чыгарышкан. Ошондуктан акындын ыры анын оозунан чыгаары менен эле угуучулардын алдына салынган. Акындардын чыгармаларын сынаган чоң сынчысы – ошол угуучу эл өзү болгон. Ыр элге жакса, эл аны ошол замат жат алып, аны оздон оозго өткөрүп, өз мүлкү кылып алышкан. Эгер акындын чыгармасы элге жакпаса, аны экинчи эч ким эскербей жана акындын өзү да экинчи оозуна албай, ал айтылган жеринде кала берген. Ошентип, акындар чыгармасын эл ортосунда чыгарып, эгер татыктуу болсо ага өмүр берген элдин өзү болгон. Эгер акын элден алыс болсо, бул биз айткан акындык чыгармалардын негизги касиети тегиз боло албас эле, тегиз болбогондон кийин, албетте, акын акырындап, акын болуудан калмак».

Окумуштуунун эмгегинен алынган бул үзүндү кылдат байкоолорго, жеткиликтүү, таасын, орчундуу ой-пикирлерге бай жана булар Тазабек Саманчиндин акындык, ырчылык чыгармачылыктын мыкты билерманы экендигин ырастайт. Келтирилген үзүндүнү талдай отуруп, окумуштуунун ой-пикирлерин төмөндөгүчө жалпылап айтсак болот:

1. Кыргыз оозеки поэзиясынын жаратылышы синкретикалык мүнөздө. Биринчи иретте, ал музыка менен байланыштуу.

2. Ар бир акындын салттык нугунда да, өзүнө тиешелүү да үнү, обону, ырдоо манерасы бар.

3. Ар бир жанр өзүнө тиешелүү үн, обон менен ырдалат же аткарылат.

4. Оозеки поэтикалык өнөрдүн эң оболу угуучуга эсептелгендиги жана угуучунун алдында аткарылгандыгы, анын импровизациялык мүнөзү.

5. Кыргыз оозеки поэзиясынын калк мүдөөсү, анын тарыхы, кайгы-кубанычы, үмүтү менен жашаган элдүүлүгү жана демократиялуулугу.

6. Кыргыз коомунда акын деген комузчу да, обончу да, актер дагы, идеолог дагы. Акындык өнөрдүн полифункционалдуулугу. Акын–элдик бардык искусствону өстүрүүчү.

7. Акындын угуучусу да, сынчысы да, аны өстүрүүчүсү да эл.

8. Элдин жактыруусуна, колдоосуна, алкышына ээ болуш үчүн, калктын ишенген, таянган ырчысы болуш үчүн акын атаандаштыкка жөндөмдүү, кара жаак, жез таңдай күчтүү талант болушу керек. Мындай болбосо, ал булбулдай сайрап аренага чыга албайт, элдин ортосунда кармалып тура албайт.

Т.Саманчин оозеки акындык чыгармачылыкка мүнөздөмө берген соң, кыргыз жамаатындагы ошол көркөм өнөр өкүлдөрүн алардын чыгармачылык өзгөчөлүгүнө карата 4 топко бөлүп, классификациялайт.

1 – топ жөнүндө автор мындай деп жазат: «Акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө карай төрткө бөлүүгө болот:

1. **Нускоочу акындар** – булардын чыгармаларынын идеялык салмагы оор, мааниси терең, элге санат, нуска ырлар айткан, өз доорунун өзгөчөлүктөрүн чыгармасында көрсөтө алган акындар. Колониялык доордогу акындардын ичинен нускоочу акынга – Арстанбек, Солтобай, Кылыч, Токтогул, Тоголок Молдо, Ысак Шайбековдор кирет».

Окумуштуунун нускоочу акындардын катарына аты аталган акындарды киргизип, өзүнчө топко бөлгөнүн негизинен туура деп эсептейбиз. Анткени кыргыз ырчыларынын

арасында оозеки поэзиянын «санат-насыят», «терме» жанрларында ырдаган, негизинен ушунусу менен айырмаланган акындар боло келген. Алар өздөрүнүн санаттарында, термелеринде бу жарык дүйнөдө жашоонун жол-жоболору, жарык жана көлөкө, жакшылык менен жамандык ж.б. турмуштук зарыл, орчун маселелер жөнүндө өздөрүнүн көз караштарын, акыл-насааттарын айтса, бирде жалпы адамзатка тиешелүү философиялык идеяларды нускалайт. Албетте, санат, терме ырлары бардык эле акындарда кездешет. Бирок Калыгул, Арстанбек, Жеңижок сыяктуу акындар өздөрүнүн кеңири философиялык масштабга эгедер дидактикалык поэзиясы менен башкалардан бөлүнүп турушат. Мындай акындарды нускоочу акындар деп, Т.Саманчин туура атаган.

2. «**Жамакчы акындар** – булар да көркөм сөз үлгүсүн калтырган ак таңдай акындар. Бирок булардын ырлары социалдык мааниси жагынан нускоочу акындарга караганда тайкы. Бирок булар–жамак сөздү үйрүп калчаган чебер акындар. Булар көбүнчө ашта-тойдо ырдаган ат ырчылары болуп эсептелет. Бул жамакчы ырчылардан көркөм сөз үлгүлөрүн калтырган акындардын бир далайы бизге белгилүү. Колониялык доордогу жамакчы ырчылардан атактуулары: Найманбай, Калмырза, Эшмамбет, Бекназарлар». Бардык эле акындар нускоочу акындардын философиялык бийиктигинде турган эмес. Бирок кийинки тепкичте турса да, таланты ташкындаган, өз мезгилинин проблемаларын, көйгөйлөрүн, окуяларын, өткөн-кеткен тарыхты, турмуш кубулуштарын, жаратылыш көрүнүштөрүн таасирдүү жана таасын, көркөм ырдаган ырчылардын категориясы да бар. Т.Саманчин мындай ырчылардын тобунун бөтөнчөлүгүн да туура белгилеген. Бирок окумуштуунун «тайкы» деген сөздү орунсуз колдонгондугун белгилеп өтмөкчүбүз. Ырчылардын чыгармалары да өз алдынча орошон маанилерге эгедер.

3. «**Жомокчулар** – булар негизинен жамак сөздүн устат чеберлерине жатат, жомокчулар нускоочу, жамакчы акындардан кем түшпөйт. Бирок булар баатырдык чоң жомокторду – Манас, Семетей жомокторун айтууну кесип кылып алып, бул жомоктордон четке чыгышпайт. Бул жомоктордун чоңдугу, анын көркөмдүгү, анын ичиндеги акыл-насаат сөздөрдүн байлыгы аларды четке чыгууга да чамасын келтирбейт. Ошону менен бирге, жомокчу акындар өз алдынча сөз жамактоону өнөр кылышпайт».

Т.Саманчин «Жомокчулар» деген сөздү манасчылар маанисинде колдонгон. Жомокчулардын айырмалуу бөтөнчөлүгүнө да окумуштуу туура мүнөздөмө берген. Бирок булардын таланты өзгөчө күчтүү жана масштабдуу. Жомокчулар – айтуучулар, аткаруучулар, ошону менен бирге жаратуучулар. Ар бир манасчынын өзүнө таандык индивидуалдуу чыгармачылык жүзү бар, аткаруу манерасы да өзүнчө. Булар–эпикалык масштабдагы таланттар, элдик мурастарды сактоочулар, аларды көркөмдүк жактан өркүндөтүүчүлөр жана кийинки муундарга өткөрүүчүлөр.

Т.Саманчиндин бөлүштүрүүсү боюнча акындардын тобуна «Куудул сөз устаттары» да жатат. Куудул акындар–өнөрү таза поэзиянын өзү болбосо да, оозеки адабияттын бир түрү. Алар бир жагынан импровизациялап төгүп ырдаган ырчы да, комузчу да, экинчи жагынан аткаруучу-комик, үчүнчүдөн куюлушкан чечен сөздүн ээси, кээде манасчы дагы. Окумуштуу 4-топту – куудул сөз устаттарын төмөнкүчө мүнөздөйт.

«Куудул сөз устаттары–булар чукугандай сөз таап, башка чапкандай кеп айтып, кызыл тилдүүнү бет алдырбаган чечендер. Куудул сөз психологиялык жагынан өтө мүнөздүү айтылат. Колониялык доорундагы чыккан мындай куудулдар Көкөтөй менен Куйручук. Булардын чечен тили жана куудулдугу жана курчтугу менен гана аныкталбастан, ички-тышкы уйкашы бар сүйлөмдөрү ритмикалуу, куюлушуп жорго сөз менен сүйлөнөт.

Ошондуктан куудул сөз жана чечендик кыргыз ооз адабиятынын бир жанры катарында эсептелет. Куудул сөз жана чечендик кишини күлдүрүп эрмек катарында гана айтылбастан, анын мазмуну өтө маанилүү жана өтө терең, элдик мүнөздө болот. Куудул сөз менен чечендик конкреттүү окуяны жана кишини алып сүйлөйт. Ал кээде окуялуу жана сюжеттүү келет. Бирок, куудул сөздүн окуясы жөө жомоктукундай чубалжып келбестен, ылакап сөздөрдөй айтылат. Куудул сөз сүйлөгөн героюнун сырткы кебете-кешпирин, анын ички сырын мүнөздөй айтат. Окуянын болгон шарты сүрөттөлөт, жана анын окуясы, геройлору жомоктогудай фантастикалуу болбостон, конкреттүү, акыйкаттуу болот.

Куудул сөз жана чечен тилдүү акындар чыгармаларынын баш геройлору көбүнчө өздөрү болот. Өзүнүн кишилерге кылган мамилеси аркасында же кишилердин мамилесине карай өзүнүн кылган кылыгынын негизинде окуянын калган геройлору мүнөздөлүп сүйлөнөт. Ошону менен бирге куудул сөз, чечен тилдүүлөр жана куудул кылыктуу болушат. Куудул сөздүү акындар ар дайым окуянын баш герою өзү болгондуктан, анын куудул мүнөз, шайыр-шайкелең, кылык-жоруктары ошол куудул сөздүн окуясы катарында айтылат. Кээде куудулдардын чечендик жагы кем болуп, көбүнчө, куудул кылыктуу гана болот. Булардын өтө орундуу кылган кылыктары аңгеме катарында гана айтылып калат. Колониялык доордогу мындай куудул кылыктуулар Карачунак, Коргонбай, Жоошбай, Калча, Эшкожолор».

Т.Саманчин мына ушинтип, акындарды чыгармачылык өзгөчөлүгүнө карай 4 топко ажыраткан. Бирок бул классификация катып калган догма эмес жана бул бөлүштүрүүнүн араларында бири-бирине өткүс бекем чек ара жок, деп жазган Т.Саманчин эмгегинде. Ал сөзүн минтип уланткан.

«Акындар чыгармачылыгынын бул төрт түрүн бири-биринен анча айра жиктөөгө болбойт. Жомокчулар негизинен ыр жамактаган акын болушкандай нускоочу, жамакчы акындар да жомокчу болушат. Бул акындар Манас, Семетейди айтпаганы менен андан кичине трагедиялык, лирикалык поэма жомокторду айтышат. «Курманбек», «Кожожаш мерген», «Жаныш-Байыш», «Сарынжы–Бөкөй», «Шырдакбек», «Кедейкан», сыяктуу жомоктордун көбүн ошол жамакчы, санатчы акындар айтышкан. Ар бир белгилүү акын өзү чыгарган ырларын ырдоо менен бирге репертуарларын чоң поэмалар менен толуктап, бирден, экиден айта жүргөн жомоктук поэмалары болгон. Ошондуктан акындардын чыгармачылык күчү элдик адабияттын негизинде арбын, төлдөп көргөн. Бирок акындар элдик адабият нускаларын айтуу менен гана бапестеп, өздөрү ошол элдик адабияттын окуяларын курчутуп, элестерин күчөтүп, анын көркөмдүгүн арбыткан. Кээде эл оозунда болгон кичинекей адабияттык аңгеме же ылакап материалдарын акындар чоң поэма кылып чыгарышкан. Ошентип, акындар биринчиден, өздөрү эл адабиятынын негизинде акындыгы арбып чыкса, экинчиден, эл адабиятын өстүргөндөр ошол акындар болгон. Ушул кездеги айтылып жүргөн элдик поэмалар аты унутулган нечен акындардын чыгармачылык кол кабышы аркасында ушул азыркы коолдук абалга жеткен болуу керек. Акын аталып кыргыз ооз адабиятынан орун алуу үчүн, ал акын өз жамак чыгармаларынан башка дагы жатка бир нече чоң поэмаларды, жана көп сандаган ырларды айтышы керек болуучу. Ансыз ал акын, акын аталып элдин ооз адабиятынан орун алалган эмес»

Жыйынтыктап айтканда, Т.Саманчиндин акындарды негизинен 4 топко бөлгөндүгү, аларды бири-биринен айырмачылыктары жана ортолорундагы окшоштуктары, жалпылыктары, буларды ырасташ үчүн мисалга тарткан далилдери менен макул болбой коюуга мүмкүн эмес. Т.Саманчин элдик оозеки поэзияны, анын тарыхын терең билген адам

катары акындардын өйдөкүдөй классификациясын улуттук адабият таанууда биринчи болуп жүргүзгөн жана акындар категорияларынын улуттук сөз өнөрүбүздөгү көп түрдүүлүгүн алгач жолу коомчулукка ачып берген. Окумуштуунун сиңирген тарыхый эмгеги–мына ушунда. Т.Саманчиндин бул классификациясы бүгүнкү күндө изилдөө иштеринде колдонулуп келет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. – Б.: Билд, 2004.
2. Саманчин Т. Колониялык доордогу биздин адабият. //Советтик адабият жана искусство, 1941, №5
3. Залкар акындар.- Бишкек:Шам, 2006,140 б.( Кетбука, Асан кайгы, Токтогул ырчы, Калыгул, Арстанбек).
4. Саманчин Т. XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы кыргыздын жазуучу, акындарынын чыгармаларынын бөтөнчөлүктөрү. //Советтик Кыргызстан, 1948, №2,
5. Асаналиев К. Башат. //Кыргызстан маданияты, 1989, 31-август

УДК.82.01.801.6
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-167-173

**Кубатбек кызы Мээрим**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Кубатбек кызы Мээрим**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Kubatbek kyzy Meerim**
KNU J. Balasagyn

# Т.СЫДЫКБЕКОВДУН ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОРУН ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ФИЛОСОФСКИХ МЫСЛЕЙ Т. СЫДЫКБЕКОВА
# FEATURES OF TEACHING PHILOSOPHICAL THOUGHTS T. SYDYKBEKOVA

**Аннотация:** Макалада кыргыз элинин улуу жазуучусу Т.Сыдыкбековдун чыгармаларындагы философиялык ойлордун окутулушу боюнча маселелер каралган. Т.Сыдыкбеков кыргыз тилинин тазалыгы, адабий тилдин нормасынын сакталышы сыяктуу орчундуу ойлорго карата өзүнүн кабатырланган көз караштарын билдирип, маселени чечүү жолдоруна чейин ачыктап берген макалалары да кездешет. Ошондой эле тилибиздеги чубалжыган сүйлөмдөрдүн жана көп сөздөрдүн маанилери чатыш, түшүнүксүз болгон учурлары, улуттук тилибиздин өзгөчөлүгү эске алынбастан сүйлөмдөр сөзмө-сөз которулуп эч жылдырылбастан өз-өз ордуна коюлгандыгы, эне тилибизде жазып, эне тилибизде сүйлөп жатабыз деп гезит-китептерибиздин нускасына мактанганыбыз менен элдик жандуу сөздөрдү бир четтен унутуп бараткаттарыбызды айтып кейийт.

**Аннотация:** В статье рассматривается преподавание философской мысли в произведениях великого кыргызского писателя Т.Сыдыкбекова. В статьях Т.Сыдыкбекова выражается его обеспокоенное мнение по таким важным вопросам, как чистота кыргызского языка и сохранение норм литературного языка, разъясняются пути решения проблемы. Также случаи, когда значения многих слов и предложений в нашем языке запутаны и неясны, предложения переводятся дословно без учета особенностей нашего национального языка и ставятся на свои места, не перемещая их, мы хвастаемся копии наших газет и книг, которые мы пишем на нашем родном языке и говорим на нашем родном языке Он с сожалением говорит, что мы забываем слова.

**Abstract:** The article discusses the teaching of philosophical thought in the works of the great Kyrgyz writer T. Sydykbekov. T. Sydykbekov's articles express his worried opinion on such important issues as the purity of the Kyrgyz language and the preservation of the norms of the literary language, and explain ways to solve the problem.Also, cases where the meanings of many words and sentences in our language are confused and unclear, sentences are translated verbatim without taking into account the peculiarities of our national language and put into place without moving them, we show off the copies of our newspapers and books that we write in our native language and speak our own language. He says with regret that we forget the words.

**Негизги сөздөр:** тил, адабий тил, философия, элдик, повесть, адабият, улут, роман, котормочу, дүйнө.

**Ключевые слова:** язык, литературный язык, философия, народ, повесть, литература, народ, роман, переводчик, мир.

**Keywords:** language, literary language, philosophy, people, story, literature, people, novel, translator, world.

Т.Сыдыкбеков кыргыз журтчулугуна улуу жазуучу, романчы, ойчул, философ, акын-котормочу катары белгилүү. Айтылган көп кырдуу таланттарды аркалоо менен бирге кыргыз тилине, тарыхый мурастарына, улуттук каада-салттарына, адабиятына, маданиятына жана адам баласына карата өзүнүн философиялык ойлорун байма-бай билдирип келген. Дүйнөдө адамзатынын асылдыгы, жоопкерчилиги тууралуу айткандары окуган адамдын жан дүйнөсүнө бүлүк салбай койбойт: “Бул адам баласы эс тарткандан улам чоңойгон сайын акыл-эси жетилип, тажырыйбасы байып, эмгекте такшалып, анан колунан мурда келбей аткан иштер улам барган сайын жигердүү иштелет эмеспи. Мына ушул мыйзам мекен жагынан алганда дал ошондой болуп арбып, артып күчөп олтурат. Адам канчалык эс тартып чоңойгон сайын ал мекендин көтөрөр жүгүн мойнуна көбүрөөк алат. Ал мекендин алдында өзүнүн аткараар милдетин зор экендигине жооптуулукту сезет. Бул жөнүндө да тээ эле байыртадан бери акылмандардын айтып келаткандары бар. Башканы коюп Новоинин бир сөзү эрксизден эске түшөт. Ал: «Адам баласы көз өткөнчө мекен үчүн күрөшүп, мекенди коргоп, мекен үчүн кызмат кылуусу керек», деген. Мына ушул сөздүн өзү бир топ суроого жооп болоор. Биз мекен деген сөздү кеңири түшүнөбүз. Туулуп өскөн жер бул булактын башаты. Маселен, мөңгүдөн суу тамчылап чыкты да дагы, ал төрөдү. Андан кийин булак агып отуруп өзөн сууга кошулду. Ал келип дарыяга куйду. Дарыя агып отуруп деңизге же океанга келип кошулду. Мына Мекен дегенди элестүү айтканда, мына ушундай болот» - дейт алп жазуучу [6.2]. Өзүнүн турмушунан алынган бул цитатада ойчул адам канчалык узак жашаган сайын ошончолук акылы топтолуп, кужурмөндүүлүк менен эмгектене баштай тургандыгын, Мекенге болгон милдети артыла берээрин, көз карашы жетик боло баштаарын

аныктайт. Баланын акыл-эси тамчыдай болуп, турмуштун ар тараптуу жагдайларынан эленип өтүп, чалкыган океанга айланаарын салыштыруу аркылуу берген. Андан ары улай эле "Биздин улуу мекенибиз адам баласынын келечеги. Ал, келечекте зор, асыл максаттарга жетүүгө шарт түзүп турган уя. Ушул уяда жашап туруп жолдон адашып, өзүнүн максатын өтөй албай аксап калган кишилер да бар. Анда билим десе билим, ден-соолук десе ден-соолук жайында. Ал үчүн мекенибиз көп чыгым да жумшаган. Мына ушул сыяктуу адамдарга карата элдик жалпак сөзү менен эскертерим: «адамды тамак аксатат, атты туяк аксатат» дейт. Бул илгертеден келе жаткан сөз биздин алдыңкы максатка эң өзөктөш ко? Ушундай өз жолунан адашкандарды көргөндө катуу өкүнөсүн. Бул ачык айтканда мекендин өкүнүчү. Биз улуу мекенибиз учүн колдон келген иштерди арноого милдеттүүбүз. Өнүгүп өсө берсин" – деген оюн билдирген. Т.Сыдыкбеков акындык өнөрдү дагы аркалап, кыргыз элине патриоттук, турмуштук жана сүйүү ырларын дагы тартуулаган. Анын Мекен тууралуу ырына көңүл бөлсөк:

Дарыя бөксөрөт, кайрадан толуп ташыйт.
Өмүр бөксөөсүн урпак толтурат.
Мекен көгөрө берсин. Урпак улана берсин!
Мекенге таазим! [7.45].

Мында өмүрдүн уланышын келечектин түбөлүктүүлүгү экендиги айтылат.

Жазуучу өзүнүн журналисттерге берген маегинде, ырларында, кара сөз түрүндөгү чыгармаларында Мекенден артык эч нерсе болбостугун баса белгилеп келет. Кээде ага кыянатчылык кылган адамдар бар экендигин, кекиртектин айынан эл-жерге кол салып жаткандар бар экендигин кыйытып айтып өтөт. Мындай пикири аркылуу адабиятчы жаштарды Ата мекенин сүйүүгө, кадырлоого чакырган.

Адабиятчы айрыкча кыргыз тили маселесине абдан көп кайрылган, тилдин тарыхы, келечеги, учурдагы абалы тууралуу олуттуу философиялык ойлорун айтып келген. "Тилсиз өнөр – билим өркүндөшү да болмок эмес. Адамдык адеп акылы, абийир сактоо, салт, расмий жакшылыкка жышааналаган ырым жөрөлгөлөр да болмок эмес. Бул кезде бизге жат сезилген диний ишенимдер өз кезинде бийик жана касиеттүү угулган сөз күчү менен кишини жакшылыкка баштады. Эгерде алгачкы акылман кеменгердик менен ой жүгүртүп: өзүн да, башкаларды да сыйкырдуу күчкө сыйынтпаса, анда ал байыркы кишилерди тек супсак кеп-сөз менен адеп-акылакка көндүрө албайт болчу. Ушундай улуу күчтөрдү тейлеген кишинин бирден бир күч куралы-тили!" – деп тилдин кудуреттүү күчү тууралуу чечмелеп берет [2.34]. Адамдын акыл-эсинин, кадыр-баркынын, аң-сезимининин, жашоо-тиричилигинин бардыгынын башаты тил экендигин баса белгилейт. "Эне тилибизге оору болуп кирген - «тик», «тык», «дүктөрдү» айтпаганда, сүйлөмдөр, эне тилибиздин эрежесине багынбагандыктан ушул чубалжыган сөз тизмектериндеги сүйлөмдө «эмнелер» менен «этияттуу түрдө мамиле кылуу менен айкалыштырууга тийиш» экендиги ой жорутмайынча көпчүлүк окуучуларга жете бербейт, жолдоштор! «Советтик кишинин идеялуулугу» деген баш макаланы да окуп көрөлүчү: "Эне тилибиздин туюндурмасын эске алып ушул чубалжыган узун үзүндүнү талдап көрсөк, өз ордун таппаган сөздөр, башка-башка айтылып бир маанини кайталаган сөздөр, так бир түшүнүктү берген сөз кош мааниге өтүп кеткен учурлар бар. Азыр биздин коомго кесип өтө эле көп болуп бара жатат. Бир кезде кыргызда кесип саны отуз-кырктан ашчуу эмес. Бул күндөрдө анын тармагы жылдан жылга кеңейүүдө. Кече эле сен укпаган кесипке жыл өтпөй сенин уулуң же кызың ээ. Бул да коомубуздун ар бир мүчөсүнө түзүп жаткан оң шартынын натыйжасы. Мекен үчүн иштөө улуу сыймык, чоң

кубат жана көңүл өстүрөөр жыргал”-деп кыргыз тилиндеги атоо сөздөрүнө дагы сын пикирин айткан. Анда кыргыз тилиндеги башаламан сөздөрдүн курулушуна, неологизмдерди номинациялоодо бир катар кемчиликтер жолугаарын ачыктаган. Мисал катары «Калыптагы» деп айтканда, аяк кийимдери калыпка салынган экен, кирпич калыпка куюлган экен”-деп түшүнүшүбүз мүмкүн. Андай болсо «социалисттик калыптагы кишинин» тагдырын калкыбыз кандайча түшүнүшөр экен?” – деген талдоосун алсак болот. Азыркы жашап турган тилдер турсун, байыркы заманда «өлүп калган» тилдерди кем басынтуу наадандык деп эсептелээрин айткан [3.23].

“Коркок-билиштик, көз карандылык, кошоматчылык, чала сабаттулук, наадандык кана эне тилди кемсинтүүгө, аны барктабаска жол ачат” – деген жыйынтыктуу оюн билдирген. Элибиздин маданияты көтөрүлүп, илимий мекемелерибиз көбөйүп илимпоздорубуз өскөнүнө карабастан; басма сөз тармактары байып-гезиттерибиз, журналдарыбыз, китептерибиз көп-көп нускада чыгып жатканына карабастан; радио угузуулар, телевидение көрсөтүүлөр калайыкка жар салып: жетишкендиктерди, ийгиликтерди, бардык жаңылыктарды тынымсыз даңазалап тургандарына карабастан бул кезде эне тилибиздин баркы анча эмес экендигин окурмандарга айтып, кооптонот.

Айрыкча, кыргыз тилинин тазалыгы, адабий тилдин нормасынын сакталышы сыяктуу орчундуу ойлорго карата өзүнүн кабатырланган көз караштарын билдирип, маселени чечүү жолдоруна чейин ачыктап берген макалалары да кездешет. Ошондой эле тилибиздеги чубалжыган сүйлөмдөрдүн жана көп сөздөрдүн маанилери чатыш, түшүнүксүз болгон учурлары, улуттук тилибиздин өзгөчөлүгү эске алынбастан сүйлөмдөр сөзмө-сөз которулуп эч жылдырылбастан өз-өз ордуна коюлгандыгы, эне тилибизде жазып, эне тилибизде сүйлөп жатабыз деп гезит-китептерибиздин нускасына мактанганыбыз менен элдик жандуу сөздөрдү бир четтен унутуп баратканыбызды айтып бушайман болот. Мындай учурларды ал “Бул-зыяндуу көрүнүш!”-деп атаган. “Тил-улуттук маданият. Улуттук байлык. Улуттук мурас! Ошону менен бирге ар бир элдин тили бүткүл адамзаттын маданий мурасына кошулат! Ар бир элдин эне тили, анын бардык жакшы касиеттери өз-өз ара эриш -аркак бааланганда гана, элдердин достугу чыналат!” - деген оптимисттик маанайдагы жыйынтыктуу ойлорун окурмандарга тартуулаган.

Жөнөкөй иш акылга анча уруна бербейт. Жөнөкөй – жөнөкөйлүгү менен зор, өзүндү даңкташ үчүн кумарлансаң, өмүрүң кумарда ойнолот. Жаз, күз ат үстүндө той тойлосоң, кыш бою өтүнсүз каласың. Чөлдө алабата-кызгалдак. Ою тайыздын жүрүшү серең, серең. Ичи тар итине да таш атат. Жекечилдик менен өзүмчүлдүк барда киши муңдан арылбайт. Акылынды ойготпосон, ал жаш баладай уктай берет. Бирок бала тынч уйкуда дени сак. Акыл тынч уйкуда магдырак. Жер балдарынан кишинин айырмаланган касиети анын кишиче ой жүгүртүп, сөз сүйлөгөндүгү. өнөрүн, маданиятын өнүктүрө баштаган кезинен эле ал бардык кишилик касиетин өнүктуруудө өз ара карым-катнашынын эн асыл жана баалуу куралы-тили болду. Жалпыбыз сабаттуу, билимдүү болуп калган кездеги бул укмуш карама каршылыкты ачык айтып моюнга алалы: башкаларды кое туруп биз өз-өз балдарыбыз менен көгултур экранда беш-он мүнөт калкка угуза эне тилибизде сүйлөшө алабызбы?.. Бүлүнгөн сөздөрдөн эптеп кураштырган нагыз тантык сүйлөмдөрдү кыйнала-кыстала айтарыбызды алдын ала моюнга алалы. Эмесе, «жарды», «чачылган» деп айыпты байыркы тилибизге түртө салуу, дале ачыгын айтышалы, бери болгондо өзүбүздүн камкоштугубуз, артыкбаш сактыгыбыз.

Башында баса белгилегендей, залкар адабиятчы баласынын табышмактуу, түйшүктүү жашоосуна байланыштуу философиялык ойлорун айтуу менен окурмандарды улууну

урматтоого, өмүрдү баалоого чакырып келет. «Атаң алтымышка чыкканда алдап соолоп кучүн ал» деген илгертеден келе жаткан ылакап бар. Ал эми сени менен маек куруп жаткан киши быйыл туп-туура 73кө келип калды. Эми мындан ары канча жашайбыз ал жаратылыштын иши. Ошондуктан биздин көкүрөктө демибиз, ооздо сөзүбүз барда ыгын таап пайдаланып калуу силердин милдет. Пайдалангыла! Турмуш-дарыя. Өмүр-тамчы" [1.343].

Тилекке каршы биз, кээде тек пенделик этип, бир беткей обдулабыз. Байыркы өмүрлөрдү үйрөнүүдө жалаңкабат калып, бизге өнөктөш болуп биздеги бугунку салмакты көтөрүшкөн ал күчтү көп учурда сезбейбиз. Сезүү мындай турсун, аны тангандар да бар. Албетте, бул бир беткейлик-жалпы элге өркүндөшүбүзгө (прогресске) чоң зыян. Биз тарыхты кеңири билип, анын жаман-жакшысын ажырата таанып, бүгүнкү ишибизге өткөндүн жакшысын ажырата таанып, бүгүнкү ишибизге өткөндүн жакшысын үлгү этип, жаманын кайталабас болсок биз караңгыда шам-чырактуу болор элек [4.67].

Маселен, менин мекеним, менин төрөлгөн айылым болсо, ал ошол жерден башталса, ошол жүрүп отуруп тамчыдан булакка айланган сыяктуу чоң мекенге келип куюлду. Ал улуу дарактын бир жашыл бутагы, же кенен төрдүн жакшыныкай көркөм байчечекейи болуп турат. Эгерде биздин социалисттик мекен зор чынары болсо, ал биздин төрөлүп келген жерибиз анын бир жашыл бутагы. Ошол аркылуу ал бийиктен бирин-бири көрктөп турат. Эгер бир киши канчалык ишмер болсо да мекен алдында иштер иши бир гана кишилик.Ал эми көптүн иши көп да. Элибизде: – «Көп түкүрсө көл болот» деген эң соонун макал бар. Көп мекен үчүн иштегенде мекен ого бетер гүлдөйт, күч алат, ого бетер жогорулайт. Ошентип анын алдындагы максаттары ишке ашат. Ошол сыяктуу адам өскөн сайын, акыл эске толгон сайын ал мекен алдында адамдын жооптуулугу өтө күчтүү болот. Ушуга байланыштуу дагы бир поэзиясына кайрылып көрөлү:

Ажалыңды таштай тур теңир.

Кыйбаймын жашыл өмүрдү!

Журт кайгысын жеке көтөрөмүн!

Көгөргөн бетине кан жүгүрдү. Оо, журт! Илкибей тыныгын, Жетейли, тигил,

Алтын булак Ата конушка! Кана жутсаң, Мөлтүр суусунан. Карада тирилесиң. Ат ойнотчуу Ала-Белдер ээндир. Көк-Конуштарга үй тигесиң. Тай минип, кунан минип. Улан-кыз жарышып, Күн мемиреп, Ата-эне күлүп, Кайрадан өнүгөсүн журтум, Улуу мекен Ата-Конушунда![4.23]. Акындын бул ойлорунда алыста жүргөн адам өзүнүн Мекенине келгенде күчтүү болуп, кайраттанып, телегейи тегиз болуп калаары жеткире ачыкталган. Улутунун патриот инсаны катары Ата-Мекендин оор кайгысын өзү гана көтөргүсү келгенин билдирген.

Мен ушул жерден, тээ оор заманда, оор мезгилде кандайдыр бир журт башына чоң алаамат түшүп турган мезгилде мына өлүм жолунда араң келе жатат, деп үлдүрөгөн карыянын айткан сөзүн эсиңе салдым. Ошол карыя мекенди көз алдына келтирип туруп тирилип кетпедиби. Ал: – Жүрүгүлө, жөнөйлүү, мекенди сактайлы! Мекен бизге өмүр, жан азык. Биз мекенге кубатпыз – деген сөздү айтпадыбы? Ошондой эле мекен адамды асыратса, эне адам баласын төрөп мекен менен бирге адамзат балдарын асырап жатпайбы. Ошондуктан энеге болгон дагы бир сөздү окуп коеюн. Анткени, мекен менен эненин, мекен менен атанын, ата мекен менен эне мекенди бири-биринен ажыратып кароого мүмкүн эмес. Бардыгы бир бирдикте, бир түшүнүктө. Алардын ар бири өзүнчө касиет, өзүнчө табылгыс мээрим:

Энем күбүрөдү өзүнчө:
– Оо,касиетүү Ысык-Көл !
Балдарыңды багар бекенсиң?
Коркконумдан ыйлагым келди
Көл кантип багат эне? Мени?
Энем мени жетеледи жаңсап
Энебиз Көл, ал жарыктык
Калайыкты төрөгөн,
Жаныбарларын,
Канаттууларын, баардыгын –
Ырыска бөлөгөн.
Төр-төрлөрдө байчечекей жайнап
Козу-кулак, ышкын, кымыздык,
Жайытта көбүрөгөн толкуп
Бет-бетте бүлдүркөн быкып
Ой тоосунда ырыс төгүлгөн.
Муздактан жарыка теминген.
Алтын булак жутсам кубат.
Жуунсаң эм балам!
Эзелкиден – ырыскың
Бабадан калган аманат!

Мына бул жерде бул сөздү айтуу менен мекенге жеке эле киши эмес, жеке эле жан-жаныбар эмес, көрсө толкун да, жел да, күндүн нуру да баардыгы эркелеп тургандай көрүнөт экен. Мейли сен кайда болбогун күн жадырап тийип турган учурду эске түшүрүп көрөлү. Ошол учурда бүт аалам, күн, бүт дүнүйө жер менен өзөктөшүп жерге асман, асманга жер бири-бирине жуурулушуп, бирин-бири эркелетип жаткандай көрүнүшкө күбө болосуң. Мен бул жерден айтайын дегеним, мекендин ушул жыргалын, ушул кубатын, ушул касиетин сезбеген адам ал өзү мекенсиз адам. Мекендин ушул касиетин, ушул жыргалын эгер тили болсо канаттуу да айтаар эле. Эгер тил сүйлөсө, мага ыракат, нур берип турат деп чөп дагы айтаар беле? Ошондуктан мекенге болгон сөз, мекенди баалоо, мекенди даңктоо ар бирибиздин зор милдетибиз! [2.67]. Ысык-Көлдү жанынан артык көргөн акын анын ыйыктыгын, улуулугун, адамды жаратып, ага ырыскы тартуулаарын айтып, таң калат, суктанат жана окурманды мекенди аздектөөгө чакырат. Адам баласынын өнүгүшү, өркүндөөсү үчүн эч бир мамлекетте мынчалык кеңири мүмкүнчүлүк түзүлгөн эмес. Мейли ал укук жагынан болобу, мейли ал маданият тармагындабы, кайсы жагынан болбосун биздин коомубуздун бөтөнчүлүгү. Мына ушул улуу өлкөдө жашап, эмгек этип жатышкан ар бир адамдын, ар бир улуттун чоң жана эң жарык үйү биздин улуу мекен. Ал алардын ар бирине кубат – дем берген жашоо тиричилине эң шарттуу жарык уя. Мына бизде бала 7 ге чыкканда мектепке барат. Ар бир уул, кыз кесип ээси болушка толук акылуу. Биздеги идеал: бардыгы адам үчүн, алардын жашоосу, алардын келечеги үчүн. Эмесе ошол адамдын милдети эмнеде? Алардын милдети өзү жашап турган мекенин гүлдөтүү. Мен бул жерде көп жылдык тажрыйбама байланыштуу ар бир кичинекей кемчил жагыбызды да белгилеп кетүүнү оң көрөөр элем. Биз айрым учурда кургак ураанга көбүрөөк жол беребиз. Чындыгында ошол кургак ураанга караганда жалпак сөз жүрөккө жылуу угулат. Жылуу сөздүн таасири да

күчтүү. Демек, мекенге ак кызмат өтөш үчүн баарынан мурда тилди барктоо, байытуу милдет [3.45].

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

**1.**Сыдыкбеков Т. Табылга. Бишкек. Адабият.1991.688-б.
2. Сыдыкбеков Т. Тилибиз бөтөнчө эмес. Адабият. Бишкек. 1990.34-б.
3. Сыдыкбеков Т. Тил биримдикке өбөлгө.Бишкек.
4. Сыдыкбеков Т.Бийикке баскыч көтөрөт. Бишкек. 1989. 23-б.
5. Сыдыкбеков Т. Тил өлбөйт, өнүгөт. Бишкек. Адабият.1990.12-б.
6. Сыдыкбеков Т. Киши өзүн өзү тарбиялайт. Бишкек. Адабият. 1987. 2-бет
7. Сыдыкбеков Т. Ынсап жөнүндө сөз. Бишкек. Адабият. 1999.45-бет.

УДК 811.512.154+371.3
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-173-177

**Мадиярова К.К.**
И.Исамидинов атындагы Педагогикалык колледж ПКМДИ
**Мадиярова К.К.**
Педагогический колледж ИЦППК имени И. Исамидинова
**Madiyarova K.K.**
Pedagogical College named after I. Isamidinov

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖДЕРГЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРГА БАГЫТТАП ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫНАН СПЕЦИАЛИСТ ПО КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ ДЛЯ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КОЛЛЕДЖЕЙОТ МЕТОДИКИ ОБУЧЕНИЯ, НАПРАВЛЕННОЙ НА КОМПЕТЕНЦИИ KYRGYZ LANGUAGE PROFESSIONAL FOR PEDAGOGICAL COLLEGESFROM THE METHODOLOGY OF TRAINING AIMED AT COMPETENCES

**Аннотация:** Макалада Педагогикалык колледжде педагогикалык багыттагы орто кесиптик адистер даярдалып чыккандыгына байланыштуу кыргыз тили сабагын заманбап технологияларды пайдаланып кесиптик компетенцияга багыттап окутуу. Алган билимин кесиптик ишмердүүлүгүндө кесибине байланышкан, кесиптик сөздөрдү өз эне тилинде, адабий жана мамлекеттик тилде сабаттуу иш жүргүзө алуусуна мүмкүнчүлүк алышат.

**Аннотация:** В статье преподавание кыргызского языка с использованием современных технологий направлено на повышение профессиональной компетентности за счет подготовки специалистов среднего профессионального образования педагогического направления в педагогическом колледже. У них будет возможность использовать полученные знания в своей профессиональной деятельности, профессиональные слова, связанные с их профессией, на родном, литературном и государственном языках.

**Abstract:** In the article, teaching of the Kyrgyz language lesson using modern technologies is aimed at professional competence due to the training of secondary professional specialists in pedagogical direction at the Pedagogical College. They will have the opportunity to use the

acquired knowledge in their professional activities, professional words related to their profession in their mother tongue, literary and state language.

**Негизги сөздөр:** Педагогикалык колледж, кыргыз тили жана адабияты, кесиптик компетенция, кесиптик ишмердүүлүк, инсанга багыттап окутуу, окутуунун технологиясы, инновациялык билим берүү.

**Ключевые слова:** Педагогический колледж, кыргызский язык и литература, профессиональная компетентность, профессиональная деятельность, личностно-ориентированное обучение, технология обучения, инновационное образование.

**Keywords:** Pedagogical college, Kyrgyz language and literature, professional competence, professional activity, person-oriented teaching, teaching technology, innovative education.

Педагогикалык колледж Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүү тармагы катары кыска мөөнөттүн ичинде педагогикалык багыттагы адистиктерди даярдап келе жатат. Педагогикалык колледжде 9-класстын базасында 2 жыл 10 ай, 11-класстын базасында 1-жыл 10 ай окуп билим алышат.

9-класстын базасы менен орто мектепти 9-классты бүткөндүгү тууралуу күбөлүктүн (аттестаттын) негизинде окууга кабыл алынып, 2 жыл 10 ай окушуп, окуган адистиги боюнча диплом алышат.11-класстын базасына жогорку кесиптик билим берүү багытындагы адистиктерге ЖРТдан төмөн балл алышкандыгына байлайланыштуу, колледжде 1 жыл 10 ай окушуп, орто кесиптик билим берүү багытындагы адистиги үчүн диплом алышып,жогорку кесиптик билим берүү адистигине кирүүгө багыт алышат.

Кыргыз тили сабагы 1-курс 9-класстын базасындагыларга орто мектептин 10-класстары жана 11-класстары үчүн түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министирлигинин буйругу менен бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн окуу жумушчу программа менен окуу процесси бир жылдын ичинде 1-семестрде 10-класстын программасы менен 2-семестрде 11- класстын программасы менен окутуу жүргүзүлөт.2-курстан баштап адистигине байланышкан предметтер окутулат. 2-курс 9-класстын жана 1-курс 11-класстын базасындагыларга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин буйругу менен бекитилген орто кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын жана билим берүүнүн нормативдик документтеринин негизинде бардык адистиктер боюнча окуу жумушчу программалары, пландары бекитилип, окуу процесси жүргүзүлөт.

Мамлекет тарабынан билим берүү тармагына өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгына байланыштуу , педагогика тармагында билим алуучулардын саны өсүүдө.

Окууну бүтүп адистике ээ болгондон кийин төмөнкүдөй жагдай күтүлүүдө:

- жогорку кесиптик билим берүү адистигине ЖРТнын жыйынтыгысыз кирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт;
- кыска мөөнөттүн ичинде кесипке ээ болот;
- жашоого болгон көз карашы өсөт;
- өзүн-өзү өнүктүрүүгө аракет кылат;

Педагогикалык колледждерде негизинен төмөнкү багыттагы адистиктер даярдалат: 050709-«Башталгыч класстарда окутуу» 050704 «Мектепке чейинки билим берүү». Бул адистиктер үчүн кыргыз тилинен бирдиктүү окуу жумушчу программасы түзүлөт. Азыркы учурдагы окуу жумушчу программасы кыргыз филологиясындагы адистиктерге

ылайыкталып түзүлүп калгандыгына байланыштуу, педагогикалык колледжде билим алып жаткан адистиктердин кесиптик компетенциясына багытталып иштелип чыкса, болочоктогу адис үчүн жакшы натыйжасын берет деп ойлойм.

Бүгүнкү студент эртеңки адис болуп чыгат. Каякта ? Кандай тармакта кызмат өтөйт? Студенттин болочоктогу кесибине багыттап окуу жумушчу программасын татаал формадан жеңилдетилген формада кабыл алуусуна ыңгайлуу, турмушунда да колдонуучу сабактардын ыкмаларын пайдалануу менен сабак өтүлсө билим берген тарап менен билим алган тарапка да оң таасирин тийгизмек. Билимди туура берип, убакытты туура пайдалансак, берген билимибиз натыйжалуу болсо, билим берүү тармагы үчүн да жемиштүү жетишкендиктер түзүлөбү?-деген ой жаралат.

2-курс 9-класстын 1-курс 11-класстын базасындагылар үчүн кыргыз тили жана адабияты деген сабак өтүлүп бирдиктүү окуу жумушчу программасы түзүлүп, кыргыз тили сабагы үчүн 24 практикалык саат , 21 саат студенттин өз алдынча ишине бөлүнгөн. Кыргыз адабияты сабагы боюнча да 24 практикалык саат , 21 саат студенттин өз алдынча ишине бөлүнгөн. Кыргыз тили жана адабияты сабагы деп бирдиктүү өтүлөт. Жалпы 48 практикалык саат, 42 саат студенттин өз алдынча ишине бөлүнгөн.

Кыргыз тили дисциплинасы боюнча төмөндөгүдөй сааттар бөлүнгөн :

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили<br>(1-курс 9-класстын базасындагылар үчүн) | 0 | 80 |
| 2 | Кыргыз тили жана адабияты<br>(2-курс 9-класстын жана 1-курс 11-класстын базасындагылар үчүн) | 3 | 90 |
| | Жалпы | | 130 |

Кыргыз тили үчүн бөлүнгөн 24 практикалык сааттын жана 21 студенттин өз алдынча ишине берилген саатты туура пайдаланып, студеттердин болочоктогу кесибине багыттап, кесиптик ишмердүүлүгүндө өз эне тилинде, адабий тилде, мамлекеттик тилде сабаттуу иш жүргүзө алуусуна багыт берүү керек. Кыргыз тилин интеграциялоо көпчүлүк учурда тексттер аркылуу ишке ашат. Көркөм чыгармадан алынган тексттерди колдонуу менен аларды азыркы жашап жаткан коом менен байланыштырып, жаман менен жакшыны, ак менен караны ажыратып жакшы жолго түшүүгө үйрөнүшөт.Ошондуктан кыргыз адабияты үчүн бөлүнгөн 24 практикалык сааттын жана 21 студенттин өз алдынча ишине берилген саатты туура пайдаланып, көркөм чыгармаларды, акын-жазуучулардын басып өткөн өмүр таржымалдарын окуу аркылуу алган билимин турмушунда колдонуп,өзүн-өзү өркүндөтүп, интелектуалдык деңгээлин жогорулатып, кеп жана жазуу маданиятын кесиптик ишмердүүлүгүндө туура пайдаланып, мамлекеттик тилде иш жүргүзө билүүгө калыптанат.

Окуу жумушчу прогаммасын п.и. д., профессор Ж.А.Чыманов, п.и.д., профессор С.К.Рысбаев, п.и.д., профессор В.И.Мусаевалар тарабынан иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелерине кыргыз тилин экинчи тили катары окутуунун концепсиясынына багыттап иштеп чыгып, колледждеги башка улуттун студенттерине да жеңил жолун издөө.

Педагогикалык колледждин 050709-«Башталгыч класстарда окутуу» багытындагы адистикти бүтүргөн студент башталгыч класстарга мугалим болуп, 1-класстан 4-класска чейинки класстарга билим берет.

050704 «Мектепке чейинки билим берүү» багытындагы адистикти бүтүргөн студент бала-бакчаларга тарбиячы болуп, 3 жаштан 7жашка чейинки балдарды тарбиялоо менен кызмат өтөшөт. Кыргыз тилин кесиптик компетенцияларга багыттап окутуунун методикасы жөнүндөгү илимий макаланын идеясы да ушундан улам келип чыкты.

Кыргыз тилин кесиптик компетенцияга багыттап окутуунун методикасы боюнча окуу методикалык комплексин иштеп чыгып,анын негизинде окуу куралы түзүлсө ар бир адистиктерде билим алып жаткан студеттер үчүн жеңил болмок. Педагогикалык колледжде даярдалып жаткан адистер үчүн кыргыз тилин кесиптик компетенцияга багыттап окутуу үчүн атайын иштелип чыккан окуу куралы жетишсиз.

Ар бир бала окууга бир максат менен келет. Биз кайсы мамлекетке, өлкөгө барбайлы кыргыз болуп таанылабыз. Азыркы учурда мамлекеттик тилге болгон талаптар күчөп жатат.Бул абдан ич жылытарлык көрүнүштөрдүн бири.

Кыргыз тилин окутуунун ыкмаларыда баланын болочоктогу кесибине ылайыкталып иштелип чыкса, билим тармагынын кызматкерлери үчүн жемиштүү иш деп эсептейм. Педагогикалык колледжди аяктаган адистер эртеңки күндө мамлекеттик кызматкер болуп, билим берүүчү мекемелерде кызмат өтөйт. Ошон үчүн өз мамлекеттик тилинде сабаттуу иш алып баруусуна багыттасак, башка улуттагы студентер үчүн да жеңил болмок.

Бат өзгөрүп жаткан коомдо “Кыргыз тили “ сабагын  заманбап технологияларды пайдаланып , электрондук варианттарын иштеп чыгып, окутуу мезгилдин талабы болуп калды. Кыргыз тили жана адабиятында бүтүндөй кыргыз элинин тарыхы, маданияты, баалуулуктары, улуттук дөөлөттөрү камтылган. Ошол дөөлөттөрдү кийинки урпактарыбыз унутта калтырбашы үчүн сабактын ыкмаларына айкалыштырып өтсөк, келечек муундарыбыз жана биз улуу муундар үчүн жооркерчиликтүү иш. Азыркы жаштардын башка өлкөлөргө байланыштуу жөргөлөргө бат ооп кетишине да кыргыз тили боюнча замандын талабына ылайык келген ыкмалардын аздыгы болуп жаткандыр деп ойлойм. Башка өлкөлөрдүн жөрөлгөлөрүн бат кабыл алып жаткан жаш муундарга, кыргыз тили боюнча да замандын талабына шайкеш келген ыкмаларды изилдеп чыгып, педагогикалык колледжде даярдалып жаткан адистерге да жакшы.

Педагогикалык колледжде даярдалып жаткан адистер билим тармагына байланышкан мекемелерде кызмат өтөшүп 050704 «Мектепке чейинки билим берүү» багытындагы адистер бала-бакчаларга тарбиячы болуп, 3 жаштан 7жашка чейинки балдарды тарбиялап окутушса, 050709-«Башталгыч класстарда окутуу» багытындагы адистер башталгыч класстарга мугалим болуп, 1-класстан 4-класска чейинки класстарга билим беришет.

Бала-бакчада тарбияланган бала мектепке барып, башталгыч класстын мугалимине барып окуйт, 5-класстан 9-11-класска чейин жогорку класста окушуп, 9-классты же 11-классты бүтүшүп , колледждерден же болсо ЖРТдан баллы жеткиликтүү болсо, жогорку кесиптик билим берүү адистиктеринде билимин улантышат. Чырпыкка деле өз убагында көнүл бөлүп жакшы баксак, ал чырпык көзгө көрүнүктүү чынар терекке айланат, көңүл бөлбөй өз учурунда жакшы карабасак куурап жок болот. Ошону сыңары эле балдарга жакшы көңүл бөлүп, сабакты баланын кабыл алуусуна ыңгайлаштырып сабактын ыкмаларын изилдеп иштеп чыксак, даярдалып жаткан адистерден да сапаттуу адистер өсүп чыгат.

Кыргыз тилин кесиптик компетенцияга багыттап окутууда кандай компетенттүүлүккө негиздеп окутуу керек:

- Окуучулар же студенттер кандайдыр бир ишмердикти (изилдөөнү, долбоорлону) жүзөгө ашырууга катышканда;
- окуу процесси окуучунун же студенттин өз алдынчалыгын, өз ишмердигин уюштуруу жана натыйжалуулугу үчүн жоопкерчилигин өнүктүрүүгө багытталганда;
- максат коюп ага жетишүү тажрыйбасын өздөштүрүү үчүн кырдаал түзүлгөндө;
- топтордун ишин натыйжалуу уюштурганда ;

Негизги же түйүндүү компетенттүүлүктөр

1. Маалыматтык компетенттүүлүк
2. Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк
3. Өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүүчүлүк компетенттүүлүк

Педагогикалык колледжерге кыргыз тилин кесиптик компетенцияларга багыттап окутуунун методикасын изилдеп чыгуу- билим берүү тармагынын алдыга жылышына, педагогикалык колледжден даярдалып чыккан ар бир адис өзү тандаган кесиптин татыктуу адиси болуусуна багыт берүү .

Жеткиликтүү билим бериш үчүн төмөнкү каражаттарга көңүл бөлүнүшү керек:

1. Кыргыз тилин кесиптик компетенцияларга багыттап окутуу боюнча окуу методикалык комплекси;
2. Окуу методикалык комплексинин негизинде түзүлгөн методикалык колдонмо;
3. Замандын талабына шайкеш келген техникалык каражаттардын жеткиликтүү болушу;

Окуу жумушчу программасындагы тематикаларды кыргыз тилин кесиптик компетенцияларга багыттап коюп, практикалык сабактарды, өз алдынча иштөөчү көнүгүүлөрдү колдонуп, баланын өз оюн эркин айтууга багыт берүү. Азыркы учурда тренинг жана долбоорлоо түрүндөгү сабактарды соцтармактардан күн жасайын кездештиребиз. Бизда күн сайын өтүп жаткан сабактарыбызды тренинг жана долбоорлоо түрүндө же болбосо, бала бат кабыл ала турган ыкмаларын иштеп чыгып, кайталанма сабактын ыкмаларынан алыстасак, бала модулдан же экзаменден баа алыш үчүн эмес өзү үчүн окууга аракет кылат.

Педагогикалык колледжде жети жылдык тажрыйбамда балдардын көпчүлүгү экзаменден баа алыш үчүн окугандай сезилет. Биз келечекте адистерди даярдап чыгаруучу орто кесиптик билим берүү тармагы болгондуктан, баланы баа алыш үчүн эмес болочоктогу өзү тандаган кесиптин мыкты адиси болуусуна багыт беришибиз керек деп эсептейм.
**Негизги сөздөр:** компетенттүүлүк, кесиптик педагогика, “билим” “билермандык”, “билгичтик”, “көндүмдүк”, технологиялык ыкма,

**Ключевые слова:** компетентность, профессиональная педагогика, «знания», «умения», «навыки», технологический метод,

**Keywords:** competence, professional pedagogy, "knowledge", "skills", ability, effective,

**Кыскача мазмуну.** Бул макалада болочок башталгыч класстын мугалиминин башкаруучулук ишмердүүлүгүнүн көйгөйлөрү талкууланат.Ошондой эле калыптанган жана өнүгүп келе жаткан мугалимдин билимдердин, билгичтиктин жана көндүмдөрдүн системасын өздөштүрүүсү талданат. Ошондой эле аткарылган иш- аракетте алардын ортосундагы генетикалык байланыш педагогикалык процессти уюштуруудагы негизги звено катары каралат.

Ошону менен катар педагогикалык билим берүү системасындагы “компетенция” жана “компетенттүүлүк” түшүнүктөрүнүн маңызы талдоого алынып, илимий-педагогикалык адабияттарда, айрыкча окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу жана ага жетекчилик кылуу маселеринин өзгөчөлүктөрү жана аталган процессдеги жетекчилик кылуунун чеберчилиги системалаштырылат. Сунушталган макалада мугалимдин башкаруучулук компетенттүүлүгүнүн аныктамасы берилген. Бул жагдайда зарыл болгон илимий педагогикалык ресрустар системасы мугалимдин ишмердүүлүгүнүн компоненттерине ылайык педагогикалык процессте окуучуларга натыйжалуу жетекчилик кылуунун принциптери каралган. Педагогикалык процессдеги технологиялык башкаруучулук ыкмалардын мүнөздөмөлөрү аныкталып, окутуу жана тарбиялоонун максаттарын, милдеттерин ишке ашырууда колдонуунун системасы сунушталат.

Социалдык-экономикалык системаны реформалоо, рыноктук мамилелерге өтүү билим берүүнү маселесин өнүктүрүү стратегияларында кеңири чагылдырылган. Мындай шартта билим берүүнүн максаттары түп тамырынан бери өзгөрөт. Маңызы боюнча теориялык, кенендиги боюнча энциклопедиялык билимдин көп жылдар бою билим берүүнүн башкы максаты болуп келген жана учурда окуучулардын жеке потенциалын ишке ашыруунун каражатына айланууда. Кыргызстанда «менеджмент» түшүнүгү көптөн бери көрсөтмөлөр, директивалар, буйруктар менен чектелген административдик иш катары түшүндүрүлүп келген. Билим берүүнү башкаруу тармагында да ушундай мамиле болгон. Билим берүү мекемелеринин жетекчи кызматкерлери мугалимдерди башкаруу чечимдеринин аткаруучулары катары гана эсептешкен. Заманбап мугалим билим берүү процессинин башкаруучусу. Ал ар дайым контролдун субъектиси же объекти катары иш алып барат. Жалпы билим берүү системасындагы башкаруу маселелери илимий-педагогикалык адабияттарда кеңири чагылдырылган (Т.Г.Бадешко, К.Я.Вазина, Ю.В.Васильев, В.И. Кочетков, В.С.Лазарев, Т.Ф.Лошакова, М.М.Поташник, В.П.Симонов, Т.И. Шамова, Е.А.Ямбург ж.б.), бирок, башкаруу маселелери карала турганын белгилей кетүү керек. Окутуу жана билим көндүмдөрдүн системасын өздөштүрүү аркылуу өнүгөт. Биз билимди ээрчип, көндүмдөрдү адамдын менчиги, анын мурда алган билимдеринин негизинде жаңы шарттарда белгилүү бир аракеттерди жасоо жөндөмү катары карайбыз. Бул билимдин, көндүмдөрдүн жана иш-аракеттердин ортосундагы генетикалык байланышты карайт. Бирок акыркы мезгилде адистин квалификациясынын жана профессионалдуулугунун деңгээлинин

туюнтмасы катары “компетенттүүлүк”, “компетенция” деген түшүнүктөр колдонулууда. Орус педагогикалык илиминде жана практикасында"компетенттүүлүк" жана "компетенция" түшүнүктөрү 90-жылдардын аягында гана иштей баштаган. Илимий-педагогикалык адабияттарда, өзгөчө окуу жайлардын ишмердүүлүгүн башкарууну баяндоодо жана педагогикалык кадрларды аттестациялоодо кездешет»

Ошол эле учурда мугалимдин башкаруучулук ишинин теориялык негиздери толук иштелип чыга элек, башталгыч билим берүүдө келечектеги мугалимдерди башкаруучулук ишмердүүлүккө даярдоо проблемасы боюнча изилдөөлөр жетишсиз, башкаруучулук компетенциянын мазмуну ачыла элек.

Кесиптик компетенциялар профессионалдык ишмердүүлүктү практикада жүргүзүү процессинде өнүгөт. Бирок, кеңири мааниде компетенттүүлүккө баа берүү кыйын.

«Башкаруу циклинин алкагында төмөнкүдөй толуктоолор пайда болот: салттуу пландаштырууну өнүктүрүүчү болжолдоочу жана моделдөөчү иш-чаралар; билим берүү мониторингинин алкагында диагностиканын негизинде башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга байланышкан жол- жоболор; угуучулардын окуу ишмердүүлүгүн жана рефлексивдүү процесстерди жөнгө салуу».

Мугалимдин башкаруучулук компетенттүүлүгү – бул мугалимдин ишинин бардык компоненттерине (максаттарына, принциптерине, мазмунуна, технологияларына ж.б.) ылайык окуучуларды эффективдүү башкарууну уюштуруу үчүн зарыл болгон ички ресурстар системасы. Аны башкаруучулук компетенттүүлүктүн илимий-теориялык, операциялык- технологиялык жана социалдык-психологиялык мүнөздөмөлөрүн камтыган татаал система катары кароо керек.

Билим компоненттеринин чоң көлөмүнө багытталган студенттерди педагогикалык даярдоонун колдонуудагы системасы менен адистин кесиптик жана инсандык өнүгүүсүнө багытталган компетенттүүлүккө негизделген мамилеге түп-тамырынан бери өтүүнүн жана кесиптик жана технологиялык билимдин оперативдүү-технологиялык компонентинин ортосунда педагогикалык чеберчилик.

“Компетенттүүлүк” түшүнүгү кесиптик педагогиканын концептуалдык аппаратында өзгөчө мааниге ээ. Белгилей кетсек ата мекендик профессионалдык педагогикада жана көпчүлүк учурларда адистин квалификациясынын жана кесипкөйлүгүнүн жетиштүү деңгээлин билдирүү үчүн интуивдик түрдө колдонулат.

Э.Ф. Зеер белгилегендей, “компетенттүүлүк” түшүнүгү “билим”, “билгичтик”, “көндүм” түшүнүгүнө караганда кененирээк, карайт. Бул ал өз ичине когнитивдик жана операциялык- технологиялык компоненттерди гана эмес, мотивациялык, этикалык, социалдык жана жүрүм-турумдук, ошондой эле окутуунун натыйжалары (билим, көндүмдөр), баалуулук багыттары системасы, катары карайт. [8, б. 34].

"Компетенттүүлүк" термини бир катар олуттуу артыкчылыктарга ээ.
Биринчиден, бул түшүнүк салттуу үчилтиктин байланыштыруучу звеносунун маанисин туюндурат.

Берилген аныктама боюнча В.Ландшер: «Кеңири мааниде компетенттүүлүк предметти терең билүү же өздөштүрүлгөн көндүм катары аныкталышы мүмкүн»[18, б. 32].

Компетенттүүлүк – бул адистин ишке даярдыгы, коюлган ишке адекваттуу абалы. Демек, адам же компетенттүү же талап кылынган аткаруу деңгээлине карата эмес.
Компетенттүү адис көптөгөн чечимдердин ичинен эң оптималдуусун тандап алат, жалган чечимдерди негиздүү түрдө жокко чыгарат. [7]. Компетенттүүлүк билимди такай жаңыртып

туруу, белгилүү бир убакта жана шартта кесиптик маселелерди ийгиликтүү чечүү үчүн жаңы маалыматтарга ээ болуу.

В.П. Симонов мугалимдин компетенттүүлүгүн «профессионалдык функцияларды аткарууга даярдыгы, коомдук мамилелердин гармониялуу биримдиги жана психологиялык-педагогикалык билими менен мүнөздөйт. даярдоо.

Кесиптик ишмердүүлүктүн дагы бир өзгөчөлүгү - адистин компетенттүүлүгү. «Компетенциялар – бул адам ээ болгон социалдык функциялардын жыйындысы катары түшүнүлөт коомдун мүчөсүнүн, социалдык топтун, коллективдин социалдык маанилүү укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруу.

В.Н. Введенский компетенттүүлүк жөнүндө айтып жатат«жеке мүнөздөмөнүн бир түрү катары, ал эми компетенттүүлүк, анын ою боюнча, спецификалык кесиптик же функционалдык мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы»[6, б. 51].

А.Н. Новиков мындай деп белгилейт: «Алар кесипкөйлүк жөнүндө сөз кылганда, бул биринчи кезекте тигил же бул адамдын техникага ээ болушун билдирет...»

Мугалимдердин алдыга коюлган максаттардын чегинде аракеттенүү жана жаңы максаттарды коюу жөндөмдүүлүгү алардын кесиптик өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлин, практикалык даярдыгын билдирет. талап кылынган деңгээлде калыптанган башкаруучулук иш-аракеттин профессионалдык көндүмдөрүнүн жана жөндөмдөрүнүн болушу. Башкаруучу компетенттүүлүк биринчи кезекте башкаруучулук иш- аракеттерди ишке ашыруунун негизи болуп санала тургандыгын да белгилей кетүү керек. Бирок, ошол эле учурда, башкаруучулук компетенттүүлүк окутуу процессинде адистер тарабынан өздөштүрүлгөн башкаруучулук иш-аракеттин элементтерин да камтышы керек экендигин эске алуу керек. Башталгыч класстын мугалиминин башкаруучулук компетенттүүлүгүнүн илимий-теориялык мүнөздөмөсү психологиялык-педагогикалык жана атайын билимдердин зарыл көлөмүн, өзүнүн билимин жана акыл-эс жөндөмүн уюштурууну камтыган башкаруучулук ишмердүүлүккө илимий-теориялык жактан даярдыгын билдирет. [7].

Башкаруучулук компетенттүүлүктүн оперативдүү жана технологиялык мүнөздөмөлөрү окуу процессинин максаттарын коюуда, окуу максаттарына жетүү үчүн конкреттүү милдеттерди коюуда, бул милдеттердин артыкчылыктуулугун жана баш ийүүсүн аныктоодо адекваттуу багытты болжолдойт. Башкаруу функциялары системалуу түрдө белгилүү эрежелер боюнча жана белгилүү бир процедуралардын негизинде жүзөгө ашырылат. Окучуулар тобунун ишинин максаттарын мугалим тарабынан өз алдынча коюу, аларды конкреттештирүү, алардын жетишүүсүн көзөмөлдөө, максаттарды өз мүмкүнчүлүктөрү менен байланыштыруу ал эми окуучулардын мүмкүнчүлүктөрү менен «профессионалдык жана технологиялык компетенттүүлүк» түшүнүгүнө кирет, бул «кесипкөйлүк даражасын мүнөздөгөн интегралдык жөндөм»[20, б.11].

Бул изилдөөнүн актуалдуулугу педагогикалык адистиктердин студенттерин даярдоо процессинде пайда болгон карама-каршылыктарды чечүүгө болгон мамилени илимий жактан негиздөө зарылчылыгы менен шартталган. алардын эң негизгилери төмөнкүлөр:

М.И. Марин белгилегендей, «билимди уюштуруу деп иштин талаптарына ылайык ишке ашырууга мүмкүн болгон билимдердин массивдерин калыптандыруу боюнча туруктуу иш-аракет түшүнүлөт.

Натыйжалуу башкаруучулук ишмердүүлүк интеллекттин калыптанган рефлексивдүү деңгээлинин болушу жана анын бардык ой калыптанган башкаруусу керек. Илимий-

теориялык компонент башкаруу ишинин функцияларын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон билимдердин ишинин аспектрин мүнөздөйт.

Мугалимдин башкаруучулук компетенттүүлүгүнүн социалдык- психологиялык аспектиси «инсандар аралык кабыл алуу жана өз ара аракеттенүү чөйрөсүндөгү адекваттуулукту, чыр-чатактарды болтурбоо жөндөмүн камсыз кылат. Педагогикалык жагдайлар, лидерлик стилинин ийкемдүүлүгү, ошондой эле коммуникативдүүлүк – башка адамдар менен зарыл болгон социалдык-психологиялык билимдер негизинен лидерлик статусун камсыздайт. Мугалимдин социалдык-психологиялык компетенттүүлүгү анын кесиптик маанилүү сапаттары топтолгон мүнөздөмө болуп саналат. Компетенттүүлүк методологиясын эске алсак башкаруучулук компетенцияны талдоо үчүн функционалдык-аналитикалык ыкманы колдонуу максатка ылайык. Бул ыкманы колдонуу кесиптик жана атайын дисциплиналарды изилдөөдө колдонулат, анткени кесиптик билим берүү адамды кесиптик ишке даярдоого функционалдык багыт берүү болуп саналат.

Бул билим, билгичтик, көндүмдөр башталгыч класстын мугалиминин башкаруу компетенциясында камтылууга тийиш. Бул жагдайда функционалдык-аналитикалык мамиленин негизинде аныкталган башкаруу жөндөмдөрдүлүктөрүн аныктайбыз:

Башкаруу ишинин маалыматтык-аналитикалык функциясын компетенттүү аткаруу үчүн төмөнкү көндүмдөрдү ишке ашыруу зарыл.

• тиешелүү маалыматты тандоо жана тандоо;

• маалыматты талдоо;

• билим берүү жана программалык документтерди талдоо;

• окутуу технологияларын талдоо;

• угуучулардын билимин жана көндүмдөрүн диагностикалоо жана өлчөө каражаттарын талдоо.

Маалыматтардын теориялык жана практикалык маанисин эске алуу менен карама

каршылыктарды жана аларды чечүүнүн эффективдүү жолдорун табуу зарылдыгын эске алуу менен, башкаруучулук компетенттүүлүк феноменин теориялык жана методологиялык жактан негиздөөдөн жана келечектеги башталгыч класстын мугалиминде аны педагогикалык институтта окутуу учурунда калыптандыруунун жолдорун камтыган изилдөө проблемасы түзүлдү.

Башталгыч класстын мугалиминин спецификалык чеберчилигинин бири – бул ар түрдүү дисциплиналар боюнча окутуу программаларынын өз ара аракеттенүүсүн талдо Менеджменттин мотивациялык-максаттуу функциясын ишке ашыруу үчүн мугалим төмөнкүлөрдү билиши керек:

• угуучуларга диагностикалык максаттарды коюу жана калыптандыруу башкаруу ишинин пландоо-прогноздук функциясын ишке ашыруумугалимден төмөнкүдөй көндүмдөрдү талап кылат:

• педагогикалык ишмердүүлүктүн өнүгүшүн болжолдоо;

• билим берүү мекемесинин өнүгүү стратегиясына ылайык өз ишинин максаттарын жана окучуулардын ишмердүүлүгүн пландаштыруу;

• кесиптик ишмердүүлүк үчүн мүнөздүү документтерди иштеп чыгуу, аны колдонуу

• техникалык окуу куралдарын (айрыкча ПК) колдонуу.

Жыйынтыктап айтканда башталгыч класстын мугалими үчүн белгилүү бир чеберчилик, окуу процессин үзгүлтүккө учуратпастан дифференцияланган коррекция болушу максатка ылайык. Ошону менен бирге педагогикалык процессте

компетенттүүлүктүн структурасын эске алуу менен башкаруучулук функцияны ишке ашыруу зарыл.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Ландшеер В. Концепция «минимальной компетентности» // Перспективы: вопросы образования. — 1998. — № 1. — С. 31–34.
2. Лошакова Т.Ф. Педагогическое управление школой как вид управленческой деятельности / Т.Ф. Лошакова. — М.: Изд-во исслед. центра управления качеством подготовки специалистов, 1995. — 42 с.
3. Нестеров В.В., Белкин А.С. Педагогическая компетентность: Учеб.пособие. — Екатеринбург: Центр «Учебная книга», 2003. — 188 с..
4. Руденский Е.В., Панина Т.С. Введение в теорию и практику психологических технологий общения учителя как менеджера. — Кемерово: Изд-во ОблИУУ, 1995. — 109 с.
5. Сенновский И.Б. Управленческая деятельность учителя // Педагогика. — 2004. — № 2. — С. 48–52.
6. Хуторской А.В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы образования // Народное образование. — 2003. — № 2. — С. 58–64.

УДК 37.015.31
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-245-252

**Качкын уулу А., Бактыбек кызы В.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Качкын уулу А., Бактыбек кызы В.**
КНУ им. Ж. Баласагына[1,2]
**Kachkyn uulu A., Baktybek kyzy V.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

ORCID: 0009-0000-8666-1544, SPIN-код: 9080-1027 [1]

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУУГА ЫҢГАЙЛАШУУСУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАКТАН КОЛДООНУ ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИЗИЛДӨӨ

# ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКОГО СОПРОВОЖДЕНИЯ АДАПТАЦИИ УЧЕНИКОВ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ К УЧЕБЕ

# EXPERIMENTAL STUDY OF PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL SUPPORT OF ADAPTATION OF PRIMARY SCHOOL PUPILS TO LEARNING

**Аннотация:** Макалада башталгыч класстын окуучуларынын окууга ыңгайлашуусун психологиялык-педагогикалык жактан колдоо жана аны эксперименталдык изилдөөгө арналды. Окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрү каралып, окуу ишмердүүлүктүн мааниси жана ролу талданды. Окууга болгон ыңгайлашууда ашыкча тынчсызданган балдардыкы узакка созулуп жогорку стрессти башынан өткөрөт. Мектептин шарттарына ыңгайлашууга таанып билүү, социалдык мотив жана мектептеги тынчсызданууунун таасири эксперименталдык жол менен аныкталды. Мотивациянын жана мектептеги тынчызданууунун

натыйжалары таблицада берилип, программанын иштелип чыгышына түрткү берди. Эксперимент үч этапта жүргүзүлүп, констатациялык этапта таанып билүү, социалдык мотивдердин деңгээли жана тынчсыздануу атайын методиканын жардамы менен аныкталды. Башталгыч класстын окуучулары мектепке ыңгайлашуу жогорку деңгээлде жүрүү үчүн эксперменттин калыптандыруучу этабында атайын программа ишке киргизилип, натыйжалуулугу контролдук этапта текшерилди.

**Аннотация:** Статья посвящена психолого-педагогическому сопровождению адаптации младших школьников к обучению в школе и ее экспериментальному исследованию. Рассмотрены возрастные особенности учащихся, проанализированы смысл и роль учебной деятельности. Дети с чрезмерной тревожностью при адаптации к учебе испытывают длительный стресс. Было экспериментально выявлено влияние познавательной и социальной мотивации, а также школьной тревожности на процесс адаптации к школьному обучению. Эксперимент проводился в три этапа, на констатирующем этапе эксперимента по специальной методике определялись познавательные способности, уровень социальных мотивов и уровень школьной тревожности. Результаты диагностики учебной мотивации и школьной тревожности были представлены в таблице, по этим данным была разработана программа. На формирующем этапе эксперимента использовалась специально разработанная программа по адаптации к школе, на контрольном этапе проверялась ее эффективность.

**Abstract:** The article is devoted to the psychological and pedagogical support of the adaptation of younger students to schooling and its experimental research. The age characteristics of students are considered, the meaning and role of educational activity are analyzed. Children with excessive anxiety experience long-term high stress when adapting to school. The influence of cognitive and social motivation, as well as school anxiety on the process of adaptation to schooling, was experimentally revealed. The experiment was carried out in three stages, at the ascertaining stage of the experiment, cognitive abilities, the level of social motives and the level of school anxiety were determined using a special method. The results of the diagnosis of motivation and school anxiety were presented in the table, according to these data, a program was developed. At the formative stage of the experiment, a specially developed program for adaptation to school was used, and its effectiveness was tested at the control stage.

**Негизги сөздөр:** башталгыч класстын окуучулары, мектепке ыңгайлашуу, психологиялык-педагогикалык колдоо, эксперименталдык изилдөө.

**Ключевые слова:** ученики начальных классов, адаптация к школе, психолого-педагогическое сопровождение, экспериментальное исследование.

**Keywords:** primary school students, adaptation to school, psychological and pedagogical support, experimental research.

**Актуалдуулугу:** Заманбап жалпы билим берүүчү мектеп коомдун негизги социалдаштыруучу институту болуу менен, мектеп окуучуларынын ар кандай куракты мезгилдеринде ийгиликтүү адаптациялоо маселесин чечүүгө багытталган. Бирок, башталгыч класстарда көптөгөн окуучулар билим берүү мекемелеринин барган сайын татаалданган талаптарына ыңгайлашууда кыйынчылыктарга дуушар болушат. Изилдөөчүлөрдүн айтымында, билим берүү мекемесинин түрүнө жараша башталгыч класстын окуучуларынын 20дан 60%га чейин мектептин билим берүүнүн шарттарына ыңгайлашууда олуттуу кыйынчылыктарга туш болушат.

Башталгыч мектеп курагындагы балдарда ыңгайлаша албаганын себептери билим

берүү процессинде баланын жеке өзгөчөлүктөрүн, ыктарын, кызыкчылыктарын, психикалык жана физикалык ден соолугун жана балдардын эмоционалдык бакубаттуулугун ж.б. айтууга болот [6].

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы: Жайыл районунун, Сосновка айылынын, Сосновка орто мектебинин 1-класстарынын окуучулары. Биринчи класста диагностикалык экспертизанын анализинин натыйжасында класстын мүнөздөмөсүн түздүк, анын негизинде 1-класс 27 окуучуну алдык. Бул класста 27 окуучу окуйт, алардын 12си кыз, 15и эркек балдар.

2022-2023-окуу жылынын биринчи жумасында ушул класстын окуучулары менен адаптациялык жуманы өткөрдүк, бул адаптациялык психологиялык-педагогикалык коштоонун биринчи этабы. Окуучулардын мотивациясын жана тынчсыздануусунун деңгээлин аныктоо боюнча атайын методикалар колдонулду:

- мотивацияны изилдөө үчүн Н.Г. Лускановanын "окутуунун жетектөөчү мотивдери" методикасы [5];

- мектептеги тынчсыздануу деңгээлин изилдөө үчүн Филипстин тести.

Н.Г.Лускановanын "окутуунун жетектөөчү мотивдери" методикасын таанып-билүү жана социалдык мотивдердин түрлөрү боюнча бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет. Эгерде окуучуда окуу предметинин мазмунуна басым жасоо байкалса, анда таанып-билүүчүлүк мотивдердин бар экендиги жөнүндө айтууга болот. Ал эми окуучунун мектепте башка окуучулар менен сүйлөшүүгө жана мамиле түзүүгө көңүл бурса анда социалдык мотивдер жөнүндө сөз кылсак болот [5].

Андан кийин "Филипстин мектептеги тынчсыздануу тести" методикасын колдонуп, башталгыч класстын окуучуларынын мектепке байланыштуу тынчсыздануу деңгээлин изилдөөгө багытталган [8].

Керектүү маалыматтар 2022-2023-окуу жылынын биринчи чейрегинен кийин алынган. Анда окуучулардын интеллектуалдык, эмоционалдык-эрктүүлүк жана мотивациялык даярдыктын өзгөчөлүктөрүн ачып берген материалдар камтылган. Ушул маалыматтардын негизинде биз адаптация убагында башкаларга караганда психологиялык-педагогикалык колдоого муктаж окуучуларды аныктадык.

"Окутуунун жетектөөчү мотивдери" методикасын колдонуу менен окуу мотивациясын изилдөөнүн жыйынтыгын талдоо окуу мотивациясы төмөнкүдөй берилгенин көрсөттү (1-таблица).

Таблица 1. Окуу мотивациясынын жыйынтыктары

| Окуучулардын саны | Мотивациянын түрлөрү | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Ички | Тышкы | Социалдык | Таанып-билүү |
| Кыздар (12) | 18,6 % | 25,9% | 29,6% | 14,9% |
| Балдар (15) | 22,2 % | 33,3% | 29,6% | 25,9% |

Мындан тышкары, "эмнеге окуп жатасың?"деген суроо 1-класстын окуучуларынын мотивациясынын багытын аныктоого мүмкүндүк берди:

21,3% - окутуунун таанып билүүчүлук мотивин көрсөтөт ("сабак кызыктуу болгондуктан окуйм","көбүрөөк билгим келгендиктен окуйм"),

У 15,4% - окутуунун позитивдүү мотиви ("достордун арасында болуу кызыктуу, ошондуктан окуйм", "ата-энемди кубандыруу үчүн окуйм")

Окуучулардын 40,8 % "ата-энеси мажбурлагандыктан окуйм", атүгүл "апам эч нерсе сатып бербей койот эгерде мектепке барбай койсом" деген ж.б. жоопторду беришкен.

Убакытты жакшы өткөрүү тууралуу суроого көпчүлүк балдар "сейилдөө", "футбол ойноо", "телефон менен ойноо"деп жооп беришкен.

Ошентип, бул окуучулардын окуу мотивациясын изилдөөдө таанып-билүү жана ички мотивдерди өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу зарыл экенин көрсөттү. Бул мотивдер таанып-билүү активдүүлүгүнүн өнүгүшүнө, окутуудагы жетишкендиктеринин жогорулашына өбөлгө түзөт.

Андан соң мектептеги тынчсыздануунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө үчүн Филипстин тестин колдондук [8]. Бул маалыматтар тынчсыздануунун жалпы көрсөткүчтөрүнүн алкагында мектеп тынчсыздануусунун себептерин аныктоо үчүн жакшы шарт түздү.

Мектептеги тынчсыздануну үч деңгээл боюнча аныктай алдык: жогорку (Ж), орто (О) жана нормалдуу (Н). Филипстин тестинин программага чейинки жыйынтыгын талдап жатып, эң көп окуучулар башкалардын үмүтүн актабай калуудан (25,9%) тынчсызданышат, билимди текшерүүдөн коркуу (21,9 %), өзүн-өзү билдирүүдөн жана сүйлөөдөн коркуу (22,3%) жана окуучулардын 22% мугалимдер менен болгон көйгөйлүү мамилелерден коркушат. Бул биринчи класстын окуучулары жаңы окуу шарттары жаңы социалдык статус жана социалдык чөйрө, ошондой эле окуучулардын айрым инсандык сапаттары кыйла кеңейгендитен болушу мүмкүн.

Ошентип, диагностикалык текшерүүнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар көрсөткөндөй, бул класста ийгиликтүү адаптациялоо үчүн мектептеги тынчсыздануу деңгээлин төмөндөтүүгө, окуу мотивациясын өнүктүрүүгө, ошондой эле коммуникативдик жөндөмдүүлүктү өркүндөтүү зарыл.

*Биринчи класстын окуучулары үчүн адаптациялык программаны ишке киргизүү.* Психологиялык-педагогикалык коштоо 1-класстын окуучулары менен жекече жана микрогруппаларда иш жүргүзүлдү, алар диагностикалык этапта балдарда аныкталган көйгөйлөрдүн окшоштуктарынын негизинде түзүлдү.

Сабактын алгачкы мүнөттөрүнөн баштап практикалык маселелерди биргелешип чечүүгө жана ар биринин жеке өзгөчөлүктөрүн кабыл алуу атмосферасы түзүлдү. Бул этапта максатка ылайык бир нече мугалимдерди жана класс жетекчисин катышууга чакырдык, алар балдар менен бирдей шартта өздөрү, өз жашоосу, хоббилери жөнүндө айтып беришти. Эң негизгиси, бул эрежелер өзүнүн конкреттүү тажрыйбасынын негизинде түзүлүп, алардын зарылдыгы жана маанилүүлүгү талкууланды.

Адаптация жумасында окуучулар өз классынын автопортретин түзүштү. Бул жамааттык сүрөт: “жандуу сүрөттөр”, өз жамаатынын оозеки презентациясын түшундүргөн. Чыгарма ар бир окуучу жалпы презентацияга өзүнүн жеке көз карашын кошуп, ага катышкандай уюштурулган. Ушул эле этапта класстагы тапшырмалар бөлүштүрүлгөн.

Психологиялык-педагогикалык коштоо программасын түзүүдө М.Битянова сунуш кылган иштин алгоритмин колдоно алдык. Анда биринчи класска ыңгайлашуусуна шарт түзгөн билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын иш-аракеттери камтылган [1].

Уюштуруу иштери (педагогикалык стажы көп жана жаш мугалимдердин кеңешмелерин, мектеп администрациясынын өкүлдөрү менен кеңешмелерди өткөрүү). Окуучунун инсандык өнүгүүсүнүн бардык багыттары боюнча психологиялык диагностика иши, мугалимдер, окуучулар жана алардын ата-энелери менен консультациялык иштерди

уюштуруу [3]. Мындан психологиялык-педагогикалык колдоо жана комплекстүү программаны түзүү муктаждыгы келип чыккан.

- Профилактикалык иш .
- Коррекциялык-өнүктүрүү иштери
- Аналитикалык иш.
- Психологиялык-педагогикалык колдоо жана комплекстүү программа.

Диагностикалык изилдөө учурунда алынган маалымат менен 1-класстын мугалими, окуучулардын ата-энелери таанышып чыгышты. Мындай тааныштыруу программанын ажырагыс бөлүгү болгон. Мына ушул иштер изилдөө иштин экинчи этабында колдоонун негизги багыттарын аныктоого мүмкүндүк берди. Изилдөө иштин алкагында “Көнүп кетем” программасын ишке ашырдык, бул программада коммуникативдик көндүмдөрдү өздөштүрүүдө жакынкы өнүгүү зонасынын маанисин эске алынды. Сабактар биринчи класстын окуучуларына адаптация мезгилинде жакшы жардам берди. 1-класстын окуучуларына мектепте окуу шарттарына ыңгайлашуу мезгилинде психологиялык-педагогикалык колдоо көрсөтүлдү.

Биринчи класстын окуучулары үчүн:

- өзүн-өзү уюштуруу, өзүн-өзү башкаруу боюнча иште жардам берүү;

- жаңы позицияны жана мугалимди кабыл алууга жардам берүү;

- баланын жана кыздын ролуна жараша позицияларды тактоо (жыныстык ролдук мамилеге басым жасоо).

Ата-энелер үчүн:

- келе жаткан окуу жылынан келип чыккан ата-энелердин тынчсыздануусун жеңилдетүү;

- кызматташуу атмосферасын түзүү;

- мугалим жыл бою ата-энелер менен өз ара аракеттенүү жолдорун макулдашуу;

- баланын мектепте билим алуусуна байланыштуу ата-энелердин күтүүлөрүн аныктоо жана аларды педагогдордун күтүүлөрү менен байланыштыруу.

Бул милдеттерге ылайык, мектеп турмушунун жаңы этаптарында окуучуларды көндүрүү боюнча иштин негизги багыттары баса белгилөөгө болот:

1. Балдардын адаптация этабындагы психологиялык диагностика, биринчи кезекте, балдардын жаңы социалдык кырдаалга ылайыкташуу деңгээлин жана өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө багытталган. Ал окуу жылынын башында педагогикалык байкоолор менен бирге өткөрүлөт.

2. Мугалимдер жана ата-энелер менен консультациялык иштерди уюштуруу. Мугалимдер менен иштөө көбүнчө семинар түрүндө болот. Алар үчүн семинарлар адаптация мезгилинин негизги милдеттери жана кыйынчылыктарды жеңүүгө жакшы өбөлгө түзөт, балдар менен баарлашуу тактикасы жана жардам берүүнүн формалары менен тааныштырат ата-энелерге консультация жекече же алардын чогулуштарында жүргүзүлөт.

3. Окутуунун методикасын өркүндөтүүгө жана мазмунун өзгөртүүгө багытталган методикалык иштер уюштурулууга тийиш. Ал окуучулардын психологиялык-педагогикалык абалын талдоонун жыйынтыгы боюнча мектеп администрациясы менен биргеликте ишке ашырылат.

4. Профилактикалык иш психолог тарабынан жүргүзүлөт жана ар бир балага колдоо көрсөтүүгө багытталган.

5. Аналитикалык иш жүргүзүлүп жаткан психологиялык жардамды, балдарды жаңы шарттарга адаптациялоо боюнча иш-аракеттерди түшүнүүгө, иштин натыйжалуулугун баалоого жана иш пландарын коррекциялоого багытталган [6].

Сабактарды уюштурууда төмөнкү методдор колдонулду: диалог, сүрөт тартуу, окуя менен бөлүшүү, ролдук жана иштик оюндар, топтук талкуу, топтук баарлашуу, өнүктүрүүчү көнүгүүлөр, оюндар жана аларды талкуулоо. Сабактардын натыйжалуулугу балдардын чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү, алардын өз сезимдерин, мамилелерин, окуяларын талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусун камсыздоо ж.б.

Бул программа сегиз теманы камтыган, жумасына бир жолу өткөрүлгөн. Уюштуруу: сабакта балдар тегеректе турган парталарда отурушат, ал эми психологдун столу тегеректи жабат;

- иш чара сабак түрүндө жүрөт;

- сабактын формасы сабактын негизги этаптарына туура келет: киришүү бөлүгү; сабактын негизги темасы; акыркы бөлүгү (кайтарым байланыш; үй тапшырмасы).

Сабактардын экинчи бөлүгү окуучуларды мектепте окуу процесс менен тааныштырууга, кенже мектеп окуучусунун жаңы социалдык статусу жөнүндө түшүнүктөрдү өнүктүрүүгө, окуу процессинин “таанып билүүчүлүк картинасын” түзүүгө; педагог жөнүндө кызыктуу адам, маектеш катары элес калыптандырууга арналган.

Үчүнчү этапта биз ошол эле ыкмаларды колдонуу менен кайра диагноз жүргүздүк. Бул этаптын максаты гипотезаны тастыктоо же четке кагуу үчүн психологиялык-педагогикалык коштоонун ийгилигин талдоо болду. Биринчи класстын окуучуларын психологиялык-педагогикалык коштоонун натыйжалуулугун талдоого киришип жатып, жыйынтыктарды кылдат жана салмактуу талдоо үчүн бул классты тыкыр көзөмөлдөө зарыл экенине ынандык. Ошо менен бирге мотивация чөйрөсүн, эмоционалдык чөйрөнү жана инсандык өзгөчөлүктөрдү кайрадан текшердик.

Таблицада 2. 1-класстын окуучуларынын окуу мотивациясын изилдөөнүн жыйынтыктары калыптандыруучу ишке чейин жана андан кийин (% менен берилген).

| Окуучуларын саны | Окутуунун мотиви | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Ички | | Тышкы | | Социалдык | | Таанып билүүчү | |
| | Чейин | Кийин | Чейин | Кийин | Чейин | Кийин | Чейин | Кийин |
| Кыздар (12) | 18,5 | 14,8 | 25,9 | 29,6 | 29,6 | 25,9 | 14,9 | 18,6 |
| Балдар (15) | 22,2 | 18,5 | 33,3 | 29,6 | 29,6 | 25,9 | 25,9 | 29,6 |
| Бардыгы 27 окуучу | 40,8 | 33,3 | 59,2 | 59,2 | 59,2 | 51,8 | 40,8 | 48,2 |

Мектептеги тынчсызданууну кайра диагностикалоонун жыйынтыктары иштелип чыгып, калыптандыруучу эксперименттен кийинки таблицага жайгаштырылды Алынган маалыматтар сапаттык жана сандык анализге дуушар болгон.

Сапаттуу талдоо көрсөткөндөй, социалдык стресстин таасири төмөндөп, балдардын эмоционалдык абалы жакшырганын айтууга болот. Кенже мектеп окуучулары жаңы шарттарга оңой ыңгайлаша баштады. Башкалардын үмүтүн актабай калуудан коркуу абалы өзгөрдү, өзүнүн эмгектеринин жыйынтыктарын баалоодо башкалардын берген бааларын сын көз караш менен кабыл алышты.

Мугалимдер менен болгон мамилелердеги көйгөйлөр жана коркуу сезимдери кээ бир балдар үчүн маанисин жоготту, эми мектептеги чоңдор менен болгон мамиленин жалпы эмоционалдык фону окуунун ийгилигине өбөлгө түзөт деген бүтүм чыгарууга болот.

Өзүн-өзү билдирүүдөн коркуу бир аз азайганыны көрө алдык, бирок эмоционалдык учурлар дагы байкалып жатты. Билимди текшерүү кырдаалынан коркуу, терс маанай жана тынчсыздануунун деңгээли түштү. Мектеп турмушу менен байланышкан жалпы мектеп тынчсыздануу көрсөткүчү төмөндөдү [10].

Таблица № 3. Психологиялык-педагогического колдоодон кийинки диагностиканын жыйынтыктары

| | Тынчсыздануунун факторлору | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Калыптандыруучу экспериментке чейин | 74 | 70,3 | 62,9 | 59,2 | 62,9 | 59,2 | 59,2 | 55,6 |
| Калыптандыруучу эксперименттен кийин | 66,3 | 59,1 | 55,4 | 55,4 | 51,7 | 51,7 | 48,1 | 51,7 |

Изилдөөнүн маалыматтарынан көрүнүп тургандай, азыр коммуникативдик жөндөмдүн өнүгүү деңгээли төмөн окуучулар 14,8%, жогорку деңгээлдеги балдар 22,1%, бирок ошентсе да көпчүлүк балдар – 63% коммуникативдик жөндөмдүн өнүгүүсүнүн орточо деңгээлине ээ экенин көрө алабыз. Эң көп өзгөрүүлөр балдардын башкалардын тажрыйбасын үйрөнүү жана бул тажрыйбаны жашоодо натыйжалуу колдонууну айтууга болот.

Ошентип, биз тынчсыздануу, коммуникативдик жөндөмдөрдүн өнүгүү деңгээли жана мотивациянын ортосунда байланыш бар экендигин аныктадык. Көрсөткүчтөр чындыгында эле ар кандай болгондуктан, жүргүзүлгөн иш бул класстын окуучуларынын окууга ыңгайлашуусуна шарт түздү деген тыянак чыгарууга болот. Биздин гипотеза тастыкталды.

Көпчүлүк балдарда таанып-билүүчүлүк жана ички мотивдерди өнүктүрүүгө багытталган узак аралыкка иштөөнү талап кылган мектеп мотивациясынын деңгээли аныкталды; окуучулардын теңтуштары жана чоңдор менен баарлашууда да коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү тенденциясы байкалып, бирок бул иш алынган натыйжаны өнүктүрүү жана бекемдөө үчүн улантылышы керек.

Адаптациялоонун оор мезгилинде баланы колдоо окуучулардын жеке өсүү жана өнүгүү маселелерин чечүүгө, ошондой эле мектептеги туура эмес иштердин алдын алууга жана оңдоого өбөлгө түзөт. Ошентип, окуучулардын табигый өнүгүүсүн психологиялык-педагогикалык коштоо маанилүү экени анык болду, бул иш психолог, мугалим, мектеп администрациясы жана ата-энелердин катышуусунда жүрүүгө тийиш.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Битянова М.Р. Организация психологической работы в школе. М., 2000.
2. Венгер А.Л., Цукерман Г.А. Психологическое обследование младших школьников: проблемы умственного развития, общения, личностные. – Ж. "Дефектология" № 2, 2001 – С. 89-96.

3. Диагностика школьной дезадаптации. Под ред. С.А. Беличева, И.А. Коробейникова. Научно-методическое пособие для школьных психологов. М.: Редакционно-издательский центр "Социальное здоровье России", 1993 –127 с.
4. Жумалиева Ж.М. Жаш курак психологиясы: окуу куралы. – Б.: 1999. – 256 б.
5. Лусканова Н.Г. Оценка школьной мотивации учащихся начальных классов. – //Школьный психолог, № 9, 2001 – 8-9 с.
6. Качкын уулу А. Кенже мектеп курактагы балдардын интеллектуалдык-чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү // Кыргыз билим берүү Академиясынын кабарлары – Б.: №3(58), 2022 – 59-65-бб.
7. Практическая психодиагностика. Под ред. Райгородского. – С.: изд. дом " БАХ РАХ", 1998 – 669 с.
8. Собчик Л.Н. Психодиагностика: методы и методология. Ростов Н/Д: "Феникс", 1999 – 576 с.
9. Сомько А., Каффива Ю. Введение в школьную жизнь. Программа адаптационных занятий для первоклассников. - // Школьный психолог. Приложение к газете. Первое сентября. – 1999, № 2 – 8-9 с.
10. Ульянова Т.Л. Школьная дезадаптация и связанные с ней трудности в общении. - //Начальная школа № 7, 1996,– 14-16 с.

УДК 398.5.087.6
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-252-258

**Мукамбетова А.С., Сураналиева К. К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Мукамбетова А.С., Сураналиева К.К.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Mukambetova A.C., Suranalieva K.K.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

SPIN-код: 8995-3584 [1]
ORCID: 0009-0007-3618-4322, SPIN-код: 2606-1556 [2]

# АДИСТЕШТИРҮҮЧҮ ДИСЦИПЛИНАЛАР ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДЕ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ИНТЕГРАЦИЯЛАНЫШЫ ИНТЕГРАЦИЯ ПРОФИЛЬНЫХ ДИСЦИПЛИН И ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ НА ГОСУДАРСТВЕННОМ ЯЗЫКЕINTEGRATION OF SPECIALIZED DISCIPLINES AND PROFESSIONAL EDUCATION IN THE STATE LANGUAGE

**Аннотация:** Макалада Кыргызстан кесиптик билим берүүдө жарандык коомдун кызыкчылыктарын канаатандыруу максатында бир катар өлкөлөр менен , билим берүү жаатында тажрыйбаларын андаштырып жаткандыгы жана өнүгүү багытын көздөгөн кыргыз өлкөсү үчүн мындай иштердин аткарылышы жөнүндө сөз болмокчу. Ошондуктан окутуунун мазмуну өлкөгө кандай инновациялык түшүнүктөрдү алып келгени, кесиптик билим алган

жарандар эмне утушка ээ болуп, өздөштүргөн билимин өлкөдөгө кайсы тармакты жаңылоого жумшаганы кызыгууну жаратпай койбойт.

**Аннотация:** В статье речь пойдет о том , что Кыргызстан в целях удовлетворения интересов гражданского общества в области профессионального образования проводит обмен опытом в области образования с рядом стран и осуществляет такую работу для Кыргызстана, направленную на развитие. Поэтому содержание обучения не перестает вызывать интерес к тому, какие инновационные концепции привнесли в страну, что выиграли граждане, получившие профессиональное образование, и какие области знаний они вложили в инновации в стране.

**Abstract:** The article will focus on the fact that Kyrgyzstan, in order to meet the interests of civil society in the field of professional education, exchanges experience in the field of education with a number of countries and carries out such work for Kyrgyzstan aimed at development. That is why, the content of the teaching does not stop to arouse interest in what innovative concepts have brought to the country, what citizens have won who have received professional education, and what areas of knowledge they have invested in innovation in the country.

**Негизги сөздөр:** интеграция, инновация, конкуренция, кредиттик технология, компетенция, жарандык коом, тажрыйба, адистик билим ж.б.

**Ключевые слова:** интеграция, инновации, конкуренция, кредитные технологии, компетенции, гражданское общество, опыт, специальное образование и т. д.

**Keywords:** integration, innovations, competition, credit technologies, competencies, civil society, experience, special education, etc.

Дүйнө жүзүндө болуп жаткан билим берүүнүн интеграциясы Кыргызстанды өз кучагына алды. Билим берүүнүн сапаты боюнча көзгө даана көрүнгөн иш жасап жибербесе да Кыргызстан кесиптик билим берүүдө жарандык коомдун кызыкчылыктарын канаатандыруу максатында бир катар өлкөлөр менен студент алмашып, алардын билим берүү тажрыйбаларын аңдаштырып жатканын окуу жайдын өздүк сайттарынан билүүгө болот. Өнүгүү багытын көздөгөн кыргыз өлкөсү үчүн мындай иштердин аткарылышы мактоого арзыйт. Бирок анын мазмуну өлкөгө кандай инновациялык түшүнүктөрдү алып келгени, андай шарттан пайдаланып, кесиптик билим алган жарандар эмне утушка ээ болуп, өздөштүргөн билимин өлкөдөгө кайсы тармакты жаңылоого жумшаганы кызыгууну жаратпай койбойт. Ырас жеке жаран үчүн сапаттуу кесиптик билим жетиштүү жашоонун негизи болсо, мамлекеттик деңгээлден алганда кесиптик билимдин туура берилиши элдин турмуш-тиричилигин оңдоонун негизги жолу болуп берет. Экинчи жагы, кайсы өлкөдөн алынган кесиптик билим кыргыз турмушуна керектүүлүгүн бүтүп келген жарандардын элине кылган кызматынан көрүүгө болот. Бул - жарандык коомдо билимди баалоонун негизги критерийи.

Тездик менен өзгөргөн замандын кызыкчылыгы күн өткөн сайын жаңыланып, ар бир өлкө адам баласынын акылынан табылган жаңылыктарды өндүрүшкө киргизип, пенде турмушун жеңилдетүүнүн ык-шарттарын ойлоп таап жаткан маалда билим берүүнүн миссиясы аны өздөштүрүү аркылуу кийинки муунга бакубат жашоо калтырууну көздөйт. Бул көптөгөн мамлекеттерди интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү боюнча атаандашуучулукка алып келди. Бир замандарда ар ким өз колунан жаралган буюмду базарга товар катары алып чыккан болсо, акыркы кылымдардагы илим-билимдин жетишкендиги ошол эле базарга акыл-эстин табылгасын – жаңы технологияларды, инновацияланган түшүнүктөрдү,

сенсордук башкаруудагы аппараттар менен роботторду чыгарып, жакшы жашоону түзө алганы боюнча атаандашууга өттүт. Башкалардан кем болбой жашоо Кыргызстандык жарандардын ар биринин кыялында бар. Алгач кыргыздар адамдын акыл-эси жасаган андай буюм-тайымдарды ташып келип үйүнө коюп алууну каалаcа, кийинки мезгилдерде өздөрү жасап, коңшу мамлекеттердин рыногуна чыгаруу аракетин көрүп жатышат. Ошондой эле “кыргыз базары” атыккан бу жерден тиги жерге ташып, соода кылган чейрек кылымдык жашоонун күн сайын алсырашы эл аралык конкуренцияга туруштук берүүгө билим керектигин көрсөттү.

Ал билим окуу процессин жаңыга (кредиттик технологияга) которуу жолу менен ишке аша турганын дүйнөлүк билим берүүнүн практикасы көрсөткөндөн кийин эски совет өлкөлөрүндөй эле Кыргызстан жаңы муундагы мамлекеттик стандарттарды кабыл алды. Бул баары ойдогудай болуп кетпеген кыргыз жергесиндеги кесиптик берүүдө эмне жетишпей жүргөнүн ачыкка чыгарды. Элдин турмушунун жакшыруусуна өбөлгө түзгөн бул стандарттар менен иш жүргүзүү билим берүүнү инновациялоо менен чектелбестен, кесиптик билим алууга болгон жарандык философияны да өзгөрттү, б. а. жогору жактан аныкталып, кааласаң да, каалабасаң да ушуну окуйсуң деген авторитардык көз караштьі жоюп, аны керектөөчүнүн адистикке койгон талаптарын жөнгө салуучу кубулуштарды “компетенция” деген түшүнүк менен аныктады. Ал окутуудан алынчу натыйжаны ошол кесипке эгедер жарандын эмгек рыногунда кардардын ишин сапаттуу аткаруучу процессте проблеманы чечүү деңгээлинен баалай турган кырдаалга жеткирди. Мунун өзү кесиптик билим берүү теория катары иштелип чыккан маалыматтардан турбастан, ошол кесип жөнгө салчу турмуштук-социалдык муктаждыкты канааттандыруучу иш-билги жөндөмдөрдү (компетенцияны) калыптандыруудан көрүнөөрүн окуу жайларга түшүндүрө баштады. Аны өнүккөн өлкөлөрдүн мисалында көрсөтүп, дүйнөлүк экономиканы кармап турууга жеткирген мындай кесиптик билим берүүнүн жетишкен ийгиликтерин кыргыз жергесине колдонуунун педагогикалык усулдардын, окутуунун ык-формаларын жана инновациялык технологияларды даяр түрүндө (макети менен) сунуштады. Окутуу концепциясы даяр түрүндө алынгандан кийин жергиликтүү элдин кесипке болгон кызыкчылыктар менен шайкеш келтирүүнү бир катар кыйынчылыктары бар ар бир окуу жайга көрсөтүү менен окутуу процессинде билим алууга келген ар бир жарандык керектөөсүнө кызмат кылуу адистештирүүнүн миссиясы экенин аныктады. Миссиянын сапаттуу ишке ашуусу окуу жайдын эмгек жамааты “сатыкка койгон” рынок шартына ыңгайлашкан билимге көз каранды болушу кесиптик билим алууга келген жарандын керектөөсүн канчалык каанааттандырып, ал жумуш берүүчүнүн кызматын талап кылган деңгээлинде аткарышы менен өлчөнүп жатат. Демек, окуу жай белгилүү кесипке ээ болоюн деп келген жаранды кесипкөй адистин форматында таанып, ушул дисциплиналарды окуса эмгек рыногунда конкуренцияга туруштук берген адис болот дечү окуу планын негизинде окутуп-тарбиялоо милдетин алат. Анын жолго коюлушуна ар бир окуу жай кылган иштерин коомчулукка жарыялоо аркылуу (пияр иретинде) жооп берип жатышат.

Азыркы учурда өздөрүнүн жасаган жумуштарын сайтына жайгаштырып, белгилүү жерде иштеген бүтүрүүчүлөрү менен сыймыктанып, эл аралык долбоор аркылуу чет өлкөдө окуусун уланткан студенттерин жар салуу көпчүлүк окуу жайлар үчүн салттуу көрүнүш болуп калды. Бир жагынан бул деле туурадыр, бирок ошол окуу жайлар өздөрү жарыялаган “кызмат көрсөтүүлөрү” Кыргызстандын бардык жарандарынын кесипке болгон муктаждыгын канчалык деңгээлде аткарганына толук жооп бербейт. Буга Кыргызстандык

жаштардын улам жыл өткөн сайын окууга болгон кызыкчылыгынын азайышы мисал болуп берет. Салыштырмалуу алсак, бир мезгилде миңдеп окууга тапшыруучу абитуренттер азыр жок, тескерисинче окуу жайдын эмгек коллективи жер кыдырып, кесип тандоого кызмат көрсөтүү иштерин кылып, кыялында эңсеген сандын көрсөткүчүн камсыздай албай келет. Себеби эмнеде, кырынан коюлган бул суроого өлкөдөгү окуу жайлардын аткарган жумуштарын салыштырып так жооп берүү кыйын, бирок алар сайттарына жайгаштырган маалыматтарын аккредитациянын талаптарына ылайыктап жооп берүүгө болот. Окуу жайдын кайсынысын албайлы сайтта жайгашкан маалыматтардын көбү орус тилинде экенин көрөбүз, мунун өзү айылдан баштапкы билимди кыргызча алган жарандар үчүн маалыматтын жеткиликтүү эместигин ырастайт. Салыштыруу иретинде мурда СССРдин курамында болгон өлкөлөрдүн ушундай эле окуу жайларын жарыя кылган сайттарын караганда маалыматтын жергиликтүү жарандарга түшүнүктүү болушу үчүн өздөрүнүн мамлекеттик тилинде бергенин көрөбүз. Алардын мындай аракети окуу жайлардын өзүнүн көп улуттуу калкына сапаттуу кесиптик билим берүү саясатын колдоп, республиканын ушул багыттагы миссиясын жетекчиликке алган жана жергиликтүү шартта керектелүүчү адистиктерге тиешелүү билим берүүнү инсанга багыттап окутууга бурганын айкындап турат. Адистик билимдин уюштурууну баалаган аккредитацияда деле ал негизги орундардын бирин ээлеген, б. а. кесиптик билим берүүнү кызмат көрсөтүүнүн ийкемдүү варианттарын колдонуу менен турмуштук керектөөдө түзүлгөн проблемаларды сапаттуу чечүү болсо, жарандын көйгөйдү терең түшүнүүсүн жана жеке жетишкендерин камсыздоо багытында жергиликтүү шарттагы проблемаларды студенттердин устаттарынын жетекчилигинде изилдөөнү (3.4.3. пункту) жүргүзүүгө чакырат. Маселе жалпы болгону менен анын ар бир аймакка мүнөздүү өзгөчөлүгү бар экенин эсепке алсак, аны аралык тилде эмес, жергиликтүү элге түшүнүктүү тилде үйрөтүү иштин майнаптуу аткарылышына толук жооп берүүгө жол ачат. Көпчүлүк өлкөлөр муну бир нече кылым мурда эле түшүнгөн болсо, биздикилер муну дагы эле сезе элек.

Азыр дүйнөлүк билим берүүнүн деңгээлине чыгуу аракетин көрүп жаткан маалда мындай суроонун коюлушу туура эместей сезилет. Бирок кандай билим болбосун жергиликтүү элдин кызыкчылыгын көздөө менен ал жердеги жашоо-турмушту жакшыртууга кызмат кылышы керектигин эске алганда, ал жарандардын баарына бирдей жетиш үчүн түшүнүктүү тилде болуп, кесиптин ээсинен тышкары өлкөнүн кайсы атуулу болбосун өз алдынча тааныша алуусуна мүмкүндүк түзүүчү түшүнүктөр менен берилишин да кесиптик билим берүү өз мойнуна алышы зарыл. Анткени коомчулукка сунушталган билим эмгек рыногунда товар катары кардардын муктаждыгын аткарып, түрдүү социалдык чөйрөдө кызмат көрсөтүүдөн имиджге ээ болгондуктан, кийинки муундун ал кесипти жактыруусун жана адистиктин калк арасында кадыр-барк күтүп “жашап калуусун” да камсыздайт. Муну бизде мындан бир нече жыл мурда эле кадыры ташкындап, баары окугусу келген – юридикалык, экономикалык, ж. б. ушул сыяктуу адистиктердин ордуна компьютер боюнча кызматкерлерге суроо-талаптын жогорулашы айкындайт. Бул жөнөкөй мисал болгону менен жарандык коомдун ага карата керектөөсү жыл сайын жогорулап, анын кыргызча “тилин” талап кыла баштаганы байкалат. Улам жыл өткөн сайын кийинки муундун компьютердик технология болгон көз карандылыгын күчөшү эне тилин билбеген балдардын көбөйүшүнө алып келип, кыргыз коомчулугун кабатыр кылууда. Бүгүнкү күндө аны чечүү жеңил көрүнгөнү менен улуттук билим берүүнүн бардык тармагын кучагына сиңирип бара жаткан

бул проблеманы жоюу Мамлекеттик тил боюнча өлкө саясатын жаңы баскычка көтөрүү маселесин козгоп турат.

Адам баласынын жашоо-турмушун жакшырта турган кесиптерге Кыргызстан муктаж, мындай коомдук керектөөнү канааттандыруу үчүн зарыл болгон адистиктерди, ага тиешелүү маалыматтарды дүйнөлүк билим системасынан алаары талашсыз. Мындай кабыл алуунун эки жолу бар экендиги баарыга белгилүү. Алардын биринчиси - өнүккөн өлкөлөрдө ийгиликке жетүүнүн жолу катары өзүн көрсөтө алган билим берүү системасын инновациялоочу жол катары даяр түрүндө көчүрүп келүү болсо, экинчиси - инсандын керектөөсүн канчалык деңгээлде канааттандырышы мүмкүн экендигин жергиликтүү турмуш шартка карай аныктап, турмуштун ыргагына жараша модернизациялоонун зарылдыгы катары билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүү менен кабылдайт. Бизде азыр биринчи жол активдүү иштеп жатат. Баарын даяр түрүндө алганыбыздан улам окуу стандарттары менен окуу пландары эл аралык талаптарга жооп берет, мында талаш жок. Бирок анын кыргыз мамлекетинин улуттук кызыкчылыгын канчалык аткарып жатканына келгенде өтө татаал маселелерди ачыкка чыгарат. Ырас, даяр түрүндө алуу учурда окутуу иштерине жеңилдик түзгөнү менен мындан чейрек же жарым кылымдан кийинки улуттун тагдырын ойлогондо Мамлекеттик тили жок көз алдыга элестейт. Ошондуктан кеч болуп кала электе кесиптик билим берүүдөгү жарандарды адистештирүүчү сабактардын кыргыз тилинде пайдалануу кесиптик лексикасын түзүү зарылдыгы турат.

Муну ким жасайт дегендер чыгышы мүмкүн, анын эки жолу бар, бири түздөн-түз окуу процессине тиешелүү. Тактап айтканда, жаңы муундагы стандарттар кыргыз балдарын окуу процессине жөн гана катышуучу кылбастан, практикалык жактан турмуш менен тыгыз байланышта турган кесиптик билим алууда тикелей кызмат көрсөтүүчү көндүмдөргө (компетенция) ээ болушун, ал көндүмдөр аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды өз жеринде жайылтуу мүмкүнчүлүгүн арттырууга кам көрүп жатат. Даярды кабыл алганда көнүп калган кыргыз коомчулугу зарыл болгон маселелерди өз алдынча чечүүгө аракеттенбестен, башкаларда иштелген окуу материалдары аркылуу окуу процессин жабдып кырдаалдан чыкканы менен жергиликтүү тилде эркин баарлашуга, айрым иш-тажрыйбасынан жаралган байкоолорун илимий түшүнүктөрдүн коштоосунда элеттик жарандарга түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап барат. Ага себеп окуу жайларда кесиптик билим берүүнүн туура эмес уюштурулушу болуп саналат, б. а. көпчүлүк окуу жайдын профессор-окутуучулары мамлекеттик тил саясатынын кызыкчылыгында турган инсанга багыттап окутуу концепциясын жетекчиликке албай, окутуунун жеңил формасы орус тилин тандаганында турат. Окутуунун технологиясын жаңылоо, окуу предметтери азыркы учурдун талабына ылайык келтирүү маселелеринде орус тилинин мүмкүнчүлүгү чоң, анткени интернет булактарында окуучу, же студенттердин бардык муктаждыктарына кызмат кыла тургандай кесиптик лексика иштелип чыккан. Аны эч өзгөртүүсүз окуу процессине колдонууга окуу жай жол бергендиктен, өз алдынча изденүүнү каалабаганга мындай түйшүктү жеңилдеткен иштөө ыкмасы инсанга багыттап окутуу концепциясын көлөкөгө калтырат.

Үстүртөн караганда мунун анча деле мааниси жоктой сезилет, бирок проблеманын ушул багытка кеткен чейрек кылымдан кийинки абалды элестеттенкенде жүрөк ооруйт. Аны азыр өлкөдө жүрүп жаткан өзгөрүүлөр менен өлчөгөндө кандай кырдаал болоору көз алдыга даана тартылат. Бул бүгүнкү күндө расмий жерде кыргызча сүйлөөгө кудурети жетпей бара жаткан муундун балдары эне тилинде өз оюн билдирмек турсун таптакыр сүйлөбөй

Маселен, Калыгулдун “Жакшы болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн, таза болсоң суудай бол, жаманды жууп кетирген” деп жаш балдарды калыптандырууда аларды суудай таза болууга үндөйт. Молдо Кылычтын “Буудайык” поэмасынын тарбиялык мааниси, Ч.Айтматовдун “Адамга эң кыйыны-күн сайын адам болуу” сыяктуу ой-толгоолору албетте келечек муун үчүн кылымдарга күл азык катары кызмат кылат. Нурмолдо Наркул уулунун кол жазмаларына токтоло турган болсок, анын “Таалим-тарбия улуттук нарк-дөөлөттөргө негизделиши керек” деген ташка тамга баскандай сөзү, албетте элдик баалуулуктар жана улуттун дөөлөттөрүн аздектеп сыйлоо крек экендиги жөнүндө кабар берет. Саякпай Каралаев айткан “Манас эпосу” – кыргыз элинин көөнөрбөс тарбия куржуну. Элдин тарбиясын, наркын, улуулугун даңазалап, ошол элдин улуттук жана дүйнөлүк чыйырына жол салган өрнөктүү өмүрлөрдүн бар экендиги жана алардын опол-тоодой орду келечек муунду калыптандырууда чоң роль ойнойт.

2. *Салттуу музыка*: комуз жана башка улуттук аспаптар, күүлөрдүн тарыхы менен окуучуларды тааныштыруу. Мисалы: «Кыргыз көчү», «Камбаркан», «Сынган бугу», «Насыйкат», «Кербезим», «Көкөй кести», ж.б. у.с. кермет күүлөр, кайрыктар жаш муундардын жүрөгүнөн түнөк тапса, элдин касиети артып, пейил-напсиси ордуна кайтып, бөксөлөр толот эле деген бийик максаттар орундалары бышык.

3. *Тил –улут байлыгы*: “Тил –улут тагдыры, тарых –эл тамыры” Тил жоголсо, дил жоголот демекчи эне сүтү менен бүткөн эне тил жоголсо, бүтүндөй улуттун жоголуу коркунучу тураарын ар бир эле адам баласы аңдап туя алат. Өсүп келе жаткан жаш жеткинчектерге, студенттерге эне тилин кадырлоо, сыйлоо жаатында байма-бай иш-чаралардын өтүп туруусу абдан керек. Ошондо гана ата-бабалардын бизге калтырган табериктерин, улуу мурасын, Ата Журтубузду, элдин тилин, намысын, дилин сактап кала алабыз.

4. *Көркөм сөз өнөрү*: макал-ылкаптар, ишеним, тыюулар, тамсилдер, санжыра, табышмак, жаңылмачтар, уламыштардастан, жомок, учкул ойлор ж.б. кошууга болот. Кара сөз өнөрү – байыртадан эле балдарды тарбиялоодо таасирдүү тарбия каражаты болуу менен бирге алардын жан дүйнөсүн каккылап турган доолбастын милдетин аткарып келген.

5. *Улуттук баалуулуктар*: боорукердик, кайрымдуулук, бири-бири үчүн күйүмдүүлүк, тилектештик, толеранттуулук, адеп-ахлак, руханий көрөңгө, адилеттүүлүк, каада-салт, үрп-адат сыяктуу адам баласынын турмушундагы баалуулуктар менен ар бир жаш муунду азыктандыруу орчундуу жана маанилүү. Демек, ар бир инсан өзүнүн рухий көрөңгөсүн, нарк-насилин, нукура элдик дөөлөттөр менен байытууну, өркүндөтүүнү максат кылганда гана окуу-тарбия процессинин жемиштүүлүгү артат деп белгилөөгө болот.

Азыркы учурда билим берүүнүн сапатына өзгөчө бир көз караш менен кароого, окуу-тарбия иштеринин мазмунун жана усулун модернизациялоого, билим берүүдө ар бир окуу жайды улуттук таризде модернизациялоо, Ата Мекендик педагогиканын тарыхына кайрылуу мезгилдин талабы болууда. Окуучулардын элдик баалуулуктарга карата сезимин өстүрүүдө,

келечек муунду нукура маданиятыбыздын таасиринде тарбиялоо, сыяктуу демилгелер бүгүнкү күндүн талаптарынын бири деген ойдобуз.

**Колдонулган адбияттар тизмеси:**


1. Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек, 1996. – 66б. 6
2. Абдылдаев М.К. Мурас [Текст] / М. К. Абдылдаев. – Фрунзе, 1990.
3. Байгазиев, С.О. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы [Текст] / С. О. Байгазиев. – Бишкек, 2012. – 217б.
4. Байгазиев, С.О. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек: [б-сыз], 1998. – 97 б.
5. Муратов, А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы, жана тарыхы [Текст] /А.Муратов. – Бишкек: Турар, 2011. – 558б.
6. Чекиров, К. Би-Би-Си Кыргыз кызматынын кабарчысы [Текст] / К. Чекиров.



УДК 811:81.13+391.4
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-308-314



**Ибрагимова Ж. Б.**
И. Раззаков атындагы КМТУ
**Ибрагимова Ж. Б.**
КГТУ имени Раззакова
**Ibragimova Zh. B.**
KSTU I.Razzakov


## ЖОЖдордо ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА УЛУТТУК БАШ КИЙИМ “АК КАЛПАКТЫ” ОКУТУУНУН ЫК ЖОЛДОРУ
## МЕТОДИКА ПРЕПОДАВАНИЕ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА КАК ВТОРОЙ ЯЗЫК В ВУЗАХ, ПРИ ПОМОЩИ ТЕКСТА “АК КАЛПАК”
## LEARNING KYRGYZ LANGUAGE AS SECOND LANGUAGE AT HIGH SCHOOLS, USING THE THEME "AK KALPAK"


**Аннотация:** Бул макалада жогорку окуу жайында, кыргыз тилди экинчи тил катары окутууда, улуттук баш кийим болгон “Ак калпакты” текст аркылуу берилишин, анын окутулуш ык-жолдорун студенттерге тааныштыруу, үйрөтүү. Эмнеден жасалат; кандай түрлөрүү бар; оймо-чийме, саймалардын маанилери эмнени түшүндүрөт. Чекесинде ар түрдүү кыюулары кандай өңдө болгондо кандай курактагы адамдар кийет. Кыргыз улуту үчүн ак калпактын кандай мааниси бар экендигин, эмне себептен улуттук баалулук катары эсептейбиз. Студенттерди өзүнүн улутунун баалулуктарын сактап, мекенчил болууга тарбиялоо.

**Аннотация:** В этой статье раскрывается преподавание кыргызского языка как второй язык в высших учебных заведениях, при помощи текста «Ак калпак» - методы, традиции, обычаи кыргызского народа. Из чего сделан; что означает; орнаменты; каких калпаков какого возраста люди должны носить. Студенты должны знать и ценить народные достояние, воспитывать чувство патриотизма.

**Abstract:** This article reveals the teaching of the Kyrgyz language as a second language in higher educational institutions, using the text "Ak kalpak" - methods, traditions, customs of the Kyrgyz people. What is made of; which means; ornaments; what kalpaks of what age people should wear. Students should know and appreciate the people's heritage, cultivate a sense of patriotism.

**Негизги сөздөр:** баш кийим, окутуу, ык-жолдру, улуттук баалуулук, жүн, кийиз, жаш курак, түрлөрү, оймо-чийме, мекнчил, милдет, жаш муундар, өткөрүп берүү, баалоо, байлык, сактоо.

**Ключевые слова:** головной убор, преподавать, методы, национальная ценность, шерсть, войлок, возраст, виды, узоры, патриотизм, обязанность, поколение, передавать, ценность, богатство, хранить.

**Keywords:** headwear, teaching, methods, national value, wool, felt, age, types, patterns, patriotism, obligation, generation, transfer, value, wealth, keep.

Эң өкүнүчтүүсү биздин тилибиз кыргыз тили азыркы кээ бир жаштарыбыз жээрип, кыргыз тилге караганда орус, англис, түрк, кытай, корей тилдерин жогору коюп, байма-бай үйрөнүп жатышат, мүмкүн турмуш шартка байланыштуу, турмуштун талабы ошондой. Бирок биздин, өзүбүздүн көрөнгү болгон кыргыз тилибиз, каада-салттарыбыздын, кийинки муундар билбей калабы? Жок буларды жаштарга жеткирүү биздин милдетибиз. Ошондуктан Улуттук баалуулуктарды ЖОЖдордо студенттерге окутуп, үйрөтүп, жеткиришти туура деп эсептейбиз.

**Ак калпак**

Саламдашам кепти айтып салмактуу,
Саламатпы эли-журтум ардактуу.
Амандашып анан башка сөзгө өткөн,
Ата-баба апапакай калпактуу.
Беш жаштабы мейли токсон жаштабы,
Калпак кийген абалтадан жаш кары.
Эске түшөт ак калпакты көргөндө,
Ак кар баскан Ала-Тоонун баштары.
Байпалышып аталар,
Бакай калпак кийишкен.
Түрлөп көркүн чыгарып,
Уз энелер тигишкен.
Ала тоонун боорунда
Акыл калчап бийиктен.
Ар намыстуу кыргыздар
Аппак калпак кийишкен.

**Ак калпак кыргыз тили сабагында**

Грамматикалык материал: Текст, анын белгилери, кептик материал: ак калпак.

Текст – белгилүү бир тема боюнча белгилүү бир маалымат берген кеп бирдиги. Адамдардын пикир алшып сүйлөшүүлөрүү, сүйлөм аркылуу эмес тексттер аркылуу ишке ашат.

**Тексттин негизги белгилерии:**

белгилүү бир темага арналгандыгы;
негизги ойдун болушу;
байланыштуулугу;

жыйынтыктуу болушу.
**Тексттеги тема үч түрдүү берилет:**
Баяндоо – предмет, окуя, көрүнүш жөнүндө жайынча баяндап берүү.
Сүрөттөө – предмет, окуя, көрүнүштү элестүү кылып сүрөттөп берүү
Ой жүгүртүү - предмет, окуя, көрүнүштөрдүн пайда болуш себептерин түшүндүрүп берүү.
Бул маалыматтардан кийин окутуучу студенттерге кайрылып, кыргыздын улутуттук кийимдерен атоону суранат. Студенттер атап беришет. Окутуучу: “бүгүн биз кыргыздын улуттук кийимдеринин ичинен ак калпак жөнүндө сөз кылабыз.” – деп текстти өзү окуп берет. Андан кийин 2-3 студент үн чыгарып окуйт.
Илгери Хан көтөргөндө башына ак калпак кийгизишкен. Бул анын акылы тунук, элине ак эмгек кылсын дегенди түшүндүрөт. Ак калпак – Ала-Тообузга символдоштурган элдик баш кийим.  Мисалы Манаста Каныкей:
“Тармал ирик жыктырдым,
Таза жерге кырктырдым.
Кыздарга кылын тердирип,
Ак калпак жасап тиктирдим” – деп ошол эле убакытта кыргыздардын ак калпак кийгендигин баяндап турат. “Каныкей энебиз тартуулаган эң таза ак калпак кыянатка чейин кыргыздыкы болот” – деп айткан кытайлык белгилүү манасчы Жусуп Мамай.

Кыргыз калпагы мурдагы эл чарбачылыгынын бүткүл союздук көргөзмөсүнө коюлуп, “күмүш медалына” татыктуу болгон. Уздар буюмдун өмүрүн өткөн керээз, мурастан жана табериктен алышат. Калпакты жасоодо : козунун ак, күзгү жүнүнө азыраак жазгы жүнүн белгилүү бир өлчөмдө кошот. Мында жүн тазаланат, кылданат, жүн майда тытылат, кайчы аркылуу жүн 5 см.дей кырчылат. Табылгы сабоо менен сабалат. Жүндүн 1-2-3-тарамы болот.

Аны чийдин бетине жулат. Биринчи тазасы үстүнкү бетине чыгат. Аны уютууда абалы ысык сууну чачып, чийди оройт, анан тоголото баштайт. Уютулганы белгиленгенден кийин оң, сол басат. Кийизди кургатып, жууп, кайра да басылат. М: 59 өлчөмүндөгү (25см) калпактын бир талаасы 28 см. 12,5 см. кыюсу келет. Мында төрт талаанын ичин кыйып, ал 2см. кыйык тигилипбүткөндө 1см болот.
Калпактын тигилишине карап топторго бөлсөк болот:
Эки тилкеге бөлүнүп бычылат.
Төрт тилкеге бөлүнүп бычылат.
Мындан калпактын түрлөрү келип чыгат:
Тилик калпак
Айры калпак
Сайма калпак
Туюк калпак
Киш калпак

Алгачкы убакта туюк калпак жасалган. Ал бычылбайт, атайын тигиши жок, бирок кыюуланган. Жүндөн уютуп, бөлүктөп, кайра бышырып, төбөсү тоголок, этеги тегерек түргө келтирилген. Бул өтө чоң чеберчиликти талап кылган, себеби берки баш кийимдин кийизин ченеп, кесип алып бириктирсе, туюк калпакты көз болжол менен жасоого туура келет.

Айры калпак – төрт талаасынын кошулган жерлери жана жээги кыюуланып, төрт жеринен кичине шара тилик кылынат.
Тилик калпак – төрт талаасы кыюуланбайт, ак жип аркылуу бириктирилип, эки жеринен чоңураак тилик калтырылат.

Илимий эмгектерде Киш калпак туурасында айтылат. Ал эки талаага бөлүп бычылган. Жээгине киштин териси кармалган. Дал ушундай киш калпак, учурда Улуттук тарых музейинде Кыргызстандагы эң байыркы калпак катары сакталып турат. Эксперттер аны 18-кылымга таандык дешкен.

Кийиз дүйнө коомдук фондунун 2010-ж. изилдөөсүнөн кийин Кыргыз Улуттук тарых музейине калпактын 80 түрү көргөзмөгө коюлган.

Ар кыл курактагылар, даражадагылар ар башка калпак кийген. Калпактын өңү, ага түшүрүлгөн оймо жана кырлары аркылуу ээси жөнүндө маалымат алса болот.

а) Жеткинчектер – Умай эненин оюмо-чиймеси

б) Боз уландарга – кыры кызыл өң- үйлөнүүгө даяр.

в) Үйлөнүп жайлангандарга – кыры күрөң

г) Орто жаштагылар – кыры кара

д) Ак сакалдарга же деңгээли жогору – кыры ак

ж) Жесир калган кишиге кара калпак кийгизишкен.

з) Бакай калпак - акылман, калыс карыяга кийгизген.

Калпак мүчөл жашка карата 7ге бөлүнөт:

Мүчөл жашка чейинкилер - 1-12 жашка чейин – кыюусу жашыл

мүчөл -13 жаштан 24 жаш – жашыл кездеме менен кыюуланган.

мүчөл – 25-36 жаш –кыюусу көк өзүнчө түтүн булатат.

мүчөл – 37-48 жаш – кыюусу күрөң.

мүчөл – 49-60 жаш – кыюусу ачык күрөң.

мүчөл – 61-72 жаш – кыюусу ак

мүчөл – 73 жаштан жогору – кыюусу ак, кара. Себеби калыс акты ак, караны кара деген адамдар.

Бир калпакка 150-230 гр. кийиз кетет. Калпактын 4 тарабын : түндүк, түштүк, батыш, чыгыш; 4 мезгил жаз, жай, күз, кыш; төрт түлүк мал: төө, топоз, жылкы, уй. Мындай сандык касиет атайын жасалган дешет.

Калпак жасалган уяң жүн терди жакшы сиңирет. Ал өзүндөгү суунун бир бөлүгүн сиңирип алгандыктан аны кийген адамдын башы тердебей, кургак жүрөт. Жүндүн кылдарындагы миллиондогон аба жаздыкчалары суукта да, ысыкта да жылуулукту жакшы сактап турат. Кийизден жасалган калпак күндүн ден соолукка коркунуч алып келген ультрафиолет нурларын адамдын мээсине өткөрбөйт. Кийиз өтө жука келсе бир жайдан чыкпайт. Жакшы кийизден жасалган калпак бапестеп кийсе 20 жылга чейин чыдайт.

Азыркы убакта башка элдин таасири менен дизайнер, сүрөтчүлөр өзгөчө жаңылык жаратууга камынып, бирок өзөктөн албай, өзгөртүп, түп нусканы бузуп жоготуп алып жатышат.

Калпак – улуттук баш кийим, ал ЮНЕСКОнун коргоосунда болгондуктан ар бир чебердин кылдат мамилеси өтө зарыл.

Элибизде: “ Калпагыңды жерге таштаба. Калпагыңды сатсаң , башыңды , акылыңды сатасың. Баш кийимин башкага белекке бергенге болбойт. 5-март Ак калпак күнү деп 2011-ж. жарыяланган. Анын негиздөөчүсү Рысбек Жабиров. Бул күн 2016-жылдан тарта Кыргызстандын аймактарында жана чет өлкөдө мекендештерибиз тарабынан расмий белгиленип келет.

Бул күнү бала-бакча , мектептерибизде, мамлекеттик ишканаларда Ак калпакка арналган иш-чаралар өтүлөт. Кыргыз жигиттери, кыргыз мамлекетине болгон мекенчилик сезимдерин көрсөтүп, баштарынан эртеден кечке калпакты түшүрбөй кийишет. 2016-ж.

Кыргыз- Түрк " Манас" университетинин студенттери бийиктиги 3 м. ге жакын калпакты жасашкан.

Ак калпак кийген адамды алыстан көрсөң сөзсүз кыргыз деп эсептейбиз! Ала – Тоо бар, кыргыз бар, ак калпак бар!

**Ак калпактын жазылыш, айтылышына көңүл бурабыз:**

**Ак калпак**

**А** – жоон үндүү

**К** – каткалаң үнсүз

**К** – жоон үндүү менен айтылганда жоон айтылат, ичке үндүү менен айтылганда ичке айтылат.

**К** – тамгасын башка улуттагылар же орус классын бүткөн студенттер ичке окушуп акцент пайда болот.

**Л** – айтылышына да көңүл бөлөбүз.

**Л** – жоон үндүүлөр менен келгенде жоон айтылат, акцент болбош үчүн туура айтууга, окууга көнүгөбүз.

Текст окулгандан кийин студенттер андагы мааниин түшүнбөгөн сөздөрдү белгилешет.

**Сөздүк:**

таберик - священный, почитаемый, приносящий счастье, благодатный;
керээз - завещание, предсмертное наставление
мурас - наследие
ак калпак – головной убор
жүн – шерсть
жүн сабоо – избиение шерсти
жүн тытуу – выщипывание шерсти
чий - высокая жёсткая степная трава, стебли которой идут на изготовление циновок
кийиз – войлок
бычуу – кроить
тигүү – шить
оймо-чиймелер – орнаменты
жасалгалоо – укращать
кездеме – ткань, материал
сайма – вышивка
өңү-түсү – цвета
улуттук баш кийим - национальный головной убор
улут - нация

**Студенттерге текстке карата төмөнкүдөй тапшырмалар берилет:**

- ✓ текстин мазмунун өз сөзүңөр менен айтып бергиле;
- ✓ топ топ болуп бөлүнүү менен иштегиле;
- ✓ кроссворд түзгүлө;
- ✓ өзүңөрдүн билгенинерди кошумчалагыла;
- ✓ бири бириңерге суроо бергиле;
- ✓ өзүңөрчө сөздүк түзгүлө;
- ✓ кошумча маалыматтарды жазуу түрүндө жазгыла;
- ✓ Венндин диаграммасын түзгүлө;
- ✓ синквейн түзгүлө;

- ✓ кластер түзгүлө;
- ✓ диалог түзгүлө
- ✓ карточкалар менен иштегиле
- ✓ текст жана анын мүнөздөрүн жекече аныктагыла
- ✓ ак калпактын өзгөчөлүктөрүн тапкыла.

**Кроссворд “Ак калпак”**

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | 3. |
| | | | | | | | | | | У |
| | | | | 1. | | | | | | М |
| | | | | Э | | | | | | А |
| | | | 1. | К | А | Н | Ы | К | Е | Й |
| | 2. | | | И | | | | | | Э |
| | К | | | М | | | | | | Н |
| | А | К | К | И | Й | И | З | | | Е |
| 2. | Р | | | Ң | | | | | | |
| | А | | | О | | | | | | |
| | | 4. | | Н | | | | | | |
| | | А | 3. | Б | А | К | А | Й | | |
| | | С | | И | | | | | | |
| | 4. | К | Ы | Р | Г | Ы | З | | | |
| | | А | | | | | | | | |
| | | З | | | | | | | | |
| | | О | | | | | | | | |
| | | О | | | | | | | | |

**Тикесинен:**

Ак калпак күнү деп канчанчы жылы жарыяланган?

Жигит үйлөнгөндө кандай калпак кийет?

Жаш балдардын калпагына кандай ою түшүрүлөт?

Ак калпак эмненин формасында жасалат?

**Туурасынан:**

Ак калпактын баш кийим болушуна өзгөчө салым кошкон ким?

Ак калпак эмнеден жасалат?

Жашы улгайып калган киши кандай калпак кийет?

Ак калпак кайсы улуттун баш кийими?

**Диалог**
**Асан:** - Саламатсыңбы, Кирилл?
**Кирилл:** - Саламатчылык Асан.
**Кирилл: -** Бул эмне?
**Асан:** - Бул кыргыздын улуттук баш кийими, ак калпак.
**Кирилл: -** Ал эмнеден жасалат?
**Асан:** - Бул ак жүндөн кийиз жасап, кийизден ак калпак тигишет.
**Кирила: -** Оо, абдан сонун го, ыңгайлуубу?
**Асан:** - Ооба, кышында жылуу, жайында салкын, абдан ыңгайлуу.
**Кирилл:** - Булардын кыры, чекеси ар түрдүүбү?
**Асан: -** Ак калпакты куракка жараша кийишет. Кыры, чекеси жашыл болсо – кичине жаш балдар, кызыл болсо – уйлөнө турган балдар, кара болсо – үйлөнгөн орто жаштагылар, ак туз болсо – улгайган абышкалар кийишет.
**Кирилл: -** Ак калпакты белекке берсе болобу?
**Асан : -** Ооба болот, бирок өз башындагы калпагыңды эч кимге бербейт. Жерге таштаганга, тепкенге болбойт, аяр мамиле жасап, ыйык тутушат!
**Кирилл:** - Рахмат досум, абдан кызыктуу экен.

**Карточка менен иштөөдө берилген суроолор:**
Карточка 1. Ак калпак эмнеден жасалат?
Карточка 2. Ак калпак качан майрамдалып башталган?
Карточка 3. Ак калпакта оймо-чиймелердин, саймалардын кандай мааниси бар?
Карточка 4. Ак калпактын майрамдалып калышына ким себепкер болгон?
Карточка 5. Ак калпакты жасоого, Каныкейдин кандай тиешеси бар?
Карточка 6. Бакай калпакты кимдер кийишкен?
Карточка 7. Үйлөнө турган жигит кандай кыюсу бар калпак кийген?

Бул сабактын аягында жыйынтык чыгарылып, үйгө тапшырма берилет, “Ак калпак” деген ырды жаттап өзүңөргө ак калпак тууралуу алган маалыматтар жөнүндө дил баян жазып келгиле. Биз үчүн канчалык деңгээлде керек экендигин баалайбыз. Эң негизгиси өзүңөр билип, кийинки муунга да улуттук баалуулуктарды берүү ар бирибиздин парзыбыз жана милдетибиз экенин унутпагыла.

Негизинен, ар бир улуттун өзүнүн тили, каада-салты, үрп-адаты, улуттук баалулуктары болот эмеспи. Биздин дагы өзүбүздүн баалулуктарыбыз бар. Ошол себептен кыргыз тилин сактап калуунун бир себептери болуп, күнүмдүк өтүлүп жаткан сабактарда көнүгүүлөрдө өзүбүздүн тил, каада-салт, үрп-адат, улуттук баалулуктарыды мисал катары келтирсек.

Бул макалада аз болсо да улуттук баалуулук болуп эсептелген ак калпак жөнүндо студенттерге маалымат берип кеттик.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Рысбаев С.К., Сыдыкова Б.Ч. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун маселелери. – Бишкек, 2002.

УДК: 101:177.1 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-315-320

**Конгайтиева С.А., Карыбаева Н. Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Конгайтиева С.А., Карыбаева Н. Н.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Kongaytieva S.A., Karybaeva N.N.**
KNU J. Balasagyn [1,2]
ORCID: 0009-0005-4450-5312[1]

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» САБАГЫНДА ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУ ЖАНА КӨРКӨМ ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨНҮН ЖОЛДОРУ
# КАК ПРЕПОДАВАТЬ ЭПИЧЕСКИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЯ И РАБОТАТЬ С ХУДОЖЕСТВЕННЫМ ТЕКСТОМ НА УРОКЕ» ЛИТЕРАТУРНОЕ ЧТЕНИЕ " В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
# HOW TO TEACH EPIC WORKS AND WORK WITH FICTION TEXT IN THE LESSON " LITERARY READING " IN ELEMENTARY SCHOOL

**Аннотация:** Бул макалада негизинен азыркы учурда башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармалар менен балдарды көркөм окутуу, андагы идеялар аркылуу эстетикалык сабатын өркүндөтүү, адеп-ахлакка тарбиялоо тууралуу баяндалат. Башталгыч класстардын «адабий окуу» сабагында эпикалык чыгармаларды окутуу жана көркөм текст менен иштөөнүн жолдору аркылуу балдардын окурмандык чыгармачылыгы, оозеки жана жазуу чыгармачылыгы, сөз байлыгы, ой жүгүртүүсү, жеке, жупта, топто иштөөдө багыт алат˙.

**Аннотация:** В данной статье в основном рассматривается о художественном воспитании детей через произведения устного народного творчества, повышении эстетического грамотности и нравственного воспитания содержащиеся в нём идеи.
На уроке “художественного чтения” в начальных классах через обучения прозведений и приемам работы художествеными текстами ориентируется детское читательское творчество, устное письменнное творчество, чувственное богатсво мышление, индивидуальная, парная и групповая работа.

**Abstract:** This article mainly discusses the artistic education of children through the works of oral folk art, increasing the aesthetic literacy and moral education contained in it ideas.

In the lesson of “Artistic reading” in the primary grades, through teaching the conduct and methods of working with artistic texts, children s reader creativity is oriented, oral written creativity, sensory richness of thinking, individual, pair and group work.

**Негизги сөздөр:** адабият, көркөм текст, компетенттүүлүк, тарбия, эстетика, адеп-ахлак, усулдук ыкма, эпика

**Ключевые слова:** литература, художественный текст, компетентность, образование нравственность, методический прием, эпика.

**Keywords:** literature, literary text, competence, education, morality, methodological technique, epic

Эгемендүү элибиздин жаркын келечеги болгон жаш урпактарга терең, мазмундуу билим берүү менен эли-жерин сүйгөн патриот азаматтарды тарбиялоо – бүгүнкү күндүн алдыга коюлган башкы милдеттеринин бири болуп саналат.

Бүгүнкү күндө адабий окуу предмети же болбосо адабиятты окутуу адабият мугалиминин алдына баарынан мурда эстетикалык сабаттуу, сезимдүү окурманды тарбиялоо керек деген проблеманы биринчи планга койду. Адамдык сезим менен адамкерчилик бала кезден ойгонот, эң эле эрте башталат. Руханий дүйнө бала кезде өтө бат өнүгөт. Ошондуктан маданияттуу окурманды мектептен кантип тарбиялап, аны анан адатка айландыруу бүгүнкү күндөгү эң зарыл, эң олуттуу маселе экендигине бүт коомчулук көңүл бурду.

Алгач тарбия бала бакчадан, башталгыч мектептен, ошондой эле мектептен башталат эмеспи. Кичинекей тили чыккан бөбөк албетте өз ата-энесине, эже, агасына жомок айтып бериңизчи деп айтат. Алар үчүн жомок кызыктуу турмуш баяны.

Адабият аркылуу тарбия беребиз. Ошол тарбияны ишке ашырууда эң алгач жомоктор бизге курал боло алат. Жомоктогу, мисалы жөө жомоктордогу айбанаттардын мүнөзүн ачып берүү менен окуучуну башкача айтканда, баланы жакшылыкка, адептүүлүккө, гумандуулукка жана башка адамдарга мүнөздүү болгон жакшы сапаттарга тарбиялоого жетишебиз. Демек, кыргыз элинин эпикалык чыгармаларынын ичинен аңгемелер, жомоктор башталгыч класстарда адабий окуу предмети менен башталат. Башталгыч класстардын жаш өзгөчөлүгүнө байланыштуу адабий окуу предметинде эпикалык чыгармалардын ичинен аңгеме, жомоктор, ыр түрүндөгү айрым поэмалар окутулат. Мына ошол чыгармалардын сүрөттөлүшүн толук ачып берүү менен окуучуларды турмушта туура жолго багыттоо максатында адамдардагы жакшы сапаттарга ээ кылуубуз мүмкүн.

Эртеңки эл тизгинин кармар азаматтар – бүгүнкү мектеп окуучусу.

Мына ошол келечек жаш муундарыбызды биздин жасаган бардык иштерибиз перзенттерибиздин келечекте ыймандуу, билимдүү, эмгекчил, акылдуу, зирек, ак көңүл, мекенин сүйгөн жаштар кылып тарбиялоо бул мугалимдердин милдети. Мына ушул максатка жетишүүдө билим берүүнүн пайдубалы болгон башталгыч класста адабий окууу сабагы курал боло алат.

Анткени башталгыч билим берүү – бул баланын инсандыгын калыптандыруунун алгачкы баскыч болуп саналат. Башталгыч класста баланын билимге болгон алгачкы көз караштары практикаланат. Ал эми мындай жумуштарды жүргүзүүдө көч башында адабий окуу менен улуттук каада-салт, үрп-адат, улуттук таалим-тарбия, улуттук билим берүү, кыргыздын элдик оозеки чыгармалары, кыргыздын мыкты-уул кыздарынын өмүр таржымалы, алардын баскан жолу, Ата-Мекен, кыргыз жеринин жаратылышынын кооздугун чагылдырган ыр, кара сөз түрүндөгү чыгармалардын мааниси менен таанышышат.

Адабият – элдин тарыхы, улуттун жүзү. Элдин тарыхы менен адабияттын байланышы көркөм чыгарманын жаралышы үчүн тарыхтын жол ачкандыгына гана эмес, тескерисинче, тигил же бул тарыхый процессти, чыныгы болгон фактыларды окуучулар көркөм чыгармалар аркылуу кабыл алышса, бул материалдар кийинчерээк алардын социологиялык, тарыхый, философиялык түшүнүгү кененирээк болушуна шарт түзөт. Өткөндү билүүдө, жаштарды ар тараптан тарбиялоо, алдыңкы көз карашына жана идеяларга ынандырууда көркөм чыгарманын канчалык мааниге ээ экендигин дагы кайталап далилдеп отуруу кажетсиз чыгар.

Таалимди тарбиядан, тарбияны болсо таалимден ажыратып болбойт. Адабият сабагын өтүүдө бул жараянды толугу менен ишке ашырууга мүмкүнчүлүктөр бар. «Адабият – элдин

аң-сезими, анын руханий турмушунун гүлү жана мөмөсү» – деп айткан эле В.Г.Белинский. Ал эми М.Горький «Сүрөткер өз өлкөсүнүн, өз табынын сезгичи, анын кулагы, көзү, жүрөгү: ал – өз доорунун үнү» - деген

Азыркы күндө тез өнүгүп бара жаткан XXI кылым башында туруп бүтүн адамзатты ойлондуруп жаткан негизги маселелерден – адамдын адамдыгын сактап калуу, личность табиятынын табигыйлыгын сактоо, адамдын жүрөгүндөгү эң негизги сапаттарды коргоо, жаңы миң жылдыкта жалпы эле келечекке алакадар көйгөй болуп калды.

Адабий окуу предметинин негизги максаты – кенже мектеп окуучусунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат.

Окурмандык компетенттүүлүк материалды туура так, көркөм түшүнүү менен аң сезимдүү окуй алууну, окуганы жана укканын түшүнүп, ал материалды турмушунда колдоно билүү аркылуу кеп ишмердигин, карым-катыш жасоо мүмкүнчүлүгүн өстүрүүнү, сабатуу окурман катары тексттерди, чыгармаларды окууга туруктуу кызыгуусун арттырууну, чыгармага карата баалуулук негизде өз пикирин айтуу жөндөмүн билдирет.

Ал эми адабий окуу предметинин милдеттери:

1. Базалык окуу көндүмү катары окуучулардын тексти туура так тиешелүү ылдамдыкта, түшүнүп окуусу, андагы жаңы сөздөрдү, маалыматтарды, түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү. Мында окуучулардын окуганын түшүнүүсү өзгөчө мааниге ээ.

2. Ар кандай текст менен иштөөнү камсыз кылуу кеп ишмердигинин түрлөрүнө (угуу, айтуу, окуу жана жазуу) окуучулардын ээ болуусу жана алардын чыгармачылык дараметин арттыруу;

3. Окуучулардын көркөм жана башка адабияттарды окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана окуган чыгармасына карата пикирин, баасын билдирүү менен баалуулук мамилелерин калыптандыруу.

Кыргыз элинин эпикалык чыгармалары окуу китептеринде окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карай берилет. Ал эми башталгыч класстарда аңгемелер, жомоктор окутулат. Кенже мектеп жашындагы балдардын табияты тексттин кыска, мазмундуу, түшүнүктүү болуусун талап кылат. Себеби, алардын жаш өзгөчөлүктөрү ушундай мезгилде текстти окугусу келет. Алар окуган каарманындай болууга аракет жасайт. Окуядагы каармандар баланын жүрүмтурумуна өзүнүн чон таасирин көрсөтө алат. Мындай тексттерди окуу менен окуу көндүмү, окурмандык чыгармачылыгы, оозеки жана жазуу чыгармачылыгы, сөз байлыгы, ой жүгүртүүсү, жеке, жупта, топто иштөөдө багыт алат. Ушундай маанидеги иш-аракетти окуп үйрөнүү менен башка предметтерди терең үйрөнүүгө аракет жасайт. Китеп окуу көндүмү баланын кыргыз тили сабагындагы тексттерди окуп талдоого, көчүрүп жазууга, орфографиялык жактан сабаттуу жазууга, математикалык маселелердин тексттин окуу менен алардын шартын түзүп чыгарууга, математикалык эрежелерди түшүнө билүүгө, мекен таануу предметиндеги тексттер аркылуу өлкөнүн жаратылышы менен таанышууга, музыка сабагында ырлардын текстин жаттоого, адабий окуудагы жомокторду сүрөт искусствосу сабагында пайдаланууга шарт түзөт. Демек, китеп окуу көндүмү баланын бардык предметтердин өздөштүрүүсүнө багыт берет, чыгармачылыгын өнүктүрөт.

Адабий окуу китептериндеги тексттерди тандоодо – окуулуктун педагогикалык, психологиялык, адабийлүүлүгү, системалуулугу, тематикалуу аспектилерин кароо башкы планга коюлат. Эн алгач тексттин психологиялык аспектисин кароону баштоо ыңгайлуу. Себеби, текстти тандоодо анын маанисин бала түшүнүүдөгү кабыл алуусун, эстеп калуусун, ойлоосун, көңүл буруусун, элестетүүсүн канааттандыра турган чыгармаларды издөө, аларды

окуулукка киргизүү талабы коюлат. Тексттин мазмунун окуганда баланын китеп дүйнөсүнө жетелей турган чыгармаларды тандоо – автордун башкы максаты болуп саналат. Экинчиден, педагогикалык аспектиде кароодо окуулуктун баланын окутуу, окутуу, өнүгүү, тарбиялоо функциясын аткарган, тексттин мазмунун окуу менен бала бул үч функцияны өздөштүрө алгандай шарт талап кылынаары талашсыз. Үчүнчүдөн, тексттин адабийлүүлүгү эске алынат. Төртүнчүдөн, системалуулук жана тематикалык аспектини бирдей кароо зарыл экендигин тажрыйба ырастап келет. Бизге белгилүү, адабий окуу китептери тематикалык принцип менен түзүлөт. Окуу китебинин түзүлүшүн дө авторлор бул эки аспекттин бирдей функциясын карайт. Тематикалык принципти аткаруу үчүн системалуулук болуусу шарт. Бөлүмдөрдөгү чыгармалардын сунушталышынын системалуулугун көзөмөлдөө манилүү. Жогоруда адабий окуу окуулугун түзүүдө эске алынуучу аспектилер окуулуктарда практикаланышын кароо макалабыздын башкы мазмуну катары каралат.

Учурда 2-4 класстар үчүн «Адабий окуу» китептери эки авторлордун тобу менен түзүлүп окутулууда. Бизге белгилүү болгондой, 90-жылдардан бери «Эне тили» окуу китеби «Адабий окуу» деп аталып, п.и.к А.Д.Токтомамбетовдун авторлугу менен түзүлүп, башталгыч мектепте окулуп келген. Окуу китебинин түзүлүшү түп-тамырынан бери өзгөрүп, инсандык окутууга багытталган. Бул окуулуктар учурда 2012-жылдан бери альтернативдүү түзүлгөн педагогика илиминин доктору С.К. Рысбаев, п.и.к Б.А. Абдухамидова, практик мугалим К.Ибраимова тарабынан сунушталган. Окуулук менен бирге методикалык колдонмосу заманбап инсандык окутууга ылайыкташтырылган.

2-класстар үчүн түзүлгөн окуулук (автору С.К. Рысбаев, Б.А. Абдухамидова, К. Ибраимова, бишкек, 2012) окуу программасында көрсөтүлгөн тематикалар боюнча түзүлгөн. Башталгыч класстын окуу китептери тематикалык принцип боюнча түзүлүшү жагынан айырмаланат. Окуулукка жалпысынан берекелүү алтын күзгө, туулган жерге, менин жан дүйнөм, күлкү – ден соолуктун мүлкү, алтын балалыкка, жыл мезгилдерине, сөз үйрөнүп алалы, ойлонуп көрөлүк, байчечекей гүл ачты, бабалардан калган сөз, тынчтыктын жана эмгектин майрамы, окуу ылдамдыгын текшерүүчү тексттерден турат. Окуулуктун түзүлүшү альтернативдүү окуулуктун мазмунун толуктап турат. Окуулукта мугалим үчүн бир топ жаңылыктар берилгендигин төмөнкү булактары аркылуу классификациялоого болот.

Эпикалык чыгармалардын адам баласы үчүн дүйнө тааныткыч, тарбиялоочу жана адамдын кыялын өнүктүргүч ролу зор. Айрыкча аңгеме, жөө жомоктордун дидактикалык (таалим, тарбия берүүчү) мааниси өзгөчө терең. Алексей Максимович Горькийдин: «Дүйнөдө таалим бербей турган эч нерсе жок, ушуга окшогон дидактикалык материалы болбогон жөө жомок дагы жок, жөө жомоктогу таалим берүүчү нерсе, баарыдан мурда, андагы ой жоруу (фантазия), биздин оюбуздагы болгон чындыктан алда канча илгери жакты болжолдой алышы, маселен, адамдардын ой жоруусу илим жүзүндө аэроплан жасап чыгаруудан ондогон кылымдар мурун эле «канаттуу ат», «өзү учкан килем», «жайыл дасторкондорду» чыгарган деген. Акыры адамдын ошол ой жоруусунун негизинде чыныгы аэроплан чыгып отурат. Ушул кездеги учкуч, тез жүргүч, айландыргыч, жарык, күч берүүчү машиналардын көбү байыркы бир кездерде жөө жомоктордо айтылуучу адамдын кыялдануусунан, ой жорушунан чыккан фантазия болуучу

Адабий окуу китептериндеги тексттерди тандоодо – окуулуктун педагогикалык, психологиялык, адабийлүүлүгү, системалуулугу, тематикалуу аспектилерин кароо башкы планга коюлат. Эн алгач тексттин психологиялык аспектисин кароону баштоо ыңгайлуу. Себеби, текстти тандоодо анын маанисин бала түшүнүүдөгү кабыл алуусун, эстеп калуусун,

ойлоосун, көңүл буруусун, элестетүүсүн канааттандыра турган чыгармаларды издөө, аларды окуулукка киргизүү талабы коюлат. Тексттин мазмунун окуганда баланын китеп дүйнөсүнө жетелей турган чыгармаларды тандоо – автордун башкы максаты болуп саналат. Экинчиден, педагогикалык аспектиде кароодо окуулуктун баланын окутуу, окутуу, өнүгүү, тарбиялоо функциясын аткарган, тексттин мазмунун окуу менен бала бул үч функцияны өздөштүрө алгандай шарт талап кылынаары талашсыз. Үчүнчүдөн, тексттин адабийлүүлүгү эске алынат. Төртүнчүдөн, системалуулук жана тематикалык аспектини бирдей кароо зарыл экендигин тажрыйба ырастап келет. Бизге белгилүү, адабий окуу китептери тематикалык принцип менен түзүлөт. Окуу китебинин түзүлүшүн дө авторлор бул эки аспекттин бирдей функциясын карайт. Тематикалык принципти аткаруу үчүн системалуулук болуусу шарт. Бөлүмдөрдөгү чыгармалардын сунушталышынын системалуулугун көзөмөлдөө маанилүү. Жогоруда адабий окуу окуулугун түзүүдө эске алынуучу аспектилер окуулуктарда практикаланышын кароо макалабыздын башкы мазмуну катары каралат.

Демек, адабий окуу сабагы жомоктор, ангемелер менен башталат. Ошол жомоктордогу зоонимдердин сүрөттөлүшүн толук ачып берүү менен окуучуларды турмушта туура жолго багыттоо максатында адамдардагы жакшы сапаттарга ээ кылуубуз мүмкүн. Мына ошол адабият сабагында жомокторду окутуу методикасын иштеп чыгуу методистердин милдети болуп саналат. Биз да ушул тема боюнча кичинекей илимий иш катары теманы ачып берүүгө аракет жасадык. Жомокторду окутууда инновациялык технологияларды пайдаланып, тарбиялык маанисин ачып берүү менен окутуунун жол жоболорун көрсөтүү теманын актуалдуулугу болуп саналат.

Мектепте жомокторду окутууда анын сюжетин гана түшүндүрүп койбостон тарбиялык максатын да ачып берүү болуп саналат. Ошол максатты ишке ашырууда заманбап сабак иштелмелерди жаратуу, көңүл бурулуучу жагдайларды көрсөтүү, пикир жана сунуштарды киргизүүнү милдетибиз деп билебиз.

Окуучу адабиятка жакын болсо, анда ал адабият аркылуу рухий азык алат, жан дүйнөсү бай болот, ой жүгүртүүсү кеңеет, сөз байлыгы, дүйнө таанымы, эстетикалык табити өсөт, адеп-ахлак тарбиясына ээ болот, турмуштун түрдүү сабактарын алат, аларды өз турмушунда практика жүзүндө колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болот.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Абакиров, К. Кыргыз эпостору: жанр жана классификация маселесинин иликтениши. 2-макала. // китепте: Азыркы адабият таануу жана фольклористика маселелери. Илимий жыйнак. Чыг.1. [Текст] / К.Абакиров. – Б.: Университет, 2013. – 89-103-бб.
2. Абдухамидова Б., Рысбаев С., Ибраимова К., 2-класста адабий окуу предметин окутууга карата методикалык колдонмо, -Б., 2013.
3. Абдыкеримов, М. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн, II бөлүк. 4-окуу жылына арналган [Текст] / М.Абдыкеримов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1933. – 102 б.
4. Бектенов З., Байжиев Т. Кыргыз адабияты. 2 басма. - Б.: 1993. - 81-82-бб.
5. Муратов, А. Жаңы муундагы окуу китептери жана «Манас» [Текст] / А.Муратов // Шоокум, 2011, №6. – 6-8-б.
6. Муратов, А. Кыргыз адабияты: маалыматтама [Текст] / А.Муратов, Ж.Шериев, К.Исаков. – Б.: Айат, 2014. – 384 б.
7. Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А.Муратов. – Б.: «Турар», 2013. – 554 б.

8. Артыкбаев К. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы». - Фрунзе: «Мектеп», 1982.

УДК 373.2
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-320-324

**Малова О.Н.**
«Чуваш республикалык агартуу институту» Чувашиянын агартуу министерствосу
**Малова О.Н.**
«Чувашский республиканский институт образования» Минобразования Чувашии
**Malova O.N.**
"Chuvash Republican Institute of Education" Ministry of Education of Chuvashia

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФЕДЕРАЛДЫК МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫНЫН ПРИНЦИПТЕРИНЕН ЭТНОПЕДАГОГИЯНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ПОЦЕНЦИАЛИ

# ВОСПИТАТЕЛЬНЫЙ ПОТЕНЦИАЛ ЭТНОПЕДАГОГИКИ В СОЗВУЧИИ ПРИНЦИПОВ ФЕДЕРАЛЬНОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО ОБРАЗОВАТЕЛЬНОГО СТАНДАРТА ДОШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

# EDUCATIONAL POTENTIAL OF ETHNOPEDAGOGY IN ACCORDANCE WITH THE PRINCIPLES OF THE FEDERAL STATE EDUCATIONAL STANDARD OF PRESCHOOL EDUCATION

**Аннотация:** Макалада мектепке чейинки билим берүүнүн Федералдык мамлекеттик билим берүү стандартынын принциптери менен этнопедагогикалык балдарды тарбиялоонун этнопедагогикалык принциптери Г.Н. Волков.

**Аннотация:** В статье анализируется созвучие принципов ФГОС дошкольного образования и этнопедагогических принципов воспитания детей этнопедагогики Г.Н. Волкова.

**Abstract:** The article analyzes the consonance of the principles of the Federal State Educational Standard of preschool education and the ethnopedagogical principles of raising children of ethnopedagogics G.N. Volkov.

**Негизги сөздөр:** Этнопедагогика, элдик педагогика, этнопедагогикалык принцип, мектепке чейинки билим берүүнүн федералдык мамлекеттик билим берүү стандарты,

**Ключевые слова:** Этнопедагогика, народная педагогика, этнопедагогический принцип, федеральный государственный образовательный стандарт дошкольного образования,

**Keywords:** Ethnopedagogy, folk pedagogy, ethnopedagogical principle, federal state educational standard for preschool education,

В федеральном государственном образовательном стандарте дошкольного образования говорится о специфике регионализации дошкольного этнокультурного образования, которая обусловлена характеристиками региона, а также закономерностями психического развития, возрастными возможностями, разнообразием механизмов этнокультурной социализации детей дошкольного возраста.

Этому принципу ФГОС дошкольного образования наиболее полно соответствуют этнопедагогические идеи доктора педагогических наук, профессора, академика Российской академии образования Геннадия Никандровича Волкова. В науке понятие «этнопедагогика» существует более пятидесяти лет. Этнопедагогика определяется как наука «об опыте народных масс по воспитанию подрастающего поколения, об их педагогических воззрениях, науку о педагогике быта, о педагогике семьи, рода, племени, народности и наций. Этническая педагогика исследует особенности национального характера, сложившегося под влиянием исторических условий…»[2].

Всесторонне рассмотрев понятие «народное воспитание» и сферу его влияния, Геннадий Никандрович определил его цели, содержание, методы и средства, описал народный идеал совершенного человека. Им впервые была рассмотрена роль детской среды как мощного фактора самовоспитания и взаимного воспитания [3].

Основные идеи Г.Н. Волкова предполагают последовательную этнизацию содержания, методов, форм процесса дошкольного и семейного воспитания, учебно-воспитательной работы общеобразовательных школ, а также педагогического образования и повышения квалификации педагогов, что включает в себя все этапы, все уровни системы национального образования и воспитания [2]. Геннадий Никандрович глубоко исследовал проблемы функций народного воспитания (развитие ума, подготовка к труду, забота о здоровье, семье и др.), факторы воспитания (природа, труд, быт, родное слово, родной язык, традиции и др.). Им рекомендованы средства и методы воспитания (народные поговорки, пословицы, загадки, сказки, предания, рассказы и др.). Так, поговорка «Мать любит сына, а гордиться дочерью. Отец любит дочь, а гордится сыном» метко выражает семейные устои чувашей.

Значимым в подходе Г.Н. Волкова является то, что он основан на этнопедагогическом принципе, который учитывает традиционные виды жизнедеятельности и потребности возрождения национальных культур различных этносов для демократической, гуманистической системы образования.

В первом разделе ФГОС дошкольного образования представлены принципы дошкольного образования соответствии с одним из основных является: учет этнокультурной ситуации развития детей.

Анализируя богатый фактический материал Г.Н. Волкова мы понимаем, что у чувашского народа есть своя система воспитания, тесно связанная с творческой деятельностью.

Знания о природе и человеческой жизни, построенные на эмпирических данных, народ передавал из поколения в поколение. Чуваши с большим вниманием следят за тем, чтобы их дети с раннего возраста знакомились с культурными растениями. Уже в младшем возрасте дети знают время посева озимых и яровых зерновых, технических культур. Детям в семье прививается большая любовь к живой природе, особенно к лесу, птицам, полезным насекомым [2].

Говоря о значении родного языка в народной педагогике, Геннадий Никандрович отмечал, что для каждого возраста у чувашей есть загадки и пословицы, что матери постепенно знакомят детей с этими сокровищами народного творчества. Загадки не только расширяют кругозор детей об окружающем мире, но и развивают язык [2].

Во ФГОС дошкольного образования обозначаются требования к содержанию образовательной программы, которая обеспечивает полноценное развитие личности детей.

Содержательный раздел основной образовательной программы должен включать использование вариативных форм, способов, методов и средств реализации основной образовательной программы с учетом возрастных и индивидуальных особенностей воспитанников, специфики их образовательных потребностей и интересов.

Поддерживая идею совершенного человека, народ позаботился не только об определении функций отдельных жанров устного народного творчества, но и в соответствии их конкретным задачам воспитания и самовоспитания отдельных возрастных групп. Так, загадками и песнями дети охотно пользуются в своей среде, хотя новые загадки детям преимущественно сообщают взрослые. В зависимости от возраста одно из средств воздействия имеет превалирующее значение. Это не исключает одновременного применения комбинированных средств воздействия на личность. Многообразие поэтических форм и содержания песен, сказок, загадок и пословиц свидетельствует о том, что народная педагогика, определяя черты личности, проявляла заботу о реализации идеи совершенного человека.

Дифференцированный подход к приёмам, способам и формам воспитания обеспечивал конкретность и целеустремлённость в формировании черт совершенства. Использование педагогических средств порой доводилось до предела: воспитание оказывалось разделённым по годам, месяцам и даже по дням недели [2]. К этнопедагогическим инвариантам относятся факторы народного воспитания: природа, игра, слово, дело, общение, традиция, быт, искусство, религия, пример-идеал.

Природа это и Вселенная (макрокосм), это и человек (микрокосм). Изучая природу самого человека, изучают и природу воспитания. Природа - это и двор родного дома, и цветы, посаженные ребёнком. Природа со всеми своими собственными творениями и творениями человеческими составляет этнопедагогическое пространство, величайшее из возможных пространств.

Из окружающей природы и из природы человека вырастает чудо из чудес – игра, значение которой невозможно переоценить не только в народной педагогике, но и в человеческой судьбе.

В народной педагогике игра воспринимается как реализованная, материализованная сказка, а игрушка – как феноменальный памятник сказке.

Все выдающиеся явления этнопедагогики активно функционируют как в семье, так и в образовательном учреждении, естественно объединяя педагогические усилия государства и общества, семьи и народа [2].

Основным подходом к реализации принципов ФГОС дошкольного образования является системно-деятельностный подход. Этот подход подразумевает, что ребёнок не должен быть пассивным слушателем, воспринимающим готовую информацию, передаваемую ему педагогом. Именно активность ребенка признается основой развития – знания не передаются в готовом виде, а осваиваются детьми в процессе собственной деятельности. Таким образом, образовательная деятельность, в том числе и игра, выступают как сотрудничество воспитателя и ребенка, что способствует развитию коммуникативных способностей у детей дошкольного возраста, как необходимого компонента учебной деятельности. Системно-деятельностный подход помогает детям самим открывать новые знания, выстраивать их в систему, применять на практике.

Обращаясь к идее совершенного человека в народном воспитании, Г.Н. Волков отмечает, что народная педагогика не мыслит воспитание совершенного человека вне

активной деятельности. К комплексным формам организации жизни он относит многочисленные обычаи и традиции, обряды и праздники. Одно из первых мест у всех народов занимали трудовые традиции, которые непременно приобретали праздничную окраску. Коллективная помощь становилась обычаем взаимной помощи. Большинство разновидностей «помощей» как правило, завершалось общим весельем – играми, танцами, песнями [2].

В идеале настоящего человека всех народов присутствует труд. Без труда нет совершенного человека. Главная добродетель – труд: «Труд кого угодно приведёт в порядок», «Чувашский ребёнок одной ногой - в колыбели, другой – на пахоте». Далее следуют ум, здоровье, красота.

Стремление человека к совершенству естественно. Оно – внутренний стимул к прогрессу. Правильное воспитание является средством, активно стимулирующим это стремление к самовоспитанию и самоусовершенствованию [2].

В федеральном государственном образовательном стандарте дошкольного образования обозначены условия, необходимые для создания благоприятной социальной ситуации развития детей, соответствующей специфике дошкольного возраста. Они предполагают создание условий для позитивных, доброжелательных отношений между детьми, в том числе принадлежащим к разным национально-культурным, религиозным общностям и социальным слоям [4].

Воспитательный потенциал этнопедагогики не теряет своей актуальности на современном этапе. Принципы этнопедагогики созвучны требованиям современной нормативно-правовой базы Российской Федерации, а именно федеральному государственному образовательному стандарту дошкольного образования и Федеральной образовательной программе дошкольного образования.

Соблюдая принципы регионализации дошкольного образования ФГОС ДО и ФОП ДО необходимо:

- использовать педагогическое наследие Г.Н. Волкова при планировании и проведении образовательной деятельности;

- воспитывать интерес к культуре своего и других народов, умение проявлять терпимость к детям и взрослым, независимо от национальных различий;

- воспитывать эмоционально-положительное отношение к этнокультурному наследию.

Результатом освоения ребенком народной культуры как составной части общей культуры являются, адаптация к социальному миру; принятие социального мира как данности; способность и потребность изменять, преобразовывать социокультурное окружение, самого себя.

## Список цитируемых источников:

1. Приказ Минобрнауки России от 17.10.2013 г. № 1155 «Об утверждении федерального государственного образовательного стандарта дошкольного образования» (в ред. Приказов Минпросвещения РФ от 21.01.2019 N 31, от 08.11.2022 N 955)

2. Волков Г.Н. Педагогика любви. Избранные этнопедагогические сочинения: В 2 т. – М.: Изд. Дом МАГИСТ-ПРЕСС, 2002. – Т.1. – 460с.

3. Недземковская Г.В. Зарождение и развитие этнопедагогики // Психология и педагогика, 2009, №5. - С.157-163

4. Малова О.Н. Созвучие принципов регионализации дошкольного образования федерального государственного образовательного стандарта идеям этнопедагогики. Матер. респуб. науч.-практ. конф. «Регионализация дошкольного этнокультурного образования в соответствии ФГОС дошкольного образования». – Чебоксары: ЧРИО, 2015. – 128 с.
5. Приказ Министерства просвещения Российской Федерации от 25.11.2022 № 1028 «Об утверждении федеральной образовательной программы дошкольного образования» (Зарегистрирован 28.12.2022 № 71847)

УДК 371: 021.483.154 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-324-331

**Эсеналиева С.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Эсеналиева С.Т.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Esenalieva S.T.**
KNU J. Balasagyn

ORCID:0009-0000-2824-0485

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ТОЛЕРАНТТУУЛУК ИДЕЯСЫ, ИНСАНДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ РУХИЙ-АДЕПТИК МААНИСИ
## ИДЕЯ ТОЛЕРАНТНОСТИ В ЭПОСЕ «МАНАС», ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОЕ ЗНАЧЕНИЕ В ВОСПИТАНИИ ЛИЧНОСТИ
## THE IDEA OF TOLERANCE IN THE EPIC "MANAS", SPIRITUAL AND MORAL SIGNIFICANCE IN THE UPBRINGING OF THE INDIVIDUAL

**Аннотация:** Эл аралык кызматташтыктын таламдарына ылайык, инсандар, жамааттар, улуттар адамзат коомчулугунун маданиятын жана плюрализмин таануу жана урматтоосу өтө маанилүү. Сабырдуулук – бул маанилүү принцип гана эмес , ошондой эле тынчтыктын жана бардык элдердин социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн зарыл шарты. Толерантттуулукка тарбиялоо салттары ар бир улуттун маданиятындагы өзгөчө баалуулуктар экендигин кыргыз элинин маданиятынан, өзгөчө эпикалык мурастарынын мазмунунан байкалат. Бул эпикалык мурастын мазмунунда башкалардан жабыр тартсаң да сабырдуулук, чыдамкайлык, көтөрүмдүүлүк менен жооп кыл деген түшүнүк берилген. Элдик эпикалык мураста коңшулар, бир туугандар жана башка элдер менен ынтымак-ырашкерликте болууга умтулуу турмуш башаты катары ачыкталат. Кыргыз жана башка элдердин инсандар ортосундагы ынтымак, достук, өз ара сыйымдуулук, бир туугандык мамилелер менен бир катарда коюлат. Бул макалада кыргыздардын эпикалык мурасында инсанды толерантттулукка тарбиялоо багытындагы педагогикалык идеялар, өзгөчөлүктөр талдоого алынды.

**Аннотация:** В интересах международного сотрудничества очень важно, чтобы отдельные лица, сообщества, нации признавали и уважали культуру и плюрализм человеческого сообщества. Толерантность является не только важным принципом , но и

необходимым условием мира и социально-экономического развития всех народов. Из культуры кыргызов, особенно из содержания их эпического наследия, видно, что традиции воспитания толерантности являются особой ценностью в культуре каждого народа. Содержание этого эпического наследия дает представление о том, что, даже если вы страдаете от других, реагируйте с терпением, терпением, терпимостью.В народно-эпическом наследии стремление быть в согласии с соседями, братьями и другими народами раскрывается как начало жизни. Согласие, дружба, взаимная терпимость и братские отношения между кыргызами и другими народами ставятся на одну линию. В данной статье проанализированы педагогические идеи и особенности в направлении воспитания человека к толерантности в эпическом наследии кыргызов.

**Abstract:** In the interests of international cooperation, it is very important that individuals, communities, and nations recognize and respect the culture and pluralism of the human community. Tolerance is not only an important principle, but also a necessary condition for peace and socio-economic development of all peoples. From the culture of the Kyrgyz, especially from the content of their epic heritage, it is clear that the traditions of tolerance education are a special value in the culture of each nation. The content of this epic legacy gives the idea that even if you suffer from others, react with patience, patience, tolerance.In the folk epic heritage, the desire to be in harmony with neighbors, brothers and other peoples is revealed as the beginning of life. Harmony, friendship, mutual tolerance and fraternal relations between Kyrgyz and other peoples are put on the same line. This article analyzes pedagogical ideas and features in the direction of educating a person to tolerance in the epic heritage of the Kyrgyz.

**Негизги сөздөр:** эпос; кыргыз; биримдик; инсан; гуманизм; адеп-ахлак; кечиримдүүлүк; токтоолук;чыдамкайлык; толерантттулук; акылман; тарбия; элдик оозеки чыгармачылык;

**Ключевые слова:** эпос; киргиз; единство; личность; гуманизм; мораль; прощение; спокойствие; терпение; толерантность; мудрость; воспитание; устное народное творчество;

**Keywords:** epic; Kyrgyz; unity; personality; humanism; morality; forgiveness; calmness; patience; tolerance; wisdom; education; oral folk art;

Азыркы мезгилдеги ааламдашуу доорунда, гумандашуунун учурунда маданий-интеллектуалдык баалуулуктардын улам жаңы парадигмалары жаралууда. Мындай шартта «Манас» эпосу баш болгон кыргыз элдик оозеки чыгармаларындагы гуманисттик идеялар системасын үйрөнүү, учур талабына шайкеш келген аксиологиялык ченемине астейдил мамиле жасап, иликтөө, көңүл буруу зарыл.

«Толеранттуулук» термини латын тилинен алынган, tolerantio орусча «терпение», «снисходительность», кыргызча «сабырдуулук», «чыдамкайлык», «көтөрүмдүүлүк» деген маанилерди туюнтуп, адамдардын улутуна, түсүнө, динине жана кайсы жердик экендигине карабастан бири-бирине карата адептүүлүк, сабырдуулук менен мамиле жасоого алып келүүчү сапат болуп саналат [2].

«Сабырдын түбү сары алтын», «Саргара күтсөң, кызара бөртөсүң», бул улуу сөздөр кыргыз элинин тарыхында сыналган, сабырдуу болууга үндөгөн кыргыз акыл-оюнун эң башкы туундусу болуп келген. Байыркы көчмөн кыргыз калкынын сабырдуулуугу эчен кылымдардын элегинен өтүп, башка элдин маданиятын жерибей ынтымакта жашап, таатал тагдырдын сыноосуна көтөрүмдүүлүк менен мамиле жасап, далай кыйынчылыктарды жеңип, улуттук өзгөчө бир касиет катары бааланып, улуттук мүнөздүн ажырагыс атрибуту катары

сыналды. Сабыр – турмушта кездешүүчү ар түрдүү кыйынчылыктарга туруштук берүү болуп саналат. Ошондой эле ылайыксыз сөздөргө, пайда болгон азап-кайгыга такаатсыздык кылбай, чыдамдуу болуу сабырдуулукка жатат.

Бүгүнкү күндө жаш муундарды толеранттуулукка тарбиялоодо кыргыз элинин жалпы адамзаттка тиешелүү болгон руханий казынасы «Манас» эпосунда чагылдырылган көп кырдуу идеялардын маанисин өздөштүрүүнүн мааниси өзгөчө. Айкөл Манастын түзгөн улуу кыргыз меритократиялык бийлиги эркин демократиялуу жашоого умтулган, Манастын туусунун астына баш калкалап, конфедеративдүү мамлекетке биригүүгө ниеттенген, башка элдерден запкы тарткан, зомбулук көргөн тили, дили башка элдердин, түрдүү улуттардын биригүүсүн шарттады. Эпосто байыркы кыргыздардын башка улуттар менен карым-катнаштары, соодагерлик байланыштары Улуу Жибек жолуна тиешелүү топонимдердин дээрлик бардыгы эскерилип, Манастын кошунундагы башчылардын ысымдары аркылуу Улуу кыргыз каганатына бириккен түрдүү элдердин жалпылыгын, ынтымагын көрө алабыз. Айкөлдүн кошунундагы элдердин арасында теги боюнча түрк же такыр эле башка топтогу, калмак, манжу мангул, ж.б. элдердин өкүлдөрү дагы болгон. Мисалы: алтайлык калмактар манжулук калмактарга кол салаарда, манжулук калмактын өкүлү Шакум кыргыздардардан жардам сурап, жамаатташ, кызматташ тууган болууну сунуш кылат. Кыргыздар бул сунушун кабыл алып, манжулуктар Манастын тарабына өтүп, кыргыздар менен коңшулаш тууган болуп, кара токо деген ат менен өзүнчө бир уруугa айланат. Эпосто кыргыздар башка улуттун элдери менен биримдикте улуу жеңиштерге жетишет. Манастын сабырдуулугу жалаң гана анын эрктүүлүгүнүн көрсөткүчү эмес, анын аракетинин максималдуу максатка ылайыктуулугунун жана адамдарга гумандуу мамилесинин өбөлгөсү катары каралган.

«Көкөтөйдүн ашы» салттуу, туруктуу эң көлөмдүү, түпкү маани-мазмуну терең окуялардын бири. Өткөрүлгөн аштын мааниси кыргыздын улуттук спорттук оюндарында эмес, ар түрдүү чыр-чатакка, зордук-зомбулукка дуушар болгон тополоңдуу жоокердик заманда канаатташ жашаган коңшу элдерди тыягы Алтай менен Каңгайдан, быягы Кырым менен Урумдан, тиги жагы Ooган, Ирандан, Индостандан, чыгышы Бээжин, Кебез-Тоодон, батыш жагы Оролдон, бери жагы Үргөнч менен Букардан, Анжыян, Алайдан, Сары-Аркадан алыскы-жакынкы жашаган калкты төгөрөктүн төрт бурчунан мейманга чакырып, айтылуу Каркыра жайлоосунда меймандостук менен андан ары жылуу мамилеге өтүү, душмандыкты жоюу, мурунку мүчүлүштүктөрдү оңдоого, көтөрүмдүүлүк менен мамиле жасоого, тынчтыкта, коопсуздукта, эркин жашоону өздөштүрүүгө багытталган, ынтымакты чыңоону көздөгөн улуу, пейили тоодой бийик ак калпак кыргыз элинин улуттар аралык толеранттуулукка умтулушунда жатат. Эпосто мазмуну боюнча көп маданияттуу, ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү менен коопсуздукта, тең укуктуу шарттарда, эркин, жанаша жашай билүү жөндөмдүүлүгү негизги баалуулуктардын бири. Мындай идея инсандын көп маданияттуу чөйрөдө кызматташуу, баарлашуу, кылдат алака-катышка өтүү маданиятын калыптандырууга, толеранттуулукка тарбиялоого өбөлгө түзгөн улуу чакырык.

«Манас» эпосунда кечиримдүүлүк дагы эң башкы касиет катары каралып, инсандын жашоо-тиричилигинин түп пайдубалында жата турган моралдык сапаттардын бири катары бааланат. Эпикалык чыгармада баскынчылык менен Чүй өрөөнүн бийлеп турган кытай каны Орго болгон. Манастын ата журтун баскынчылык кылган душмандардан бошотуп алуу үчүн келатканын уккан Орго кан, Илебин, Кеймен шаага кабар берип, кол курайт. Согушта Орго кан көк жал Манастын колунан набыт болуп, эли жеңилет. Оргонун аялы казактын кызы болгон.

«Кара эместир , кандыр го,

Мынча ааламды терметкен

Касиеттүү жандыр го» [6. 181] – деп, жакшылыктан үмут үзбөй, көсөмдүк жайын билгизип, казыналык коргондон окшош он ат, эки араба алтын зарын тартуу алып, жанына эки уулун жана казактын улуу жүзүнөн чыккан увазири Ыраманды, анын уулу Каратайды ээрчитип кан Манаска барып, домбурасынын кулагын түздөп толгоп, күүгө салып:

Уруш кылдым мен дагы

Урматына канымдын,

Амандыгын тиленем,

Аманат кара жанымдын.

Өткөрдү алтын зарыны

«Өлтүрсөң мен турупмун,

Өтүнүп көп сураймын

Эки уулумдун жаныны!» [6. 184]

Абакеси акылман Бакай баа берип: «Акын экен бакыр! » –дейт. «Жакшынын ачуусу бар, кеги жок» - деген нусканы туу тутуп Айкөл Манас Санамкүлдүн байкоо менен сүйлөгөн жакшы адам экенин туюп, балдарынын күнөөсүн кечет. Сабырдуулук, кандай гана кыйынчылыктарга дуушар болбосун, кырдаалга акыл –эстүү баа берүү, келечекти көрө билүү, тереңден акыл-калчап, жети – өлчөп, бир – бир кесип дегендей, анан гана чечим чыгаруу айкөл Манас үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон. Каратайдын акылынын зиректигин, сөзмөр, чечендигин, ар ишке жөндөмдүүлүгүн баамдаган Манас аны Санамкүлдөн жигиттикке сурап алат. Кийин Каратай аты калып, Ырчыуул деген ылакап аты менен эл оозуна алынып белгилүү болот. Манастын айкөлдүгү башынан жоолашып келген элдер менен тынчтык мамиледе жашоону көздөп, баскынчылык кылган жоого кечиримдүүлүк менен мамиле кылып, толеранттуулукка чакырат. Кылымдык тажрыйбага каныккан эпикалык мураста кекти кечирүүнүн зарылдыгын баатырдын ушундай иш-аракети аркылуу нускалайт. Ата-бабаларыбыз сабырдуулук менен кечиримдүүлүктүн маанисин төмөнкүчө түшүндүрүшкөн. «Айкөлдүк менен басылган иш, айкөлдүктү пайда кылат. Бир пикир келишпестикти тынчтык менен бүтүрүү шарт, тынчык артынан тынчтык келет». «Манаста» жеңген тарап, жеңилген тарапка толеранттуу мамиле жасады, Мунун өзү кыргыз элинин, анын аты өлбөс –өчпөс болгон Манастын айкөлдүгүн, бийиктигин, толеранттуулугун даңазалап турбайбы. Эпостогу оң каармандардын жасаган жакшы, нускалуу иштери келечек ээси болгон жаш муундарды сабырдуулук менен ой жүгүртүп, токтоо, кечиримдүү болууга, жакшылык кылууга тарбиялоодо таасири күчтүү.

Эпикалык чыгармада Бакай кылымдык бай тажрыйбага ээ, турмуштук адеп-ахлактык, гуманисттик башталышты алып жүргөн, боорукер, мээримдүү, чечкиндүү, эрктүү, ийгилик алып келүүчү, алдыга салса ак жолтой, караңгыда жол, капилеттен сөз, кыйчалыш мезгилде айласын тапкан, акылдуу ой жүгүртө билген чечен, даанышман, билгич, гуманист катары мүнөздөлүп, эпикалык идеалдын жогорку деңгээлиндеги персонаж. Өзү биринчи катылган жоону жеңген элди толеранттуулукка чакырат: **«Союштан артык албаңар, Бүгүн душман, эртең эл, Бүлүндүрүп салбаңар»** [5. 131]. Бакайдын акылмандыгы , алдын ала көрөгөчтүгү, элдердин ынтымагын сактап, канатташ, тектеш элдер менен гана эмес, жоолашып келген элдер менен дагы тынчтык мамиледе жашоону көздөп, бири-бири менен согушуп, талоончулук менен байлыкка ээ болууга каршы туруп, кошунду каниет кылууга,

сабырдуулукка чакырып, жеңилген жоонун жазыксыз пенделерине боор толгоп, зордукчулук, тебелеп-тепсеген нарксыз жорукка жол бербөөнүн зарылдыгын эскертет.

Оозеки нравалык билим эпикалык чыгармадагы каармандардын жасаган иш-аракеттери аркылуу пайда болот жана чечмеленет. Энелик милдет, калкына кызмат кылуу, анын татаал тагдырындагы оор мезгилдер Манасты Айкөл кылган Айкөлдүн асыл жары Каныкейдин образы аркылуу кеңири берилген. Эпикалык чыгарманын ыр саптарында «үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган» деген салттуу формула көбүнчө манасчылар тарабынан Каныкейге арналат. Анын руханий сулуулугу болгон акылмандыгы, узчулук, сарамжалдык сапаттарынан тышкары сабырдуулук касиетине назар бурсак. Ал тагдырдын ачуу-таттуусун, ак-карасын чыдамдуулук, көтөрүмдүүлүк, токтоолук, сабырдуулугу менен жеңип, «Калк энеси Каныкей» деген сыймыктуу атка татыктуу болду. Эпосто Айкөлдүн жары, таянар күчү, үйдүн куту эле болбостон эли-жери менен Манастын рухуна чексиз берилген идеалдуу аялдын образы катары сүрөттөлөт.

Манастын өлүмү жалаң Каныкейдин кайгысы эмес, жалпы кыргыздын трагедиясы болгон. Ал тургай манасчы «карагай ыйлап, тал ыйлап, караган журттун баары ыйлап» табият да кайгыга чөмүлдү деп сүрөттөйт. Ойной турган чагында, Ооматы келген маалында Айкөлдүн көзү өтүп, сай-сөөгү сыздап, айласын таппай, калайыктын туткасы болгон баатыры, өмүрлүк жубайынан айрылып кан-какшап турса дагы, Семетейдин келечегин ойлоп, сабырдуулугу, акылмандыгы, токтоолук менен алдыдагы кыйынчылыктарды баамдап, туюп, чыдамкайлык менен жеңүүгө белсенет. Кайран энең Каныкей Абыке, Көбөштүн кара ниеттүү арам ойлорунун ишке ашуусуна бөгөт коюп, Айкөлдүн арбагын сыйлап, аялдык ар намысын бийик сактап, карагаттай көзүнөн камчы бою жаш куюлуп, кең Талас менен коштошуп, арманы ташып, бооруна Семетейди кысып, Айкөлдү тапкан Чыйырдыны алып менен төркүнү көздөй бет алат. Бул жол адамдын сабырдуулугун, көтөрүмдүүлүгүн, чыдамдуулугун сынаган таатал, Улуу жол болду. Каралуу Каныкейдин башка аргасы жок эле.

«Муңдашым келбейт тирилип,
Мынчалык боздоп нетейин!
– Бузулбас белди бек байлап,
Букарга тентип кетейин!» [7. 52] – деп, көк жалдан калган белекти сактап калуу үчүн болгон күчүн үрөп, кайын энеси Чыйырдыны менен узак жолду басты.

«Оо, Каныкей кулунум,
Самаркан качсаң баштачы,
Сандалтпай мендей карыны
Ушул бир жерге таштачы» [7. 69] – деген Чыйырды эненин өтүнүчүн четке какты, айдалысына мингизип, Семетейди кошо көтөрүп алып жол тартты. Айдай жүзү күндүн ысык аптабына какталып, таманы ташка тапталып, кең дүнүйө тар болуп далай азаптуу жолду басып өтүп, киши көрбөс азапты көрүп, акыры Букарга жетти. Төркүнүнө жеткенде Ысмайылга Каныкей Айкөлдүн керээзи боюнча уулу Семетейди бала кылып берет.

Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм!
Канзааданын баласы
Каалап берген мен кандай? [7. 185]

Каныкей эне үчүн көк жалдан калган белекти инисине берүү, курсактан чыккан баланы бөлөктүн уулу - деп айтуу, тегин жашыруу канчалык оор болбосун, келечегинен үмүт

үзбөй, сабырдуулук менен ой калчап, эне эмес, эже деген сөздү угаарына кайыл болду. Семетей «оо дүйнө кеткен Манастын ата экенин түк билбей» он экиге келгенче Ысмайылдын колунда тарбияланат. Белгилүү окумуштуу Советбек Байгазиев эпикалык чыгармада Каныкей эне күткөн **12** жылды **«УЛУУ МЕЗГИЛ»** – деп белгилейт. «Анткени бул жылдар жөнөкөй гана баш калкалоо үчүн эмес, улуу максат үчүн, кыргыз мамлекетин кайра жаратуу үчүн келечектеги баатырды аман-эсен чоңойтуунун, өстүрүүнүн жылдары эле. Мына ошон үчүн Каныкейдин Букарда жашаган мезгилин улуу мүдөө үчүн улуу жашоо, улуу күтүү, улуу сабыр жана улуу сагыныч десек жарашат» [3. 120]**.** Каныкей эненин образы кыргыздын келечеги үчүн душмандар тарабынан жасалган кордук, тоскоолдуктарга карабастан, көздөгөн максатын багындырууга, боштук кылып баш тартпастан, талыкпастык, туруктуулук, сабырдуулук менен толеранттуулуктун улуу үлгүсүн көрсөттү.

Темиркан: «Семетейге алтын тажы кийгизип, алтын такка мингизип кан көтөрөйүн. Журт атасы болгондо токтолоор» - деп ойлоп, сегиз кан элге кабар жиберет. Бул кабарды уккан Каныкей эне алтымыш асый Тайторуну Семетейге төлгө кылып чапмак болду. Каныкей эненин образын ачууда узчулук өнөрүнө басым жасалып, саяпкерлик өнөрү көмүскөдө калып калгандай туюлат. Саяпкерлик өнөр - сынчылык өнөрдү туу туткан, өтө кылдат туюмду, сүйлөбөгөн жаныбардын тилин билген билгичтикти, кыраакылыкты, өзгөчө чоң сабырдуулукту, убакытты, мезгилди, чоң эмгекти талап кылган улуу өнөр. Саяпкери жарашса, күлүккө канат бүткөндөй - демекчи, мыкты саяпкер күлүктүн көөнүн да табат. Каныкей сабырдуу мүнөзү, чыдамкайлык мүнөзү, саяпкерлик өнөр-билими менен Тайторунун «күндө терин», «айда терин», «ачуу терин», «сасык терин» алып күндүр-түндүр талыкпаган мээнет менен суутуп, таптайт. Чыйырды эненин батасын алып, кокустан көрө албастар жолун торобосун, атын коргоп, келейин деп, чачын төбөсүнө түйүп, Сырбараңды айдалысына асынып алып, чубатууга келген сегиз кандын чабылчу аттарын сынап, Тайтору менен алты күн тынбай, суу ичпей жарышчу аттарын байкады. Атасы Темиркандын каршы болгонуна карабай, Тайторуну төлгөгө чапты. Ысмайыл Семетейди чакырып, аты чыкса Манастап ураан чакырып кел, артта калса Каныкейди курмандыкка чалып кел - деп, жетимиш балбан кошуп жиберди. Каныкейдин ийининдеги жылаңач бала Ысмайылдын көкүтүүсү менен Семетейдин келе жатканын айтты [7. 229]. Ошондо Каныкей эне көзүнүн жашын мөндүрдөй жаадырып:

Алты сапар дүрбүнү
Аныктап кармап сунайын,
Алтоондо торум келбесе,
Аныктап кудай бербесе,
Алты торпок , кырк тайга
Сатып алган Актинте
Кынынан сууруп алайын,
Кый сүбөөгө малайын,
Өзүмдү өзүм жарайын,
Уулумдан өлүм болгуча
Мен өзүм өлүп алайын! [7. 238]

Санаасы сайлап бөлүнүп сабыры түтпөй, а дүнүйө кеткен Айкөлдүн арбагына жалынып, жанын кыюуга даяр болду. Бирок, сабырдуу мүнөзү менен, акыл калчап, өзүн токтотуп, жетинчи жолу дүрбүнү дагы бир имерип салганда Тайтору желгенине жел жетпей, жетик чуркап, жети буудан соңунда келе жатканын көрдү. Кайран энең Каныкей

Сырбараңды куру дүрмөт от менен сунду эле, Сырбараң үнүн эшиткен касиеттүү жаныбардын арышы аркардай керилип алдыга озуп чыкты. Ата журттун келечеги, ар-намыс үчүн түркүн ой-толгоо менен санаага баткан психологиялык абалынын кеңири берилиши каармандын образын дагы тереңдетип, анын мүнөзүн ого бетер курчутат. 12 жыл күткөн Улуу үмүттүн оту жанып «Аман жүрсө кулунум Ойротту бузат», -деп кеткен, Кытай тоюн жеп кеткен –деп Каныкейдин санаасы тына түштү. «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң», – дегендей Семетейди Ата Журттун Улуу жүгүн көтөрө турган уул катары тарбиялап, акылмандык, сабырдуулук чыдамкайлык сапаттары менен гумандуу жана адилеттүү максаттарды ишке ашырууга багытталган аракеттери Каныкейди чыныгы идеалдын үлгүсү катары көрсөтүп, руханий бийиктикте турган өлбөс-өчпөс классикалык образдын деңгээлине көкөлөтөт. Ал сабырдуулуктун жеткен чегин даңазалаган, улуттук аң-сезимде ой жүгүрткөн, жалпы адам баласына тиешелүү улуу , асыл моралдык сапаттарды алып жүргөн, эпостун идеялык мазмунун бийиктикке көтөргөн жаркын, маңыздуу образ.

Кыргыз элинин байыркы салттуу педагогикалык маданиятынын муундан-муунга уланып сакталышын, өнүгүшүн элдик оозеки чыгармачылыксыз элестетүүгө болбойт. Элдик оозеки чыгармачылык, эч качан адабият эмес, адабияттын каражаты жалаң гана сөз. Ооба, фольклор адабиятка булак болуп бере алат, бирок элдик оозеки чыгармачылыктын каражаты башка, жалаң сөз эмес, жалаң текст эмес, ал музыка, мимика, сөздүн жуурулушунан турган синкреттүү текст. Элдик оозеки чыгармачылыктын адамдын аң-сезимине таасир этүүсү жазма адабиятка караганда алда канча күчтүү, анткени ал жандуу аткарылат. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов «Манас» эпосунун бүгүнкү күндөгү мааниси жөнүндө ой толгоп мындай дейт: «Манас» – өзүбүзгө өзүбүздү тааныткан улуу зат. «Манас» аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз. Ал ар бир урпак үчүн руханий кубат» [1].

Жыйынтыктап айтканда, эпостун мазмунунда тагдырдын берген сыноосун сабыр менен кабыл алуу, кандай күтүлбөгөн кырдаал болбосун, кандай гана каран түн түшпөсүн, өзүн тута билүү, өз башын корголотуп бийик адамкерчиликтен тайбоо, сезимдерин башкара билүү, кайраттуулук, чыдамкайлык, токтоолук менен бардык кыйын кезеңди жеңе билүү өзгөчө баалуулук катары туюнтулган. Эпикалык мурасты анализдөө толеранттулук түшүнүгүн башкача айтканда сабырдуулук, кечиримдүүлүк, боорукерлик, жакшылык, көтөрүмдүүлүк, токтоолук чыдамкайлык сыяктуу толеранттуулуктун өзөгүн түзүп турган түшүнүктөр маанилүү орунга ээ экендигин көрсөттү.

Инсанды сабырдуулукка, чыдамдуулукка, токтоолукка, көтөрүмдүүлүккө ж.б. сапаттарга тарбиялоодо «Манас» эпосунда чагылдырылган аксиологиялык чөйрөнү өздөштүрүү, өздүк маданий-руханий дүйнөгө айландыруу жалпы адамзаттын негизги милдети. Ошондуктан инсанды толеранттуулукка тарбиялоонун мааниси көп кырдуу, толеранттуулук жөнүндө эпикалык чыгармаладагы мазмунду гана өздөштүүрүү менен гана чектелбестен, гумандуу көз карашты калыптандыруу, өнүктүрүү, толеранттуулук менен байланышкан педагогикалык процессти гумандаштыруунун гана шартында мүмкүн болот.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Айтматов, Ч.Т. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат // -Фрунзе: Кыргызстан, 1988. С- 397 б.
2. Большой иллюстративный словарь иностранных слов. -М.: 2002, -с.787
3. Байгазиев С. Манастаануу. – Б.: 2022. – 496 б.

4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. II бөлүк. (редкол: А. Акматалиев ж. б.). - Бишкек: «Аврасия Пресс», 2015. - 704 б.
5. «Манас» энциклопедиясы 1- том. – Бишкек, 1995.
6. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 3-китеп. С. Орозбаковдун варианты боюнча. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 672 б.
7. Семетей: Баатырдык эпос. «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү:1-китеп / С. Каралаевдин варианты боюнча; – Б.: Турар, 2013. – 1432 б.

УДК 371.3:812.12.7.
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-332-336

**Алыбаева К. Б.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Алыбаева К. Б.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Alybaeva K. B.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0007-1224-9910, SPIN-код: 7829-3469

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА АНГЛИС, ОРУС, КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИН ҮЙРӨТҮҮДӨ ИЙРИМДЕРДИН РОЛУ
# РОЛЬ КРУЖКОВ В ОБУЧЕНИИ АНГЛИЙСКОМУ, РУССКОМУ, КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКАМ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ
# THE ROLE OF CIRCLES IN TEACHING ENGLISH, RUSSIAN, KYRGYZ LANGUAGES IN PRIMARY GRADES

**Аннотация:** Башталгыч класстарда тил ийримдеринин баланын жашоосунда чоң мааниси бар. Дал ушул мезгилде бала өзүнүн уникалдуулугуна умтулат, өзүн инсан катары сезе баштайт, чоң максаттарга умтулат. Бул каалоолор баланын жашоосундагы баардык чөйрөлөргө, өзү теңдүүлөр арасында жашай берет. Бүгүнкү күндө сабактын да, кружоктордун да үйрөтүүнүн жаңы формаларына, өркүндөтүлгөн сабакка көп көңүл бурулууда. Бул окуучунун сабакка көңүл буруусун, ой жүгүртүүсүн, эмоциясын, кызыгуусун активдештирүүнү жана алардын чыгармачылык менен алдынча иштей билүүсүн камсыз кылат.

**Аннотация:** В начальной школе языковые кружки имеют большое значение в жизни ребенка. Именно в это время ребенок стремится к своей уникальности, начинает чувствовать себя личностью, стремится к большим целям. Эти желания распространяются на все сферы жизни ребенка, сам он продолжает жить среди одноклассников. Сегодня большое внимание уделяется новым формам обучения, более продвинутым занятиям, как классным, так и Кружковым. Это гарантирует, что учащийся будет сосредоточен на уроке, активизирует свое мышление, эмоции, любопытство и заставит его работать творчески и самостоятельно.

**Abstract:** In elementary school, language circles are of great importance in a child's life. It is at this time that the child strives for his uniqueness, begins to feel like a person, strives for big goals. These desires extend to all spheres of the child's life, he himself continues to live among classmates. Today, much attention is paid to new forms of education, more advanced classes, both classroom and Kruzhkov. This ensures that the student is focused on the lesson, activates their thinking, emotions, curiosity and makes them work creatively and independently.

**Негизги сөздөр:** ийрим, чыгармачылык, эмоция, чөйрө, программа, сабак, мотив, мугалим,дидактика,процесс.

**Ключевые слова:** кружок, творчество, эмоция, среда, программа, урок, мотив, учитель, дидактика,процесс.

**Keywords:** circle, creativity, emotion, environment, program, lesson, motive, teacher, didactics, process.

Турмуш көрсөткөндөй, башталгыч класстарда англис, орус, кыргыз тилдерин үйрөтүүдө кошумча кружоктордун мааниси чоң. Ушуга байланыштуу ар бир предметти өркүндөтүү багытында кошумча сабактардын программалары күн санап иштелип чыгууда. Окутуу процессинде предметтик ийримдер көңүлгө алынып, ишке ашып келе жатса дагы, тилекке каршы айрым учурларда өз деңгээлинде өтүлбөй, максатына жетпей калган учурлар дагы кездешет. Педагогдордун кээде кружокторго маанир бербей, анын эффетивдүүлүгүнө ишенбей мамиле жасашы учурда дагы аталган иш-чараны артка тартып келет. Мектепте дайыма башталгыч класстарда кружокторду уюштуруу татаалдыктарды жаратат жана чоң жоопкерчиликти талап кылат. Мында жаш жеткинчектин ар тараптуу көндүмдөрүн, билгичтиктерин арттыруу зарылчылыгы жаралат. Ошондуктан, кружоктук иштердин жетиштүү деңгээлде, тийиштүү убакта жүргүзүлбөгөндүгү, баланын билим алуусуна, аң-сезиминин кабылдоосуна терс таасирлерин тийгизет. Демек, башталгыч класстын окуучуларынын дүйнөтаанымын арттырууда, билим алуусуна кружок өтө актуалдуу десек жаңылышпайбыз.

Окуу процессинде сабактан тышкаркы кружокторду уюштуруу (класстык-сабак формасынан айырмаланып) башталгыч класстардын билим алуусуна. катышуучулардын жетишкендиктеринин натыйжаларын баалоого чыгармачыл өңүттөн кароону талап кылат. Башталгыч класстарда кружокторду камсыздоо, сабактан тышкары окуу ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча программаларда анын формасы менен коюлган максаттар жана күтүлгөн натыйжалардын мазмуну терең ойлонуштурулуп түзүлүшү зарыл. Педагог, Каракол шаарында көп жыл мугалимчилик кесипти аркалап келген А.Асанбаева өзүнүн кружокторду уюштуруудан кийинки көп жылдык тажрыйбасынан кийин мындайча жыйынтыкка келген: “Кошумча сабак процессиндеги окуучулардын өз алдынча иши – бул мугалимдин түздөн түз катышуусусуз, бирок анын тапшырмасы боюнча ал үчүн атайын бөлүнүп берилген убакта аткарылуучу иш, мында окуучулар тапшырмада коюлган максатка жетүү үчүн өздөрүнүн багытталып чымырканышкандыгын көрсөтүү жана акыл же күч аракеттеринин (же экөөнүн тең) натыйжасын тигил же бул формада туюнтуу менен сезимдүү умтулушат” [1.5]. Психологдор Л.Н.Рубинштейн, А.Т.Каволева, В.Н.Мясияеванын жыйынтыгы боюнча: Инсандын структурасына дидактикалык таасир этүү системалуу жана багыттуу болушу керек. Баарыбызга белгилүү болгондой, пикир алышуу - коммуникациянын формасы. Ал эми окуп - үйрөнүү коом талап кылгандай адамдардын өзүнүн аң сезимин өстүрүүдөгү тарыхый, шартталган ишмердүүлүктүн түрү. Бул жол менен аң сезимдүү инсан катары өнүгүү болот, адамзатта теориялык, практикалык тажрыйба артат. Ар бир өсүп келе жаткан муун өткөндөрдүн тажрыйбасын даяр түрдө алат, ошол билимдерге ээ болот, аны өздөштүрөт. Мына ушунун өзү окуп үйрөнүүнүн аракетинин же ишмердүүлүгүнүн мотиви жана максаты болуп эсептелет. Мектепте англис, орус, кыргыз тилдерин тереңдетип окутуу максатында кружокторду уюштуруп жатып, мугалим дайыма окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүн эсепке алууга тийиш. Көбүнчө аны аныктоого интиутивдүү мамиле колдонулат. Класстын, ошондой эле, ар бир окуучунун таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүнүн реалдуу деңгээлин аныктоого, мугалим менен окуучунун ортосунда орнотулуучу, дайыма

болуучу, ар түркүн карама-каршы байланыш жардам берет. Окуучулардын ийгиликтеринин динамикасын эсепке алуу маанилүү, мында начар окуган окуучулар менен көп иштешүүсү зарыл. Пассивдүү мамиле окуучулардын окууга кызыгуусун төмөндөтөт жана чабал окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө тоскоолдук кылат. Тил кружокторунун жетекчиси, эреже катары, сабактарды классстан тышкары өтүп, өздөрү берген билимдерди гана сурашат, а бул болсо окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрү тууралуу толук картинаны түзбөйт, ошондуктан, алардын окуу ыктарын, б.а. окуучулардын таанып-билүү ишмердигинин ыктарына ээ болуу даражасын ченөөнү да үйрөнүү керек. Жоопторду анализдеп жатып, мугалим, алардын өз алдынчалык деңгээлин, аларды даярдоодогу жана баяндоодогу ой жүгүртүү жана элестетүү аракеттери, тапшырмаларды аткарууга чыгармачылык мамилеси эсепке алынууга тийиш. Башкача айтканда, профессионалдык ыктарыды өнүктүрүү, түрдүү окуу кырдаалдарында көрсөткүчтөрдүн кеңири чөйрөсү боюнча окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн диагностоо талап кылынат. Англис, кыргыз, орус тилдерин үйрөтүүдө таанып-билүү процесстеринин өнүгүү деңгээли (кабылдоо, элестетүү, эске тутуу, ой жүгүртүү, көңүл буруу, сөз), инсандын мотивациялык-эрктик жана эмоционалдык чөйрөсү, ошондой эле, андан келип чыккан окуу ишмердигинин компоненттери (түз жана кыйыр түшүндүрүүдөн окуу материалдарынын мазмунун айкындоо жана материалды активдүү колдонуу даражасына чейин ээ болуу) окуп-үйрөнгөндүктүн негизинде жатат. Бул көрсөтүлгөн талапка маани бербөө окуучулардын сезимсиз иштөөсүнө, иштин максатын түшүнбөй туруп, аны аткарууга туш келди аракет жасоосуна алып келет. Ал өз учурунда убакытты текке сарп кылып, окуучунун өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт. Өз алдынча аткарылуучу иш ар бир окуучудан терең ойлонууну жана жогорку даражадагы чыгармачылык менен иштөөнү талап кылышы керек» [2.56]. Ал жактын көйгөйү тууралуу белгилүү орус А.Е.Кондратенков мындайча белгилегени бар: «Ири маданий жана илимий борборлордон алыс болгон, аз комплектүү, өзгөчөлөнгөн турмуш-тиричиликтик, өзгөчө нравалык чөйрөсү бар, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы тарбия берүүчү мекемелери жокко эсе болгон, акырында айыл турмушунун бирден - бир өзгөчөлүгү болгон айыл чарба эмгеги менен жаратылыштын жакындыгы»,- деп айыл мектептерине мүнөздөмө берген [6.23]. Сабактан тышкары окуу ишмердүүлүгүнүн мааниси жана негизги максаты окуучунун кызыкчылыктарын, шык-жөндөмүн, ынтаасын өнүктүрүү үчүн жана бош убактысын акылга сыярлык, туура уюштурушу үчүн кошумча шарттарды түзүү болуп саналат. Ошону менен бирге ишмердүүлүктүн формасы жана мазмуну педагогдун таалим-тарбия берүү ишмердүүлүгүнүн максатына, милдеттерине жана натыйжаларына туура келүүгө тийиш. Сабактан тышкары таалим-тарбия берүүчү окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу: окуучулардын социалдык билимдерге ээ болушу, негизги баалуулуктарга карата оң мамиленин калыптанышы, өз алдынча коомдук иш-аракет тажрыйбасына ээ болуу. Сабактан тышкары окуу ишмердүүлүгүнө бөлүнүүчү убакыт окуучунун жана ата-эненин каалоосу боюнча эркин тандап алуунун негизинде аныкталат жана класстык-сабактык формадан айырмаланып, ийримдер, секциялар, экскурсиялар, диспуттар, тегерек отурумдар, конференциялар, илимий коомдоштуктар, олимпиадалар, мелдештер, издөө жана илимий изилдөө ишмердүүлүгү ж.у.с. түрүндө жүзөгө ашырылат. Тил боюнча ийримдердеги билгичтиктердин калыптанышы:

1. Сабактын максатын билүү, аны аткаруу жолун изилдөө, өзүндө мурда болгон (көбүнчө турмуш тиричиликтеги) билимине, билгичтикке таянат. Ишмердүүлүктөгү каталар болот, аны сыноо жасоо менен аткарат;

2. Тапшырманы аткаруу жолу жөнүндөгү, мурдагы билгендерин колдонуу жөнүндөгү жана иш аракеттеги көндүмдөрдүн атайын эместиги жөнүндөгү билимдер;

3. Сабактар үчүн зарыл болгон кээ бир жогорку деңгээлде уюштурулган көндүмдөр (М: өзүнүн ишмердүүлүгүн пландоо, уюштургуч билгичтиктери)

4. Жогорку деңгээлде өнүккөн билгичтиктер Ишмердүүлүктө билимди, билгичтикти чыгармачылык менен колдонуу, ийгиликке жетүү жолунун максатын эле койбостон, мотивин да тандоо

5. Чеберчилик (мастерство) Түрдүү билгичтикти, көндүмдү, билимди ишенимдүү түрдө чыгармачылык менен пайдалануу Үйрөтүүдөгү билгичтик – обьект менен болгон жөнөкөй аракет.

В.А.Сухомлинский «Мугалимдин бош убактысы жок. Эмне себептен? Эң башкысы, менин көз карашымда, ата-энелердин педагогикалык маданиятынын төмөндүгүнөн жана жоопкерсиздигинен атасынын жана энесинин милдети болгон нерсени көп учурда мугалим иштөөгө аргасыз болгондукта жатат. Ата-энелер биринчи насаатчылар жана педагогдор болсун, алардын сак, сергек байкоолорунун жана көзөмөлүнүн алдында балдарда эч убакта жалкоолук жана шалаакылык туулбасын деген максатты көздөп, биз ата-энелер менен болгон ишке ушунчалык чоң көңүл бурабыз» [9.234] – деп баса белгилеген.

Башталгыч класстарда тил ийримдеринин баланын жашоосунда чоң мааниси бар. Дал ушул мезгилде бала өзүнүн уникалдуулугуна умтулат, өзүн инсан катары сезе баштайт, чоң максаттарга умтулат. Бул каалоолор баланын жашоосундагы баардык чөйрөлөргө, өзү теңдүүлөр арасында жашай берет.

Бүгүнкү күндө сабактын да, кружоктордун да үйрөтүүнүн жаңы формаларына, өркүндөтүлгөн сабакка көп көңүл бурулууда. Бул окуучунун сабакка көңүл буруусун, ой жүгүртүүсүн, эмоциясын, кызыгуусун активдештирүүнү жана алардын чыгармачылык менен алдынча иштей билүүсүн камсыз кылат. Учурда билим берүү мекемелеринде өтүлүп жаткан кружоктор аркылуу билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуу, окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү, ар кандай кырдаалдардан чыга билүү, өзүн жана курчап турган чөйрөнү баалай билүү, маданияттуулук, сабырдуулук, эмгекти сүйүү, өз алдынча чечим кабыл алуу, алынган билимдерди турмушта колдоно билүү сыяктуу сапаттар ишке ашырылат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Башталгыч мектепте илимий түшүнүктү калыптандырууда өз алдынча иштерди уюштуруу. Асанбаева А. Нарын Мамлекеттик университетинин илимий журналы. 2016.№4.23

2. Бекбоев И.Б., Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери, Бишкек «Педагогика века», 2004.

3. Бекбоев.И.Б., Н.И.Ибраева «Математика» 2-класс, 3-кл, 4-кл. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Б. 2011.

4. «Зомбулуксуз мектеп» программасы боюнча класстан тышкары иш-чараларын өткөрүү үчүн усулдук окуу куралы. – Б.: 2013. – 210 бет.

5. Жунусалиев Б., Бекчороева Ж. Турмуш сабактары. Бишкек. 2012

6. Кондратенков А.Е. Сельская школа: проблемы и перспективы. 2010. - №10. - С.23.

7. Коменский Я.А. Педагогическое наследие. М., Педагогика. 2013.

8. Подласый, И.П. Педагогика. В 2-х т. Т. 1. Теоретическая педагогика: Учебник для бакалавров / И.П. Подласый. - М.: Юрайт, 2013. - 777 с.
9. Сухомлинский В.А. Избранные педагогические сочинения. Педагогика. М.2008
10. Төрөгелдиева К.М «Келечектеги математика мугалимдерин даярдоо системасын моделдештирүү» Б.2007.ж

УДК 373.3
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-336-343

**Асанова Н. А., Архипова Т. В.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Асанова Н. А., Архипова Т. В.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Asanova N. A., Arkhipova T. V.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

ORCID: 0009-0002-4466-6878 [2]

## БАШТАЛГАН МЕКТЕПТЕ ДИСТАНДЫК ОКУУНУН АРТЫКЧЫЛЫГЫ ЖАНА КЕМЧИЛИКТЕРИ
## ПРЕИМУЩЕСТВА И НЕДОСТАТКИ ДИСТАНЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
## ADVANTAGES AND DISADVANTAGES OF DISTANCE LEARNING IN PRIMARY SCHOOL

**Аннотация:** Бул макалада башталгыч мектепте дистанттык окутуунун өзгөчөлүктөрү талкууланат. Дистанттык окутуунун жана билим берүүнүн аныктамасы берилип, бир катар өзгөчөлүктөрү каралат. Алыскы технологияларды колдонуу бир катар артыкчылыктарга жана кемчиликтерге ээ. Макалада дистанттык окутуу процессинде мугалим жана студенттер үчүн пайда болгон артыкчылыктар, ошондой эле бул тренингдин кемчиликтери талданат. Дистанттык окутууда колдонулган негизги программалар да талданып, алардын артыкчылыктары жана кемчиликтери аныкталат.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются особенности дистанционного обучения в начальной школе. Даётся определение дистанционного обучения и образования и рассматривается ряд особенностей. Применение дистанционных технологий имеет ряд преимуществ и недостатков. В статье проанализированы преимущества, которые возникают у учителя и учащихся в процессе дистанционного обучения, а также недостатки при данном обучении. Так же проанализированы основные программы, используемые в дистанционном обучении, выявлены их преимущества и недостатки.

**Abstract:** This article discusses the features of distance learning in elementary school. The definition of distance learning and education is given and a number of features are considered. The use of remote technologies has a number of advantages and disadvantages. The article analyzes the advantages that arise for the teacher and students in the process of distance learning, as well as the disadvantages of this training. The main programs used in distance learning are also analyzed, their advantages and disadvantages are identified.

**Негизги сөздөр:** окуу, дистанттык окутуу, дистанттык билим берүү башталгыч мектеп, орто мектеп, компьютердик программалар.

**Ключевые слова:** обучение, дистанционное обучение, дистанционное образование начальная школа, общеобразовательная школа, компьютерные программы.

**Keywords:** learning, distance learning, distance education elementary school, secondary school, computer programs.

Актуальность дистанционного обучения в общеобразовательной школе в последние годы всё больше возрастает. Сама идея получения образования на расстоянии не нова. «Считается, что первая попытка создания дистанционной формы образования была предпринята ещё Яном Коменским 350 лет назад, когда он ввел в широкую образовательную практику иллюстрированные учебники. Он также создал базу для использования системного подхода в образовании, написав свою «Великую дидактику». Многие исследователи признают его родоначальником дистанционного образования».[1] Конечно это не было тем дистанционным обучением, которое мы знаем сегодня. Пройдя в своём развитии несколько этапов, в начале двадцать первого века оно совершает огромный прорыв. Это прежде всего связано с тем, что становятся широко доступны персональные компьютеры и глобальная сеть Интернет и появилась «возможность предоставления доступа к учебному контенту практически из любой точки мира».[2]

Существует несколько определений понятия «дистанционное обучение».

Дистанционное образование – «комплекс образовательных услуг, предоставляемых широким слоям населения в стране и за рубежом с помощью специализированной информационной образовательной среды, базирующейся на средствах обмена учебной информацией на расстоянии (спутниковое телевидение, радио, компьютерная связь и т.п.)».[3]

Дистанционное обучение – «новая организация образовательного процесса, базирующаяся на принципе самостоятельного обучения студента. Среда обучения характеризуется тем, что учащиеся в основном, а часто и совсем, отдалены от преподавателя в пространстве и (или) во времени, в то же время они имеют возможность в любой момент поддерживать диалог с помощью средств телекоммуникации».[4]

Дистанционное обучение – «это новая ступень заочного обучения, на которой обеспечивается применение информационных технологий, основанных на использовании персональных компьютеров, видео- и аудиотехники, космической и оптоволоконной техники».[5]

Дистанционное обучение – это «взаимодействие учителя и учащихся между собой на расстоянии, отражающее все присущие учебному процессу компоненты (цели, содержание, методы, организационные формы, средства обучения) и реализуемое специфичными средствами Интернет-технологий или другими средствами, предусматривающими интерактивность» [1] и «это самостоятельная форма обучения, информационные технологии в дистанционном обучении являются ведущим средство».[1]

Из этого множества определений наиболее точным считается следующее: дистанционное обучение – это «совокупность технологий, обеспечивающих доставку обучаемым основного объема изучаемого материала, интерактивное взаимодействие обучаемых и преподавателей в процессе обучения, предоставление

обучаемым возможности самостоятельной работы по освоению изучаемого материала, а также в процессе обучения».[6]

Дистанционное образование, основанное на использовании информационных и коммуникационных технологий, является эффективным инструментом для предоставления образовательных услуг широким слоям населения как внутри страны, так и за ее пределами. Эта форма образования позволяет людям получать знания и навыки, не выходя из своего дома или офиса.

Использование спутникового телевидения, радио, компьютерной связи и других средств обмена учебной информацией на расстоянии делает возможным доставку образовательного контента в удаленные и отдаленные регионы, где ранее было сложно получить качественное образование. Это особенно полезно для людей, которые по разным причинам ограничены в возможности посещать традиционные учебные заведения, такие как работа, семейные обязанности или физические ограничения.

Дистанционное образование также открывает возможности для обучения населения в других странах, преодолевая географические и культурные барьеры. Студенты могут получать образование от ведущих университетов и экспертов в своей области, не выезжая из своей страны.

Однако необходимо учитывать, что дистанционное образование требует хорошей самодисциплины и самоорганизации со стороны студентов, поскольку они отвечают за свое собственное обучение и контроль прогресса. Кроме того, важно обеспечить качество образовательных программ и эффективное использование технологий, чтобы обеспечить оптимальные условия для обучения и достижения образовательных целей.

В целом, дистанционное образование представляет собой гибкую и доступную форму образования, которая открывает новые возможности для учащихся по всему миру, способствуя их личностному и профессиональному развитию.

Дистанционное обучение в начальной школе — это процесс обучения, в котором ученики и учителя находятся на расстоянии друг от друга и используют различные технологии и инструменты для обмена информацией и выполнения учебных заданий.

Дистанционное обучение в начальной школе может быть организовано как полностью онлайн, когда все занятия и задания выполняются через интернет, так и гибридное, когда часть занятий проводится в школе, а часть - удаленно.

Дистанционное обучение в начальной школе может предоставить множество возможностей для учащихся и учителей. Некоторые из них включают в себя:

1. Гибкость: Дистанционное обучение позволяет ученикам учиться в удобное для них время и темпе. Они могут выбирать, когда и как работать над заданиями и проектами, что позволяет учитывать индивидуальные потребности каждого ученика.
2. Доступность: Дистанционное обучение позволяет ученикам из отдаленных и малонаселенных районов получать качественное образование, которое раньше могло быть недоступным для них. Оно также может помочь ученикам с ограниченными возможностями получить образование без необходимости длительных поездок в школу.
3. Интерактивность: Современные технологии позволяют учителям проводить занятия в режиме реального времени с помощью видеоконференций и других средств коммуникации. Это позволяет ученикам общаться с учителем и своими одноклассниками, задавать вопросы и получать обратную связь.

4. Доступ к онлайн-ресурсам: Дистанционное обучение дает возможность ученикам получать доступ к онлайн-ресурсам, которые могут быть более обширными и обновляемыми, чем учебники. Это может быть полезно для того, чтобы расширить знания учеников и помочь им лучше понимать учебный материал.
5. Снижение затрат: Дистанционное обучение может быть более экономически выгодным для школ и семей, так как оно позволяет снизить затраты на транспортировку и другие издержки, связанные с образованием в традиционной форме.

В целом, дистанционное обучение в начальной школе может быть эффективным способом обучения, который предоставляет большую гибкость и доступность для учеников и учителей, что может привести к более качественному и разнообразному образованию.

Однако, дистанционное обучение в начальной школе может представлять некоторые трудности и вызовы, такие как необходимость хорошей организации и планирования занятий, наличие соответствующей технической поддержки, а также необходимость обеспечения своевременной обратной связи с учениками.

Дистанционное обучение в начальной школе может представлять некоторые трудности и вызовы, вот некоторые из них:
1. Организационные трудности: дистанционное обучение требует хорошей организации и планирования занятий. Учителя должны разработать четкий график занятий, установить правила поведения и коммуникации, а также обеспечить доступность учебных материалов для учеников.
2. Технические проблемы: для дистанционного обучения необходимо иметь соответствующую техническую инфраструктуру, такую как компьютеры, планшеты, доступ к интернету, программное обеспечение и т.д. Неспособность учеников или учителей работать с этой технологией может привести к проблемам при обучении.
3. Трудности с мотивацией и вниманием: ученики младшего возраста могут испытывать трудности с мотивацией и концентрацией во время дистанционного обучения. Необходимо предпринимать дополнительные усилия для поддержки и мотивации учеников, чтобы они могли лучше концентрироваться на учебном процессе.
4. Недостаточная интерактивность: дистанционное обучение может не обеспечивать достаточного уровня интерактивности, особенно для учеников младшего возраста. Однако, современные технологии и инструменты могут помочь учителям создавать более интерактивные занятия и задания.
5. Ограниченность социального взаимодействия: дистанционное обучение может не предоставлять ученикам достаточной возможности для социального взаимодействия с другими учениками и учителями. Это может оказаться негативным фактором для развития навыков социальной адаптации у учеников.

Дистанционное обучение в начальной школе может быть осуществлено с помощью различных технологий, таких как видеоконференции, вебинары, онлайн-курсы, электронные учебники, мультимедийные ресурсы, задания в виде интерактивных игр и т.д. Такие технологии позволяют учителям организовывать занятия, проверять знания учеников, а также общаться с родителями и коллегами.

Существует множество систем дистанционного обучения, некоторые из которых находятся в открытом доступе, а другие доступны только для использования в рамках определенных организаций. Ниже приведен краткий обзор нескольких популярных систем дистанционного обучения:

1. Google Classroom — это бесплатная платформа дистанционного обучения, которая является частью пакета Google Apps for Education. Google Classroom позволяет учителям создавать и распространять задания, устанавливать сроки сдачи работ и общаться с учениками через чат и электронную почту.
2. Learning apps (приложения для обучения) - это мобильные приложения, которые предназначены для обучения и/или поддержки обучения в различных областях знаний. Они могут содержать интерактивные уроки, тесты, игры, задания и другие материалы для обучения, которые могут быть использованы как дополнение к учебным материалам в классе или для самостоятельного обучения вне классной комнаты. Learning apps могут быть использованы для обучения различных предметов и навыков, таких как иностранные языки, математика, наука, искусство, музыка, физическая культура и другие. Они могут быть бесплатными или платными, а также доступны для различных платформ, таких как iOS, Android и Windows.
3. Kahoot - это интерактивный сервис для создания и проведения онлайн-викторин, опросов и игр на уроках, вебинарах, конференциях и других мероприятиях. Этот сервис позволяет создавать множество интерактивных заданий, которые можно использовать для проверки знаний учеников, повышения мотивации, развития логического мышления и коммуникационных навыков.

Каждая из этих систем имеет свои преимущества и недостатки, и выбор системы дистанционного обучения зависит от потребностей и целей конкретного учителя или организации. Однако, все эти системы позволяют проводить качественное и эффективное дистанционное обучение.

Рассмотрим подробнее достоинства и недостатки данных систем.

Google Classroom — это популярная система управления учебным процессом, разработанная Google для облегчения организации и проведения дистанционного обучения. Вот несколько достоинств и недостатков этой системы:

**Достоинства:**

1. Бесплатность: Google Classroom предоставляется бесплатно для учителей и учеников, которые используют аккаунты Google.
2. Простота использования: Интерфейс Classroom прост и интуитивно понятен, что делает его легко доступным для учителей и учеников.
3. Интеграция с Google Apps: Classroom интегрирована с другими инструментами Google, такими как Google Документы, Google Презентации и Google Таблицы, что упрощает обмен информацией и совместную работу над проектами.
4. Управление заданиями и оценками: Учителя могут легко создавать и назначать задания, а также оценивать их, используя функции Classroom.
5. Безопасность и конфиденциальность: Google Classroom обеспечивает безопасность и конфиденциальность данных, включая контроль доступа и защиту от взлома.

**Недостатки:**

1. Ограниченные возможности настройки: Google Classroom имеет ограниченные возможности для индивидуальной настройки и адаптации к конкретным потребностям учителей и учеников.
2. Недостаток функций: Google Classroom не обладает всеми функциями, необходимыми для полноценного проведения дистанционного обучения. Например, система не имеет функции видеоконференций.

3. Ограниченная поддержка: Поддержка Google Classroom может быть ограниченной для учителей и учеников в отдельных странах или регионах.
4. Ограниченная интеграция с другими системами: Google Classroom не всегда легко интегрируется с другими системами, используемыми в образовательном процессе.
5. Зависимость от доступности Интернета: Google Classroom требует постоянного доступа к Интернету для использования, что может стать проблемой в случае отсутствия надежного Интернет-соединения.

Несмотря на некоторые недостатки, Google Classroom является эффективной системой управления учебным процессом, которая пользуется широкой популярностью среди учителей и учеников.

Learning apps (приложения для обучения) стали популярным инструментом для обучения на мобильных устройствах. Ниже приведены некоторые достоинства и недостатки использования таких приложений.

Достоинства:
1. Доступность и мобильность - Learning apps доступны на мобильных устройствах, таких как смартфоны и планшеты, что позволяет учиться в любом месте и в любое время.
2. Интерактивность - Learning apps часто предоставляют интерактивные методы обучения, такие как тесты, игры и задания, что делает обучение более привлекательным и эффективным.
3. Адаптивность - Некоторые Learning apps имеют адаптивный подход, который позволяет настраивать уровень сложности материала в соответствии с индивидуальными потребностями и навыками пользователя.
4. Содержательность - Многие Learning apps содержат качественные и полезные материалы для обучения, которые могут быть использованы как дополнение к учебному материалу в классе.

Недостатки:
1. Ограниченный доступ к информации - Learning apps не всегда могут предоставлять полную информацию, которая может быть предоставлена в традиционном учебнике или на онлайн-платформе.
2. Ограниченный контроль учителя - Learning apps могут ограничить возможности учителя контролировать процесс обучения и оценивать прогресс ученика.
3. Зависимость от технологий - Использование Learning apps требует наличия устройства и доступа к интернету, что может стать проблемой для тех, кто не имеет доступа к мобильным устройствам или стабильному интернет-соединению.
4. Разнообразие качества - Не все Learning apps созданы равными образом, и некоторые из них могут предоставлять материалы низкого качества или содержать ошибки.

В целом, Learning apps могут быть полезным и эффективным инструментом для обучения на мобильных устройствах, но их использование должно основываться на целенаправленном подходе и учитывать ограничения и недостатки.

Принцип работы Kahoot основан на создании учителем игрового сценария, включающего вопросы и ответы. Затем ученики подключаются к игре через свои устройства, используя уникальный код. После этого начинается игра, в которой ученики отвечают на вопросы, используя свои устройства. За каждый правильный ответ ученики получают очки, что позволяет им занять место в рейтинге. Результаты игры могут быть отображены на экране и обсуждены с классом.

Достоинства Kahoot:

1. Интерактивность: Kahoot предоставляет интерактивную платформу для проведения уроков, где ученики могут участвовать в играх, ответить на вопросы и соревноваться друг с другом.
2. Мотивация: ученики часто сильнее заинтересованы в обучении, когда могут играть и конкурировать друг с другом.
3. Простота использования: Kahoot предоставляет простой и понятный интерфейс, что делает его доступным для широкой аудитории.
4. Гибкость: учителя могут создавать и настраивать свои собственные викторины и опросы, что позволяет адаптировать Kahoot под конкретные потребности и задачи.
5. Обратная связь: после каждого вопроса ученики могут увидеть, был ли ответ правильным, что помогает им лучше понимать материал и исправлять ошибки.

Недостатки Kahoot:

1. Не подходит для всех типов заданий: Kahoot может быть не подходящим для более сложных или теоретических заданий, где требуется более глубокое понимание материала.
2. Ограниченный контроль: Kahoot не всегда позволяет учителям контролировать, насколько серьезно и внимательно ученики относятся к игре, что может приводить к отвлечению и неэффективному обучению.
3. Ограниченный доступ к материалам: Kahoot не всегда предоставляет достаточно материалов для обучения, что ограничивает его применение в учебном процессе.
4. Зависимость от интернета: для использования Kahoot необходима стабильная интернет-связь, что может приводить к проблемам в случае отсутствия подключения к сети.
5. Не всегда учитывает индивидуальные потребности: Kahoot может не подходить для учеников с особыми потребностями, которые нуждаются в индивидуальном подходе и более глубоком изучении материала.

Kahoot является удобным и простым инструментом для создания интерактивных занятий и проверки знаний учеников. Кроме того, это отличный способ повысить мотивацию и вовлеченность учеников в обучение. Однако Kahoot может не подходить для всех видов обучения и целей обучения, поэтому важно выбирать инструменты в зависимости от конкретных потребностей и задач.

